# 110 БАРПЫ

## *драмалар*



Барпы акындын 110 жылдык маарекесине карата
драмалык чыгармалардын конкурсу



# БАРПЫ

## ДРАМАЛАР



областная б-ка
ИНВ. № 41364

Междуведомственная централизованная библиотечная система
Инв. №

Ош — 1994

## РЕДАКТОРДОН

1993-жылы Барпы апыздын 110 жылдык юбилейине карата жакшы пьесаларга республикалык конкурс жарыялаганбыз. Ошондо А. Темированын «Генийдин «уру...» биринчи сыйлыкка Ш. Абдарамановдун «Барпы менен Акмөлмөлү» экинчи сыйлыкка, А. Нааматовдун «Ак жылдызы» үчүнчү сыйлыкка татыктуу болгон. Үчөө республиканын үч театрынан (Бишкек, Ош, Жалал-Абад) сахнага чыгууда.

Биздин демилгебизди Ош акимияты кубаттап, үч пьеса окурман колуна өзүнчө китеп болуп тийип жатат. 1958-жылы жазылган М. Борбугуловдун «Барпы ырчы» аттуу пьесасын да туңгуч саамалык катары бул жыйнакка киргизип отурабыз. Кандай болсо да, ал тарыхый факт.

Жыйнакка кирген пьесалар автордук түп нускада кандай болсо, ошол бойдон бир үтүрүнө да калем тийгизбей кетирдик. Бул — бүгүнкү жазуучулук деңгээлибизге мезгил өзү баа берсин деген сөз. Улуу ойчул апыз тууралуу булардан терең, булардан бийик ачылыштар жасай турган пьесалардын жазылышы келечектен күтүлөт.

**Кадыркул ДАУТОВ.**

С. Китепке жумшалган чыгымды Ош облустук мамлекеттик администрациясы каржылады.

Барпы акындын 110 жыл
дык маарекесине карата
драмалык чыгармалардын
конкурсуна

Алтынай ТЕМИРОВА

# ГЕНИЙДИН „УРУ...“

(Эки көшөгөлүү, көп сүрөттүү пьеса)

„Барпычыларга
ж а н а
Барпылыктарга арнайм!..“

(Автор)

## ҚАТЫШУУЧУЛАР:

— Барпы,

— Ачынын элдери; жаш-кары, кыз-кыркын, жигиттери,

— Жеңижок,

— Барпынын аялы-Жумагүл,

— Түмөнбай Байзаков,

— М. И. Богданова, Г. Бакинова,

— вокзалдагы жоокерлер,

— базардагы эл,

— Барпынын карындашы-Алтынай,

— балдар, кыздар, ж. б.

## ПРОЛОГ

**(Конур, сырдуу үн менен көшөгө ачыла электен баштап музыканын коштоосунда көркөм окулат).**

Ачуу тер, ачуу көз жаш сиңип жерге
ажайып бир күндөрдөн...
куйкалачу жердин бетин
ачуу Күн сызгырылта өтүп мээден.
Ачуу чыккан алсыздын тилегиндей
акты суу-ачуу... жердин түпкүрүнөн.
Жөн эмес, ыйык санап элдер аны;
«маңдай тер, көз жаштын да шор-го даамы»,
дешти да, үзүк-үзүк санаасындай
байлашты түркүн-түстүү айрындыны—
айлантып жашыл түсүн карагандын
али эч ким көрө элек жаралганы,
дүйнөдө бир укмуштуу гүлгө жаңы...
Алыстан арып-ачып тилек курап,
адамдар келди ага убап-чубап,
белгисиз болгон сыры...сүрдүү бойдон
шыбырттап ага берди мазар булак.
Далайды дарылады сыркоосунан,
далайдын ич-дүйнөсүн окшоп туйган,
тап-таза шапатасы менен жууп
тазартты көңүлүндө кирди турган.
Арттырып ишенимин сезиминде,
алгандай оор жүктү, сезип күндө,
алмашпай бейишине эч бир жердин
адамдар жашайт дале өңүрүндө!..
**А, жүрөк кубандырган —жашоо булак,**
жан болуп жаралганга болуп мүлдө
жан оту — жарык берип турган күндө...
баяндайт, бир булактын тарыхынан,
тартабыз алдыңызга болуң күбө?!...

# 1-КӨШӨГӨ

## 1-көрүнүш

**(Сахнада: алыста тоолор, ээн адырлар, боз үйлөрү суу жээктей конгон айыл, бир жагында койлор жайылып, бир жагында жылкы, уй оттоп, өзүнчө жайлоодой. Бала Барпы колунда койчулук таягы менен жай басып чыгат. Көрүнүшү өтө олуттуу, ойлонгондой. Кийими жөнөкөй, бирок күлкүлүү; кызыл көйнөк, кызыл шалбар шым, кызыл күрмө, кызыл топу... Өзүнчө сүйлөнүп чыгат.)**

Бала Барпы: — Канча жолу бет келише албай жүрүп беттешкен,
канча ырчынын атын коюп «кектешкен»
«Өзүмдүн ырчым» менен адегенде күч сынашып
көрөйүн.
Жеңсем желкеден алып эңейин,
жеңилсем, жер үстүндө Барпымын деп басып
жүрбөй өлөйүн!
Маңдайга жазылып чын эле чоң ырчылык,
анын тузу тартып турса көрөйүн!
Эстен кеткис аяны бар түшүмдү
бүгүн дагы сындан бир өткөрөйүн.
Көкүрөктө бармак басты тагымдын
эч ким билбес сыйкырына төнөйүн...

**(Эсине бирдеме түшкөндөй ойлоно калат. Сахна жылып ар жакта уктап жаткан кичирээк бала көрүнөт. Койлор жайылып жатат.)**

Бала Барпы: — Ооба, андагыдай бала эмесмин кичине,
азыр баарын билип турам түшүнө...
Кой четинде катуу чарчап уктапмын,
эң алгачкы Ал киргенде түшүмө...

**(Сахна жылып, уктап жаткан бала алдыңкы планга чыгат. Арыда шыңкылдап, шылдырап, кыз күлкүсүндөй булак шылдыры угулуп, аппак чубалган элес көтөрүлүп барып жалп дейт. Шамал**

куулдайт. Адыр... Талаа... Жаратылыш жандуудай... Чоң караан же басып, же буту жерге тийбей жылып келатканы белгисиз, акырын жакындайт да, баланын үстүнө эңкейет. Колунан алып тургузат, бала акырын баш көтөрүп өйдө болот.)

Караан: — Мына, кара?!..
Кандай ажайып мобу тоо-таш, талаа...
Суктантып аны ырдоого,
Жарайсың өзүң бара-бара!...
Чачып койдум ага сенин ырыскың
Буюргандын бардыгы келет ага...
Бар болгону, пакиза бол, таза бол,
Мойнуңа алып, жолумду тут-парыз бул.
Эгер бузсаң кайыптардын таалимин,
Катаң үчүн болоруң чын айыпкер;
көзүңдү алам, баладан «сыз» болосуң,
жүгүң оор, кутулбайсың-качып көр?!...
Мындан ары көкүрөгүң ырдайт сенин,
көп пендеден бөлөк демиң...

(Сол көкүрөк тушуна катуу басат бармагы менен. Бала ооруксунуп: «Ии-ии!»—деп иет. Караан узайт. «Мойнуңа ал, мойнуңа ал!..» деген үн жаңырып калат артынан. Бала түш көрүп жатат мурункудай; онтогон бойдон; «Ап-аа.»—деп чоочуп ойгонот. Эки жагын элеңдеп карайт.)

Бала: — Кыз-зык, кайда кетти жанагы адам?!...
Же, көрдүмбү түш жалган?..
Анда эмнеге көкүрөгүм ооруп калган?!
Ушул жерим...ооба ушул жеримди баскан.
Карап көрөйүнчү, уа-аа!..
Көгөрүп калыптыр абдан.
Бул эмнеси, ким ал, кайдан?!...

(Сахна тегеренип, мурунку Бала Барпы ордуна келет.)

Бала Барпы:— Ошентип, жүрө бердим,
Ойлоном, кээде унутуп калам белгим,
А, бирок өчпөй анын көгөргөнү
бармак басым так болуп калды а жерим.
Билишпей эч бир сырын... жасап ырым,
ата-энем кылды мени «кызыл курум»...

(Үстүңдөгү кийимдерин бирден тарткылайт, күлкүсү келгендей... Анан, оюна бирдеме түшө калгандай болот.)

Бала Барпы: — А, тигил адам... (колун шилтейт)
Мен аны менен дос болуп алгам.
Көрүнсө, көрүнбөсө да кетпейт жанымдан.
**(Өзүнчө олуттуу түрдө көрүнбөгөн бирөөгө кайрылгансыйт).**
Кээде түшүмө кирип,
кара бадырак, тарууну оозума куюп,
кээде кадамымдан калбаган,
ардемени айтып, азезилдей арбаган
«албан чоң ырчысың»,—деп,
тири укмуш, жан билбеген кыйноого салып,
кара жанымды «кайнак суудa» кармаган,
аппак сакал, азиз карыям,
мен кулмун саган!...
Эмне десең аткарамын.
Ырчылыкка дилимди чын багыштап
көп болду арбактан жол сураганым...
**(Ийилип таазим кылат.)**
Кандай?.. **(Тыңшагандай болот.)**
Эки жакта эч ким жокпу дейсиңби?
**(Ары-бери басып эки жакты жакшылап карайт.)**
Атка, төөгө минип, алысты арыткан жолоочу да,
жөө баскан төө таман «короочу» да көрүнбөйт.
Баштай берейинби?...

**(Эңкейип, карагандын түбүнөн таш менен чөпкө бастырылган куурай кишинин сөлөкөтүн алып чыгат.)**

Бала Барпы: — Ассалоому-алейкум, киши-арбай!
Ал-ахвалыңыз кандай?
Жакшы эле жаңжалдаштык эле кечөө биз,
мына, дагы жолугуштук экөөбүз.
Кучунашы кармаган «урумдун»
жинин куп гана сизге буюрдум,
эми кандай болоор экен бүгүн күн?!..
Өзүм жаратсам да сизди,
көрүп жүрөм көп ырчынын пири.
Эми мөөрөй теп-тең боло баштаганы,
ал ырчыларды кооптонуу басты.
Көрөсүң-го, мен аларды акыр жеңем,
бүгүнкү арбашуубуз болсун-асты!
Азыр болуп бересиз Назарбай ырчы.
Анын көптөн тийишип, кетип жүрөт тынчы.

Мандайына чыккан чыйкан болбосом,
болбой калайын мен Барпы, чынбы ?...
**(Колун кезейт куурай кишиге.)**
Эмне, мыйыгыңдан күлөсүң?
Ойлоп турасың-го, мени «чабал» деп.
Али жеңиш эмне экенин билбесем да,
менде амал көп...
Сен менин устатымсың.
Тынымсыз кайрап тураар курч затымсың.
Кайрылгыс канатым да,
курч кылыч, санатым да сен.
Чабырды күлүк кылып таптап туруп
учураар кезиң келет,
күнүм тууп,
ошондо сан көбөйткөн сан ырчыны
садага чабам сага жеңип туруп!..
**(Үнүн бек чыгарып, өкүм үн катат);**
**— Оо, Назарбай! Кана! чыккын жекеге!**

**(Ээн адырлар анын үнүн коштоп жаңырат; «Чыккын жекеге... же-ке-гее...» Барпы эргип тыңшай калат да, Назарбайды туурап, бөйрөктү таянып, кабагын сүрдүү чытып, желбегей чапан жамынгансып кайкая киши-куурай— «Өзүнүн ырчысы» жактан чыгат.)**

Бала Барпы: (Үнүн келиштире Назарбай ырчы болуп ырдайт.)

—Жекеге деп чакырып,
Балалык кылдың курусун.
Турганын кара бакырып,
Туурадан чыгып бу чычым.
Тууралайын өзүңдү,
Тууган сып жүргөн көзүңдү.
**Алайын бир сөзиңди,**
Ачайын эки көзүңдү.
Айылдагы ырчынын
Алды элем кеп бербес.
Жаагы жок ырчы болууга
Жаактуу ырчы тең бербес.
Таарынттың бүгүн аваңды,
Таанытайын тагаңды.
Кара эчкинин кунусуң,
Сатып алган кулумсуң.
**Кулумсуң десем эмне экен,**
Каяша айтып турусуң.
Кайтарсаң койду жөн кайтар,
Какылдабай куу чычым!
Ырдын кени менде экен,
Ыргалбай кылган жумушуң!..

Бала Барпы: **(Эми Өзү болуп куурай-кишинин маңдайына өтөт.)**

**— Кайтарттың ава коюңду,**
Байкадың менин оюмду.
Бар чыгаар сага айтаарым,
Бир беттешип кайтамын.

Көп чыгаар менин айтаарым,
Көп жолу «кой деп»
кайткамын.
Угуп тур эми кебимди,
Уурдап жедиң жемимди.
Жай-кышы тапкан акыма
Бергениң токол чебичпи?!
Кулумсуң деп кезендиң,
Куп кутурган экенсиң!
Сатыгым деп кезендиң,
Жудаа көпкөн экенсиң!

Жараткан Эгем алдына
Жалынып жетер бекенсиң.
Жалгыз Ага кулбуз-аа,
Жалганды айтып нетерсиң!.
Жараткандын алдына
Жалпы пенде жетерсиң.
Кулубуз жалгыз ошонун,
Куру сөз айтып нетерсиң!..
Жалгандан алдап жеп жүрүп,
Жарылып кетер бекенсиң!

**(«Назарбай» — Барпы ачуусу келе бир силкине киши-куурай жакка өтөт.)**

Назарбай-Барпы: — Жаагыңды жанып сүйлөйсүң,

Жан киргизип түрлөйсүң.
Жанатан бери жөн койсо,
Жубаримбек мени ким дейсиң?!
**Жайыңды билбей сүйлөйсүң**

Жай-саратан чилдейсиң,
Баятан бери жөн койсо,
Бачмагар мени ким дейсиң?!..

**(Ошентип, Бала Барпы менен «Назарбайдын» айтышы күпүлдөп, улам кызып, ал бир гана: үнсүз кыймыл-аракетке өтөт-манасчылардыкындай. Барпы улам жүзү жаркып, ачыла берет. Акыры токтойт. Кара буу чыккан чекесин сүртөт.)**

Бала Барпы: —Өх Жараткан, бар экениң чын-го, дегин?!
Буюрса, бул ырчыны да жеңдим.
Эми, нака өзү менен айтыша берсем уятка
калбайм.
Аны куурай-кишинин
көлөкөсүндөй гана арбайм.
**(Өзүнө бөтөн бирөөдөй компоюп кайрылат)**
—Ба-лии, Барпым!..
Күндө бири менен айтыша берип,
бардык айыл ырчыларын тандың,
бирок чоң ырчылар менен айтышканга
али чийкисиң, камсың.
Андыктан, куурай-ырчың экөөң
күндөп-түндөп машыксаңар да,
али билине элек чаркың!..

## 2-көрүнүш

**(Сахнада: чарчаган Бала Барпы төө жалбыракка калкаланып, колокосүндө уктап жатат. Койлор үркөт. Бир: «Ар-рр!» рр!»— деген үч чыгып басылат. Бала Барпы ыргып туруп, өзүн тебелеп өтүп үрккөн койлордун алдын тосот. Койлор кайрыганга болбойт. Акыры аларды топтоп, санай баштайт. Санап кубанат.)**

Бала Барпы:— Кайтарган миң коюм түгөл бар.
Анда эмнеге үркүштү бул макулуктар?!
Уа-аа! Кара эчким жок!
Кайда калып калды ал?!..

**(Ары-бери чуркап, издеп табат да, анын карды жарылып өлүп жатканын көрөт. Эмне дээрин билбей туттугуп калат да, ыйлап жиберет.)** —Карышкыр!..
Адашкан жалгыз бөрү!..
Кайдан гана ажалың болуп келди?!
Байкуш кара эчким,
залалың жок эле-го эч кимге деги?!..
Бейкапар жүргөн макулукту да алган,
кандай суук Ажалдын ирени?!..

**(Ыйлаган бойдон кантип ырдап киргенин билбейт. Ыр өзүнөн өзү куюлгандай токтобойт. Ал карышкырдан, байкоосуз келген ажалдан ошентип өч алгысы келгендей.)**

—Кан кускур сени карышкыр!
Ичегиң чубап салыптыр!
Миң кой турса тийбестен,
Менин жалгыз эчкими жарыптыр!
Кокуйду салып карышкыр,
Коктуну көздөй барыптыр,
Жайылып жаткан миң койдон,
Жалгыз эчким жарыптыр!
Үйүр-үйүр жылкыдан
Ирдүү элең кара эчким.
Короо-короо койлордон
Тирдүү элең кара эчким.
Топ башында эркечим,
Тосулбаган эркесиң.
Короомдогу эркечим,
Кой короомдо эркесиң.
Кокуйду бөрү салыптыр,

**Көп койдон сени алыптыр.**
Кардыңды бөрү жарыптыр,
Шылдыңга кудай салыптыр!
Азууң түшүп курт жесин,
Азабың башка туш келсин.
Аркырак тишиң курт жесин,
Азуулууга туш келсин.
Айрылып жаагың чабылсын,
Ар бир тишиң чагылсын,
Азабың шонтип табылсын.
Кардыңды жарып куш жесин,
Каардуугa туш келсин.
Ичегиң итке талансын,
Бооруң отко калансын
Териңди сыйрып тескери,
Тебелетип чал алсын.
Талпак болуп күнүгө
Тай-тайлап балдар жүгүрө,
Дайыныңды таппай кал,
Жалгыздап тоого батпай кал.
Тукумуң үзүп куруп кал,
Туңгуюк тоодо улуп кал!..

**(Барпы улам кызып, өзүн, бүт дүйнөнү унутуп, алгачкы жолу укмуштуудай ыр төгөт. Ал айлына кандай жеткенин билбейт. Анын ырына бирден-экиден адамдар чубап чыккан бойдон топтолуп калат. Бүт айыл анын ырын угат. Эртелеп эле койлор да өзүнөн өзү ээрчип келе берген артынан. Урушайын деп чыккан койлордун ээси да, анын ырдап аткан абалын, элдин тыюусун угуп, көрүп унчукпай эси оол туруп калат. Адамдар таң калып да, бирин-бири кубаттап, муюп да угуп турушат.)**

1-келин: **(Шыпшынат)**—Капырай-ай!..
Ким билиптир мунун мындай ырчы экенин?!
2-келин: —Дегеле эч кимди көзүнө илбей көбүрөт да, сообу дегин?!..
1-кемпир: —Мээнет акысын карышкыр жеп, жаман болуптур бечара бала...

**(Жоолугунун учун тиштеп көзү жашылданат.)**

2-кемпир: —Ошону айтсаң, оногу күнү биздин уйду да... **(кемшеңдейт)**
1-абышкы: —Пай, пай па-аай!..
**Мунун жээлигип жүргөнүндө кеп бар эле..**

Эми ачылыптыр балакай!

2-абышка: —Кайсы жылы бир жазгы баарда,
түшүндө ап-аппак карыя келип эле
оозуна таруу куюп кетиптир дешкен эле.

3-абышка: —Ооба, ошондон кийин
ырдагысы келип, бирок жакшы ачыла албай
буулугуп жүргөндөй көрүндү эле.

4-абышка: —Өзү да өндөн азып,
жакшы эле кыйналды окшойт балаң түшкүр...

1-абышка: Мындайда,
элирип, жинди болуп кетишиң ажеп эмес...

2-абышка: —Аның ырас. Колдогону бар адам
кудайы өткөрүп койгону эп.

Жигит: —Курмандыгына
кара эчкиси кетсе керек?!

**Абышкалар: —Шүк!... Антип айтпайт... (туш-туштан тыят).**

Жигит: **(Өзүнчө)**— Болбосо, эмнеге эле мынча,
**бир эчкиге жаны- кыяк?!..**
Бул кайгыны ага кудай-таалам
өзү жиберген сыяк...
Бөрү болуп Ырдын Пири өзү келгенин
мунун какшап турганы эле айтып турат!
Кара эчкини атайлап союп кеткен
бир сыр бары туюлуп турат.
Же, эмне мал-жанга
тийбей жүрдү беле бөрү аттуу.
Баарыбыз тең ырдап калмакпыз
келбей чактуу.
Же, бул бечарага эпкин тийген,
өзүн-өзү билбегени ошол-өрттөй күйгөн...
**(кыйкырат)**—Мына, кармаңыздар?!..
Оозунан ак көбүк агып,
буркан-шаркан түшүп барат,
жыгылып калбасын эстен танып...

1-абышка: —О, жо-ок!..
Бала эми-ии, кызып турат.
Көөрүгүн Эгем өзү баскан чындап!
Мындайды көргөн да бар,
көрбөгөн бар.
Мындайды кулак дагы бир гана угат!..

2-абышка: —Тооба, кудум манасчылардай
кубултуп турганын карасаң?!

3-абышка: Баралына келгенде
буура болот балажан.

4-абышка: —Бали, өркөнүң өссүн! **(Бали!—деген үндөр коштойт...)**

1-абышка: —Баланы эс алдырып,
ак батабызды берели.

Абышкалар: —Ак батабызды берели...

Карыя: —Кудай-таала өзү жар болуп,
Колдогонуң дайым бар болуп,
Жолдошуң Кыдыр,
Ырчылык жолуң шыдыр,
Арбак жылоологон,
Ак түтүнү булоологон,
Көк шумкардай көкөлөп учкан,
Көксөгөнүн алып уткан,
**Көкжал болгун көп ырчыны жыккан**
Уучуң узарсын, жамандык көрбө,
Намыска бек тур, асти өлбө!
Оомийин! **(Эл дүркүрөйт: «Оомийин!»)...**

Карыя: — Батабыз менен агарып-көгөр,
ата-бабанын ырчылык өнөрүн
эр танасың, улантып, кетер!..

**(Эл Барпыны тегеректеп көтөрүп кетет.)**

## 3-к ө р ү н ү ш

**(Барпынын балалыгы ушинтип бүттү. Ал ушундан кийин эч тартынбай эл алдына ырдап, көп айыл ырчыларын жеңип калган учур. Ансыз аш-той өтпөйт тегеректе. Жигердүү жигит кези. Айыл чети. Күлүк минген балдар: «Тойго!.. Тойго!.. — деп кыйкырышып, жар салып чаап өтүшөт. Көчөнүн четинде кыз-келиндер тойго көңүлдүү баратышат, маала-маала болуп. Аялдар дасторкон-табактарын төбөлөрүнө көтөрүп алышкан. Кээлери капталдарына кармап алган. Өтүп бараткан жигиттер учурашышат.)**

1-келин: Арбаңыз ырчы уул! Жол болсун!

Барпы. Арбаңыздар, бирге болсун!

2-келин: Бу, биздин айылдан көрбөй калчу болдук,
көз мончок таксакпы, кудай!..

Барпы: —Ушу Сиздей мырзайым жолукса,
алайын деп жүрөм дагы бир жубай...
**(Жигиттер, кыздар дуу күлүшүп, келиндер чымчылашышат...)**

3-абышка: Баралына келгенде
буура болот балажан.

4-абышка: —Бали, өркөнүң өссүн! **(Бали!—деген үндөр коштойт...)**

1-абышка: —Баланы эс алдырып,
ак батабызды берели.

Абышкалар: —Ак батабызды берели...

Карыя: —Кудай-таала өзү жар болуп,
Колдогонуң дайым бар болуп,
Жолдошуң Кыдыр,
Ырчылык жолуң шыдыр,
Арбак жылоологон,
Ак түтүнү булоологон,
Көк шумкардай көкөлөп учкан,
Көксөгөнүн алып уткан,
**Көкжал болгун көп ырчыны жыккан**
Уучуң узарсын, жамандык көрбө,
Намыска бек тур, асти өлбө!
Оомийин! **(Эл дүркүрөйт: «Оомийин!»)...**

**Карыя: — Батабыз менен агарып-көгөр,**
ата-бабанын ырчылык өнөрүн
эр танасың, улантып, кетер!..

**(Эл Барпыны тегеректеп көтөрүп кетет.)**

### 3-к ө р ү н ү ш

**(Барпынын балалыгы ушинтип бүттү. Ал ушундан кийин эч тартынбай эл алдына ырдап, көп айыл ырчыларын жеңип калган учур. Ансыз аш-той өтпөйт тегеректе. Жигердүү жигит кези. Айыл чети. Күлүк минген балдар: «Тойго!.. Тойго!.. — деп кыйкырышып, жар салып чаап өтүшөт. Көчөнүн четинде кыз-келиндер тойго көңүлдүү баратышат, маала-маала болуп. Аялдар дасторкон-табактарын төбөлөрүнө көтөрүп алышкан. Кээлери капталдарына кармап алган. Өтүп бараткан жигиттер учурашышат.)**

**1-келин:** Арбаңыз ырчы уул! Жол болсун!

Барпы. Арбаңыздар, бирге болсун!

2-келин: Бу, биздин айылдан көрбөй калчу болдук,
көз мончок таксакпы, кудай!..

Барпы: —Ушу Сиздей мырзайым жолукса,
алайын деп жүрөм дагы бир жубай...
**(Жигиттер, кыздар дуу күлүшүп, келиндер чымчылашышат...)**

Бала: —Барпы аке!
Ээрдин кашындагы ичиктин жакасына
тепчилип коюлуптур жалгыз ийне,
ырчылар ырдабаган,
эч кимдин көңүлү бөлүнбөгөн,
билбедим дагы башка барын эмне?!.

Барпы: —Мына ошол жетет толук кудай берсе,
мага да буйрук-кайып-турган нерсе!..

**(Барпы ырчылардын катарына ырдап келип кошулат.)**

Барпы: —Тойго келген адамдар,

**Төрө пейил жарандар,**
Тогуз күн айтсам түгөнбөс
Той шаанисин карандар!
Торко кийген мырзалар,
Топ ичинде кыр салар,
Токсон күн айтсам түгөнбөс
Той шааниси бир жабар!
Күлүктөрү күтүрөп,
Туяктан жер титиреп,
Ат үртүктөп чабандес
Айлап-жылдап күтүнөт.
Алгырын таптайт мүнүшкер
Акырын жүрүп бир сүйлөп
Алдымдагы бедөөнү
Алты күн айтсам кур дүрмөт.
Аземин артык чыгарган
Зайыпсыз аны ким билмек.
Алтын чачы үртүгүн
Аземдентип ким түймөк.
Ат үстүндө килемче—
Алгандын анты бир жүрмөк.
Уздун колу периште—
Узун жолдо бир түрмөк.
Жээрде кашка бедөөнү
Жети күн айтсам кур дүрмөт.
Жердигин артык чыгарган
Чеберсиз аны ким билмек.
Ириктен ичик кабыган,
Ийине салып куп, абдан,
Ийне менен тепчитип
Ырымдап жака чыгарган,
Ырасми менен зайыптын
Ырымды ага бүт арнайм.
Союштан тонун кабыган,
Соорусун күнгө кайыган,
Сонундап жака чыгарып,
Ак болот ийне тайыган—
Ак манжанын изи анда,
Ак болоттун мизи анда,
Аппак мамык түсү анда.
**Күнү -түнү тирмийген**
Аппак карек көз анда.
Ак жибектен эшиген
Анжияндын бөзү анда.
Айта берсем түгөнбөс
Ак жубардын өзү анда.
Аялзаада — бул Күн дейт.
Аялсыз жанды ким түрлөйт.
Аялда бардык ырысың,
Очокто отуң тим күйбөйт.
Аялсыз жашоо — жашообу?!
Аялың болсо — «тирүү» дейт.
Балаңдын болот энеси.
Энеңдин калат керээзи.
Бойду керип суйсалган
Кечээки кыздар ким өзү?!
Босогодо айдайым,
Борумун толук айтайын.
Бул дүйнөгө апкелген
Касиетиң канча айым?!..

(Барпы дагы көпкө аялзааданы ар түрдүү кошуп ырдайт. Тойго келген меймандар менен калыстар:

Аа, баракелде, баракелде, Барпы апыз!..
Мына эми, айтсак чынында,
баарынын оозун бастыңыз...—

дешип күпүлдөшөт.)

1-мейман: —Барпы апыз!..
Бекназар ырчыны
беделине карабай
бетке айтып жеңген
ушул экен-го караңыз?!

2-мейман: —Көзү да көрбөй калган дешет.
Куду, жумуп алгандай эле анаңыз... хи, хи...

3-мейман: (жактырбай кагат)
Мындай адамдын
бири кемдиги да чоң аңыз!..

4-мейман: —А, дейбиз, бу дейбиз...
Баары бир алланын колунда.
Мунун Нияз деген чоң аталары да
ушундай көр болгон да!
Анын үстүнө ал киши да олуя чалыш,
болор ишти алдын ала айткан азиз.
Адамдарга дам салып
айыктырыптыр эчен.
Муну мен аны көргөн
чоң атамын өз оозунан эшиткем.

5-мейман: — Ошондой деңиз?!..
Анда бул адамда
укум-тукумунан өткөн
чоң касиет бары шексиз.
Дыйкан казынын орунсуз кылыгы
болгон эмес экен да эч себепсиз.

6-мейман: — Ооба, эшик ырчы кылам деп,
алгач Бекназарды тукурду,
аны жеңип койгондо
салык төлөбөдүң деп кутурду.
Сабаса да малча
басынбаптыр апыз мажирөө жанча.

7-мейман: — Бекназарды чоң ырчы деп
ошондо кийин да
сыйлап жүргөнү канча...
устатым деп алыптыр анан калса?!

3-мейман: — Мунун түпкү атасы
баатыр чалыш
меркит-муркуттагы Жээнбай деген,
тууганга таарынып ооптур,
мобу Баткенде эле турчу
журту менен.
Жердиги — Нокоттон дешет,
төлөстөр жашайт эмеспи
ал жакта деген...

4-мейман: — Кылыч тамгадан сатып алган
кырк байталга анау Ачыны кенен...
Азыр мына ошондо туру урук-тукуму
андан бери беш ата өттү тууру.

5-мейман: — Жер да бир, жайлоодой, өзүнчө жаткан,
төрт түлүгү жайылып төшүнө баткан...

6-мейман: —О, илгери андай жер—
душмандан ыктоо,
жат көзгө анча байкала бербеген
буйткада болуп — табылгыс белем?!..

7-мейман: — Бекеринен тандабаган экен!..
**(Меймандар кубатташат: «Ооба, ооба... бекер эмес экен...»)**
Шор да болсо суусу,
Куп тандаптыр ушу...

**(Меймандар аңгемесин уланта берет. Барпы кыймыл-аракет менен ырдап атканы көрүнүп турат. Кыз-келиндер өздөрүнчө сөз атышат. («Карай көздөн» үзүндү.)**

1-келин: — Барпы акемдин ырын-ай!..
Тим эле эт-жүрөгүмдү эзип,
сойду да, сойду...

2-келин: — Оңогу ырчы аялды айтсаң да!
Жок жерден жеңилип калды шордуу..

3-келин: —Анан, айтышпай эле алын билип тим койбойбу?..
Аял башы менен
асылган өзү болду!..

4-келин: — Ырчы болсо кантсин?!
Үмүттүү бир пенде да, о-деле...

5-келин —Ошону айтсаң, бир топ кыйын экен,
Барпы менен айтышкан бу неме.

6-келин: — Эми, ого тең келе беле?!..

7-келин: — Аның чын, аялдыкка тийбесе эле?..

1-келин: — Алган эрим ушундай ырчы болсочу...
(тамшанат)

6-келин —Карагылачы—ай!.. Калп эле Барпы болуп,
көзүбүздү байлап алган жокпу?..
Адашын келген ашыктык ырларынын пири-го
мобу?!

3-келин: —Ар бирибизди атыбыздан ырдап,
дегеле эч кимибизди койбоду!

4-келин: — Жанындагы шумпай акырын айтып койгонбу?

5-келин: — Атыбыздан эле баарын билгендей,
мунуң олуя болгонбу?!..

3-келин: **(Жанындагыны түртөт)**
«Ак Дилбар» деп боздоорун билсек,
таппайт белек айласын эптеп... **(күлүшөт)**

7-келин: — Ансыз да апыздын алган аялдары көп дешет...

2-келин: **(Жанындагыларга көз кысып, беркини түртөт)**
Ойлонуп көрсөңчү, мүмкүн,
Күн тиер сага да эптеп...

1-келин: — Тилиңер менен тергиле тезек!..
Мага апыздын арзуусу—белек.

**(Барпынын сүйүү ырларынын музыкасы кетет. (Ак Дилбардан» үзүндү.)**

## 4-көрүнүш

**(Барпы ээн адырларда жалгыз кетип баратат, аты өзү жол тапкандай, апыз ойлуу, ага көңүл бурбагандай. Ээн адырда далдайган чоң көлөкө сөлөкөттөй болуп пайда болот, арт жагынан. Ал апызга жете келип басып калчудай сезилет. Ал аны жандай басат.)**

Ээрчигени: — Апыз!...
Көңүлүң түшүп кетти таманыңа...
Түшүнбөйм, келгенимди
жактырбай турганыңа?!..

Барпы: —Жок, Эгизим...
Жаралгансыйм мен,
бул дүйнөдө жандан кем!..

Ээрчигени: — Айтыштагы мөөрөйүңө
жанды эриткен ак сулуу
ала берип ар той сайын
болдуң жандан бактылуу?..

Барпы: —Аның чын...
Ар той сайын болду мендик
жаманы да жакшысы...

Бири артынан бири келип,
кетти баары,— бар тузу
Жараткандын мага буюрган,
болмок эмес антпесе...

Ээрчигени: — Аткарбадың айткан парзды,
мойнундагы турган карзды...
Сулууларга тойбойсуң эч,
Тыйчудайсың напсиңди кеч...

Барпы: **(Аны укпагандай өзүнчө сүйлөнөт.)**
—Албай коюу болоор кесир...
**(Бет алдын карап унчукпайт, тынымга.)**
А, бирок, бу жан-дүйнөм дале «жесир»...

Ээрчигени: — Жесир?!.. **(Чоочугандай таң калат.)**
Текебериң калбайт-ко эч бир!
Анткен менен, болгон убагың,
каалаганыңдай эсир!

Барпы: —**(Атына камчы басат.)**
—Түшүнбөдүң сен мени!..
Жаныма-жан кошулбады,
жакшы убагым созулбады...
Аял деген аты менен
бакыт келип кошулбады!..
Эх, аттиң дүйнө..
Бакыт, дөөлөт кошулбады...

Ээрчигени: — Эскерткенмин баарын мурда.
А, сен...таарыныпсың аялдарга...
Ха-ха-хаа-аа!.. **(Жаңыртып каткырат.)**

Барпы: **(Жини келип өчөшкөндөй...)**
—Келе электей мага баары,
күтөм, күтөм, дале, дагы...
Ким бирөөнү жоктойм тынбай
умсунамын карайм дагы...
Жан-дүйнөмдө жашайт «жесир»,
жалгыздыгын жойбой эч бир,
же аялдан, же баладан
кудай мага айтпай... кечир!..
Кэрооздонгон болсом эгер.
Же байкабай кандайдыр бир
каргышка да калганмынбы?!..
Билгич болсоң, кана, жооп бер?!..

Ээрчигени: **(Үнсүз...)**

Барпы: — Унчукпайсың...
Куйүтүмдөн болдум бакшы!
Көп күнөөнү артпайм... жакшы.

Азап менен келип адам,
азап менен кайтат асти...

Эрчигени: — Эстечи Мөлмөлүңдү?
Эч жерден ырдабадың аны түрлүү.
Бир гана жалгыздыкта кылдың эрмек,
антүүңө адамдар да болду себеп?..

Барпы: — Аның чын...
Айталбадым арманымды.
Манаптын кызын кантип арбаарымды
билалбай бушайманда жүрдүм көпкө,
тең болоор ырдан башка не бар менде?!
Өзүнө, бир өзүнө ырдаймын деп,
коргондуу бакты айланып-өзүнчө чеп,
кире албай гүлбакчада гүл-периге,
жүрдүм көп, анымды эч ким билбесе деп...

Эрчигени: — Мурда жок пайда болду уяңдыгың!..
Махабат — ичте жүргөн кыян бүгүн?!..

(Барпыны өз кыялы менен калтырып, акырын жоголо баштайт.)

Барпы: (Ырдайт) — Чырактай болгон чырайың

Унута албай турамын.
Күн-түнү ырдайм өзүңдү
Өзгөчө эле кыялың.
Олжолоп алган он кыздын
Ордуна татып тураарым!
Тогуздап алган карадан
Той сайын толо сунаарым.
Эрчип келген эрсиздин
Онуна татып тураарым!
Айбыгып манап атандан
Айта албай ачык куурадым
Угузбаш үчүн элге да
Талаалап боздойм, сурагын!
Мистелүү мобул адырдан
Боз түшүп-ырым чачылган.
Ашыктыгымын дартидан
Таштар да эрип басылган.
Атыңды айтсам «Мөлмөл» деп,
Шарына шамал жашырган.
Чолпонум өзүң туйбадың,
«Мөлмөлүм» деп ырдадым.
Чолпонум эми тыңдагын,
«Мөлмөлүм» деп кыйбадым.

Унчукпайсың... шашылгам...
Окшотуу үчүн өзүңө
Канчага нике ашыргам.
Бири келип, бири жөн
Кеткенин билбейм канча жан.
Бир гана болбой махабат
Кыйнаяды жашоо-турмуштан.
Барпы апыз-акун, чечен деп,
Окумал кары экен деп,
Даңкыма менин кызыгып
Жыргап бир жашап өтөм деп
Өз эрин чанып келген көп.
Көбүсү качты көп турбай
Кур кыялы кечендеп.
Көргөндөр сырттан кеп кылды
Көр апыз көпкөн экен деп.
Уккандан айың узады
Көр апыз — Барпы тууралуу.
Андай кеп абдан кызыкпы,
Кулакты гана кызытты.
Аныктап айтсам ачыгын
Акундугумун салты бу,—
Ырдамак тиги-бу кызды.

Алардын баары Мөлмөлдүн
Толтуруп турат наркыны.
Айтып жүрмүн талаага
Ашык Барпы антыны.
Айтышты атаң берди деп,
Күйөөгө артык калыңы.
Улуу тоо болдуң түн жаткан,
Улудум тоодо үн катсаң?!
Ууз таң болдум от чачкан,
Уларым тоодо үн катсаң?!
Дартимди айтып ырдаймын,
Өмүрүм сендик кыйбаймын.
Өтүүгө ушул жарыктан
Өзүңдү гана ырдаймын-ээй!..

**(«Мөлмөлүмдүн» музыкасы коштойт. Жанатан бери анын ырына тай минип торпок кайтарып жүргөн тестиер кыз абдан көңүл буруп, бир топ жерге чейин ээрчип угуп барат. Бир убакта токтоп, эсине бирдеме түшө калгандай элеңдеп эки жагын каранат.)**

Кыз: —Ыр угуп кете берип, карачы баарын унуткам?!
Торпокторум кайда калды бу туштан?
**(Берээк келип, көңүлү тынат дагы, кыялданат.)**
— Ээн талаага ырдаган
кызык адам экен.
Апыз-го, укмуш!
Ырас жаттадым бекен?
**(«Мөлмөлүмдү» ырдап көрөт. «Бөдөнө тумшук мамагың»,—деген жерге келгенде уялып токтойт да, сүйлөнөт.)**
Муну эч кимге угузбай ырдайын,
уят жерлери бар экен.

**(«Мөлмөлдүн» калганын ырдайт.)**

### 5-к ө р ү н ү ш

**(Той болуп атат. Ар жакта топураган эл ыраатымен той расмин жасап жүрүшөт. Барпы, той ээси, Жеңижок үчөө бөлүнүп бери басышат.)**

Барпы: — Алп ырчым, устат ырчым — Жеңижогум!
Чер жазып сүйлөшкөнгө канды моокум.
Ыраазымын мен Сизге жолукканга,
Арбады акылыңыз уста болдум.
Устаттан шакирти өтөт дешет элде,
Айтышта мен Сизди аз жеңген болдум.
Кудайым бизди ырас көрүштүрдү,
Бар эле ак тилектен болжогонум;
Бир көрсөм Шибер келген алп Токому,
Ага азыр көрүшпөсөм — болбогонум!..

Кечире албайм өзүмдү өмүр бою...
Кайтканын угуп алып өзүңүздөн
Кан дүргүйт, уккан элем: «жатат ооруу...»
Айтыңчы, кайдан табам, кантип барам,
Үйрөнүп алсам бир аз жол-жобону.

Жеңижок: —Барпы ырчым!
Балапандай күйпөктөбө,
Баладай баардыгын тең үйрөт дебе.
Теңештиң эч теңи жок Жеңижокко,
Эми акыл өзүндүкү-ырдап кире,
Ырдап түш, ат үстүнөн,
ырчылыкта:
Жол жүргөн жолоочуга — ыр да кирэ,
Тартууга алпараткан ал кишиге.
Алып ал тойдон уткан күлүк атты,
Бүт болсун жабдыгы да, жасалгасы...
Тигинде сыйга жапкан ак ичикти ал,
Жана да куржун толо даам аттуу...

Той ээси: — Туура айтат, кошуламын мен Өтөмө,
Мусаапыр жүрүп келген киши ал четте,
Кубанат арзып издеп келгениңе.

Барпы: —Ыраазымын жан-дилден мен силерге.
Жөнөйүн ушул жерден түп-түз эле.
Кайыр кош, кайрак таштай устат ырчым,
Жүрүңүз эсен-аман Сиз да элде.

**(Тойдогу жигиттер анын куржун-пуржун, буюмдарын көтөрүп барып, Барпыны атказып келишет. Ат дүбүртү узайт. Жеңижок, той ээси узаткан бойдон калышат.)**

## 2 - К Ө Ш Ө Г Ө

### 1-көрүнүш

**(Барпы жанында бир жолдошу менен келатат. Атчан, аңгемелешип жай-баракат.)**

Жигит: —Парпи ake!..
Барпы: Оо?..
Жигит: — Ушу менин Сизден сураарым көп.
Барпы: —Айта бер, сура тартынбай.
Жигит: — Ырчылардын баары менен түгөл айтышып чыктыңыз

түгөл айтышып чыктыңыз.
Эч ким да калбады өңдөнөт.
Тиягы Арка менен биягы Анжиянды,
чөлдүк менен тоолуктарды
чекеден гана жыктыңыз.
Ал эмес, Жеңижок менен Токомо да
теңата болуп чыктыңыз... (мукактанат)

Барпы: —Айт?..
Жигит: — Анан...дейм да, не алып тындыңыз?
Бир болсо, баягы эле Барпысыз...
Барпы: —Оу, бу ырчылык да кумар-го?!..
Кыз сүйгөнсүп... жоо сүргөнсүп...
Алда нече алакет менен
канды-жанды миң дүрбөлтүп,
ашып-ташып турган ички
сезим-ойдо жүргөн көчкү,
селдей болуп аккан күч бу!!.
Ээ боло албайт ага эч ким,
ону өзүм да кийин сездим...
Жигит: (Өзүнчө) — Кантип эле?!..
Майып экен деп мүмкүн,
Жеңижок менен Токтогул
аяп койгондур...
жеңилип бере...
не болот деп,
бечара неме?..
Барпы: — Негизи,
адам эмес,
чөптү да арбап түштүм...
Жигит: — Не дейсиз?!.. (Өзүнчө)
Кандай шумдуктуу неме?!..
Барпы: —Жараткандын жандуу түр чөбүн абдан
ыкрарыма көндүрдү ырым аздан.
Ар биринин адамча сөзүн тындап,
ар бирин тең адамча тегиз ырдап,
сүйлөштүм да алардын баары менен,
сырын уктум ап-ачык төгүп берген.
Эмим эки кайт болбой шыпаа этерин
билсең ушул, башка сөз айтпайм тегин...
Жигит: — Көзүндө-кал, тилинде-мөөрү бар
Улукман акем болуп кетпең дегин?!..
Барпы: — Чөп аттуунун ичинен гүлкайырга
таң каламын абдан көп күчүм кеткен.

Тогуз жылдан ашырып, он эки жыл
болгонунда эңилди,— таза неткен?!..
Мындай нерсе чөптө да болот экен...

Жигит: —Эч кимде жок дарымчылыгыңыздын,
бадик айткан дубачылдыгыңыздын
сыры да ушул белем?!..

Барпы: —Оо, ал да мага оп-оңой келгени жок!
Жандуу ооруу жан-дүйнөмдү аңтарып шок,
жанымды сууручудай кыйнап келип,
жыргатып коёр эле болгондо жок.
Анан бүт көрүп, билип, туйганымдан
көкүрөк ачылды укмуш — айтса жомок!..

Жигит: —Караң эми,
ишенип-ишенбеген күнүндө да
бу жарык дүйнөдө бүт аян болот...

Барпы: — Ооба, бу,
жан кылып жараткан
жалган дүйнөдө
бардыгы тең аян болот...

Жигит: — Айтыңызчы, эми Парпи апыз!
Бир көзүңүз-го эч бир чарасыз...
а, ырдап атканда
экинчисин неге жумуп аласыз?!..

Барпы: — Көзүмдү жумсам үкам;
көкүрөгүм ачылып ылдам,
не ырдаарым көрүнөт баары,
шаштырат сөздөр тизилип турган.
Аптыгып аны ырдаймын шашып,
дайрадай кирем, буурамын ташып,
качырбай туруп, көөдөнгө сыйган
көп нерсени көзсүз эле ырдайм.
Көзүмдү ачсам жоголот баары,
дап-даяр болуп ооздо турган...

Жигит: —Укмуш сыр экен мунуңуз да катыl..

Барпы: — Кудайым бекер албаса керек да,
бу көздү дагы?!.. (**Күлгөн болот.**)

Жигит: — Ээ, көздүүдөн өйдө,
Сиздин бир нерсеге ыкласыңыз!
Андан көрө ырдап басыңыз?

Барпы: — Айтса-айтпаса төгүнбү?!
бир киши суранса да ырдап берген он,
кийин эстеп жүрөт жөнүмдү.

Жигит: —Парпи акемин ыры деп
жаттап алсам жаман болбостур өмүрү...

Кара курт чагып алыптыр капыс.
Жаны кыйналса сай-сөөгүмө батат,
Дам ала албай калды элем апыз,
Жол карап тургам өтөбү деп капыс.
**Бадигиң айтып уу күчүн тайгыз.**
Айланып, садагаң кетейин, апыз?!
Бир гана өзүң жарайсың, ансыз,
Жалдырап калбайын, болбоюн тапкыс
Кылса эгер кудай, жалгыз кызымды айыккыз,
Апыз, ажалдан бери кайткыз?!.. **(Жашыйт.)**

**(Баары жылкычынын үйүнө шашып жөнөшөт. Төрдө суналган чырайлуу кыз жатат, бойго жеткен. Уунун күчүнөн ары кетип, бери келет. Аябай кыйналып, онтоп, өзүн бирде билип, бирде билбейт. Айласыз, көзүнүн жашын төгүп турган апасы, Барпыны үмүттүү карап, кызынын башынан бери жылат. Барпы дарымдап бадик айта баштайт.)**

Барпы: — Быжы, быян, быямын,

Мен быжынын кенимин,
Алабата күлүмүн, сүв!
Ажыдаардын өзүмүн.
Боору чаар кара курт,
Бооруңду жара тебермин, сүв!
Түркстанда түмөн курт,
Түрүп барып айдармын.
Жаркенттеги жети курт,
Жетип барып айдармын.
Курттун жолун байлармын,
сүв!
Быжы атасы камбар чык,
Бир заматка калбай чык,
Таш дөбөдөн танбай чык,
Кум дөбөдөн турбай чык, сүв!
Чатырынды бузбасам,
Таноонду тилбесем,
**Таш төбөңө чыкпасам, сүв**
Менин атым алда чык,
Али болсо калбай чык.
Жуп-жумуру жууп чык.
Менин дүвам кууп чык!
Сүв-сүв-сүв!.. Сүв-сүв-сүв!..
Быжы-быжы-быжы чык!
**Тула бойдон калбай чык,**
Заарыңды жыйбай чык!
Турумтайдан түнөп чык,
Жабыр көрүп жүдөп чык!
Заарыңды жайбай чык!
Сүв-сүв-сүв!.. Сүв-сүв-сүв!..
Сүв-сүв-сүв!.. Сүв-сүв-сүв!..
Сүв-сүв-сүв!.. Чык-чык-чык!..

Барпы: (Беркилерге кайрылат)— Эми, бычак алып келгиле?..
**(Бычак беришет. Ал кыздын колу-бутунун салааларын тилет.)**

Жылкычы: — Тооба, кан эмей эле,
шүйшүндөп сары зил суу чыкты,
уунун заары ушул болгой эле?!..

Баары: — Ушул болгой эле... ушул болгой эле...

Барпы: **(Дагы дарымдай баштайт.)**
— Ай өлөңдөн, жай өлөңдөн бурма, бадик!

Барпы: —Мунуң тууру кеп.
Ырдап желимди чыгарып турбасам,
мобу, «урум» да көөп кетет!..
(Көкүрөк тушун көрсөтөт.)

Жигит: — Сиздин, мына ошонуңузда жатат кеп,
өзүнчө эле ачылбаган сыйкырдуу кулпу.
Кудайым кантип пайда кылды экен ушу?!..

Барпы: — Ырдын баары
мына ушунун ичинде жашырылып туру.
Неге экенин өзүм да билбейм.
Куу-шуу эткен дабышын,
шамалга гана тең дейм!..

**«Шамалдан» үзүндү ырдайт)**

**—Аягы жок, башы жок**
Шамал кайдан жаралды?
Анын сырын чечүүгө
Жүгүртөйүн санаамды:
Кармайын десең колу жок,
Сыйрайын десең тону жок,
Минейин десең кому жок.
Айдардан бөлөк аты жок,
Андап көрсөм буту жок,
Айдап жүргөн киши жок.
Жарышканы күн менен,
Жолдоштугу түн менен.
Биле албадым эмгиче,
Сыр сурашат ким менен?
Бороондуу күнү ышкырат,
Болжолу жок иш кылат.
Жаандуу күнү шуулдайт,
Дарчаны бузуп куюндайт.
Тумандуу күнү түн курат,
Туурдукту үзүп булкунат.
Чарчабастан бел ашат,
Чабыттап келсе эл шашат.
Кышында жүргөн шамалды—
Жокчулук десе эп болот.
Күзүндө жүргөн шамалды—
**Токчулук десе эп болот.**
Жазында жүргөн шамалдын
Ачы менен тогу бар.
Жайында жүргөн шамалдын
Жан сергитер оңу бар.
**Уулуу тили жалмаңдап**
Жыланы бар шамалдын.
Керимсел деген кер ооз
Ылаңы бар шамалдын.
**Баарын көккө сапырган,**
**Куюну бар шамалдын.**
Тегеренген чарк уруп
Уюлу бар шамалдын.
Сыдырым соккон салкын жел
Келин болот шамалга.
Жайында жанды сергитип,
Жабыкса көңүл эргитип
Үйүр болот адамга.

**(Алыстан үн чыгат: «Барпы аке, Барпы аке!.. Оу, Барпы аке!..» Шашып, чуркап келаткан караан көрүнөт,— «Оу, бери бастырың?! Сизди өзү жеткиргендей мага кудайым, бери бастырың?!» Далбактаган жылкычы жакындайт.)**

Барпы: **(Утурлайт.)** Ээ, жылкычым, эмне болду?
Тынчылыкпы, деги, ылайым...

Жылкычы: (Энтигип сүйлөйт)
**Кызым каты ахвалда жатат.**

Суксур сындуу мойнуңду сунба, бадик!
Кармай турган колдордо турба, бадик!
Муунунда бултулдап жүрбө, бадик!
Омурткада ойноктоп жүрбө, бадик!
Сүв-сүв-сүв!.. Сүв-сүв-сүв!..
Сүв-сүв-сүв!.. Сүв-сүв-сүв!..

Барпы: **(Эс алгандай жеңилдей түшөт.)**
Эми араң көзүн ачып карады!
Көбүрөөк болуп чакканына
Өтүшүп бараткан экен да убагы...

Беркилер: — Ошондой!.. Кудайым бир сактады!..

Жигит: — Пай-пай-пай!.. Укмуш апыз!
Дубандын күчү ишке жарады.
Табыпчылыгындын сыры
кан-тамырлардан ууну кууду.
Жылкычы ава! Сүйүнчү!..
Айдай кызыңыз аман калып,
ажалдын андан супсуну сууду.

Жылкычынын аялы: **(Үстүнө үйрүлөт)**—Айланайын кызым!..

Жылкычы: —Оозуңа май, айланайын!..
Оозуңа май!.. Айланайын кудай!..
Биз байкушту аяган экенсиң да!
Үнүбүз сага жеткен экен.
Миң мертебе ыраазыбыз! Айланайын апыз!..
Кулуң болоюн апыз! Башым тартуу кааласаңыз!
Эми менин сыйымды көрүп,
анан кийин аттанасыз!..
Ансыз кетирбейм, кудай берген коноксуздар.
Ой, байбиче! Дасторконуңду жай!..
**(Карбаластап, кудуңдап сүйүнөт.)**
Кана, тиги жылкыга бата тилеп коёлу?...
Эми, дасторконго караңыздар?
Мобу, түрдүү даамдан алыңыздар?
Кымыздан ичиңиздер, тамактан жесеңиздер?..
**(Өзүнчө сүйлөнөт)** Бул кызыл сабааны оболу
ээрдин кашына илип бербесем болобу?!

Барпы, Жигит:—Э, ккоюң! Жылкычы аке!..
Болот да ушул эле!..

Жылкычы: — О, жо-ок! Жок дегениңер болбойт.
Бу, силерден бирдеме аяса, жылкычы оңбойт...
Албасаңыздар-көңүлүм да ток болбойт.

## 2-көрүнүш

(Барпы эл аралап жарамазан айтып жүрөт. Куржуну ийининде. Бир үйдүн эшигине келип токтойт).

Барпы: (Үй ээлерине багыштап ырдайт)

Ассолому-алейкум, жарамазан,
Он эки айда бир келген орозо жан,
Орозоң кабыл болсун кармаган жан!..
(Үйдөн балдар чуркап чыгып жарданып угат.)
Медина, Мекка кыдырып,
Бизге жеткен орозо.
Уламадан уланып,
Сизге жеткен орозо.
Жайды-кышты айланып,
Күзгө жеткен орозо.
Алла-таала күч берип,
Жазга жеткен орозо.
Жан-дүйнөңдү тазартып,
Күчкө келген орозо,
Беш убак намаз окутуп,
Бүт денеңди толкутуп,
Жан эриткен орозо...

(Балдар апасы алып чыккан, нан, курут, жаңгак ж. б. бирдемелерин чуркап келип апыздын куржунуна салып кетишет. Үй-ээлери, балдар баары туруп ыр угушат.)

Барпы: — Ушул үйдүн үзүгү
Ак кочкордун чуудасы.
Эшалы менен Чыналы
Ушул үйдүн чырагы.
Акыры өсүп жетилсе
Манастын болот чубагы.
Ушул үйдүн үзүгү
Көк кочкордун чуудасы.
Кудаш менен Бакберген
Ушул үйдүн чырагы.
Кудайым каалап бак берсе,
Манастын болот чубагы.
Кана бата берейин,
Көөнө көңлүң жай болсун.
Балдарыңдын мингени
Жорго кара тай болсун,
Ичкени кызыл чай болсун,

Дүнүйөсү шай болсун.
Бөлчүм, бөлчүм, бөлчүм бол,
Бөдөнөдөй төлчүл бол.
Уркоёндон көздүү бол.
Адам таппас сөздүү бол.
Желеңдин аягы менен башына
Кууган пенде жетпесин.
Кас санаган душманың
Ок атканда жетпесин.
Кара кырма чөйчөгүң
Каймактан өксү болбосун.
Кара кашка быштын атың
Арпадан өксү болбосун.
Уулуң күчтүү болсун,
Кызың иштүү болсун!
Айгырың үндүү болсун,
Кочкоруң жүндүү болсун!
Баландын атын Жайнак кой,
Биринин атын Тайлак кой!
Көнөчөккө толтуруп,
Керегеңе каймак кой!
Каймагыңы жеп койсо,
Керегеңе байлап кой!
Көөнүңүз кызыл чай болсун!
Оомийин, аллоу акбар,
Тилегениңер бар болсун!..
Оомийин!.. **(Жалпы бата жасашат.)**

Үй ээси: — Аа, Барпы апыз, келиң, келиң...
Ак тилегиңиз жар болсун.
Э, кемпир, эмнең бар?
Алып кел, апыздын куржуну куру болбосун!
**(Алып чыккандарын салат.)**
Кирбейсизби үйгө?..
Кудайы конок болуп кетиң?..

Барпы: — Жок, ыраазымын, мырзам!..
Азыр шашып турам.
Тиги, төмөндө,
бармак элем бир үйгө...

Үй ээси: — Сиздин ырыңызды да укпай көптөн,
Зук болдук окшойт, кетпең?.. **(Барпы басканы камынат.)** —Оп-поо, Барпы аке, болбодуңуз да!

Балдары: — Жакшы жетиңиз ава!.. (Коштошушат.)
Барпы: — Оп-балии! Жакшы тургула.

(Барпы андан ары ырдап кете берет: «Болор жигит»)

Жакшы болор жигиттин
Жүрөгүндө мүлкү бар.
Ырыс толуп үйүнө
Тамаша менен күлкү бар.
Азгырсам деп мындайды
Андып жүргөн түлкү бар.

Сөзгө алынар жигиттин
Сарайында сынчы бар.
Сарасап менен сүйлөгөн
Сөздөрүнүн курчу бар.
Душманына калганда
Калемпир менен мурчу бар.
Сыпаттап айтып өтүшкө
Бизге окшогон ырчы бар.

Көзгө илинер эр жигит
Кедей да болсо малдуудай.
Чырмаган дартка карабай
Чабал да болсо алдуудай.
Чындык сөзүн бетке айтат
Чангенттен аккан шар суудай.

(Барпынын алдынан жолоочу жигит чыгат.)

Жигит: —Ассалом- алейкум, Барпы апыз!
Бу Сиз кайдан беймаал убакта?
Барпы: — Аалеки-салам! Жарайсыңбы, жарамазанга?
Биздин салтта бу да-даңаза!
Жигит: —Фу-уу!.. Салт деп жүрүп өтөбүз-го!
Не деген баш айлантма?!..
Барпы: — Кой балам, эл болгондон кийин,
баары бар бу жалганда.
Андан көрө мени жеткирип кайт,
теңтушум Кадырбайга.
күн бүркөлүп, жаачудай жаан да.
Жигит; (Өзүнчө) — Мен буга бирди көрсөтөйүн!..
(Барпыга) —Хе, бараар жериңиз эле ошонуку болсо,
Жүрүңүз анда!..



Жалал-Абад... областная ... Инв. № 41364
Междуведомственная централизованная библиотечная система Инв. №

**(Ал аны көпкө айлантып жүрүп отуруп, ээн талаадагы бир чоң кара таштын алдына алып келип коёт.)**

Жигит: — Мына, келдиңиз,
эми ырдай бериңиз каалашыңызча...

Барпы: **(Жарамазан айтып ырдайт.)**
Пайгамбарым мингени кара кашка,
Каапыр kууп келиптир кара ташка.
Кара ташка каапырлар кылыч чапса,
Чапкан ташы кетиптир башка-башка...

Пайгамбарым мингени кызыл кашка,
Каапыр kууп келиптир кызыл ташка.
Кызыл ташка каапырлар кылыч чапса,
Чапкан ташы кетиптир башка-башка...

Медина, Мекка кыдырып,
Бизге жеткен орозо.
Уламадан уланып,
Сизге жеткен орозо.

Жайды-кышты айланып
Күзгө жеткен орозо.
Алла-таала күч берип,
Жазга жеткен орозо.

Жан-дүйнөңдү тазартып,
Күчкө келген орозо,
Беш убак намаз окутуп,
Бүт денеңди толкутуп,
Жан эриткен орозо...

**(Барпы улам тыңшай калып ырдай берет. Акыры токтоп, эч кандай шарпа да, дабыш да жок, жамгыр тамчылап киргенде колу менен калкаланып, шамалдын үнүнө кулак салып туруп, үн катат.)**

Барпы: — Эч ким чыкпайт да,
тынччылыкпы деги?..
Бул үйдө эч ким жок окшойт?

**(Жакын басып келип, таягы менен түртүп, колу менен сыйпалап көрүп, үй дегени чоң кара таш экенин билип чоочуп кетет).**

Барпы: **— Ок, бул эмнеси?!**
Үй дегеним кара таш!..
Не болуп кетти-дүйнө кас?!..
**(Тынымга тилсиз катып турат.)**

Талаага ээн боздоткон,
коркпостон убал-сооптон
Ажалым белең бут тоскон?!..
Жо, жо-ок! Мен аныңа көнбөйм.
Андан көрө сендей жүзүкараны
экинчи көрбөйм...
Алкышым эмес, каргышым,
келиптир алгың — ал, чычым!..

Жашында болуп жайрагыр
жалаңкыч болуп кайдаа-бир,
зарлатып жанды күйгүзсөң,
көрүшпөс окшоп кайра бир,
көрүнсүн эми көзүңө,
как эле өзү — Азезил,
ал болгон өңдүү сага пир!..

Элсизде туруп эт бышым,
эриттим ташты, эч бир шум
эңилткен эмес апызды,
Болбодуң дүйнө, болбодуң,
өз кара башың шордодуң.
Онтобой баргын отузга,
окчонтой барсын опсузга!..

**(Барпынын көзүнүн жашы жамгыр менен бирге куюлуп, ал ындыны өчкөндөй, заматта картая түшкөндөй, бирок кайраттана басат.)**

Барпы: — Көңүлгө түн түшүрүп бассам да араң,
каргыштуу кас күнүмө наалат айтып,
тагдырың ушул деген... жоруптаган,
өмүргө кыш боломун турган кайтып...
Барпынын үнү добул басылбаган!..

## 3-көрүнүш

**(Жалал-Абад вокзалы. Согушка жоокерлер жөнөп жатат. Эл тым-тырс болуп, аккан жашын аялдар сүртүп коюп, Барпы акынды угуп турат.)**

Барпы: — Кавландар казатка,
Капыстан жөнөдүңөр,
Ажыдаар башын салды,
Аптыкпай берээриңер
Ажалдын огу болсун,
Ап-анык жеңээриңер.
Адырда айдарымдай
Мистени күбүп турган,
Жеңесиң душманды да,

Шамалдай кубуп турсаң!
Чымыр, жаш берендерим,
Эр журөк, чын эр-шерим!
Манастын урпагысың,
Кам жебе күтөт элиң.
Кайрылып бүт келгиле,
Кайрадан кол берейин,
Кубанып көрүшкөндө
Ыр менен тосуп алып,
Ыр менен даңкка бөлөп,
Кайра бир төрөлгөн бул—
Баатырлар деп жар салып
Өтөйүн андан көрөк...

**(Баарын унутуп коюп Барпыны угуп турган жоокерлер селт этет, поезддин гудогуна. Узаткандар шашып калат. Жоокерлер кыйылып Барпынын жанынан чыкпайт. Барпы ырдай берет. Жоокерлер узаткандарды унутуп Барпынын ыры менен узай беришет. Бир-экөө: «Ырыңыз менен тосуп алыңыз, апыз!**

**Сиздин ырыңыз бизге табылгыс...»— деп узай беришет. Поезд шарактап, жоокерлер кол булгап, вокзал ээндеп барып кайра толот. Бул жаңы узатуу. Вокзал улам толуп, кайра ээндеп, жарык бирде күүгүмдөп, кайра жана берет. Барпыны аялы жетелеп жүрөт. Ал ар бир узатуу сайын ырдап турат. Жоокерлер бир гана аны менен коштошкондой, аларды Барпы гана узаткандай жетимсирөө бар. Калган нерсенин баары көзгө илинбейт. Барпынын ыры баарын басып кетип турат. Бир кара кийген жаш аял апызды көрүп токтоп, кайрылып келип, этегине тооп кылып өтөт, өзүнчө күбүрөнүп.)**

Кара кийген аял: — Бул касиеттүү киши.

Баягыда кара ташка ырдатып,
назарынан калганын,
сезбей күйөөм өлүп кетти,
кечир кудай арбагын?!
Тукумдан алгынын
каргышыңдын калганын?
Балдарымды кесепеттен
сактагын?!..

Барпы: (Ырдай берет) Аа, кан күйгөн жакка, батышка,

Канчалар кетти атышка.
Кайрылып келип жигиттер,
Айлында болгун абышка.
Артында арка-бел болор
Эл-журтуң бөлөйт алкышка.
Ач көз жоону жеңип кел.
Азабын колго берип кел.
Эси жок айбан немени
Эсиртпестен эңип кел.
Канкор жоону камдантпай
Кавландарым кагып кел!
Жолунан торой айлантпай
Жолборсторум чалып кел!
Жоону кууган аманат,
Жүргүлө эсен саламат.
Жүрөйүн ырдап араңда,
Жүрөгүм ансыз камалат.
Узаткан сайын келем да
Бекетте калам сабалап.
Силерди жандап кайтарып
Ырларым гана баралат, ээ-эй...

**(Жоокорлер аны тегеректеп ырын угуп, үнсүз коштошуп жөнөй беришет. Поезддер шарактап өтө беришет, өтө беришет... ал бүтпостой. Барпынын ырдаганы дайым өчүп-күйүп көрүнүп турат. Ал батышка бет буруп, кимгедир кектүүдөй, кимдидир узаткандай ырдай берет. Жоокерлерди күтөт-энедей, атадай...(«Садагалар баргыла!»)**

Барпы: — Жалал-Абад. Темир жол.

Жанымдай балдар эсен бол.
Абаңар сүйлөйт уккула,
Акылга бекем туткула.
Сокур да болсом-өзүм бар.
Силер медер мендейге,
Силер барда-көзүм бар.
Согуш ачкан душманга
Сокку берер кезим бар.
**Жүз улуттан бириккен**
Жүз миңдеген элим бар.
Алтын, күмүш, асыл зат—
Аймагы кең жерим бар.
Айыгышкан душманга
Атылган октой кебим бар.
Арамы анткор фашисттен
Ала турган кегим бар.
Кан майданга барам деп,
Каз катарлап турасың.
Кашыңа даап келалбай,
Кан кускур душман куласын!
Кылыч тийип белине
Кыйылган чөптөй суласын.
Жакшылык күндү көрбөсүн,
Жамандык көрүп мөгдөсүн.
Аттанган жоого балдарым
Ажыдаарды кыйратып,
Айланып көрсүн жергесин!
Катардан фашист бөлүнсүн,
Кылычтан каны төгүлсүн.
Баатыр өткөн бабаңар,
Байкаштырып караңар.
Башка мүшкүл иш түштү—
Бүт эрдикке жараңар.
Бар, балдарым, барыңар,
Барып намыс алыңар.
Кылбастан уят кыргызды
Коркогуң мында калыңар.
Андайың чыкса арадан
**Атантай кыргыз таарынар..**
Наалаты кылба элиңди
Намысы бар, ары бар.
Ажыдаардай душманга
Айбаттуу бол, балдарым!
Манастай жоону кайсаган,
Курманбек сындуу кайтпаган
Кайраттуу бол, балдарым.
Калкы үчүн кан берген,
Мекени үчүн жан берген
Баатырлар жоого барган деп,
Душманга кыргын салган деп;
**Өзү келген көркоолор**
Өз энчисин алган деп,
Өлүгү тоодой үйүлүп,
Өзөндө, черде калган деп,
Өрттөн кайра тартпаган
Өктөм балдар балбан деп!—
Жеңиштин ырын ырдайлы,
Жеткире тартып сурнайды!..

### 4-к ө р ү н ү ш

**(Барпынын үйүнүн эшик алды; өрүкзарлуу бактар, Барпы тиккен кара жыгач дүмпүйөт. Барпынын үйү турган адырдын бир жак бетинде-ээнирек жерде бир аял өзү менен өзү алек. Бир ка-**

рaганда куурайлардан тегерете сайып куурчак ойноп жаткандай көрүнөт, бирок андай эмес, ал кимдир-бирөөлөр менен сүйлөшүп атат, эки көзү тең азиз, бирок көздүүдөй тың жүрөт. Сымбаттуу аял. Жаш баладай секирип, бирдемелерди дубалап жүрөт. (Бакшылыктын музыкасы, кыймыл-аракет билдирет баарын.)

Аял; — Чуудаларын сеңселткен,
Нар болорун көрсөткөн
Ак тайлагым мында кел,
Буу-буу-буу-уу! **(Бботодой боздоп, ак көбүгүн агызат оозунан).**
Төгөрөктү төрт кезген,
Төрт туягы жок кезген,
Канаттуудан тез учкан,
Боору менен бек сызган
Мар жылааным мында кел...
**(Буркурап ыйлап жыландай сойлойт.)**
Чарадай комуз колго алып,
оңду-солду жер чалып,
шамал менен жүгүртүп,
шаңдуу үнүн кубултуп,
чүкөдөй чалым мында кел...
**(Комуз черте баштайт шылкылдап.)**
Сары кызым, сен ары тур,
көзүңдү көгөртпөй, баары бир,
ишенбейм айтканыңа,
калпың көп чыныңан да!..
Комузчу чалым гана?
Кап, келбей калганын кара?!.
Келбей атат...келбей атат...
Эми эмне кылчумун,
Эми айыктыра албайм,
келбей атат чүкөдөй чалым,
чакыргандын баары толук келмейин,
ооруулуну кантип эмдеймин?!..

**(Термелип, башын чайкап, өзүнчө аябай кайгырат. Кыздардын үнү чыгат.)**

Кыздар: — Алтынай апче!.. Алтынай апче!
**(Алтынай бурулуп карайт.)**
— Алтынай апче, биз келдик.
Жумушубуз бар эле Сизде...
Алтынай: — Аа, силерби, бийкелер.
Азыр кезек силерге келер...

2-кыз: — Төлгөчүбү ушу?

1-кыз: (Башын ийкейт.) Барпы акемин карындашы бу.

(Алтынай бери басып келет.)

Алтынай: — Келгиле,
оюнарда жалаң жигиттер.
Пал ачтырганы келсеңер,
кана отургула,
азыр баарын билесиңер.
Күзгүңөр барбы?..

(Кыздар күзгү беришет.)

Алтынай: (1-кызга) —Сенин оюң эки анжы болуп жүрөт.
Болуп койгон жигитиңе тийбейсиң.
Өзүң күткөн да бирөө бар өңдөнөт,
алыс жерден келет экен ал кийин,
сени мына ошонуң алып кетет,
карыганча бактылуу өмүр сүрүп,
жашайсыңар ал экөөң, төлгөң түзүк...

(2-кызга: кайрылат) — Эми сага, кана?..
Келбес сапарга аттанат экенсиң.
Келбес сапарга... жакында...
Абдан аз калыптыр убактың да...
Келбес сапар — мына алдында...

(Кыз үнсүз кубарып эчтеке айтпаса да, ичинде: «Жок, жок!.. Андай дебеңиз?!..»—деп, жан-дилинде үнсүз кыйкырат.)

Алтынай: — Жиндерим эмне десе орундаттым,
жашырып, жымсалдабай, ачык айттым...

Кыздар: Ыраазыбыз, ыраазыбыз Сизге..

(Берээк чыкканда 1-кыз таң калып курбусуна кайрылат, ал өзүнчө ойлуу.)

1-кыз: — Эмне болду сага?

2-кыз: — Мен өлөт окшойм.
«Келбес сапар...» дебедиби мага...

1-кыз: — Койчу, болбогон кеп да?!.
Жөн эле айтса керек, ишенбе ага,
Акем келип алып кетсе бизди шаарга,
чогуу болобуз дайыма,
кандай дейсиң, аа?..
Жеңе болосуңбу мага?.. (Кытыгылайт. Экөө каткырып күлүп, кыялданып басып кетишет.)

Алтынай: (Өзүнчө көрүнбөгөн чаңды күбүнүп жаткандай)

—Үф, үф, үф...
Мынча чаңыйт!..
Баскан изин да көмүп калды.
Байкуш кыз ай, кандай кыска
өмүр жашы...
Кой, эсимди жыяйын,
бүгүн мага көп адам келчүдөй дагы.
Көрүп турам; кимдер экенин,
кандай, кайдан...— алды
эшигиме да келгени калды,
куу турмуш-го, жетелеген адамды!..

**(Алтынай өзүнчө «тообо» келтире баштайт. Аңгыча короого бир аял кирет. Өзүнчө эле күйгүлтүккө түшкөн.)**

Аял: — Айланып, садагаң кетейин Алтынай!
Дагы бир жакшылык кылчы, калайын унутпай?!..
Жалгыз уюм жоголуп жатыр,
таап бере сал, балдарымды умсунтпай.
Жоготтумбу деп корком акыр,
ууру ушул менин уюма эле
улам асылып жатыр!..

Алтынай: — Дагы жоготкон экенсиз да жеңе?

Аял: — Ошону айтсаң!
Бу шүйкүмүң кургурду
сен пал ачкандан кийин,
айткан короодон таап келгем.
Уялбай байлап алыптыр
өзүмдүн эле күйөө балам
акырына бекем.
**Айтпай-этпей түз кирип,**
**Унчукпай жетелеп баса бергем.**
Сурасам даа сен айткандай,
«Жок!»— деп катып алдамак экен,
көрсөтпөй бекем...
Эми, да-агы билбейм,
издээримди кайсы гөрдөн?!..

Алтынай: —Азыр табабыз, ашыкпаң алтындай жеңгем.
**(Күзгүнү карайт)** Мына, мына... уюңуз бар экен!
Бирок, айылдын четинде,
Өстүрүүдөгү калың камыштын ичинде.
Көздөн далдоо жашырган экен.
Эки-үч күн аялдай күтөт,

андан кийин базарга түшөт.
Бүгүнчө түн киришин үмүт этет..

Аял: — Айтканың келсин ылайым!

Алганың аш болбогур ууру айын
таппастан темселечү болдум дайым!..

Алтынай: — Азыр дароо жөнөңүз.
Жаныңызга эр кишиден ээрчитиң,
жалгыз боло көрбөңүз?!
Эки жакты абайлап бара көрөсүз...

Аял: — Айланайын алтын сарым...
Аман болсом карызымдан кутулармын **(эреркейт.)**

Алтынай: — Коюң жеңе!
Балдарыңыздын убалы деле...

**(Аял жөнөй берет. Эшиктен бир бала энтигип чуркап келет.)**

Бала: — Сизди, биздикине чакырып атат,
Алтынай апче?..

Алтынай: **(Аны карап туруп, сурайт)**— Колуңду келе?..
Чоң апаң катуубу дале? **(Өзүнчө):**
Айыгып кетээри күмөн,
убара болбоюн, ага эми Азраил кожоюн.
**(Маанайы пас балага үңүлөт)**
Жакшы бала болгойсуң кудурет.
Көп жаша! **(Маңдайынан сылап, сүйөт.)**
Жолдон молдо акеңди ээрчите кет,
азыр анын силерге кереги тиет.
**(Бала кетет. Өзүнчө:)**
Бечара, жан! Бала барганча үзүлөт...

**(Бир келин келет, учурашып, кары тийгизишип көрүшүшөт.)**

Келин: — Атама дам салып бериң,
абдан жаман болуп атат.

Алтынай: **(Күзгүсүн карап)**— Кайгырбагын, жакшы болуп калат.
Бара көрөйүн калганын карап. **(Кетишет.)**

**(Барпы кичинекей бала менен бир жактан келет. Бактын түбүндөгү сөрүгө отурат, жамбаштап жатып эс алат. Бала ага эркелеп, отурганда мойнуна минип, жатса үстүн тебелеп ойнойт. Барпы былк этпейт. Бала койнуна келип, «урун» тыңшап ойной баштайт.)**

Бала: — Барпы ава! Бул эмне?
Барпы: Ырдай турган эле...
Бала —Эм-не? (Такып сурайт).
Барпы: — Патүпон.
Бала: — Ыгы-гы... (Күлөт жыргап.)
Пэтүпон... менин пэтүпонум бар-р...
**(Тыңшайт; өзүнчө бир зыңылдаган үн чыгат, кызыктай...)**
Бала: — Ырдайбы?..
Барпы: — Ырдайт.
Бала: — Кана?..
Барпы: — Мына...

Ариет менен намысты
Алсаң чериң жазылат.
Колуң менен дасторкон
Салсаң чериң жазылат.
Шилтегенде каз алса,
Куштун чери жазылат.
Босого бою кар түшсө,
Кыштын чери жазылат.
Кычыратып чайнасаң
Тиштин чери жазылат.
Кармаганда бүтүрсөң
Иштин чери жазылат.
Жыйырма беш жык толсо,
Күчтүн чери жазылат.
Кең көчөдө ойносо,
Баламдын чери жазыла-ат.—
туурабы?.. **(Бала таң калып,**

**аны бир, урун бир карап, ырын кызыгып тыңшап туруп, анан аны асылып атып ырдатпай токтотот.)**

Бала: — Ыы, муну Сиз ырдап атпайсызбы?
Барпы: — Кой, ушунуң да жарайбы,
мунун үнү менин оозумдан чыгат,
бул жок болсо, кайдан ырдамак?!..

**(Бала аны бир, урун бир карап элейет. Барпы күлөт: «Хэ, хэ, хэ...» Аскер кийимчен, таяк таянган жарадар, жаш, чырайлуу жоокер жигит аларга түз келет. Барпы обдулуп калат, шарпа тыңшай. Бала аны кызыгып карайт.)**

Жоокер: — Ассолоому-алейкум, Барпы апыз!
Аманбысыз?..

Барпы: (Үндү тааный тура калат, кучактайт.)
Түмөнбай?!..
Эсен-соо кайттыңбы, кудай! (Кармалайт.)

Түмөнбай: Кайттым... болуп майып...

Барпы: — Жарадарлыгың эмес айып,
ал дагы көрк жоокерге ылайык!
Кана, төргө өт,
башыңды куттуктайын,—
каалашыңча конок бол.
келгениң унут кылбай Барпыны издеп
кубаныч дайым...

Түмөнбай: — Ал жайыңызды билейин дедим,
ырыңызды да сагынып тургандаймын.

Барпы: — Ырым даяр,
ал сенден айлансын ылайым...
андан көрө, айтчы, кантти,— согуш жайын
көрө алдыңбы бирди-жарым
биздин жердин адамдарын.
Качан бүтөт сары убайым?!
Кырып бүттү-го элдин баарын!..

Түмөнбай: — Ээ, Барпы аке!
Жүзү курусун анын деле!
Мына аз калды, жакында бүтөт күнү
душмандын деле.
Жакшылык күндү баштап,
Өзүңүз ырдап чыгыңыз эле
Жеңишти даңктап!..

Барпы: — Аксарбашыл кудай!..
Периште айтып туру,
мунунда чындык бардай...
Кыйнады-го, элди муну,
көп адам набыт болду пай, пай!..
Жетим, жесир көбөйүп,
көздөн учтуңар кайыптай...

Түмөнбай: — Ырас...
согуш кылды-го көптөрдү жылас...

(Тынымга унчукпай калышат.)

Түмөнбай: — Ырдаганыңыздын баарын жазып жатышат деп
уктум, мектептеги балдар, маалим атпай.

Барпы: — Андай жакшы нерсени да койдум арбытпай.

Түмөнбай: — Неге?..

Барпы: — Ырдаганың кетип жалбырт өрт,
кагазга улам токтоого болбой кетет...

Түмөнбай: — Үлгүрүш кыйын артыңыздан жазып,
бул да бир өзүнчө маңдайга жазык...

Барпы: — Калса дейм урпактарга
ырларыман бир аз кулазык!
Күйөө балам түшүрдү дептерге толтура,
калтырышкан эле согуштан алып,
каралаш деп мендей сокурга.

Түмөнбай: — Буюрса, мен да турам ырыңыздан жазып.

Барпы: — Чайга гана карап калдык,
Дасторконубуз азып... **(Дасторконго колун жаңсайт.)**

Түмөнбай: **(Бир сындырым нандан алып)**
— Болбойт-ко дейм, биртке албасак куралып.
Базарга барып ырдап, нан таап, пул таап турбасак,
Согуш бүтпөгөн жарат, калабыз-го абдан
кыйналып...

Барпы: — Аның-акыл,
ошентебиз-го, акыр.
Жакырчылык менен көз жаш бу
көөдөнүмдү бууду.

**(Бир киши келет, эңтеңдеп шашып алган.)**

Келген киши: — Барпы апыз! Тез болуңуз!
Кечикпейли, өкүл кызыңыз
баласын кара курт чагып
болуп турат айласыз.
Жалдырап күткөндөрү Сиз,
чабарманы биз.
Алып келгин дешти түз!..

Барпы: **(Түмөнбайга)**—Күн алыс болбосо да,
бир аптада ушу!
Элдин кетти үшү!..

**(Түмөнбай кооптонгондой эки жагын карайт.)**

Барпы: — Бул тегеректе чакпайт,
байлап койгом-дубанын күчү!..

**(Шашып жөнөшөт.)**

## 5- көрүнүш

**(Жеңиштин салтанаттуу музыкасы. Эски Жалал-Абад базары. Базар күн. Кетсе да тиричиликтин кунары, жылдын жылт эткен жакшы убагы. Август айы. Базарга келген эл кирип-чыгып тынбайт. Дарбазанын жанында Барпы туру ырдап. Тыйын-тыпыр таштагандарды, нан койгондорду батасын берип алкайт. Кызыккандар бир аз токтоло калып ыр угат. Барпы: «Пайгамбарлар хазиретинен» ырдап атат — үзүндү кетет. Базарга жаңы кирген эки аял түз эле аны көздөй жөнөшөт. Жакын келип, ыр угуп турушат жанында, бири-бирине баш ийкешет, издегендери табылгандай. Бири жаш аял, экинчиси студент кыздай. Аялдын оңү-түсү башка элден экенин айтып турат. Барпы тыныгып, бет алдын карап ойго батат. Өзүнчө күбүрөнөт, бет алдын, өтүп аткан адамдарды көрүп тургандай карап.)**

Барпы: — Жан кейитет жарды күн,
жүргөн үчүн ал акырын буйлалап.
Бакыт өзү сынык күзгү сыяктуу,—
күндө бетин сүрүп жүргөн жылмалап,—
адамдардын колдорунда кармалат...

**(Аялдар маңдайына келишет.)**

Аял: — Барпы акынбысыз?
Барпы: — Ооба, **(Суроолуу карайт.)**
Аял: — Жакшы болбодубу Сизди тапканыбыз.
Атайын борбордон келдик эле,
Ырыңызды жазганы биз.
Элдин арасынан чогултуп жүрөбүз
Сиздей адамдардын өнөрүн,
Илимдер Академиясынан, чоң Маскөөдөн
айтканы түз... Жүрүңүз!
Кыз: — Жүрүңүз ава.
Барпы: — Коё тургула. Кайда барам?..
Ушул жерде бар эле, даа бир адам.

**(Барпы кимдир-бирөөнү издегендей колу менен ишара кылып эки жагына каранат, обдулуп. Жакын жерден Түмөнбай басып келет, ал акмалап тигиндейрек турган.)**

Түмөнбай: — Саламатсыздарбы?! **(Тигилер суроолуу карашат.)**
Бул киши менин айылдаш агам.
Аял: — Эң жакшы экен. Мэдина Искендеровнамын.
**(Колун сунат.)** Акындын ырларын жазып алам.

**Жүргүлө бачым.**

Түмөнбай: **(Кызды жандай)** — Гүлжамал дедиңизби, атым?

Гүлжамал: — Ооба.

Түмөнбай: — Кайдан билдиңер акындын дайнын?

Гүлжамал: — Көп болуптур укканына Мэдина Искендеровнанын.

Түмөнбай: **(Башын чайкап таң калат)**
—Маскөөдөн бери келгенин анын?!..

**(Студенттик жатакананын бир бөлмөсү. Барпы ырын жамгырдай төгүп, куюлтуп жатат. Берки экөө жанталашып жазып үлгүрүп-үлгүрбөй шашат. Же, токто деп айта алышпайт.)**

Барпы: Аа, Оопасы жок жалганда,

Он сегиз миң ааламда,
Амир берген жараткан
Азирети адамга.
Азирет деп айтканым,
Амирвар деп жатканым.
Адам баарын башкарат,
Адам баарын аткарат.
Адам баарын катка алат.
Адам баарын тапка алат.
Адам баарын көндүрөт,
Адам баарын өндүрөт.
Адам баарын үйрөтөт,
Адам баарын сүйлөтөт.
Адам баарын бүрдөтөт.
Адам баарын гүлдөтөт.
Аалам менен төрөлүп,
Аалам менен бирге өтөт.
Аалам алга кадамдайт,
Ар түркүн өнөр чыгарган,
Ааламдагы адамды айт.
Ажал жетип күн бүтсө—
Ачып жерди киребиз.
Ага чейин жалганда,
Адам болуп жүрөбүз.
Ак-каранын ичинде
Ар кыл өмүр сүрөбүз.
Ыймандуу адам чырагым.
Ыбаадат сажда кыламын.
Жакшыны жакшы деп айтат,
Жакшылык ишин төп айтат.
Жерге-сууга тийгизбей,
Жаангер жагын көп айтат.
Канды көрсө жаланган,
Карышкыр жокпу адамдан,
Эшигин ачкан арамдын,
Эшеги жокпу адамдын?
Адамдан чыгат айбандар.
Ааламга чеңгел жайгандар
Арылта албай буларды,
А дүйнө кеткен пайгамбар.
Жамандыкты жакшылык,
Жеңип турат адамзат.
Терс аякты арадан,
Терип турат адамзат.
Кишиликтен кеткенди,
Көрүп турсун адамзат.
Бейжайлыкты беш убак,
Бөлүп турсун адамзат.
Өмүр гүлү соолубай,
Өнүп турсун адамзат.
Адам барда адам бар.
Адам барда-заман бар.
Адам жашаш жаркыны,
Адам жазат жарпымы.

**(Түмөнбай чай кайнатып, чыны-чайнеги менен кирет. Аябай чарчаган эки кыз аябай кубанып кетишет. Барпы кетүүгө камынат. Столдо тандыр нан, жүзүм.)**

Барпы: —Жөнөйүн эми, балдарым
Айылга чейин жөө барам,
кечке калбайын.

Мед. Иск.: — Кап, шарт болгондо эмне?
Кондуруп калып,
жазбайт белек эки күн кечке.

**(Баары орундарынан туруп, узатып калышат.)**
**Барпы ава! Ыраазыбыз Сизге.**
Сак-саламат, күүлү жүрүңүз,
алдыда али келечек күнүңүз!..

Барпы: — Ыракмат. Кар болбогула айланайындар!
Саал... кечигип кайрылдыңар, балдар.
мурдараак болгондо, жазылмак сонун ырлар...

Мед. Иск. — Кандай жөп-жөнөкөй, жайдары адам?!
Мамилеси сылык, сыпайы анан,
Элдик маданият-нукура турган!
Таланты табылгыс, кайталангыс дагы,
өтө зор ырчы экен, бир жаралган!
Гомердин өзү-го, бүт турган тулку:
көзүнүн сокурдугу, жамгырдай төккөн
жаангер ырларында
эпикалык күчтүн турушу,
көөдөнүндө жанган бир
сыйкырдуу чырактын нуру
аны жөн эле, ыйыктай курчап туру!..

**(Ойлонуп дептерин барактайт, жазгандарын карап. Түмөнбайга кайрылат:)**

—Түмөнбай!..
Кагазга түшүрө бер
акындын ырларын калтырбай.
Тил-Адабият институтуна жибер.
Илимий дүйнөдө сөз жүрсүн түгөл.
Ойлорунун мааниси эле кандай?!
Китептерин чыгаруу керек аянбай.
**Көздү жумсак феномен акынга ушу —**
бул дүйнөдө жашаган болобуз куру!..

**(Барпы үйүндө очокко оттон чоң жагып коюп, чайды маңдайла рына коюп, күйөө баласы экөө; бири жазганы, бири ыр айтканы даярданып турат. Мемиреген үйдө эч ким жолтоо болбой, сонун төгүп ырдагысы келгендей, Барпы жайдары.)**

Барпы: — Кана балам,
атандын ырын урпактарга
жазып бергениң сооп иш абдан.
Чоң жерден келген окумал меймандар
ыраазы болушат окуса саган...
Кагаз, калемиң алып даярдан!
Күйөө баласы: — Даяр.
Барпы: — Анда эмесе, баштадым балам,
«Ак Саткын менен Кулмурзаны» айтам:
Аа, экөөбүз — экөө болгону, досум,
Экөөбүз атка конгону, досум,
Абал бир баар-жаз эле, досум
Адыр—түз лала саз эле, досум.
Жазыбыз жаңы болгондо, досум,
Жаңылап журтка конгондо, досум,
Калмурза—өзүң, Саткын—мен, досум,
Кумары болуп таптың сен, досум,
Бой жеткен кезим буралып, досум,
Боз жигит элең сыланып, досум.
Айылга келсең ар качан, досум,
Айбыгып жүргөм уялып, досум.
Байлануу атың чеччүсүң, досум.
Ырдаган доошуң укчумун, досум,
Ыргалып үйдөн чыкчумун, досум.
Айылдын үстү Ак-Мойнок досум
Ак—Мойнок ылдый түшчүсүң, досум,
Айран бир куйсам, иччүсүң, досум.
Кыштоонун үстү кыран бел, досум,
Кыраң бел менен түшчүсүң, досум,
Кымыз бир куйсам иччүсүң досум,
Сыртымдан сүйүп сен жүрдүң, досум,
Сызылып күйүп мен жүрдүм, досум.
Алыстан сүйүп сен жүрдүң, досум,
Астыртан күйүп мен жүрдүм, досум,
Айылга келсең, кетпейсиң, досум,
Айылга келсең, кетпейсиң, досум,
Айласын таап жетпейсиң, досум.
Короого келсең, кетпейсиң, досум,
Көңүлүң тартат, жетпейсиң, досум.
Азада боюң тарайсың, досум
Адырдан тиктеп карайсың, досум.
Кыргыйдай боюң тарайсың, досум.
Кырандан тиктеп карайсың, досум.
Алтындан түймө бүчүндө, досум,
Айталбай сырың ичинде,досум

**(Башында жанталашып жазып аткан күйөө баласы үлгүрбөй колунан калеми түшүп, бир чети, ырды өзү аябай уккусу келип жазганды унутуп отуруп калат. Чайдан улам ууртап коюп, ырдын кызыгына батып, бир чети таң калып да угат.)**

. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

Жоктошуп келди элинден, досум,
Жогорку айыл жеринден, досум,
Жоктошуп келип тапкан жок, досум,
Жоругу мага жаккан жок, досум.
Сурашып келди элинден, досум,
Сумсайып калган жеринден, досум.
Сурашып келип тапкан жок, досум,
Сур дөбө казып чапкан жок, досум.
Атакең алып топ атчан элди,
Асылын сурап бүгүн да келди
Өлтүргөн кимдер, өлгөн ким, досум?
Өлүгүн дөңгө көмгөн ким, досум?
Айтайын, эми калкыңа, досум
Ачык бир болсун жалпыга, досум,
Өлгөнүң бүгүн эл билсин, досум,
Өйдөтөн соккон жел билсин, досум.
Ажалың бүгүн эл билсин, досум,
Алыстан соккон жел билсин, досум.
Минген бир атың көк кашка, досум,
Көркөмү малдан бир башка, досум,
Көк атты элге кайтарсын, досум,
Күл дөбө казып аңтарсын, досум
Күл дөбө казса табылат, досум,
Гүлүстөн жүзү жаңырат, досум.
Кубатым канча ченейин, досум,
Күнүңдү бычып берейин, досум:
Алтымыш—айып, күнүң—жүз, досум,
Аларга кошо сулуу кыз, досум.
Кыз десе элиң —өзүбүз, досум,
Болбосун эки сөзүбүз, досум.
Алманын гүлү күбүлсүн, досум,
Адамдар бизден түңүлсүн, досум.
Жийденин гүлү күбүлсүн, досум,
Жигиттер бизден түңүлсүн, досум.
Талаанын гүлү күбүлсүн, досум,
Тирүүлөр бизден түңүлсүн, досум.
Күн берген атам, куурасын, досум
Күн алган атаң жыргасын, досум.
Кулмырза өлүп, күп болду, элим

Ак—Саткын экөө жуп болсун, элим.
Канжарды уруп Ак—Саткын өлдү,
Курбулук күчтү тургандар көрдү.
Ак шамшар салып Ак—Саткын өлдү,
Ашыглык күчүн адамдар көрдү

**(Барпы ырын бир дем менен бүтүп, көңүлү жай болуп сурайт).**

Барпы: —Жазып калдыңбы?

Күйөө баласы: —Жок...

Барпы: **(Чочуп кетет)** —Эмнеге?!

Күйөө баласы: —Жөн эле...
Чай ичип алайын дедим.

Барпы: —Бул кандай сөзүң?!..
Куураган баягы эле өзүм!..
**(Катуу ызаланып ыйлап иет).**
Же, кудай, баладан айтпай,
башымды жөлөөргө,
артында туяк калды дегенге...
Канчалык баламдай көрсөм да, өзүң,
бөтөндүгүңдү көргөздүң!
Ырымдан башка эчтекем жок экен да,
көрдүм!..

Күйөө баласы: —Ата, кечириңиз? Үлгүрбөдүм!
Түшүнсөңүз!.. Кыйын экен,
ырдап атканда көчүргөнүң.

Барпы: **(Өксүп ыйлап басылат)** — Эч нерсе эмес,
мындай ырлардын далайын
жел менен кетиргемин.

Күйөөө баласы: —Ата! Ырынды эстеп калам дайым.
Аз—аздан кагазга түшүрөбүз баарын.
Антпесек бир күндө үлгүрбөйбүз баарын...

**(Жазып кирет, Барпы баладай ынанып карап турат).**

Күйөө баласы: **(Өзүнчө)** —Ушинтип, ыйлап жиберчү болду
кийинки кездерде.
Түмөнбай жазбай койсо да ыйлаптыр,
карыган кезинде
жашык болуп калабы бүт пенде,
кудум жаш баладай эле?!..

**(Барпы үйүндө кемпири экөө. Жалгыздап, өзүнчө ойго чөмүп отурат. Барпы, бирдеме деп күбүрөнүп коёт, анда-санда кемпири суроолуу карайт.)**

Барпы: — Урумду алдырганым болду бекер,
сезчү болдум өзүмдү жандай бечел.

Кемпири: — Койсоңчу, абышка,
колу жеңил жан экен ал табып да.

Барпы: — Ээ кемпир! Курч кезим кеткен экен,
той—тамашада гана жүрчү элек,
кайран өмүр, кайран көктөм!...

Кемпири: — Бул тарапта канчоо элең-күлүк өткөн,
ошолордон айтып өтсөң?

Барпы: — Ээ, тогуз ырчы — тогуз аалам — тогуз кудрет,
тогузу тогуз сынчы, тогуз калт бек.
Тогузу тогуз араа тилип турган,
тоо дагы тегеректе курчаган тек.
Алсырай калганымда кайрактарым.
Ташыган кезде күчүм айдактадым.
Тогуз ырчы түштүктө, мен билгенден,
Тогузу тогуз жерде, каттап баарың,
кездешип, кээде ырдашып ардакталдың.
Бекназар, Нышан ырчы турган бийик,
баарынан бир кездери кенжең делип,
курч чыгып, жеңдим эле устаттарды,
алардын көбү өлүп, кээси тирик...
Айтышып алтымыштай ырчы менен
алтымыш ашып кетти жигитчилик!..

Кемпири: —Не болсо да, десеңчи шүгүрчүлүк.

Барпы: — Негедир табым болбой турат анча.
Кемпир—ай, төшөк салчы, жатсамбы азга?

Кемпири: — Күн бүркөлүп турганга болдуң-го түнт.

**(Алыстан чыккан күндүн күркүрөгүн тыңшайт. Жаан жаай баштагандай. Күн дагы күркүрөйт. Бул жолу жакын да, катуу да күркүрөгөндөй...)**

Барпы: — Келе кемпир чапанды, турам үшүп.
**(Шашып кийине баштайт.)**

Кемпири: — Жөнөдүңбү жер төлөгө, дагы шаша?
Бул не деген, кудайым берген жаза?!..

**(Артынан сүйөмөлөп, төшөнчү-орунчусун алып жөнөйт.)**

Жабышты мындай жорук кайдан да, а?..

**(Күн эми катуу күркүрөйт, чагылган чартылдап, жаркылдайт. Барпы коркуп, алактап, башын чүмкөп, калтырап-титирейт.)**

Барпы: — Оо, Жараткан!
Ааламды бүт караткан!
Атың мынча күтүрөйт,
Жүрөгүм менин титирейт.

Камчыңды от жалаткан
Алып кеткин, буруп өт?!
Алым кетип баратам,
Пендеңди аз аясаң,
Кетип турат бар үшүм,
Түшүнбөймүн алп күчүң,
Кудуретиң алат жан.
Албарс кылыч үзүлөт,
Кай пендеге түшүрөт?
От кармаган кол—атчан
Өзүнөн өзү жүткүнөт,
Өчүп—жанып бир күйөт,
Бир өзгөчө көрүнөт,
**Жан—дүйнөм менин бөлүнөт.**
Отуңду мындан буруп өт!
Күркүрөбөй күлүп өт?!
Азирети кудурет...

**(Күбүрөнүп жатып, коркконунан башын чүмкөнүп уктап калат, кемпири үстүн кымтылайт.)**
**(Алтынай беш-алты кичинекей кыздарды чогултуп алып аларды ойнотуп, алар менен кошо өзү да ойноп атат, ырдап, бийлешип. Таш куурчактарын жасатып, үй жасашып... жомок айтып. Аларга баягы төлгө салдырган кыздын биринчиси келет. Керилген келин болгон.)**

Келин: — Алтынай апче; Барпы авам чакырып жатат, Сизди.
Алтынай: **(Нес боло түшүп)** —Ийи, болду-болбоду, төшөктө жатат.

**(Күзгүсүн алып карап, маңдайын шак бир коёт.)**
Эми нетем?!.. **(Шашып жөнөй беришет).**

Келин: — Алтынай апче!..
**Сиздин айтканыңызга көңүлүм ооруп туру.**
Баягыда курдашым экөөбүз келгенде
**айттыңыз эле жаман болуп турат деп жолу,**
ичим деп жатып эле, эртеси каза болду.
Ошондон бери корккоңум эле ооруу...
Алтынай: — Ажал келсе айла жок,
Бошотпойт анын чеңгели—доолуу...
Барпынын кемпири: **(Кыздарды эшиктен тосуп алат.)**
**— Акең капыс айный баштады «кыз».**

Не кылаарды билбей, кетип турат айлабыз.
Үйдүн ортосуна селкинчек салып бер деп,
чыр салды бир топ майнапсыз.
Бу, асынып калабы деп,
каттык аркан—жиптин баарын айласыз...

Алтынай: — **(Үйгө кирет)** — Аке, кандайсыз?
**(Жайдарланат)** — Коркутуп жатып алганыңыз кандай?
эл аралап ырдап жүрбөй—пайдасыз...

Барпы: **(Кыйналган жүзү менен башын көтөрөт.)**
—Ии ушинтип калдык,
билбейм кантер алымды.
же ушундайбы жардык?!..

Алтынай: — Айтасыз, кайдагыны?!..
**Кандан —бектен кайра тартпаган**
кайратыңыз кайда калды?..

Барпы: — Ырдай албай калгансыйм мурункудай,
кайнай албай шакардай... уютулбай...
**сөздөрүм да беймаани, тантып кетип,**
бир касиет мендеги—жоготтумбу—ай?!..
**Билбей калдым, не экенин, билбейм деги,**
өзүм айран, өзүм таң, эңги—деңги...

**(Алтынай колун кармап, тамырын көрөт, өзүнчө кайгырат.)**

Кемпири: —Акеңди Боронзого алып кетебиз дешти,
чоң догдурлар бар экен, эми күчтүү?..

Барпы: **(Өзүнчө, кыйналганын билдирбегендей жатат. Оюнда, үнсүз айтат.)**

Барпы: — Суу түбүндө кырк кулактуу казанды
суудан кантип көтөрөм?!..
Суу өмүрдүн суу экенин танамбы,—
суудай бирок көшөрөм...

**(Сахнада жарык өчөт. Поезддин шарактаган үнү, ачуу гудогу чыгат. Барпы төшөгү менен ошондо баратат, ошол жаткан калыбында. Жанында бир-эки караан турат. Поезд шарактап кете берет. Баягы өзү жоокерлерди узаткан вокзалда Алтынайдын аны узатып да, түбөлүк коштошуп тургандай карааны турат, умсунгандай... ээрчигендей... ала кет... дегендей...)**

Алыынай: — Ал кетти, келбес сапарга кетти.
Денеси да ошол жактан жай алат.
**Сыйлуу жерге коюлат эң бир тектүү,**
а, топурак эми бизден бурбайт,

кош бир боорум! .. Жаткан жериң
жайлуу болсун!..

**(Артынан топурак уучтап акырын таштайт.)**

Барпы: **(Мурунку калыбында)**

Ала салган октомунда күндөрдүн,
чуурумунда кочушума толбогон,
көрдүм дагы өмүрдүн ар ирмемин,
мен өзүмдү өзүм окшойм жоктогон!..

**(Поезд ачуу да, кайгылуу да чаңырып, шарактап, эч токтобой жүрө берчүдөй болуп сезилет. Барпы төшөгүнөн акырын баш көтөрүп отурат да, ырдап аткандай сезилет. Жанында эч ким жок Ал акыркы ырын ырдап атат, бүткүл күчү, бүт эс-акылы жаш кезиндегидей ордуна келип, боюн түзөйт. Поезддин үнүн укмуш туудай музыка алмаштырат. Барпы бүт ааламды, өзүн унутуп ырдап атат. Жанына чоочуган, алаңдаган медсестра чуркап келет. Аң-таң болуп туруп, анан отуруп угат. Барпы аны да байкабайт. Ырдай берет, ырдай берет. Анын ыры бүтпөчүдөй... Ушул учур да, эч бүтпөчүдөй... Баары «мимика», «жест» менен дапдайын көрүнүп турат! Жарык тап-такыр өчөт. Түндөй караңгы музыка күчөйт, токтобойт.)**

## ЭПИЛОГ:

**(Фонограмма менен угузулат. Сахнада аппак шоола толуп кетет)**

Ар бир жанды
азабы кыйнай берет.
Пайгамбарын пендеси кыйбай келет.
Алыстагы жылдыздан илеб издеп
кең ааламдын түнүнө сыйбай келет
акындары дүйнөнүн...
туйлай жүрөк
түпөйүл түн этегин кармап алып
«жаны шайыр жашыл жел» шамдай күйөт...
Аны издеп артынан калбай жүргөн
өлбөстүктүн шамалы анакей, жет!...

**КӨШӨГӨ.)**

**Девизи: «Б У Л А К»**

Шабданбай
АБДРАМАНОВ

# БАРПЫ АКЫН МЕНЕН АКМӨЛМӨЛ

(Комедиялуу тарыхый драма же акындын
үч трагедиясы)

## КАТЫШУУЧУЛАР:

1. **БАРПЫ**
2. **МӨЛМӨЛ (Акмөлмөл)**
3. **НАЗАР**
4. **КАПАР** (кедейлер, Барпынын достору)
5. **ДЫЙКАН-КАЗЫ** —Жалалабат шаарынын казысы
6. **ЭШЕН** — казынын шарият нускоочусу
7. **ШАКИР** — жаш молдо
8. **КАСИЯТКАН** — казынын аялы.
9. **АЙЫМПАША** — казынын кызы
10. **ПРИСТАВ ИВАНОВ** —шаар приставы
11. **МАДЫЛ СООДЕГЕР** — кийин корбашы
12. **САДЫР** —мүлктүү адамдар
13. **АКМАТБАЙ**
14. **БҮБҮ КЕМПИР**
15. **КАПИТАН** —коопсуздук комитетинин кызматкери
16. **ЖЕҢИЖОК** — акын

**Дагы башка адамдар катышат. Окуя революцияга чейин, андан кийин өтөт.**

## АВТОРДОН

1. Барпы өтө татаал доордо жашап өткөн акын. Ошон үчүн тарыхый-социалдык фонго көбүрөөк көңүл бурулду.
2. Ырлары көбүрөөк келтирилди. Барпынын улуу акындыгын өз ырлары, философиялык бийик ойлору, теңдешсиз коосдуктары аркылуу гана берүүгө болот эмеспи. Бул ырлар ырдалбай эле сүйлөп айтылат. Андан калса, Барпы комуз чертип, обонун ойку-кайкы созбойт. Шыдыр айтат. Ошон үчүн ырлары көбүрөөк киргизилүүдөн чочубоо керек. Режиссер кыскартып да салат.

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

## ПРОЛОГ

**Сахнада көшөгө тартылуу. Тереңде «Мөлмөлүм» аттуу ыр (Токтосундун аткаруусунда) төгүлүп жатат...**

**Аппак көйнөк -ыштан, ак допу кийип, аса таягын кармаган көзү азиз адам көшөгө алдынан темселеп өтүп баратып, тык токтолот. Ырды бироокум тыңшайт. (Ыр саал басаңдайт. Азиз өзүнчө кобурайт.)**

**— Мөлмөлүм... Периштем Мөлмөл... Мен сени жүрөгүм менен сүйгөн элем, жалындап күйгөн элем... Анан «Мөлмөлүм» деп ыр курап, какшанып ырдап жүргөн элем... (Ойлуу токтолот.) Оо, андан бери көп замандар өтпөдүбү... Көп өтсө да, мына, баары көз алдымда... Тигине Мөлмөлүм... тигине мөмөлүү бак... Мөлмөлүмдүн шыңкылдап күлгөн күлкүсү кулагымдан түк кетпей, ар убак угулуп турат...**

**(Азиз адам таягы менен жер сайгылай, сахнадан чыгып кетет.)**

## 1-СҮРӨТ

Көшөгө жай көтөрүлөт. Бак ичи. Атлас-шайы менен оронo кийинген, алтын-күмүш менен чегеленген бой тумар тагынган сулуу кыз мөмөлүү бакты таянган калыбында жадырап жылмая ыр тыңшап турат.

Анын бет маңдайында таар чепкен кийип, белин ак жоолук менен курчана, орогун ийнине салган жаш жигит турат. Ырдалып жаткан «Мөлмөлүм» аттуу ыр азыр ошо жигиттин жүрөгүнөн төгүлүп жаткандай.

К ы з. Барпы, бул ырыңдын мага арналгандыгын билем.

Б а р п ы. Ал ырас, Алтынай. Атыңды тике айтып ырдай албай, «Мөлмөлүм» деп удургутуп ырдадым.

М ө л м ө л. Аның туура! Акылың тунук жансың.

Б а р п ы. О коңуй, менде кайдагы акыл? Эгер акылдуу болсом, сенин атаң Атантай-байдай байып, Макендей эшен болуп, Дыйкан сыңары казы болуп кетпейт белем...

М ө л м ө л. Кеп эле ошо байлык, бийликте бекен?

Б а р п ы. Ананчы, Мөлмөл...

М ө л м ө л **(ойлуу токтоп.)** Ырас, сен кедейсиң... Бирок асыл жүрөгүң толо ырларың бар да— баасыз ырларың... Мен күндө үч убак булактан суу алымыш болуп барып, сен орок оруп, чалгы чаап жүргөндө какшанып ырдаган ырларыңды угам. А байлардын малдарын санайын деп эч качан барбайм.

Б а р п ы. Ха-ха-ха!.. Кызык сөз айттың, Алтынай!

М ө л м ө л **(шашып). Аллтынай дебе!** Дос-душман, ата-энем билишпесин. А «Мөлмөлүм» деп мага коюп алган атың мага абдан жагат. Тунук суунун тамчысын элестетет. Уккан сайын жүрөгүм элжиреп эрийм... Сүйүнөм, сыймыктанам... Бирок кээде көзүмөн мончок-мончок жаш кетет, аппак пар жаздыгыма тыпылдап тамчылайт.

Б а р п ы. Неге анчалык кыйналасың, Мөлмөл?

М ө л м ө л. Жүрөгүмдө ошончолук күчтүү сезим бар, сүйүүм бар... Ошолордун баары бекер болуп, таза сүйүүм жүрөгүмө кетпес зил болуп уюп... а сенин «Мөлмөл» деген назик ырың өз оозуңда гана түбөлүк арман болуп, кала бере бейм деп күйүнөм...

Б а р п ы. **(ойлуу).** Ырас эле экөөбүздүн аралыгыбызда зор-зор тосмолор бар ээ?..

М ө л м ө л. Ананчы, Барпы... Болгондо да темир тосмолор жатпайбы... **(Алыска кол созуп)** Тээтиги Чаңгеттин адырындагы алалуу, кулалуу жылкыларды көрдүңбү?

Б а р п ы. Ооба, Мөлмөл. Алар кийинки күндөрдө пайда болду го?

М ө л м ө л. Дал ошол — менин шорума келген жүз жылкы...

Б а р п ы. Ал дегениң кандайча?

М ө л м ө л. Менин калыңыма келген жылкылар... Атамын мамысына дуванда даңкы чыккан Кара Кашка жорго да байланды... Апам үчүн үстүнө калы килем жабылып, ак сандыктар жүктөлүп, ичтерине шайы-шалпар, алтын-күмүш — зар толтурулган белектер менен өркөчтүү атан төө келди... Кыскасы, шорубуз кайнады — түбөлүк ажырашуунун босогосуна келип калдык... Эми дагы минтип жолугуша алабызбы, жокпу — кудай билет...

Б а р п ы. **(башын мычкып).** Олдо шордуу башым-ай! Өмүр бою арылбас шорго, арманга малынат турбайсыңбы... Сен үчүн жүрөгүм жалындап ырдаган ырларым, Мөлмөл, эми энесинен айрылган жетимдей сандалып, Чаңгеттин талааларында, адырларында калат экен да... Сен, Мөлмөл, Алибек- байдын көрөркөзү болгон соң, анын байлыгына мас болуп, мени да, менин ырларымды да унутасың.

М ө л м ө л. Мен сени эч качан унутпайм, ишенип кой, Барпы. Ал эми ырларың ар убак мени менен болот.

Б а р п ы **(өкүнүчтүү.)** Кайда?.. Бүгүн унутпасаң да эртең унутасың. Мезгил өтүү менен адам көп нерселерин унута берет.

М ө л м ө л. Мен сенин ырларыңды унутпас кылып жазып алгамын.

Б а р п ы. Айтмакчы, сен кат тааныйт эмессиңби...

М ө л м ө л. Атам бай гана эмес, молдолугу да бар адам да. Үйдө атимбү-кемпирди кармап, мени сабатка окуткан. Ал кемпир Шарк шайырларынын шерлери деп, китептен ырлар окучу. Ошон үчүн мен сенин ырларыңды, анын маани-маңыздарын эрте түшүнгөмүн...

(Сырттан аял үнү угулат.)

Аял үнү. Ээ-э, Алтынай! Кайдасың, кызым? Кел үйгө, келегой!
Мөлмөл (**шашып**). Апам... Кош эми, Барпы... Асылым... Сүйгөнүм... (**Буркурап ыйлап, мойнунан кучактайт.**)
Барпы. Периштем... Ак кептерим... Бирок мойнумдан көп жыт табачы, кечке орок оруп, мойнумдан шор терим агып жүргөн...
Мөлмөл. Мейли, ошол тер жытың түбөлүк мурдумда калсын.
Барпы. Кагылайын ак гүлүм, асыл мөлмөлүм... Менин сай сөөгүм сыздап баратат ко. Мен сенден тирүүлөй ажырап, түбөлүк бактысыз болуп өлөмбү?.. Андай армандуу өмүрдүн мага кандай зарылдыгы бар?.. Айтчы, асыл Мөлмөлүм....
Мөлмөл. Аргабыз канча? Дал ошондой болобуз...
Барпы. Кантип эле туңгуюк болуп калды? Жылчык жокпу?
Мөлмөл. Мен көрө албайм. (**Ойлуу**) Болсо бир жол бар, бирок ага сенин колуң жетпейт да...
Барпы. Айтчы, балким, кара башымды саярмын. Айтчы...
Мөлмөл. Чаңгеттин тигил адырына ак алалуу жүз элүү жылкы айдатып келип, каптатып жайдырып коюп, анан атамын мамысына атанган күлүктөн бирди байлатып, эки кара атанга зар жүктөтүп келип, апамын алдына чөгөрүп койчу. Ошондо, балким, менин дүйнөкор ата-энем ишти сенин пайдаңа чечер...
Барпы. (**башын кашылып**). Оо шордуу башым... Сен неге кедей болуп, шордуу болуп жаралып калдың экен?..
Мөлмөл. Антпе, Барпы. Ошо шордуу деген башың—асыл баш, мен ага ишенем. Кудай акы — ишенем.
Барпы (**жанданып**). Антип ишенсең, кол кармаша жүрүп кетпейлиби?
Мөлмөл. Кай жакка бет алабыз?
Барпы. Магрипка же Машрикка...
Мөлмөл. Андай десең ишенчиң кайсы?
Барпы. Кудайдын маңдайга жазганын көрөбүз.
Мөлмөл. О кокуй десе. Андай туңгуюкка башымды салып бере албайм. Андан калса, атам—анын жигиттери, бизди куткарбайт: таптырып келип, сенин териңди тирүүлөй сыйрытат; а мени улоо байталга сүйрөтүп өлтүртөт—көр намысы үчүн ошентет... Атам— канкор, качкан кулунду кантип кыйнап өлтүрткөндүгүн өз көзүм менен көргөмүн. Кыскасы, антип өлгүм келбейт. Барпы Сенин асыл башыңдыс асыл жүрөгүңдү андай өлүмгө ыраа көрбөйм...
Барпы. А балким кутулуп кетербиз?
Мөлмөл. Кутулуп кеткен ченибизде да алыбыз не болмок? Белиңде беш теңге пулуң жок: сен бирөөгө —кул, а мен бирөөгө —күң болушубуз керек. Андай кемсинтилген өмүрдү мен каала-

байм. Башымды бийик көтөрүп жүрүп өлсөм деймю Өмүр бир эле жолу берилет адамга!
Б а р п ы **(чыдамсыз).** Экөөбүздүн адамдык асыл сезимдерибизден эч бир из калбай, жамгыр алдындагы өрттөй жалп өчүп кала береби?
М ө л м ө л. Ошол сезимдерге арналган сенин алоодой ысык ырларың менин жүрөгүмдө арман-зил болуп, түбөлүккө кала берет. Кыялыбызда бирге жашайбыз. Бу жалган дүйнөдө биздейлер аз болгон дейсиңби...

**(Сырттан аялдын октом үнү угулат).**

А я л ү н ү. Ээ, Алтынай! Алтынай... Ак тоюңдун алдында неге көз жашыңды тыйбай, кайра-кайра бакка киресиң? Кудайдын каарына калып жүрбө, кусур ургур!..
М ө л м ө л. Апам, кокуй. Жүгүрүп келбесин. Мен кетейин, Барпы... **(Мойнунан кучактап, эки көзүнөн кайра-кайра өбөт.)** Ушул каректеринен менин карааным кетпесин, Барпы.
Б а р п ы. Каректериң дейсиң. Жалгыз эле карегим бар.
М ө л м ө л. Ошо жалгыз карегиңде калсын. А мен сенин элесиңди жүрөгүмдө түбөлүккө алып кеттим. Ырларың аң-сезимимде болот...

**(Кыз чыгып кетет. Барпы кетенчиктеп бакка жөлөнө отурат да кош колдоп башын мычкыйт. Комуздун арман күүсү өксөйт...)**

**Пауза**

**(Барпынын достору Назар менен Капар киришет: орокторун ийиндерине салышкан.)**

Н а з а р. Э Барпы-дос, неге башыңды мыкчып отурасың? Биз тектирдин арпасын оруп бүтүп, жайыктын буудайына түштүк.
К а п а р. Э Барпы-үлпат, башыңа кандай каран түн түштү? Же оруктон качып отурган жайыңбы?
Б а р п ы. Башыма каран түн түштү, ашналар. **(Ордунан турат.)**
Н а з а р. Кандай адисе болуп кетти?
**Б а р п ы. Мөлмөлдөн ажыраганы калдым—бүгүн тою түшөт экен**
Н а з а р. Ээ, ушуга да ошончо мөгдөйсүңбү?
К а п а р. Эптеп бир катын табылар сага...
**Б а р п ы. Эптеп бир катын табылып калышында эмес кеп, бура**дарлар. Ал кыз менин жүрөгүмдүн терең толтосуна чөгүп калган эла да...Эми кантип жашайм?..
Н а з а р. Койчу, Барпы! Ал мөлмөлүңдүн аты эле Алтын болбосо, башка кыздардан неси артык эле?

**Барпы (сүйлөп айтат). Аты эле эмес —өзү алтын.**

Аземдеп айткан сөзү-алтын.
Ачылган гүлдөй кези—алтын,
Алчадай кара көзү—алтын.
Оромол салган башы—алтын,
Олоңдой кара чачы—алтын.
Он сегизде жашы—алтын,
Кулактары — куйма алтын,
Куюлуп түшкөн мурду—алтын.
Кирпиктери—тизме алтын,
Керек болду бизге—алтын.
Анардай кызыл бети—алтын.
Агарган кардай эти—алтын.
Илабинде—гүл алтын,
Ырaңында — күн алтын..
Кашка тиштин мүлкү—алтын,
**Как мамактын үрпү—алтын**
«Сизи» менен «бизи»—алтын,
**Секин басса, изи —алтын.**
Сарамжалы — сары алтын,
Саргайтканы—дагы алтын.
Айта берсем, бүт—алтын,
Аманат жанга күч—алтын...

Н а з а р. Ох-хоо!.. Андай болсо, ал кызыңдын бардык жери эле алтын турбайбы... Бүт эритип, байып кетсем деп жүргөнсүңбү?... Ха-ха-ха!

**К а п а р. Хо-хо-хо!.. Ошон үчүн орокту таштап, бу кызга жүгү**рүп жүргөн турбайсыңбы... Бүт алтынына ээ болоюн деп... Хо-хо-хо...

Б а р п ы. «Мышыкка — күлкү, чычканга—өлүм» деген ушу тура! **Оо, шорум! Менин шорум-менин кедейлигим!. Ошон үчүн бакыт** тагдырымдан бүгүн ажырап отурбаймынбы... **(Баш чайкап басат.)** Оо жараткан! Неге мени мынчалык бактысыз кылып жараттың? Акыйкатты өзүңдөн таппасак, кайдан табабыз? А заман болсо каарданып-закымдап баратат.

Н а з а р. Ой, Барпы, кудайга налыш кылбачы. Кедейлигиңди эми көрүп отурасыңбы?

Б а р п ы. Мурдатан эле — 8 жашыман тарта эле билем.

Н а з а р. Ооба, Ал тууралу мөгдөгөн ырыңды жат билем...

**(сүйлөп)** Малсыздыктан зарыга,
Малай түштүм Сарыга.
Күнү-түнү уктабай,
күч келтирем жаныма.
Карышып жүрөм чилдеде,
Карабайт эч ким алыма.
Байбичеси Сарынын
Бакыл экен чени жок.
Чейрекерге ушу деп,
Чапан берди жеңи жок.
Саал-паал иши үчүн,
Сабап иет жөнү жок.
Жоболоңдуу күндөрү,
Жонуман кайыш алдырат...
Уктатпастан түнкүсүн,
Уйларга саман салдырат.

**Б а р п ы. (аргасыз күлүп). Болду-болду, Назар. Шорумду билип** алыпсың.

**Н а з а р. Ананчы! Сенин көп ырларыңды өзүң жокто да ырдай**быз. Анткени алар биздин жүрөк сырларыбызды, арманыбызды айтат. ..

Б а р п ы. Рахмат, достор. Менин кичине ырларым силердин карацгы көңүлүңөрдү жарык кылса эле болгону...

**Пауза**

Анда, достор, орокко жөнөй бергилечи—мен анан барам. Бираз акылымды пештеп алайын... **(Наспай атат.)**

Н а з а р. Мөлмөлүңдүн караанын дагы бир көрсөм дейт окшойсуң... **(Кетишет. Барпы бак ичинде ойлуу басат. Күңгүрөнүп сүйлөнөт.)**

Бир адамды ыйлатып,
Буркураттың, дүнүйө.
Жокко бардан жалынтып,
Пул сураттың, дүнүйө.
Бирдин малын бүрөөгө,
Ширин кылдың, дүнүйө
Бирди бирге өлтүртүп,
Кыйын кылдың, дүнүйө.

Бир адамдын таманын
Чорго айланттың, дүнүйө.
Бактысы жок маңдайын.
Шорго айланттың, дүнүйө.
Бир адамга залалды
Анык кылдың, дүнүйө.
Бир нечеңди мен сымак,
Карып кылдың, дүнүйө.

**(Бактын сол тарабындагы короодон алдына топ этип алма түшөт. Барпы алманы алып, селтеңдеп эки жагын каранат. Шыңкылыктап күлгөн аял үнү угулат. Анан кооз кийинген жаш аял чыгып, күлүп сүйлөйт).**

Ж а ш а я л. Ии, Барпы, күбүрөнүп калыпсың—кандайсың?

Б а р п ы. Мурда кандай болсом, дал ошондой.

Ж а ш а я л. Жоок! «Дал ошондой» эмес ко. Кудайга налышың көбөйүп калыптыр. Болбосо, кудайды унутуп эле, орок оруп, чылгы чапкан жеринде сулуу кыздар менен жаш аялдарды кошуп, какшап ырдап жүрчү элең го?

Б а р п ы. Кудайды унутпайм. Ошондой эле жакшы адамдарды, өзгөчө. сулуу катындар менен сулуу кыздарды унутпайм. Ырдайм аларды...

**Ж а ш а я л. А меничи? Мен ал сулууларыңдан кемминби?**

**Б а р п ы Жок, кем эмессиң. Сулуусуң. Андан калса, Жал**лабат шаарынын казысы Дыйкандын кызысың. Созоктогу Мадыл байдын үчүнчү аялысың—көрөркөзүсүң... Атың—Айымпаша сулуу..

А й ы м п а ш а. «Сулуу» десең, неге башка сулуулардай ырыңа кошконуң жок?

Б а р п ы **(ойлуу).** «Көзүм көрсө миң сулуу,
Көңүл сүйдү бир сулуу»—деген ырым бар.

Көңүлүм сүйгөнгө гана ырым чыгат. Бүт сулууга ыр курай албайм да!

А й ы м п а ш а. Сенин көңүлүңө түшүш үчүн эмне кылышат сулуулар?

Б а р п ы **(токтолуп).** Анын кереги не, Айымпаша сулуу?

А й ы м п а ш а. Сенин көңүлүңө мен түшпөгөнүм менен сен менин көңүлүмө түшүп жүрөсүң да...

Б а р п ы. Гмм... Кой, Айымпаша сулуу. «Тең теңи менен, тезек кабы менен» деген кеп бар. Бүт шаардын бийлиги казы атаңын колунда... Турган жериңер ак сарай. Кийгениңер атлас-шайы, аккари кечип-маасы... жеген-ичкениңер шекер-шербет... А мен миң-миңдеген бей-бечера кедейлердин биримин... Чаначтан атала жутуп, орок ором, жаткан жерим саманкана... Түк коошпойбуз.

А й ы м п а ш а. Мен коошо турган кылайын: бутуңда бийик өкчөлүү аккари өтүк, үстүңдө ак шайы көйнөк, белиңде көк шайы белбак, башыңда чусть топу болот. Жатар жериң—өзүң айткан ак сарай...

Б а р п ы. Ха-ха-ха!.. Болбос ишти айтпачы!

А й ы м п а ш а. Мен болтурам: ата-энемин үй кызматына алдырам. Самоорго чай коюп, казанга палоо басасың, атамын меймандын күтөсүң.

Б а р п ы. Антишимдин сага кандай пайдасы болмок?

А й ы м п а ш а. Ушунчалык моосуңбу, Барпы? **(Шыңкылдап)** Түн биздики, аппак шейшеп биздики... Хи-хи-хи!...

Б а р п ы **(ойлуу токтоп)**. Неге минтесиң, Айымпаша?

А й ы м п а ш а. Үч катындуу карт эримден менин кумарым канмак беле?.. Жаштыгымда бу дүйнө жыргалын көрүп өткүм келет... **(Үнүн басадата, кулагына жакын шыбырайт.)** Андан калса, сен өзгөчө эркек имишсиң—катындар арасында сөз таралып жүрөт... **(Колунан чап кармайт.)** Ошент, асыл жигит... Ырчым... Мени бактылуу кыл. А мен сени бактылуу кылуунун, жыргатуунун аракетинде болом.... **(Барпынын колун көкүрөгүнө салып жиберет.)** Ушул ак мамагым, бүт асыл денем сеники болот... Деги жигитсиңби?.. Кыймылдасаң боло... Белимди капшыра бир кучактачы...

Б а р п ы. **(колун тартып алат.)** Айымпаша, бу сенин каалооң менин кара башыма, кызыл каныма туруп калышы мүмкүн экендиги оюңа алып коёсуңбу?.. От менен ойнотпо мени... **(Кескин басып кетет.)**

А й ы м п а ш а **(артынан)**. Хи-хи-хи... Барпы, ойлонгун. Өз ырыскыңды өзүң теппе. Эгер укпасаң, мен сени коогалуу кылам... Алиги өзүң айткан кара башың, кызыл каның менен эсептешип коёр адамдарым менде да бар... Бир шордуу кедейдин баасы мага кымбат эмес...

**К ө ш ө г ө**

## 2-СҮРӨТ

Дыйкан казынын кароосу. Ак сарайынын түркүктөрүнө, пешайвандарына оймо-чийме түшүрүлгөн, панжиралангаи. Кош канат дарбазалары күмүш-жездер менен чегеленген.

Короонун сол тарабындагы кичирээк өжрөнүн алдында самоорго от коюп, казан-аяк менен алышып, Барпы жүрөт. Анын баягы кейпи таптакыр өзгөрүп кеткен: башында кичирээк ак селде, үстүндө узун ак жегде, ак ыштан; белине ак, көк, кызыл шайы **белбактар курчанган, бутунда өкчөсү бийик хром өтүк.**

Чарпаядагы меймандар күүлдөйт. Анда Дыйкан казы, Эшен, Садыр-соодагер, картаң Акматбай-бай, жаш молдо Шакир бар... Алар мусаллаң ичип, кызып калышкан. Барпы палоосун бышыруу менен бирге, эки кулагын төшөп, тигилердин сөздөрүн тыңшайт. Касиятхан менен Айымпашанын кулактары да ошол жакта... **(«Ичпейм» деп кашайган Акматбай-байды Эшен мусаллага кыстайт.)**

**Э ш е н. Урматтуу Акматбай-бай, сиз бу мусаллани ичип жибериң.** Ырыскыны кайтарбаң. Мусаллада макрөөлүк жок, жүзүмдүн эле ширээси ачытып кана койгон... Бу жаныбар—бейиштин ашы!

А к м а т б а й. Макрөө дебейм, бирок ичсем эле ооруп калам. Мур да иччүү элем, эми карып калдым окшойт.

С а д ы р. Карып калган болсоңуз, шаардын эң сулуу кызына үйлөнмөк белеңиз? Же жаш сулуу кубатыңызды соруп койдубу? **(Күлкү...)** —Ха-ха-ха!.. Хо-хо-хо!.. Хи-хи-хи!...

Э ш е н. Күчүн сордурса го мейли эле, менимче, тескерисинче болуп жатабы деп күмөнсүйм, ха-ха-ха... **(Жаш молдого кылчаят.)** Мулла Шакирбай, Шарк акыны шейх Мушрафаддин Саадинин жаш сулууга үйлөнгөн бай абышка тууралуу жазганын окуп койчу.

Ш а к и р. Хуп, Эшаным! Азыр окуйм. **(Китеп ачып окуй баштайт.)**

Карыганда ойго келет бир абышка шайы качкан:
«Үйлөнөм да көрсөтөм—азаматмын али жаткан.»

Той өткөрүп бир сулууга, атакталган «Бермет» делип,
Бермет сымак кутудагы, эл көзүнөн бекем каткан...

Ак нике да кыйылат, элдин салты каалагандай,
А «кармашта»—начар солдат катары сырын ачкан...

Жаасын тартат, а бирок да жанып өтөт огу тийбей,
Нооту чепкен тигет чебер—болот ийне, өнөрү ашкан.

Чал ыйлактап датын айтат, күндө үч убак досторуна,
«Үйүмдү бүт булуңтту,—дейт,—ачкөз экен, тойбос жаткан».

Үй чатагы тарайт элге, жана угат шаар башчы,
Шондо Саади чалга келип, тике сүйлөп минтип айткан:
**«Оо, атаке! өзүңдө айып, жазыгы не? —аялың ак,**
Колу калтыр болгон чакта,
бермет көзөйт бир гана акмак!..»
Дуу күлкү көтөрүлөт: — ха-ха-ха!.. Хо-хо-хо!.. Хи-хи-хи!..
Жетимиште карыя чал,
жигит сымак көрсөтмөк болот өзүн,
Бирок укпайт аялынан,
ыраазылык билдирген жылуу сөзүн.
— * * * —
Алтын эмес, кубат керек!
Аял затка шо зарыл—кумарлуу жан..,
Чынар керек көктөп турган,
неге керек өңү сары чирик саман?..

Дагы күлкү:—Ха-ха-ха!.. Хо-хо-хо!.. Хи-хи-хи!..
**Барпы да, Касиятхан да, Айымпаша да быкылдап күлүшөт.**
С а д ы р. Дал Акматбайдын өзү экен го. Ха-ха-ха!..
А к м а т б а й **(атырылып)** Ой Садыр-соодагер- Сен неге китеп сөздөрүнүн баарын мага жамап, атайылап маскаралайсың? Же мен биерде ашыкча болуп турамбы? Анда мен силерден кетейин! **(Жөнөйт.)**
Д ы й к а н казы. Ой, Акматбай, токто! Сен неге мени кекетип, ак дасторконумду таштап кетип баратасың?
Э ш е н. О Акматбай, сен байлыгыңа чиренбе! Шаар казысы Дыйканды **ыза кылып кетем десең, угуп кой, оңбой каласың!**
К а з ы. **(дымак менен). Отур дегенде жакшылыкча отур! Теңсин** тип койсо, теңириңди таанылбай кетчүдөн окшойсуң... **(Терс карады.)**
**(Акматбай колдорун бооруна ала жүгүнүп, «Тооба-тооба!» деп жалбарып, өз ордуна отурду.)**
**Эшен. Мулла Шакирбай, хикаяны аягына чыгара оку!**
Ш а к и р. Хуп, Эшаным! **(Окуйт.)**
Аял билсе эринин «арыктыгын»,
Эркек күчтөн ажырап карыптыгын,
«Не керек,—дейт,—эки аял бир төшөктө,
Көрбөгөн соң бу дүйнө жарыктыгын!..»
Аял эрден нам албаса, жайып дене,
Андай үйдө ый-чыр болот ар күн эле.
Араң басса чал өзү таяк кармап,
Ал таяктын аялга кереги не?..
К а т к ы р ы к: Ха-ха-ха!.. Ха-ха-ха!.. Хи-хи-хи!..
**(Сырттан кызматчы шашып кирет. Дыйкан казыга аптыгып айтат.)**

Кызматчы (колдорун бооруна алып.) Казым! Извош менен пристав келдиң.. Жанында эки куралчы солдаты бар.
Казы (ордунан ыргып.) Пристав Ивановпу? Каякта азыр?

(Дыйкан кепичин киялбай шашып, бөйпөндөп жүгүрөт. Мындалар тике тура калышат. Пристав жай басып, тургандарды тегерете карады. Алар баары эңилип, кайра-кайра жүгүнүштү.

Пристав колтойгон трубкасынан түтүн булатып, короо ичине саресеп салып, тегерете басат.)
Пристав. (токтолуп). Дыйкан -казы бу сеники үй?

Казы (кошоматтанып эңилип.) Ооба, Төрөм, ооба. Ак падыша Николайды кудай алкасын. Анын мындагы бийликтери мени, Анжияндагы Ийикчи эшандын тополоңунан соң, ушу Жаллабат шаарына казы кылып дайындашкан. Ушу жылдардан ак падышанын мага тапшырган ыйык ишин аткаруу менен бирге, өз ак мээнэтим менен ушул үйдү курдургамын...
Пристав (күлүп.) Ак акчаларың мененби же парага алган акчаларың менен курдургансыңбы? Хо-хо-хо!..
Казы. Жок, Төрөм. Ак акчам менен салдырып, ошон үчүн биерде жашап, күн сайын Ак падышага дуба кылып отурам. Анын алык-салыгын ар убак элден тез чогултуп берүүгө ашыгам. Анын ишин кудай оңдосун!

(Пристав Эшенди беттеп барып, колундагы ийри саптуу таягы менен, анын селдесин кыйшайта саят, кооптуу тиктеп сүйлөйт.)

Пристав .Сен Эшан? Анжиян козголоңун уюштурган Ийикчи Эшендики мюрид сен?
Казы (шашып). Жок, Төрөм. Ал бузуку Ийикчи Эшенге бу менин Эшенимдин тиешеси жок. Муну орус бийликтери абдан текшерип, анан мага шарият кеңешчим кылып дайындап берген. Орус бийликтерине ак кызмат кылып атат. Ийикчи Эшен козголоңу мезгилинде бу менин эшеним Түркияда окуп жүргөн. Эшениме күмөнсүбөң, Иванүп-Төрөм...

(Пристав нары басып, Барпыга бетме-бет келди. Тегерете карап, анан таягынын учу менен селдесин кыйшайта сайды.)

Пристав. Сеники Молодой Эшан? Ийинчи Эшандыкы баласы? Же мундагы Чыйбыл болуштуку баласы?
Барпы. Жок, Мен динде окуган эмесмин. Ошон үчүн кантип эшан боло алмак элем? Чыйбыл болуштун да баласы эмесин. Ал эми Анжиян көтөрүлүшүнөн кийин орустар биерге келип, Чыйбыл болушту жана анын элүү жигиттерин байлап, чынжырлап айдап

баратышкандыктарын өз көзүм менен көргөмүн... Эл ыйлап-сыктап, туткундарды тээ Ханабатка чейин узатып барышып, анан калышкан...
Қ а з ы. Төрөм, бу Барпы менин кызматчым, малайым.
П р и с т а в. Неге ал ак жегде кийип, ак селде чалынат?
Қ а з ы. Себеби ал мага жана менин Эшениме кызмат кылат. Таза болсун үчүн ак кийгизебиз. Бейдаарат жүрбөсүн дейбиз.
П р и с т а в. Атаң ким?
Б а р п ы. Атамын аты—Алыкул. Кедей—чейрекер болуп иштейт.
**П р и с т а в. Бир көзүң неге сокур болгон?**
**Б а р п ы. Назарбай деген байда малай жүргөнүмдө, саманканада уктачумун. Көзүмө буудайдын кылканы түшүп, бара-бара көзүмү ак чел жаап калган.**
П р и с т а в. Жалка, конечно. Но... Ийикчи эшендей Россия бийлигине каршы жамандык ойлосоң, калган жалгыз көзүңдү да чукутуп салам. Эсиңе бек түйүп койгун, Барпы!..
**(Пристав нары басып, күрсүгө көчүн баса, кагаздарын жазат.)**
**Кана, Дыйкан казы мындай отур. (Тигил жүгүнүп олтурат).** Элге салынган алык-салыктар бүт төлөндөбү?
Қ а з ы. Төлөнүп атат, Төрөм. Аз-аз гана калды.
П р и с т а в. Ким төлөбөсө, бизге билдир. Мен аскер жиберип, үй-жайы талатам, өзүн түрмөгө алдырам. Закон биздики ушундай...
Қ а з ы. Төлөбөгөндөр бар, бирок беребиз деп атышат. Кечиктирсе, силерге билдиребиз. Мен аябайм. Ак падышага ак кызмат кылам.
П р и с т а в. Макул. **(Башка кагазын бетине тосот.)** Мына, Ташкенден жаңы буйрук келди. Түркестан генерал-губернаторунун өз колу коюлган...
Қ а з ы. Оо, садагасы кетейин—жарым падышанын өз колу тура!
П р и с т а в. Бу жаңы буйрук боюнча силердин болуштугуңар 6000 пуд эгин, 300 ат, 5 000 кой топтоосу тийиш!
Қ а з ы **(титиреп.)** Оо Төрөм! Биз жылдык алык-салыктан араң эле кутулуп жатпадык беле? Дагы мындай оор салыкты кантип төлөйбүз? Эл каржалып калды эле го... Андан калса, мүмкүнчүлүктөрүбүздү да бүт тартып алгансыңар...
П р и с т а в **(ачуулуу).** Эмнеңерди тартып алдык?
Қ а з ы. Өрөөндөгү жер-суубуздун баарын көчүрүлүп келип жаткан орус мужиктерине тартып алып бердиңер. Жөн эле албай, биздин бей-бечара дыйкандарды атып-кырып өлтүрдүңөр... Ушу Жаллабат шаарынан жогорку Көгарт өрөөнүнө 10 дон ашуун орус поселектору орноштурулду: Благовещенск, Спасовска, Гавриловка, **Николаевка, Михайловка, Дмитриевка, Архангельск, булардан тышкары өкмөттөн уруксатсыз эле орус мужиктери**

курал менен Жыгач-Коргон, Кыз-Көл, Кара-Алма, Үч-Малай кыштактарындагы кыргыздарды кууп салышып, өздөрү эле поселкалар түзүп алышты... Ал аз келгенсип, генерал-губернатордун «Жобосу» боюнча көчмөн кыргыздардын жайыт-жайлоолору да орус бийликтеринин колуна өтүп кеткен..

Эми минтип салып жаткан оор салыктарыңарды биз кантип төлөйбүз?

П р и с т а в (**кекетип.**) «Төлөбөйбүз» десең, мынабу кагаздын четине кол коюп бер. Аны Ташкенге жиберем. Алар сени Ийикчи Эшандын куйругу катары дарга тартышабы, же биердин мурдагы болушу Чыйбылдын артынан Сибирге сүргүнгө айдашабы, өздөрү чечишет. Түшүнүктүүбү?
Қ а з ы (**шашып.**) Жок, антпең, Төрөм, антпең!.. Салыкты төлөйбүз. Төлөбөгөндөрдүн терисин өзүм сыйрытып алам. Анан силерге билдирем...
П р и с т а в. Туура айтасың, Дыйкан-казы. Салыкты төлөө керек!..

**Пауза.**

С а д ы р. Төрөм, мынча көп алык-салыкты не кыласыңар?
П р и с т а в (**үңүрөйө тиктеп.**) Сен кимсиң? Қылган ишиң кайсы?
С а д ы р (**чочулап жүгүнүп.**) Атым—Садыр. Соодагермин.
П р и с т а в. Соодагер болсоң, акча кадырын билет турбайсыңбы. Россияга көп-көп пахта керек. Токуу фабрикалар иштесин үчүн... (**Трубкасын түтөтүп.**) Пахтаны Россия Америкадан алат. Бирок ал абдан кымбатка турат. Ошон үчүн пахтаны Орто Азияда көбөйтүүнү чечти падыша. Бул үчүн биерлерде пахта тазалоочу заводдор курула баштады... Мындагы кен-байлыктарды каздырабыз. Аларды Россияга ташып кетиш үчүн көп-көп темир жолдор курушубуз зарыл болуп жатат. Россиянын мындагы соода иштерин жакшыртыш үчүн мындагы базарларды күчөтүү керек, ушулардын баары үчүн зор-зор акчалар талап қылынат. Мына ошон үчүн алык-салыктар күчөтүлүп жатат... Аларды силер төлөшүңөр керекпи, же жокпу?
Қ а з ы. Ооба. Төрөм. Биз төлөшүбүз керек! Төлөйбүз, төлөйбүз...
П р и с т а в (**трубка соруп**). Қана, төртөөң полиция участкасына жүргүлө. Алык-салык маселесин талкуулайбыз... (**Кетишет.**)

**ПАУЗА**

Сахнада жаш молдо Шакир менен Барпы гана калышат.
Ш а к и р (**баш чайкап.**) Көрдүңбү, Барпы, орустарды? Элибиздин канын бүт соруп алат окшойт.
Б а р п ы. Алардын зомбулуктарын, канкорлуктарын күн сайын

көрүп жатам, Шакир-курдаш. Мен үчүн алар жаңылык эмес... Мага жаңылык мынабу китептериң болуп турат азыр. Ичтери толо ыр, масалдар турбайбы... Алиги окуганың кандай китеп? Оозум ачылып,, жүрөгүм туйлап калды...

Ш а к и р. Шейх Саади деген Шарктын чоң акыны, улуу акыны! **(Китеп берет)**

Б а р п ы. **(китепти сылап.)** Укмуш китеп экен. Тиги куржундагыларчы?

Ш а к и р. Мында Курани-каримдан тарта акындардын китептери бар: Хафиздики, Руминики, Жаминики, Бедилдики, Физулиники... дагы-дагы.

Б а р п ы **(терең үшкүрөт.)** Өөхх!.. Сабатсызмын. Окуй албайм.

Ш а к и р. Кааласаң, окуганды үйрөтөм, Барпы.

Б а р п ы**(көңүлсүз.)** Кайдан?.. Өзүм малай жүрсөм, анан окуу кайда?... Андан калса, жалгыз көзүм бар. Аным гөроокатыма жарап берсе эле сүйүнөйүн... **(Ойлонуп). Окуганды үйрөткөндү коюп** кээде ушу китептериңдеги ырлардан эле окуп берип жүрсөң, курдаш. Пулун деле берейин...

Ш а к и р. Пулуңду кой, курдаш. Кээде келип жүр, окуп берем.

Б а р п ы. Азыр окуп берчи.

Ш а к и р. Жок, Барпы. Азыр окуп бере албайм. Алиги пристав менен солдоттары келген соң, жүрөгүм опколжуп калды... Бейкуптмун.

Б а р п ы. Азыр окуп берчи.

Ш а к и р. Жок, Барпы. Азыр окуп бере албайм. Алиги пристав менен солдоттары келген соң, жүрөгүм опколжуп калды... Бейкунтмун.

Б а р п ы. Неге антесиң? Ооруп калганың жокпу?

Ш а к и р. Жок. Бирок... бирок буларды көргөндө ооруп калгандан да жаман абалга келем.

Б а р п ы. Эмне үчүн?

Ш а к и р. Ээ Барпы... Булардын кандуу жоруктарын көрүп, жүрөгүм биротоло чыгып калбадыбы...

Б а р п ы. Качан? Кайда?

Ш а к и р. Мындан жети жыл илгери, мен Анжиянда медреседе окуп жүргөн чагымда, Ийикчи Эшендин жетекчилигиндеги Анжиян көтөрүлүшү чыккан... Орус капырларды мусулманстан кууп жиберебиз, жер-суубузду кайра тартып алабыз деген аракет болгон. Орустун аскер чебине чабуул болуп, 24 солдаты өлтүрүлгөн, ошончосу жарадар болгон. Бирок... бирок көтөрүлүш жеңилди — кандуу жазалоолор башталды... Бүтүн-бүтүн кыштактардын күлүн асманга сапырышты... Көрүнгөн мусулмандарды аябай кырып атып жүрүштү... Адамдар качты... Өлүктөр көмүлбөй, көчөлөрдө, талааларда сасып жатты—ит куш жеди... Аны алайын деп

баргандарды дагы атышат. Өлүктөрдү көмүүгө сатышкандыктарын не кыласың...

Б а р п ы. Жер-сууларды тартып алып жатышканда айыл-айылдарда ондогон адамдарды атып өлтүрүшкөндүктөрүн өз көзүм менен көргөнмүн.

Ш а к и р. Ондогону эмне болуп калыптыр... Бир нече миң адамдын кыргындарын көргөмүн... Ал турсун, дарга тартуу өткөрүш күндө бүт шаар элин, медресе талабаларын айдап келишет—карап тургула деп... Кыңк этсеңер, дал ушундай кылабыз деп эскертишкендери го. Дарга тартылган бечералар чимирик болуп, дардын аяк-бияк жыгачтарына урунушат... Авактар толуп, адамдар боо түшүп, кырылып жатышкандыктарын айтпай эле коёюн...

Койчу, айтпай эле коёюнчу. Жүрөгүм ого бетер сыгылып баратат. Кыскасы, Барпы, Орусия бийликтери катаал бийлик—муну такыр унутпа! Колуңдан келсе, алыс жүр.

Б а р п ы. Мен бир учурда алардын аскерине ат багар болуп кирсембп деп барган элем, бирок бир көзүң сокур экен деп албай коюшкан.

Ш а к и р. Албаганы жакшы болуптур. Азыр кетейин. Анан китептер окуп берем, Барпы. Сен ыр жандуу адамсың—ырлар окуп берем...

**К ө ш ө г ө**

## 3-СҮРӨТ

Дыйкан казынын баягы эле короосу. Күүгүм. Катар бөлмөлөрдөн чырактар бүлбүлдөйт.

Барпы колуна шамала алып, бурч-бурчтардагы паныз чырактарды жандырып жүрөт.

Барпы акыркы бөлмөнүн тушунан өтө бергенде, Айымпаша кучактап калат.

А й ы м п а ш а. **(өпкүлөп.)** Айланайын Барпы-акем... Асылым... Сени аябай сагынганымдан, атайын ат-араба коштуруп, сен үчүн Сузактан келдим. Сагынчымды жазып, кумарымды кандырайын деп келдим...

Б а р п ы. Жаныңда Мадыл байдай эриң жатпайбы?

А й ы м п а ш а. Ошо үч катындуу соодагер чалдан мага жарытылуу бир нерсе артат дейсиңби?... **(Өпкүлөйт.)**

Б а р п ы. Эриң келип калбайбы?

А й ы м п а ш а. Ал алыскы соода сапарында... **(Ичкери кетишет.)**

Музыкалык пауза.

Сырттан короого буурул сакал адам кирет. Токтолуп, анан үн салат.

Б у у р у л с а к а л. Оо, жакшылар! Үйдө ким бар? **(Какырышат)**

**(Четки бөлмөдөн Эшен чыгат. Тигил экөө кызуу учурашышат.)**

Э ш е н. Аа, Мадыл бай! Келиң-келиң. Сизди соодада дешкен.

М а д ы л. Ооба, Алыскы соодада элем. Иштерим тез бүтүп, бүгүн келип калсам, үйдө Айымпаша сулуум жок. Токтоно албай, бери чаптым.

Э ш е н. Түшүнөм-түшүнөм. Сапарда жаш катыныңызды сагынган экенсиз... Хи-хи-хи!... **(Токтолуп)** Сулууңуз өз бөлмөсүндө го. Айтмакчы, жанараак анын бөлмөсүнө бирөө киргендей болду эле, мен сизди келип калган экен го деп ойлогон элем. Көрсө..

М а д ы л **(чочуп.)** Бирөө кирген дейсиңби?.. Ким ал?..

**(Мадыл кыжырлуу басып, аялынын эшигин кагат. Жооп жок. Анан камчысынын сабы менен такылдатат. Жарым жылаңач Айымпаша көшөгө артынан чыгат. Берки бетки дубал жок болгондуктан, ичкеридеги кыймыл-аракеттердин баары көрүнүп турат.)**

А й ы м п а ш а **(эшикке жакындап).** Ким бу? Ким?..

М а д ы л. Мен! Мен...

А й ы м п а ш а. Ким болсо да кирүүгө болбойт.

М а д ы л **(кыжырлуу.)** Мен сенин ак никелүү эриңмин. Ач!..

А й ы м п а ш а **(апкаарып.)** Ии, асылым. Сапарыңыздан келип калдыңызбы?.. Соода иштериңиз жакшы болдубу?

М а д ы л. Ач эшикти, анан айтам. Эң алдын сагынычымды жазайынчы. Мен сени аябай сагындым, сулуум! Кумарымды кандырчы...

А й ы м п а ш а. Ийй, асылым. Мен да сизди аябай сагындым. Кумарым ташып турат. Сары сакалыңызды уйпалап ойногум келип турат. Бирок... бирок кирүүгө болбойт. Аял киши бар...

М а д ы л. Кандай аял түн ичинде? Бир жолбун сойку эмеспи? Ач эшикти дегенден кийин ачкын! Болбосо дарбазаңды аңтарып ием...

А й ы м п а ш а. Макул, ачайын. Бирок сабыр кылыңызчы... Тиги бечараны жайгаштырып коёюнчу—эти ооруп калыптыр...

**(Көшөгө артынан Барпыны бери тартып, башына чоң жүнан жоолукту чүмкөнтө салынтып, ичине пар жаздык коюп, шейшеп домпойто ороп жиберет. Төргө бийик жаздантып жаткырып, энтигип үстүнө төшөк жабат... Эшикти ачат. Мадыл жулунуп кирип, энтигип токтоп калат. Жаткан «келин» кыңкыстап, тынымсыз онтой баштайт.**

А й ы м п а ш а. Ошо өзүбүздүн Сузактагы бир байбачанын зайбы. Бүгүн арабаңызды коштуруп, атамкына жөнөгөнүмдө, жаныма **отургузуп алган элем. Жол ээн, андан калса, арабакеч балдарыңа деле ишенбейм. Баары эле ээнбаш болуп кетишкен..** Жолдон коркконуман ошенткемин. Бирок, кош кат экен, минтип биерде толгоосу келип калбадыбы... Эми кудай оңунан берип, эсенаман көз жарып алгай эле.

М а д ы л. Мен тааныймынбы бу келинди? **(Жоолугун тартып, эңилип бетин көрмөк болгондо, Айымпаша ортолукка түшө калат.)**
А й ы м п а ш а. Коюңузчу!.. Толгоосу келип калган катындын жүзүн кантип карайсыз? Эркек болуңузчу — чыгыңыз эшикке!
М а д ы л **(сыртка чыгып, үн салат).** Оо, кайнене! Анан дагы Бүбү эне! Бери чыккыла, тез чыккыла!
**(Касияттын бөлмөсүнөн эки аял шашып чыгышат).**
К а с и я т. **(шашып).** Эмне болуп кетти? Түн ичинде тынчтыкпы?
М а д ы л. Мынабу Айымпашанын бөлмөсүндө, аны менен кошо келген курдаш келини толготуп калыптыр. Соопчулукка төрөтүшүп койгула!

**(Эки аял бөлмөгө кирип, «келинди» жөлөп өйдө кылышат. А «келин» болсо, онтоп чыңырат. Бүбү кемпир артына өтүп, белинен кучактап, ичинен басып, өзүнчө күбүрөнөт.)**
Б ү б ү. Э кудай, оңунан бер. Менин колум эмес, Умай энемин колу... Кыз болсоң кыңшытпай чык, уул болсоң улутпай чык: күсскүс... Касиятхан, келиндин дамбалын шыпырып кой.
К а с и я т **(сыйрып алат.)** Мына, сыйрып алдым дамбалын...
Б ү б ү. Эңилип карачы, каканагы жарылыпытырбы?..
К а с и я т **(үңүлүп).** Караңгыда түзүк байкалбайт.
**Б ү б ү. Анда колуңу салып, сыйпалап көр. Эгер баланын шыйрагы** чыгып калган болсо, «бисмилла» деп тарт!
К а с и я т. Ийи, шыйрагы колума кирди окшойт, не кылайын?
Б ү б ү. Тарт! Жер пастатып тарт!..

**«Төрөттөгү «келин» ого бетер чыңырат.. Кыңшылап ыйлайт)**.

К а с и я т **(үңүлүп карап, кыйкырып чалкасынан кетет.)** Вай!.. Вайы.. Эркек экен!.. Эркек экен... Эркек... **(Сыртка жүгүрүп чыгат.)** Эркек экен!.. Эркек дейм, эркек!..

Сыртта Дыйкан казы, Эшен, Мадыл—үчөө турушкан.
К а з ы. Эркек болсо жакшы болуптур. Неге чыңырасың, Касиятхан? Менин үйүмдө кайып-каскагынан уулдун төрөлүшү—мага кудайдын бергени—бак-дөөлөтүм дагы артат экен... **(Эшенге)** Кана, Эшаным, уулдун төрөлүшүнө азан айтып жибериң!
Эшен **(азан айта баштайт.)** Аллаху- акпар! Аллаху-акпар!...

К а с и я т **(чыйылдап аптыгып)** Жоок!.. Жоок...
**(Айымпаша ичкертен чыгып, апасын ийинден булкат. Үнүн пастатып)**
А й ы м п а ш а. Апа! Апа... мени шерменде кылып, өлүмгө кыясыңбы?.. Бас жаагыңды!.. **(Апасын ичкери жетелейт. Бүбү кемпир «Вай даат! деп кыйкырып чыгып келатат.)**
Б ү б ү. Вай даат!.. Вай даат.... Бул үйдө шайтан!.. Азезил..

**(Касиятхан анын оозун алаканы менен басып, кайра ичкери алып кирип кетет... Эшендин азаны уланып жатат.)**

Э ш е н. Айяна салаа, айяна палаа...

## Көшөгө

Көшөгө кайра ачылганда, ошол эле көрүнүш. Барпы короо бурчундагы тандыр алдында, колуна жеңче кийип, кызырап бышкан нандарды үзүп, себетке таштап жатат. Бечера кейпиндеги Назар-досу олтурат.
Б а р п ы. Ошентип, мандикер түшкөн Кадыр байың акымды бербей койду дечи. **(Назардын алдына ысык нандан коёт. Ал бурдап жейт.)**
Н а з а р **(кейиштүү.)** Ооба, бербей койду. Иштеткен жериңден түшүм жакшы болбой калды дейт. Эми бала-чакамды кантип багам, билбейм.
Б а р п ы. Түшүм жакшы болбогону, кургакчылык болду, анан керимсел жүрдү. Жаратылыштын бу кырсыгына мен айыптуу эмес дедиңби?
Н а з а р. Айттым. Бирок ачкөз бай көнө коёбу?.. Ошон үчүн казыга даттандым—сенин ушу Дыйкан казыңа... Буга кандай карайсың?
Б а р п ы. Ии не чыга тургандай? Кедей сөзүн ал угар бекен?
Н а з а р. Билбейм. **(Үнүн басаңдатып)** «Пара бергин» дешти.
Б а р п ы. Анан канттиң?
Н а з а р. Ортомчу салып, атаман калган алтын кыргак кытай чынымы берейин дегем. Макул болуптур.
Б а р п ы. Ишиң оңолуптур. Кадыр-байыңды жеңет экенсиң.
Н а з а р. Ким билет? Кадыр-бай да жөн жатпай, чоң кара өгүзүн казыныкына жетелетип келип берген имиш деп уктум.
Б а р п ы. Оо, ошондойбу?.. **(Ойлуу токтоп)** Алтын кыргак Кытай чыным өгүздөн кымбат. Учурунда атам атактуу күлүк аргымакка да алмашпай койгон деп айттырдыңбы?
Н а з а р. Айттырдым. Бирок не болорун билбейм.

**Пауза.**

Б а р п ы. А тиги менин Капар-досумун абалы кандай?
Н а з а р. А шордуунун абалы да меникинен ашык эмес: Шайымкул байга койчу түшүп жүрсө, түн ичинде сел келип, коктуга жаткырган койлорунан он бешти алып кетиптир. Шайымкул бай ушу сенин казыңа Капардан мурда арызданып, ал байкуштун үй-жайын тартып алууга шарият атынан бүтүм чыгартып кетиптир. Парасына бир кара кашка ат алган имиш сенин казың... Бай үй-жайын тартып алган соң, байкуш Капар бала-чакасын жетелеп, Анжиян тарапка кеткен.
Б а р п ы. Аякта ишеничтүү баш калканчы бар бекен?
Н а з а р. Кайда баш калканч? Ошо Анжияндан бери карай орус бийликтери темир жол салдырып келатпайбы... Ошого ишке кирип, бала-чакамды багып, жазга эптеп чыксам дейт. **(Ойлуу)** Бирок орустар бир ишиң жакпай калса эле кууп жиберет, ал турсун, атып да салат дешет. Ошондон коркуп, мен ал жакка баргым келбеди.
Б а р п ы. Эми кантсем дейсиң? Катуу кыш кирип келатат...
Н а з а р. Азыр ушу өз шаарыбызда орустар салдырып аткан пахта тазалоочу лата завуттарынын бирине ишке кирсемби дейм. Бирок кыш жарымында эле— пактасы түгөнгөндө—көчөгө чыгарып коёт дешет. Кыскасы, балдарымды кантип багарымды билбей калдым...
Б а р п ы **(үшкүрүп.)** Ушундай тар заманга туш келген шордуулар турбайбызбы... Антсе да көп мөгдөп кейибечи, Назар-дос.
**(Барпы көкүрөгүн ачып, тердеген мойнун жоолугу менен сүртө баштаганда, Назар ага үңүлүп, чочуп сурады.)**
Н а з а р. Э. Барпы, денеңдин баары көк-ала так ко? Көк союл менен камчынын издери эмеспи?
Б а р п ы **(өкүнүчтүү.)** Көрмөксөн эле болуп койсоң болмок. Эми айтайын: чын-денемдеги көк союлдун жана камчынын издери... Эки зөөкүр жигиттер бөлмөмө кирип, өлөрчө сабашты—кара жанымды араң сактап калдым...
Н а з а р. Эмне үчүн сабашат?
Б а р п ы. Билбейм... Эч нерсени ачык айтышкан жок.
Н а з а р. Айыбың эмне дешти.
Б а р п ы. Айтышкан жок. Жөн жүргүн дешет. Ал зөөкүрлөрдү бир адам жиберген го. Бирок ким экенин билбейм. «Кетейин» деп акымды сураганым үчүн Дыйкан казы өзү жибердиби, же Эшен жибердиби—мен анын бачабаздыгын байкап калган элем... Бир бечера үй-бүлөгө акча берип, 12—13 жаштар чамасындагы уулуна бачабаздык кылып жүрүптүр...
Н а з а р **(таңданып)** Эшен боло туруп, ошентет бекен?
Б а р п ы. Ооба. Ошого күйүп атпаймынбы. Анын кызматчысымын...

Н а з а р. Арам пасыкты өлтүрө турган неме тура...
Б а р п ы. **(ойлуу).** Же Айымпаша кызынын төшөгүнөн мени байкап калган үчүн Касиятхан жибердиби, билбейм...
Н а з а р **(күлүп.)** «Келин» болуп, уул төрөп бергениң үчүнбү?

**Пауза**

Кой, мен кетейин, Барпы. Ишиң кайырлуу болсун. **(Жөнөйт.)**

Б а р п ы. Макул. Казыга берген датыңдын жообун күт. Айтмакчы, ме, эки нан салып берейин, балдарыңа ала барчы. **(Берет. Тиги кетет.)**

**(Өз бөлмөсүнөн кызыл кымкап халатын желбегей салынган Касиятхан чыгып, Барпыга дымактуу унчугат.)**

К а с и я т. Оо Барпы!
Б а р п ы. Лаппай, айым эже, кулак сизде.
К а с и я т. Неге сен чоочун кишини короого киргизип, анан дагы эки нанды койнуна тыгып берип жөнөтөсүң?

Б а р п ы. Кечириңиз, айым Эже. Бу чоочун менин досум эле. А нанды болсо азыр кайтарып келем. **(Кыйкырып жөнөйт.)** Оо Назар! Токто, такто!.. **(Бирок Касият өткөрбөй, алдын тороп калат.)**
К а с и я т. Мурунку убак болгондо, казаптап азабыңды бермекмин. **(Жадырап)** Азыр антпейм. Чочулабай эле кой.
Б а р п ы. Эмне үчүн андай?

К а с и я т. Мурда мен сага малайыыбыз катары, кулубуз катары жийиркенич менен карачумун.

Б а р п ы. Эмичи?

К а с и я т. Эми такыр башка көз менен карайм: эр жигит катары, бойдок жигит катары санайм, жылуу көз менен карайм...
Б а р п ы. Не дегениңизге түшүнбөй турам, айым Эже!

К а с и я т. Хи-хи-хи!.. Сени «төрөтөм» деп, денеңе колум тийди. Чыныгы эркек экениңди тааныдым...

Б а р п ы. **(тайсалдап.)** Мен өзүм эмес, кызыңыз Айымпаша азгырып.

К а с и я т. Сендей жигитти баарыбыздан мурда көрүп, анан азгырып алгандыгы үчүн. Айымпашага ракмат дейм. Ошо Айымпашанын жоругунан соң, сага көзүм түшүп отурбайбы... Көрсө, сен чыныгы эркек турбайсыңбы, чыныгы эр жигит турбайсыңбы... Эми сени Айымпашанын колунан жулуп алыш үчүн, үйгө келгисиз кылып куудум...

Б а р п ы. Ал өз кызыңыз эмеспи?

К а с и я т. Кызым болсо эмне экен? Байдын көрөр көзү ал. Өз

короосунда малайлары бар- ошолордон тандап таап алсын. А мен өз короомдогу сендей жигитимди ага бербейм.

Б а р п ы. Эмне үчүн минтип жатканыңызды түшүнбөйм, айым Эме?

Қ а с и я т. Түшүнгүң келсе, мына мындай: Айымпаша менин 17 жашымдагы кызым. Жашоо жолу эми гана башталып отурат. А мен 37 жаштамын: ойносом ойнум, күлсөм күлкүм канбай турган учурум. Бирок казы 18 жаштагы кызды үстүмө алып, биротоло ага ооп, мени салынды катын кылып таштады—жүрөгүм парча-парча тилинип жатат **(Бышыктайт.)**

Б а р п ы. Айым Эже, ыйлабаңызчы. Көз жашка чыдабайм.

Қ а с и я т **(жашын сүртүп.)** Қазыдан өч алыш үчүн Эшенин койнума тарткамын. Бирок картаң эшенден мага кандай жыргал? Эми мага күндө келип кыйнайт. Мени анын карт кучагынан куткар, Барпы. Сендей жаш жигиттин кучагында өлүп кетсем арманым жок... Қучакта мени...

Б а р п ы **(тайсалдап)** Мени Қазы-атамын тузу уруп кетпейби?

**К а с и я т. Бекер кеп! Жаш аялды жаш эркек үчүн жараткан** кудай.

Б а р п ы. Эсиңизге келиңиз, айым Эже!

Қ а с и я т. Эсим жайында. Бу көптөн берки оюм... Эгер сен мени кучагыңа алып, күйүтүмдү баспасаң, күйүттөн жакында өлөм... Ошон үчүн сен соол иш кыл—мени өлүмдөн сактап кал. Мени өлүмдөн сактап калар күч сенин гана кызыкчылыгың—башка жолум жок... Түшүнөсүңбү?

Б а р п ы. **(чечкиндүү).** Сендей сонун аялды түшүнбөсөм, жалгыз көзүм да солуп калбайбы... **(Чап кучактап, көтөрүп кетет.)**

### К ө ш ө г ө

Көшөгө ачылат, баягы эле көрүнүш. Терең түн. Барпы бак түбүндө ойлуу оотурат. Наспай атат. Безеленип булбул сайрайт.

Эшен сыртка чыгып, элеңдеп каранып, анан Қасияттын бөлмөсүнө кирип кетет. Барпы ордунан туруп, өзүнчө күбүрөнүп, ошол жакка басат.

Б а р п ы. Ии, зинакор Эшен... Никесиз катындын этегин ачса, зор күнөө деп, башкаларды коркутасың. А өзүң катын турсун, шариятта жок ишти кылып, эркек балага бачабаздык кыласың... Сени карап тур!

**(Барпы рабат дарбазаны калдырата ачып, кайра карс жаап, Қасияттын эшине жакын келип, Қазынын үнү менен каргылдана сүйлөдү).**

Д ы й к а н к а з ы». **(кыйкырып)** Ким бар үйдө! Ким бар!..
Б а р п ы **(өз үнүндө).** Мен бар, Казы-ата! Мен Барпымын!
«Д ы й к а н к а з ы». Үйдөгүлөр кайда? Чакыр баарын!

**(Барпы Касияттын эшигин тарс-тарс кагып, анан кирип барды. Бөлмө мунарык... Тигилердин жуурканын сыйра тартып, кыжырдуу унчукту.)**

Б а р п ы. Уктуңарбы? Казы-атам келип калды!..
Э ш е н **(калтырап).** Келип калдыбы? Казы келип калдыбы...
Б а р п ы. Келип калды!.. Эшеним, бекин! Өлөсүң...
Э ш ё н. Айланайын, Барпы, жанымды сактап кал! Каякка бекинем?..
(Барпы бурчтагы чоң сандыкты ачып, Эшенди колдон сүйрөп ага киргизип, **үстүн кара жаап, чынжырлап салды).**
Б а р п ы. Былк этпей жат, Эшаным! Тим эле өлүп кал...
Э ш е н. Макул, былк этпейин! Бирок... дамбалымы берип койчу...
Б а р п ы. Дамбалы жок эле жата бер, Эшеним! Кокус Казы кирип келсе, сен үчүн өлүм болорун билесиңби, Эшеним? Жөн жат!..

**(Барпы Касиятты жетелеп, сыртка чыгат. Быкылдап күлүп жүрүшөт.)**

К а с и я т. Күйүттөн муну койнума өзүм тарткамын. Эми куткарчы!
Б а р п ы. Куткарам. Куткарганда да кандай дейсиң...
К а с и я т. Бирок ашыкча кетпе. Кантсе да эшан эмеспи...
Б а р п ы. Мен дин окулдорун урматтайм. Бирок бул эшенди кантип ыйык Эшен деп айталабыз? Иштери ак эмес: маселен, мен эки жылдай кызматын кылдым: дааратына суу ысытам, чайын кайнатам, кир-коогун жубам—кулу катары жумшайт... Эми акыны сурасам, бергиси жок—батамды гана берем, ага көнбөсөң каргап коём деп коркутат. Ушубу бул Эшендин ыйыктыгы?.. Же болбосо, Казынын үй-бүлөсүнө болгон мамилесин эле ала коёлучу, **Казынын тузуна сийип ак төшөгүн тепсеп отурат.**
Дагы анын аябай кара бир ишин эч ким билбейт, а мен билем.
К а с и я т. Кандайча?
Б а р п ы. Айтууга оозум барбайт.
К а с и я т **(кызыгып).** Айтчы, Барпы, айтчы. **(Колдон алат.)**
Б а р п ы. Бир бечера ата-энеге акча берип, 12—13 жашар уулуна бачабаздык кылып жүрөт. Шариятта жок иш... Ушубу ыйыктыгы?

К а с и я т. Ии, өлүгүңдү көрөйүн—пасык адам турбайбы...

**Пауза.**

Сырттан ат дүбүртү угулуп, кычырап келип извош токтойт. Казынын үнү сырттан угулат. — Ким бар үйдө? Оо Барпы!..

Б а р п ы. Кокуй, Казы келип калды—Анжияндагы иши эрте бүтүп, келип калган тура **(Сыртка)** Лаппай, Казы-ата! Эшикти азыр ачам!

К а с и я т **(коркуп титиреп).** Өлдүк!.. Оюндан от чыкты...

**Б а р п ы. Сен Касият көрүнбө. Төркүнүнө кетти деп коём.**

**(Касият там айланат. Барпы дарбазаны ачат. Казы кирет.)**

К а з ы. Неге баары жым-жырт?

Б а р п ы. Сизди келбейт деп, айымдарыңыз төркүндөрүнө кеткен.

К а з ы. А Эшан кайда?

Б а р п ы. Кошуна көчөдөгү Тараба намазына кетти.

К а з ы. Тез чакырып кел. Мен чечинип кийинейин... Чет бөлмөдөгү кичи зайбынын ичкерисине кирип кетет.

**(Барпы Касияттын бөлмөсүнө кирип, текчеден кайчы алып, анан Эшен жаткан сандыкты ачты. Эшен энтигип сүйлөдү.)**

Э ш е н. Казы кайда? **(Башын көтөрдү эле, Барпы нары түрттү.)**

Б а р п ы. Башыңызды көтөрбөңүз, Казы сыртта турат.

Э ш е н. Эми кандай кылам, айланайын Барпы? Куткар мен...

Б а р п ы. Шойкоң болгону калды. Жана сиз ыкшып жөтөлбөдүңүзбү?

Э ш е н. Тамагым өлгүр кычышып кетпедиби...

Б а р п ы. Ошону казы угуп, катынымдын ичкарисиндеги ким деп ачууланып, биерге кирип келмек болгондо, «Касиятханга иниси келген экен, ошону таппай, үтүп отурат. Сиз кирбей эле коюң деп, араң-араң токтоттум. Кокус кирип келсе шермендечилик мындай турсун, кара башыңыз кетмек... Балким, териңизди тирүүлөй сыйрытмак...

Э ш е н. Айланайын Барпы, мени этеп куткара гөр...

Б а р п ы. Куткарыш үчүн амал кылайын—сиз ага көнүңүз.

Э ш е н. Көнөйүн, тамандымы жала десең, жалайын...

Б а р п ы. Сакал-мурутуңузду чырпып, анан Казынын алдынан жетелеп өтүп кетем, бу—Касияттын иниси деп...

Э ш е н. Анда кандай болот? Эртең кантем?..

Б а р п ы. Кара башыңызды бүгүн сактап калыңыз, эртең болсо «Сакалымы Коончо кыркмалап койдурайын деп, өзүм кырктырдым» дейсиз.

Э ш е н. Макул. Кара жанымы сактап калсаң эле болду, Барпы... (Барпы заматта Эшендин сакал-мурутун кыркмалап салат. Анан **сандыктан чыгармак болгондо, Эшен кыңкыстап унчукту).**

Э ш е н. Барпы, менин дамбалым жок эмеспи. Дамбал бер...

(Барпы көшөгө ичине баш багып, Эшендин ак дамбалын көтөрүп көрүп, бирок ыргытып ийип, башка атлас ыштанды көтөрүп көрүп, Эшенди шаштырып кийгизип ийип, аны сыртка дегдеңдете жетелеп жөнөдү...

Эшен рават дарбаза жакка умтулду эле, Барпы аны жулкулдатып сүйрөп, чарпаяда отурган Қазынын маңдайына отургузуп койду...)

(Қазы Эшендин жүзүнө таңдана тиктеп, анан каткырып жиберди.)

Қ а з ы. Ха-ха-ха!.. Эшаным, сакал-мурутуңуз кана?

Э ш е н. Ко... Кок... Ко-кончо койдурайын деп...

Қ а з ы. Ха-ха-ха!.. Хо-хо-хо!.. (Оолжуп ыкшып күлүп жатып, Эшендин атлас ыштанын көрөт.) Ой, Эшаным! Қөчүгүңдө эшендер кийчү ак дамбал эмес, катындардын атлас ыштаны го?.. Ха-ха-ха...

(Эшан да ыштанын эми көрүп, апкаарып тура калды.)

Э ш е н. (титиреп). Бу... Бу... Қаяктан... Қапырай, капырай...

Қ а з ы. Кайсы катындын ыштаны?... Тараба намазына кетти деш педи беле? (Ыкшып жатып, Эшендин ыштанын тартып жиберди эле, тигинин бутуна кишен болуп калды). Ха-ха-ха!

Э ш е н (ыштанды кыжырдана тээп ийди.) Астапрылла!..

Қ а з ы (ыкшып күлүп жатып.) Барпы, бул атлас ыштанды бекем бекитип кой. Мен апкел дегенде апкелесиң. Қай катындын ыштаны—тактайбыз!

(Қазы күлүп баратып, Эшендин ак жегдесинин этегин силкип, көчүгүн булаң эттире, ыкшып күлгөн бойдон бөлмөсүнө кирип кетет.)

**Пауза.**

Э ш е н. (абдырап). Жаман болду го, Барпы... Жаман кылдың го...

Б а р п ы. Эшеним, мен жаман кылдымбы? Қазынын катынынын койнуна сизди мен жетелеп кирдимби? Бир бечералардын баласына бачабаздык кылганыңа да мен айыптуумунбу?.. Мунун баарын ачсам, териң тетири сыйрылып, ичине саман тыгылып, нак базардын ортосуна асылып калат. Шерменде өлүмү менен кетесиң, түшүнүктүүбү, Эшаным?

Э ш е н (чөгөлөп). Айланайын Барпы, кыңк эткис кулуң болоюн...

Б а р п ы: Макул. Жабылуу аяк жабылуу бойдон калсын. Бирок үч шартым бар. Аларды кыңк этпей аткарасың... Биринчиси—менин эки жылдык акымды бересиң... Сендей пасык Эшендин батасы керек эмес!

Э ш е н (койнунан пул сууруп). Мына ал!.. Ак мээнетиң...

**Б а р п ы (алат). Экинчиси—алиги баланы бачабаздык кумарың**дан куткарасың. Шермендеңи чыгарат элем, бирок баланы аяйм... Бул бактысыздыгын эч ким билбей калсын дейм. Анткени ал чоңоёт...

Э ш е н. Куран урсун, куткарайын баланы... Антпесем жазалат...

Б а р п ы. Үчүнчүсү— азыр Казыга кирип, бир сыр айтасың: үч түндөн бери ушу короодо ак кепин жамынган бир сөлөкөт жүрөт. «Качан келет» деп сени сурап жүрөт дейсиң... Антпесең, мынабу атлас ыштандын сырларын Казыга айтып берем, уктуңбу?

Э ш е н. Уктум, айланайын Барпы. Казыга азыр эле кирип айтам...

## Көшөгө

Көшөгө ачылат. Баягы эле көрүнүш. Короодо ак кепин оронгон сөлөкөт басып жүрөт. Акырын барып, Казынын эшигин кагат: тык-тык-ты!

К а з ы **(чыгып келатып.)** Ваа-ай!.. Атаа-ай!..

С ө л ө к ө т **(дымактуу).** Жап жаагыңды, Казы! Атаңы эми эстедиңби?..

**К а з ы. (келме келтирет). Илаилаха иллиалла. Мухаммад расул** Алла!

С ө л ө к ө т. **Кудайдын келмеси оозуңда... бирок...кудайдын** амирине каршы иштер кылып **жүргөнүңдү** билесиңби?

К а з ы **(калтаарып).** Кудай өзү кечирсин.

С ө л ө к ө т. Кудай кечирбейт, мен анын өкүлүмүн... Ар бир адамдын эки ийнинде кудайдын эки периштеси отураарын жакшы билесиң э?

Э ш е н. Ооба. Оң ийниңдеги сообуңду, солдогусу күнөөнү жазат.

С ө л ө к ө т. Анда мен күнөөлөрүңдү жазган периштеңмин!

К а з ы **(чөк түшө).** Күнөөмдү кечир, периштем.

С ө л ө к ө т. **(сол ийнин тээп).** Күнөөлөрүңдү каттап, колум жоорду! Анткени күнөөлөрүң көп...

К а з ы **(колдорун асманга созот).** Э парвардигар, өзүң кечир!

С ө л ө к ө т. Күнөөлөрүңдү кечирүү, кечирбөө менин колумда! Кааласам, азыр Азрейил жан алгычты чакырам!..

**К а з ы. (сөлөкөттүн бутун кучактап) Азрейил жан алгычыңды ча**кыра көрбө! Эмне кааласаң, баарын берейин: алтын-күмүш керекпи?

С ө л ө к ө т. Ха-ха-ха!.. Жашоо ушунчалык зарылбы сага?

К а з ы. Ооба, периштем. Көп-көп бүтө элек иштерим бар эле. Андан калса, жаш катын алган элем—он сегиз эле жашта...

С ө л ө к ө т. Ха-ха-ха!.. Жаш катының ушунчалык кымбат экен да Ошо катыныңы мага парага бересиңби?..

Казы (токтолуп, мукактанып). Жаным калса, берейин...
Сөлөкөт. Ха-ха-ха!.. Бирок тиги дүйнөдө пара болбойт да! Парага ушу беш күндүк жалган дүйнөдө бетиңерче түшөсүңөр, пенделер! Мына сени, Дыйкан казы, кудай өз амири менен казылыкка жеткирсе, сен анын акыйкатын пенделерге жеткирүү ордуна, акыйкат таразасынан тайып, пара жеп, агын «кара» деп, карасын «ак» деп бүтүмдөр чыгарасың... Ишенбесең, угуп тур: Назар деген бечера байга мандикер түшүп эгин эксе, кургакчылык болуп, керимсел жүрүп эгини болбой калган. Бай аны айыптап, акысын бербей койгон. Назар сага даттанса пара сурагансың. Ал атадан калган алтын кыргак кытай чынысын берген. Бирок тиги бай парага өгүзүн берген. Сен бүтүмдү байдын пайдасына чечип жатканыңда, тиги: Казым, чын чынын сүйлөң, чынысын эске алып сүйлөң деп, чынысын эскертсе сен «Чыныңды өгүз тебелеп сындырып койгон» деп, бүтүмдү байдын пайдасына чыгаргансың... Бу—күнөө.

Экинчиси — Капар деген бечеранын иши... мында да сен байдын парасын жеп, ишти акыйкатсыз чечкенсиң. Ал үй-жайынан ажырап, бала-чакасы менен тентип кеткен... Бу күнөөң да каттоомдо жазылып турат.

Казы. Айланайын периштем, баарын оңдоюн...

Сөлөкөт. Али сөз бүткөн жок. Барпы деген бир байкушту эки жылдан бери эшигиңде малай кылып иштетипсиң. Акысын сооласа, эки жигитиңди жиберип, өлөрчө сабатыпсың. Бу күнөө иш эмеспи, Казым?

Казы. Берейин, анын акысын да ашыкча берейин. Апарып бер.

Барпы. Ашыкча албайт ал. Так эсептеп бер.

Казы (койнунан калтасын алып, эсептеп берет.) Ыраазы болсун!

Сөлөкөт. Эми мынабу калем-кагазды алып, Назар менен Капарга жаңыча акыйкат бүтүм жаз. (Калем-кагаз берет, сол ийнинен тээп турат. Казы чөгөлөп бүтүм жазып, чөнтөгүнөн мөөрүн алып басат...)

Казы. Ыраазы болушсун, айтып кой.

Барпы. Макул, айтам. Эмки сөзүм: үч катын алып, кийин жашына ооп кетип, тигилерин салыңды кылып таштапсың. Күйүттөн алардын бири муунуп өлүп кетсе, өзүң тозок отуна күйүп кетесиң. Тең кара!..

Казы. Макул, периштем. Ар бирин бек кучактап жатайын... Алардын көңүлдөрүн ыраазы кылып жүрөйүн...

**(Сөлөкөт Казыны тургузуп, анан көчүккө бир тээп, үйүнө киргизип ийип, өзү ак кепинин сыйрып ыргытты. Ал Барпы эле...)**

Б а р п ы. Ха-ха-ха!.. «Эшегине жараша тушагы» деген мына ушу. Эми жаңы бүтүмдөрдү Назар менен Капар досума жеткирип, аларды кубантайын. **(Рабат дарбазаны ачып, кубанып жүгүрүп кетет.)**

**Көшөгө**

Көшөгө кайра ачылганда, баягы эле көрүнүш. Рабат дарбаза алдында жаш молдо Шакир чыдамсыз бирөөнү күтүп, тешик тен сыртка улам шыкаалап, нары-бери басып турат.

Эшик шарт ачылып, сүйүнгөн Барпы кирип келет.

Ш а к и р. Өөхх!.. Кудайга шүгүр, Барпы курдаш, келип калдың...

Б а р п ы **(чочуп).** Эмне кеп, Эмне коога, Шакир курдаш?

Ш а к и р. Коога чоң: Казы менен Эшен сени өлтүртүп салууга бүтүм кылышты.... Кач, курдаш! Качып кутул... Кечиндегилериңи билишиптир!

Б а р п ы. Кокуй, качайын! **(Үйү жакка умтулат. Шакир кармап калат.)**

Ш а к и р. Сыртка кач! Качып жөнө деймн!..

Б а р п ы. Качайын... Бирок тыйынымды алайын.

Ш а к и р. Алба! Тыйынды мен берем, ме! **(Чөнтөгүнөн берет.)**

Б а р п ы. Чапанымды алайын... **(Умтулат.)**

Ш а к и р. Жок! Алба... Бөлмөдө эки зөөкүр күтүп олтурушат. Үйүңө башбакканыңда эле, мойнуңду кайрып басышып, муунтуп өлтүрүшөт. Анан мойнуңа таш байлап, Көгарт дайрасына салып жиберишет. Шарт ушундай... Менин чапанымды кийип кач, ме!.. **(Чапанын чечип берет.)**

Б а р п ы. Сени билип калып жазалашпайбы...

Ш а к и р. Мени өлтүрүшсө, бир чала моңол өлөт. Сен өлүүгө тийиш эмессиң. Сен акынсың. Кыргыз элине керек адамсың... Бол курдаш, кач!.. Өлбөсөк көрүшөрбүз... **(Кучакташат. Тиги кетет.)**

**(Көшөгө)**

**«Ажал» деген ырды ырдап узайт: Өмүр бар жерде Ажал бар,**

Өзөктү үзөр тажаал бар.
Өмүргө ажал дос эмес,
Өмүрдүн жолу бош эмес.

Жолдошуң болуп күнү-түн,
Жаныңда жүрөт бул Ажал.
Тамырыңа таркаган
Каныңда жүрөт бул Ажал.

Пармана болуп айланып,
Башыңда жүрөт бул Ажал.
Кабагыңдын ортосу —
Кашыңда жүрөт бул Ажал.

. . . . . . . . . . .

## 3-СҮРӨТ

Алыстан ак чоку кыргыз тоолору көрүнөт. Капчыгайдан чыккан тоо суусу жандап өтөт... Бай түп жаңгак түбүнөн Барпы менен Мөлмөл көрүнөт. Алыстан ат арытып келишкендей, камчылары колунда...

Мөлмөл. Ошентип, Барпы, биз тарапка келип калганыңды уктум жаактууга жай бербес Жеңижок акын менен айтышканы келгениңди уктум. Чыдай албадым—сени бир көрсөм дедим. Аттанып жөнөдүм...

Барпы. Ракмат, Мөлмөлжан... мени унутпай жүргөнүңө ыракмат..

Мөлмөл. Унутмак турсун, сенин ар бир кадамыңдан кабардар болуп жүрдүм... Жаллабаттагы Дыйкан казыныкынан качып чыкканыңды да уккамын. Андан Мака-Торпоктогу тага журтуңа келип, чоң тойдо биринчи жолу ырдап аттанып, ал жерде атактуу кара жаак Карамырза акын менен беттешип, аны жеңгениңди уккамын. Айрым ыр саптарың да жеткен...

Сага кызыл манат желек кийгизип, анан аттантып чыгарса, Карамырза көктөйүңдө соолутайын дегенби, сени мыскылдап ырдаган тура.

Кызыл бир манат жарашкан,
кызыгып жаштар карашкан.
Кыз окшойт деп кызыгып,
О Барпыжан — бала акын,
Сени — кылбат бир жерде
самашкан...

Жашыл бир манат жарашкан,
Жадырап жаштар карашкан..
Катынбы деп кызыгып,
О Барпыжан — бала акын,
Сени — ээн бир жерде
самашкан,

Кызылдан кийип алыпсың,
Келинге окшоп калыпсың.
Карысам да, билип кой,
Мен дагы сага ашыкмын...

Барпы. Ии... и... туура баштап келатасың, Мөлмөл.

Мөлмөл. Анда сен минтип жооп берген турбайсыңбы:

Кызылды кийсем жарашат,
Кызыгып элим карашат.
Караны кийсем жарашат,
Кубанып элим карашат.

Ал эми...
Ит мүлжүгөн ашыктай,
Журтта калган кашыктай.
Итке тумар таккандай,
Эшекке дикак жапкандай,
Кара чаар Карамырза,
Сага кандай кийим жарашат?..

Б а р п ы. Ха-ха-ха!.. Бул сөздөр сага кайдан жетип жүрөт, Мөлмөл?

М ө л м ө л. Эл аралап жеткен. Мен аны кагазга да жазып алгам.

Б а р п ы. Ии, дагы нелер жетти?

М ө л м ө л. **Карамырзаны жеңген соң, Семетей болуш сени өзүнө** ырчы кылып алып, кыз алып бергендигин да уккамын... Кийин сен аны таштап, кетип калгандыгың да мага жеткен...

Б а р п ы. Ой тообой, кадамдарым жомок болуп кеткен тура. Кызык...

М ө л м ө л. Анткени сен акынсың, калк дилине жакынсың.

**Пауза.**

Б а р п ы. А мен сен тууралу эч нерсе билбейм, Мөлмөл.

М ө л м ө л. Анткени мен карапайым пендемин.

Б а р п ы. Жок, Мөлмөл. Мен үчүн теңдешсиз жаралган жансың...

Акыл менен аңдасам,
Кимге окшойсуң, Мөлмөлүм.
Нурун чачкан ааламга,
Күнгө окшойсуң, Мөлмөлүм.
Жазда ачылып кулпунган,
Гүлгө окшойсуң, Мөлмөлүм.
Этиң аппак калы жок,
Карга окшойсуң, Мөлмөлүм.
Сөзүң ширин бөлөкчө, к
Балга окшойсуң, Мөлмөлүм.
Түндү күндөй жаркыткан,
Айга окшойсуң, Мөлмөлүм.
Кара чачың сеңселип,
Тууга окшойсуң, Мөлмөлүм.
Аскадан түшкөн туптунук,
Сууга окшойсуң, Мөлмөлүм.

М ө л м ө л. **(колдон алып).** Рахмат, Барпы, мени унутпаганыңа.

Б а р п ы. Кантип унутам? Атың жүрөгүмдүн терең жеринде... Тиги дүйнөгө да ала кетем **(маңдайынан өбөт.)** Өз абалыңан кабарлачы...

М ө л м ө л. Эки уулдуу, бир кыздуу болдум. Өсүп атышат.

Б а р п ы. Эриң Алибек-бай кандай? Күүлүү-күчтүүбү?

М ө л м ө л. Тирүү. Үч аялынын ортосунда мууну кетти, бошошту.

Б а р п ы. **(шашып.)** Мөлмөлжан, калганын анан сүйлөшөлү. Менин арзып келген адамым — ак таңдай Жеңижок ырчы келатат. Тосуп алайын...

Сахна иңир тартат. Жеңижок кирет. **(Айтыш фонограммада берилет.)**

Ж е ң и ж о к. Жака-белден көп уктум,

Жаңыбайдан кеп уктум.
Жала-абад, Өзгөндөн
Ырчы келди деп уктум,
Ысмынды Барпы деп уктум.
Ырыңды уккан адамдын
Жазылат жарпы деп уктум.

**К ө ш ө г ө**

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

### 4-СҮРӨТ

Кеңири бөлмө. Эскирээк стол, стулдар. Текчелерде чайнек-пияла... Айрым жерлерде иш кагаздар.

Бөлмөнүн бир тарабы айнектелген. Ал аркылуу кеңири пахта талаалары, аларды аралаган тыт терактары көрүнөт. Андан ары бөксө тоолор.

Барпы бир адамды колдон ала жулкулдатып жетелеп кирет.

Б а р п ы. Ой Шакир курдаш, сага эмне болгон? Мени көрөр замат эски досум катары кучакташууга шашпай, дыр коюп качканың эмнең? Эгер мен кууп жетип, чапаныңдан этектеп токтотпогонумда базардагы элдин арасына житип кетмексиң. Неге минтесиң, Шакир курдаш?

Ш а к и р (тайсалдап.) Антпегенде кантмек элем, Барпы курдаш? 12—13 жылдан бери качкын болуп жүрүп, күлк-мүнөзүм таптакыр өзгөрүп кеткенин өзүм да билбей калбадымбы... Бассам-турсам жалтайлайм. Тааныш-тамырлар көзүмө уруна калса, качып бергеними сезбей калам...

Б а р п ы. Неге антип качкын болуп калдың? Адам өлтүрдүң беле?

Ш а к и р. Мен андай күнөөлүү иштерге барбас молдо адам экенимди жакшы билесиң го, Барпы. Шарият шарымын бек кармайм.

Б а р п ы. Анда неге качкынсың?

Ш а к и р. Мен молдомун да...

Б а р п ы. Капырай, молдо болсоң эле кача бересиңби?

Ш а к и р. Ананчы! Силер, балчайбектер менен Кеңеш өкүмөтчүлөр, молдо-кожолорду, эшен-калпаларды артынан сая түшүп куугунтуктап, кармаган эле жерде авактарга алып, сүргүндөргө айдап, уруп-согуп өлтүрүп жатпайсыңарбы, Барпы... А менин өлгүм келбейт, жашмын — жашагым келет. Ушинтип, өкүмөтчүлөрдүн көзүнөн качып жүрөм...

Б а р п ы. (таңданып.) Ушундай де, Шакир. А менден неге качасың?

Ш а к и р. Сен да өкмөтчү болуп кеткенинди билем. Ошон үчүн качтым.

**Б а р п ы. (ойлуу)** Ырас, Кеңеш өкүматчыл болуп кеткемин. Ыңкылап келген күндөн тарта, ага ак дилден кызмат кылууга өткөнмүн. «Кедей кошчулардын» уюмуна кирип, Кеңештин орношуна күч коштум. Жаңы бийликке каршы чыгышкан басмачыларга каршы—кызыл аскерлерге жол көрсөтүп, тоо арасындагы бир нече корбашыларды колго түшүрүүгө көмөктөштүм.... Өмүроомө ок жеп, өлүмдөн араң калдым, мына... **(Жараат ордун көрсөтөт.)**

**Пауза.**

Аларды коё туруп айтчы, Шакир: баягы ак куржун толо китептериң кайда?

Ш а к и р **(шылкыйып).** Жерге көөмп салгамын. ..

Б а р п ы **(ыргып.)** Эмне дейт? Аларда Кураны-каримден тарта, Шейх, Саади, Хафиз, Руми, Жами, Новаи, Физули, Бедил, Аттар, дагы башкалар бар эмес беле? Ушундай да акмакчылык кыласыңбы, Шакир?... **(Кыжынат.)**

Ш а к и р. Ал китептерди сактайм деп, же көтөрүп жүрөм деп, кара башымдан ажырап калышымды каалаган эмесмин... Жашагым келет дедим го!

Б а р п ы **(өкүнүчтүү.)** А кокуй десе... Бирок казып келесиң.

Ш а к и р. Балчайбектер мени камап ийишсинби?

Б а р п ы. Айтпадымбы: бүгүндөн тарта, сен Кеңештин кызматкерисиң, катчыбызсың — тээтиги үстөлдө отурасың. Китептерди болсо сандыкта кармап, түн ичинде Саадини, Хафизди, Руминни, Физулини, дагы көптөрүн окуйбуз. Сен окуйсуң, мен угам, үйрөнөм, ха-ха-ха... **(Бийлейт.)**

**(Паровоздун ачуу кыйкырыгы удаа-удаа угулат. Барпы ойлуу токтолот.)**

Ш а к и р. Темир жол вокзалында көрүнүш абдан жаман го, Барпы? Кишинин зээни кейийт: ый, көз жаш, чуу, коштошуулар... Кары-жаш, бала-чакасын аралаштыра, кызыл вагондорго тыгып салып, жөнөтүп жатышат. Не саясат?

Б а р п ы **(ойлуу, анан баш көтөрүп.)** Кулактарды тап катары жоюу саясатын жүзөгө ашырып жатабыз...

Ш а к и р. Буларды эми каякка апарат өкүмөт?

Б а р п ы. Россияга, Украинага, Сибирге... дешет ко кээ бир балчайбектер. Кээ бирлери атып салат, кырып салат дейт. Түшүнбөйм.

Ш а к и р. Я Алла! Райым айла... Шундай да саясат болобу?...

**Б а р п ы.** Антип талкуулоого эч кимдин акысы жок: биздин милдетибиз—**балчайбектер айттыбы, аткара берүү..** Жаңы бийлик ушуга үйрөтөт. Ошон үчүн мен да сага буйрук берем: ак куржундагы китептерди казып кел... анан Кеңештин катчылык ишин аткар!

**(Шакир сыртка кетет. Ал жактан кобур-собур угулат).**

**А я л** ү н ү: — Айыл Кеңеш ушердеби?
Ш а к и р ү н ү :—Ооба, ушерде.
**А я л** ү н ү: — Барпы деген адам барбы?
**Ш а к и р ү н ү. —Бар, бар кириңиз!**
Эшик жай ачылып, 40 жаштар чамасындагы жупуну аял кирет.
**А я л.** Ассалоом алейкум, руксатпы?
**Б** а р п ы. Кириңиз-кириңиз. **(Экөө тиктешип туруп калышат.)**
**А я** л. Барпы, сен мени таанybай калдыңбы? Жаңы заман келип, чоң бийлик колуңа тийип, жалгыз көзүңдү да май басып калган белем...
**Б** а р п ы **(үңүлүп).** Мөлмөл?.. Сенсиңби, айланайын Мөлмөл?.. **(Тура калып, көкүрөгүнө толтура кучактап, маңдайынан, көздөрүнөн өбөт.)** Таптакыр өзгөрүп кетипсиң го, Мөлмөл? Баягы таус куштай сан кулпурган келбетиң кайда?.. Таптакыр уйпаланып калыпсың го? Неге мындай?
М ө л м ө л **(тигинин кучагынан бошонуп.)** Заман өзгөрбөдүбү. Анын жылуулугу сендейлерди көктөтүп, мендейлерди биротоло уйпалап салбадыбы.. Жаңы бийликтин каары тийип, байкуш да, жек көрүндү да болуп калдык биз. Анан мен өзгөрбөгөндө ким өзгөрмөк, Барпы?.. Байкуштун байкушу болуп турган чагым...
**Б** а р п ы. Койчу, Мөлмөл! Сени кудай көрктүүнүн көрктүүсү кылып, ушунчалык кооз сымбат, теңдешсиз сулуулук берген. Эми ошо кудай сени кантип эле байкуштун байкушу кылып койсун?
**М** ө л м ө л. Кой, Барпы. Мага азыр жылтырак мактоо сөздөрүңдүн кереги жок! Жаңы заман бизди гөр оозуна жеткирди. Бирок, нары тартып кетпей, чексиз азап-тозоктор менен дагы кыйнап жатпайбы...

Б а р п ы. Койчу, Мөлмөл! Анчалык эле эмне...

М ө л м ө л. Калп эле аңкоосуп, мени кордобо, Барпы. Өчүң болсо, минтип табалабай, жөн ал.

Б а р п ы. Кудай сактасын, антпейм. Сен да жөн айтчы.

М ө л м ө л. Жер-суубуз, кооз үй-жайыбыз, короо-короо малдарыбыз тартылып алынды... Аз келгенсип, эрим Алымбектин колуңа кишен катылып, бала-чакабыз менен баарыбызды сүрүп келип, эми вагондорго тыгып, белгисиз жактарга сүргүндөп айдап жатышкандыктары сага оңойбу?

Б а р п ы. Ырас, Мөлмөл. Өтө оор. Мындай жапааны эч кимдин башына салбаганы жакшы эле. Бирок... бирок мен кантмек элем? Бу балчайбектердин саясаты болуп жатпайбы...
М ө л м ө л. Ошол балчайбектериндин башында ким турат?
Б а р п ы. **(ойлонуп).** Кудай турат да, кудай...
М ө л м ө л. Барпы, оозуна карап сүйлө! Кудай — акыйкат...Ал мындайга барбайт. Кудайдын Кураның да, Хадисин да Атимбү кемпирдин жардамы менен окуп чыкканмын. Кудай өз тапканың өзүңө халал дейт. Аны тартып алууга эч кимдин акысы жок дейт. А балчайбектериң неге тартып алат — ата мурас жерлерибизди, алардан келаткан байлыктарыбызды?
Б а р п ы. Мындай суроолоруңа тишим өтпөйт, Мөлмөл. Андай суроолоруңду балчайбектердин төрөсү Ленин, Сталин көсөмдөрүнөн сурат.
М ө л м ө л. Анда сен неге Ленин, Сталин деп ырлар чыгарып, какшанып ырдап, элди аларды ээрчүүгө чакырып жүрөсүң?
Б а р п ы **(мукактанып).** Алар мени кулдуктан куткарышпадыбы...
М ө л м ө л. Сени кулдуктан куткарышыптыр — жакшы деп коёлу. А мени, менин авладимди андан он эселеген оор азаптарга неге салып жибериштери керек? Буларың кудайдын адилеттигин деги билишеби?
Б а р п ы. «Кудай жок» дешет балчайбектер.
М ө л м ө л. Андай болсо, неге сен аларга кызмат кылып жүрөсүң? Кудайдан коркпогон адамдан, андай бийликтен эч качан жакшылык күтүүгө болбойт. Муну бүт мусулман пенделери билишет. Сен кимсиң, Барпы?
Б а р п ы. Илаилаха иллалла Мухаммад расул Алла—мусулманмын!
М ө л м ө л. Мусулман болсоң түшүнчү: эмне үчүн мен жана менин авладим көз көргүс жактарга сүргүнгө айдалып кетип, өз ата жеринен топрак буйрубай, ошол жактарда мусапыр өлүмү менен өлүп, тукум курут болуп кетиши керек?.. Калыс сөзүңү айтчы, Барпы! **(Ыйлайт.)**

**Пауза.**

Б а р п ы **(көз жашын байкатпай сүртүнө).** Мен акындык кадыр-баркымды, Кеңеш берген бийлигимди салып, сени эки уулуң, бир кызың менен алып калуунун аракетин кылам: балчайбектердин Жаллабаттагы канткомуна, Оштогу уездкомуна барам... Ал эми Алыбек-байды — эриңи калтыра албайм... Ал сүргүнгө берки эки катынынын бирин алып кетсин...

**(Мөлмөл сөз катпай, тунжурап ойлуу олтурат.)**

**Мөлмөл, сен дагы** эле жүрөгүмө кыз чагындагыдай жакын **Зайдонсуң. Сени** белгисиз тагдырга бет алдырып жиберип ийип,

жүрөгүм мында кантип тынч алсын?... Ооз ачып өпкөн, тил күрмөп ыр кураган сүйгөнүм сен болгонсуң го... «Коноюн» деген ырым эсиңден чыгып калган жокпу?

«Ашыгың булбул мен болуп,
Арзыган жарым сен болуп,
Айланып учуп келип мен —
Чарбагыңа коноюн;
Чарбагыңдан учурсаң,
Гүлбагыңа коноюн;
Гүлбагыңдан учурсаң,
Өрмөгүңө коноюн;
Өрмөгүңдөн учурсаң,
Көйнөгүңө коноюн;
Көйнөгүңдөн учурсаң,
Саамайыңа коноюн;
Саамайыңдан учурсаң?
Маңдайыңа коноюн;
Маңдайыңдан учурсаң,
Кабагыңа коноюн;
Кабагыңдан учурсаң,
Сагагыңа коноюн;
Сагагыңдан учурсаң,
Тамагыңа коноюн;
Тамагыңдан учурсаң,
Мамагыңа коноюн;
**Жолотпостон түртсөң да**
Жоо көргөнсүп үрксөң да,

Мен жубайың болоюн!—деп ырдаган элем. Унутканың жокпу? Бирок катаал заман тагдырыбызды бөлдү.

**Пауза**

**Менин болсо үй бүлөлүк бактым алигиче болбой жүргөндүгүн** жакшы билесиң. Биз кайрадан бактылуу болобуз... А балдарың болсо, менин балдарым болуп кала беришет. Мен аларга татыктуу ата болуп берем...

М ө м ө л **(ойлуу).** Ошондой деп ойлойсуңбу?

Б а р п ы. **Ооба, Дал ошондой** ойлойм, ошондой болот.

М ө л м ө л **(терең улутунуп).** Гмм...

Б а р п ы **(чечкиндүү).** Кыскасы, сени балдарың менен сүргүндөн **алып калам. Байдын зордуктап алган** үчүнчү аялы катары балчайбекте-р сени **бошотот. Токолдорду** эркиндикке чыгарып жатышпайбы... Сен да **ошол токолдордой** күнүлөштөрдүн үстүнө баргансың да?..

М ө л м ө л. Ооба. Ошенткемин. Бирок...

Б а р п ы. Эмне «бирок»?.. Кыскасы, сөз бүттү—сен каласың!

М ө л м ө л **(чечкиндүү).** Жок!.. Бүткөн жок. Адамгерчиликтин ыйык заңы бар. Ошо заң боюнча, эң кичи катыны катары, эрмин кыйынчылыктарына мен ортоктош болуп, аны менен кошо кетүүгө тийишмин!

Б а р п ы. **(чочуп). Кантет?** Түшүнбөй жатасыңбы?

М ө л м ө л. Эң сонун түшүнүп жатам. Кудай алдында минтүүгө **мен милдеткермин. Антпесем уул-кыздарым эмне дешет?** Алар карыган атасынын жанында **болушсун. Казасы жетип, кай жерде** көз жумса, алар өз колдору менен топрак салып көмүшсүн...

Минтишимди **мен ар кандай ак никедеги катындын** милдети деп эсептейм, бу— адамгерчиликтин ыйык заңы...

Б а р п ы (**не кыларын билбей**). Шашпачы, Мөлмөл. Шашылбачы...

М ө л м ө л. Шашканда-шашпаганда да ишенимим ушу... Мен үчүн кам көргөнүңө, мен үчүн күйгөнүңө рахмат. Бирок адамгерчиликтин заңын аттап кете албайм... Кош эми, мындан ары көрүшөбүзбү, жокпу, бир кудай өзү билет. Жакшылык-жамандыгыбыздын баарына ыраазы бол. А мен сага ыраазымын: сонун сонун ырларыңды мага арнадың, беш күндүк дүйнөгө атымды калтырдың... Сонун-сонун сезимдер, кыялдар бердиң.

Аягы кайчылаш түшсө да, сага дуушар келген тагдырыма ыраазымын. Кош, асыл Барпы... Кош, жез таңдай Апыз... (**Буркурап ыйлап, бек кучактап, өпкүлөйт да артына шарт бурулуп кетет.**)

Б а р п ы (**кыйкырып**). Мөлмөл!.. Акмөлмөл!.. Шашпа! Кайт, кайт!.. (**Барпы столуна олтуруп башын мыкчыйт**).

Мөлмөл.. Акмөлмөл... Ырас эле сенден түбөлүккө ажырап каламбы?.. Жок, **андай болууга тийиш** эмес—мен сени алып калууга аракеттенем.

(Темир жол вокзалы тараптан чуу күчөп, тарсылдап мылтык атылып, **пулемет кезектери угулат... Паровоз бир нече мүнөттөй үз**дүксүз кыйкырып, тривога билдирет. Мылтык үндөрү жакындан угулуп, кеңса айланасынан «Ай куу! Ай куу!..» деп кыйкырып, ат чаап өтүп бараткандардын шоокумдары угулат. Терезеге ок тийип, айнекти шаңгырата сындырат. Бирок тунжураган Барпы баш көтөрбөйт.

Назар эки солдатты ээрчитип кирип келет. Анын башы жана бир колу ак каса менен таңылган, чыпылдап каны чыгып жүрөт.)

Н а з а р. Барпы, неге атаң өлгөндөй башыңды мычкып отурасың? Темир жол вокзалында кан төгүлүп жатпайбы!..

Б а р п ы. (**араң баш көтөрүп**). Эмне болуп кетти?

Н а з а р. Сүргүнгө жөнөтүп жаткан кулактарды бошотуп алмакка Мады корбашынын басмачылары кол салды. Кармашуу катуу болду... Кызыл командир Петров өлдү. Анын ооруй басары Казыбаев оор жараланды. Беш салдатыбыз окко учту... Ал эми басмачылар пулеметтун огуна капталышты— боо түшүп калышты...

Б а р п ы. Сен өзүң соосуңбу? Каның тамчылап жүрөт ко?

Н а з а р. Башыман жана колуман жеңил жараландым. Кантсе да, эшалонду жөнөттүк... Мен тааныган байлардын он чактысы бала-чакалары менен кетишти. Баягы сеңселген сакалдары аркылуу жаш куюлат. Моокумум канды, Барпы!.. Дагы бир эшалонду, кудай буйруса, кечке жакын жөнөтөбүз. Кулактарды тукум курут кылабыз. Жашасын дүйнөлүк Революция!.. Ураа!.. Ха-ха-ха!..

Б а р п ы. Адам каны төгүлүп, бактысыздыктар, көз жаштар селдей каптап атса, неге сен ха-халайсың, Назар?
Н а з а р. Тап душмандарыбыздын каны, көз жаштары төгүлүп атат.
Б а р п ы. Эмне, алар кудайдын кулу эмес бекен? Баарыбыз пенделербиз го. Жасаратыбыз топрактан бинаа этилген...Же...
Н а з а р. **(кол шилтеп).** Сени түшүнбөйм, Барпы. **(Солдаттарын эстеп)** Айтмакчы, вокзалдын телефону бузулуп, буларды биерге жиберди— канткомдун секретары Секимов — эшалондун жөнөтүлгөндүгүн Ташкенге кабарлагыла деп...
Б а р п ы. Канткомдун секретары Секимов мындабы?
Н а з а р. Ооба, Уездкомдон да адам бар.
Б а р п ы **(шашып).** О кокуй, анда мен аларга жолугайын.
Н а з а р. Мынчалык неге шаштың?
Б а р п ы. Мөлмөлдү балдары менен сүргүндөн алып калууну сүйлөшөм. Мен деле өкмөт бийлигинин адамымын го. Эмгегим бардыр...
Н а з а р **(ачууланып).** Биз кулактарды тап катары жоюп, тукум курут кыла албай жүрсөк, сен кулактын аялын, балдарын алып **калмаксыңбы? Ырас, Барпы, кээде сенин кай тарaптыгыңды** түшүнбөй калам.
Б а р п ы. Мен адамгерчилик тарабындамын деп айтып жүрөм го. **Кой, мен кеттим. (Жүгүрүп кетет).**

Солдаттар телефон кулагын бурап, кыйкырып-өкүрүп сүйлөшөт.

**С о л д а т. Алоо! Алоо.. Ташкент! Ташкентпи?.. Слушайте нас:** эшалон отправлен от станции Джалал-Абада... Нападение басмачей отбита... Да-да... Но тривога есть. Может быть нападение повторится. Да... да... Немедленно отправьте хорошо вороженного батальона! Приказ секретаря Канткома такой... Да... да...Ждем ответа!

**К ө ш ө г ө (каардуу музыка)**

Көшөгө кайра ачылганда мурдагы эле көрүнүш. Назар басып турат. Барпы кирет сендилектеп... Ал дубалдарды таяна, араң токтоп калат.

Н а з а р **(чочуп).** Барпы!.. Эмне болуп кетти? Ок тийдиби?
Б а р п ы **(араң).** Ооба, ок тийди... Ок тийди, Назар-дос...
**Н а з а р О кокуй, каериңе тийди?**
Б а р п ы. **(токтолуп)** Дал жүрөгүмө тийди... Жүрөгүмө...
Н а з а р **(анын көкүрөгүн ачып.)** Төшүңдө кан-сөлүң жокко? Кана?
Б а р п ы. Мен Мөлмөлдөн түбөлүк ажырап калмай болдум. Тагдырдын бул соккусу жүрөгүмдүн толтосун жарып өттү...

Н а з а р. (кол шилтеп) О кокуй десе, ошо да кеппи...
Б а р п ы. Мен үчүн мындан улуу кеп жок, Назар! Сен муну түшүн... Менин жүрөгүмө мылтыктын огу эмес, катаал тагдырдын, каардуу замандын огу тийди... Мылтык огу жүрөгүмө тийсе, тырп этпей жыгылып, түбөлүк тынып калбайт белем. Ал эми тагдырдын огу жүрөгүмдү өмүр бою айыкпас кылып жаралап кетпеди би... Эми өмүр бою азаптамын...

**Пауза**

Канткомдун секретары Секимовго, уездкомдон келген адамга жолуктум. Мөлмөлдү балдары менен сүргүндөн калтырууну сурандым. Ал үчүнчү аялдыкка—токолдукка баргандыгын айттым. Андайларды балчайбектер бошотуп, эркиндик берип жатышкандыктарын айттым. Ал аял бир кезде менин сүйгөнүм болгондугун, кедейликтен улам баш кошо албай калгандыгымды айттым... Бирок, ал мени түшүнмөк турсун, аябай жемеледи: «сен, сабатсыздыгың аз келгенсип, саясы сокур да турбайсыңбы; ал Мөлмөлүң бир жагынан Атамбай байдын кызы болсо, экинчи жагынан Алыбек байдын көрөркөзү... Ошондой байдын кызын сүйгөндүгүңдүн өзү—саясы сезимиңдин төмөндүгү болгон... аны бүгүн сүргүндөн калтырып бергиле деп келип отургандыгың—саясы сезимиң ошол бойдон төмөн калгандыгын көрсөтүп отурат» дейт.

«Жүрөгүм сүйүп калган, анын саясы жагын караган эмесмин» дедим. «Жеке жүрөк сүйүүсүнөн, таптык сезим жогору туруу керек!» деп, столду тарс эттире бир муштады... Аз келгенсип, минтип кошумчалады: «Таптык сезими мындай төмөн адамды айыл Кеңешинин жетекчилеринин бири катары кармагандыгыбыздын өзү туура эмес болгон» деп кекетти.
Н а з а р. Мүйүз сурайм деп барып, кулагыңан ажырапсың да...
Б а р п ы. Мөлмөлдү алып кала алсам, эки кулагыман ажырасам да мейли эле го... Эми кандай кылам, Назар? Акыл кошсоң боло...

**(Ушул учурда паровоз эки жолу созолонтуп кыйкырат.)**

Н а з а р. Эми эч нерсе кыла албайсың, Барпы! Тигине, акыркы поэзд жөнөдү... Мөлмөлүң кетти...
**(Поэзд күш-күш, пыш-пыш этип, пүү-үп деп үн чыгара алыстайт.)**
Б а р п ы (терезени жөөлөп, ыйлап кыйкырды.) Оо Мөлмөл!.. Акмөлмөл!.. Алтыным Мөлмөл! Түбөлүккө ажырашып кеттикпи?.. Тагдырыбыз, заманыбыз ушунчалык катаал беле?.. Кош, Мөлмөлүм, кош... **(Ак жоолугу менен көз жашын баса, столуна өбөктөйт).**

**Пауза.**

**(Столунун суурмасын тартып, мөөрүн алып унчукту.)**

Назар, ме!.. Айыл Кеңешинин мөөрү... Мен эми муну түк кармабайм. Мен эл аралап ыр ырдайм... Адамгерчиликти ырдайм... Кеттим... **(Кетет.)**

**К ө ш ө г ө.**

## 5-СҮРӨТ

Кеңири бөлмө. Төргө атлас-тукаба көрпө-жууркандар жыйылып, жерге кооз килемдер салынган. Дубал боорунда туш кийиздер.., илбирс, карышкыр, суусар терилери, аюу талпактары илинген.

Кооз кийинген Айымпаша кеңири дарчаларды жөөлөп, сыртка тынчсыздана көз таштап, өзүнчө күңгүрөнүп сүйлөнөт.

А й ы м п а ш а. Келатышат... Менин асыл эрим Мадыл корбашы, анын жигиттери келатышат. Эмнелерди олжолоп, эмнелерди апкелатышат болду экен?.. Кечээ түнү олжолуу кайтышкан: эки дүкөндү талап, асыл баа буюмдарын ат өгүздөргө жүктөп келишкен... У ш у н д а й а п ы л - т а п ы л мезгилде б а а л у у д ү й н ө д е г е н д и жыйнап албаса болобу? Заман болсо каарданып баратат — эмне болот, эмне жок — ким билет? Эрим соода иштери менен сандык-сандык баалуу буюмдар, алтын-күмүштөр топтободу беле... Эми ошолор колдон чыгып кеткени жатпайбы, ошон үчүн колуна курал алып, капыр балчайбектерди беттеп чыгып отурбайбы, байкуш эрим. Бу — эр жигиттин иши да!.. Ансыз капыр балчайбектер бизге жашоо бербей турган болду... Оо кудай...

**(Эшик шарт ачылып, Мадыл корбашы Барпыны сүйрөп келип, төргө таштайт. Анан желкесинен чапчып тургузуп, дубалга сүйөй отургузат. Барпынын көзү кандуу ак жоолук менен таңылган... Мадылдын жигиттери дагы үч адамды сүйрөп киришет. Алардын артынан баягы пристав Иванов да кирет—ак офицердин форма сын кийип, тапанча тагынган. Ал жаткандарды аёосуз тепкилеп тургузат.)**

И в а н о в. **Тургула, сволочтор! (Тигилер сендилектеп турушат).** Силер большевиктерди жактайсыңар да?.. А большевиктер бүткүл Росияны кыйратышты... Менин кайран энем Россияны кыйратышты!.. Россиянын эң мыкты адамдары — капиталисттери, ишмерлери, интеллигенттери бүт байлыктарын, үй-жайларын, илимискусстволорун таштап, Батышка качууга аргасыз болушту... ансыз канкор большевиктер «От имени революции!» деп атып салышты. Менин ата-энем да токуу фабрикасын, Москванын дал ортосундагы 5 этаж үйүн, токой ичиндеги кооз дачасын, дагы толгон байлыктарын таштап качууга аргасыз болушту...

**(Колтойгон трубкасына тамеки басып түтөтөт. Кайра-кайра сорот.)**

Бир туугаи карындашым атактуу артистка эле, агам окумуштуу инженер болучу, ушулар качышты. А студент инимди атып салышты...

Сибирдин токойлору авактарга, сүргүн лагерлерине толуп кетти. Ушундай да апаат болобу? Большевиктер—адам эмес, азезилдер...

М а д ы л. Сенин кең Россияңды мен соодагерлик кылып жүрүп көргөмүн. Ошо чексиз Россияны кыйраткан большевиктер биздин Орто Азия жерлерибизди, элдерибизди кыйратып жатышат... Ата мурас калган байлыктарымды өзүм соодагерлик жөндөмдүүлүктөрүм менен тапкан байлыктарымды мына буларга окшогон куу чокой большевиктер тартып алып жатышса, кантип чыдайм?.. Аз келгенсип, сүргүндөргө айдап жатышса... Оо кудай! **(Асманга кол созо)** Сенин калыстыгың барбы?.. Балчайбектер деген азезилинди кайдан түшүрдүң? Ушундай зомбулуктарды жер жүзүндө адам баласы көрдү беле?.. Неге алардын ооздугун тартып койбойсуң? Биз деле сенин пенделериңбиз го. Байлык топтой алгандыгыбыз үчүн күнөөкөрбүзбү?.. Неге муну балчайбектердин башчысы Ленин түшүнбөйт? Анын оюнча, баарыбыз итке минген кедей болушубуз керекпи? Иштин көзүн көрбөгөн сокур болушубуз керекпи?

Эми мен жети атамаи келаткан байлыктарымды, өз маңдай терим, аракетим менен тапкан байлыктарымы, Ата Мекенимди, жер-суумду таштап, кайдадыр сүргүндөргө айдалып, өз жеримден топурак буйрубай өлүшүм керекпи? Оо кудай!.. Барсыңбы, Оо кудай!..

**(Өз башын мыкчып, күрсүгө отурат.)**

И в а н о в. Мадыл-корбашы! Сен минтип кудайдан ырайым күтүп озоңдобо. Биз большевиктерди өз күчүбүз менен, мынабу куралдын **(тапанчасын сыйпалап)** күчү менен гана жок кылышыбыз керек. Ошондо гана биз өз башыбызды, укугубузду, байлыктарыбызды сактап кала алабыз! Мен сага көрсөтөйүнбү, мына мындай кылышыбыз зарыл... **(Туткундарды беттеп барып, кыжынып сүйлөй баштады.)**

Ии, сен баягы Шакир молдо турбайсыңбы. Дыйкан казынын катчысы эмес белең... Казыны большевиктер атканда качып кетип, анан ыйык куранды ыргытып, кудайсыз большевиктерге кызматка өткөн экенсиң да?.. Тура тур, азыр эсептешебиз.

**(Экинчи туткунду беттеп)** Ии, сен мечитте бала окуткан мугалим эмес белең. Кудайдын окуусун таштап, большевиктердин идеологиясын таратууга өткөн экенсиң да?.. Сен да тура тур.

(Үчүнчү түткунду беттеп.) Оо, сен уездден келген чоң большевиктерден турбайсыңбы... Чоң болсоң да күнүң бүгүн бүттү...

Иванов эки кадам артка кетип, Шакирди атты. Айымпаша чыңырып жиберет. Шакир чалкасынан жыгылды. Мугалимди атты, ал көмкөрөсүнөн кетти. Үчүнчүсүн атты бирок тиги жыгылбай, ачуу кыйкырды:

— Жашасын революция!.. Ураа!.. Ураа!.. — Иванов дагы атты. Жигиттер жыгылгандарды шыйрактап сүйрөп кетишти...

Иванов Барпыны беттеп барды.

Мадыл. Иванов, аны атпай тур! Өзүм сүйлөшөм.

Иванов. Макул. Бирок Барпыда бирооз сөзүм бар.

Мадыл. Сура. Айт!

Иванов. Барпы, эсиңдеби: Казынын эшигинде бизге каршы чыксаң, жалгыз көзүңдү да оюп аламын дегемин э?

Барпы. Эсимде... Бирок сен оюп албасаң да Мады корбашы көзүмдүн чечекейин камчысы менен жара чапты... эки көзсүз калдым.

Мадыл. Ал үчүн мен айыптуу эмесмин. Динсиз балчайбектердин кызматына өткөн өзүң айыптуусуң. Эми өкүнөсүңбү?

Барпы. Өкүнбөйм. Алар мени бир кезде кулдуктан куткарган...

**Мадыл. Бирок эми жер-суу бүт байлыктарыбызды алып атпайбы.**

**Барпы. Менде жер-суу да, байлык да жок. (Барпы алаканын тосот.)** Мени өлтүрсөң да, Мадыл, келе наспайыңдан бер.

Мадыл. Макул. Берейин **(Берет.)** Акылыңы пеште. Сөз бар.

**Пауза**

Барпы. Сөзүңө даярмын, айт! Кулак сенде, Мадыл.

Мадыл. Айтарым бу: капырды коюп, мусулманчылыкка кызмат кыл.

Барпы. Эки көзсүз эмне кызматыңды кылам?

**Мадыл. Көзүң болбосо да айыл-майыл кыдыртабыз—ат үстүндө.**

Барпы. Кыдырып эмне кылам?

Мадыл. Сенин сөздөрүң элге тез жетет. Элди балчайбектерге каршы көтөрөбүз. Аларды мусулманчылыкка чакырасың...

Барпы. Мен Ленинди ырдап, аны ээрчүүгө элди чакыргамын.

**Мадыл. Капыр болуп кетесиңби?**

**Барпы. Дилимди бербейм. Бирок Ленинди ырдайм.**

Мадыл. **(кыжырданып.)** Мына сага Ленин!.. **(Көмөлөтө тебет.)**

Иванов. Корбашы, колуң барбай жатса, мен атып салайын.

Мадыл. Жок! Өзүм муну мууздап өлтүрбөсөм, моокумум канбайт, кегим тарабайт. Андан калса, эл арасында Барпы менин

аялымдын этегин ачкан имиш деген айың сөздөр бар экен... Туурабы, сокур?

Б а р п ы. Аялыңдан сурап көр.

**М а д ы л. (Айымпашага тигилет). Чынбы, жалганбы?**

А й ы м п а ш а **(калтаарып.)** Кайдагыны айтпаңызчы, паңсат...

Б а р п ы. Ха-ха-ха!.. ха-ха-ха!.. ха-ха-ха...

М а д ы л **(кыжынып.)** Күлкүңдү койчо мууздап салып токтотом!..

**(Барпыны жерге жыга тартып, көк желкесинен тебе, эми ээктен алып, мууздап жибererде, Айымпаша чыңырып, ортолукка жыгылды.)**

А й ы м п а ш а. Сойбо!.. Сойбо!.. **(Эрин колдон алды.)**

М а д ы л. **(аялын көмөлөтө түртүп.)** Атагананды... дагир! Азыр сокурду мууздап, үстүнө сени мууздайм!..

**(Сырттан «тарс-турс» ок атылып, ызы-чуу түшүп кетти: ураа! ураа!..)**

И в а н о в. Кач, Мадыл!.. Кызылдар!.. Большевиктер!.. **(Өзү качты)** Мадылдын колунан бычагы ыргып, төрдөгү мылтыгына умтулганда, эки кызыл аскер мылтыктарын сундура кирип келишти.

К ы з ы л а с к е р. Былк этпегин, Мадыл корбашы!

**(Назар кирип келип, жерде жаткан Барпыны баштан жөлөп тургузду.)**

Н а з а р. Ыйык Апызым! Мен Назар досуңмун. Өмүрүңдү кыл учунан сактап калганыбызга кубанам! Кудайга шүгүр...

Б а р п ы. Бирок, Назар-дос, жалгыз көзүмдөн да ажырап калдым. Айланам караңгы түн.. Эми өлүү-тирүүм кимге таң?..

Н а з а р. Убайымга чөкпө, Апыз! Көзүң көрбөгөн менен көкүрөгүң тунук. Сен жүрөгүң менен көрөсүң, бал тилиң менен сүйлөйсүң... Сен өз элиңе керексиң. Абдан керексиң... Анткени сен акынсың...

**К ө ш ө г ө**

**6-СҮРӨТ.**

Көшөгө түшүрүлүү бойдон. Базардын уу-чуусу угулат.

— Кел ысык мантыга! Кой этинен — куйрук кошулган...

— Оо, аларман! Арзан өтүк ал — кайышы хром...

— Мына кийим-кече — чет элден келтирилген...

Тебетейчен менен калпакчан көшөгө алдында карп-курп чыгышат. **Калпакчан. Ой, айылдаш, апкелген койлоруң бүт сатылдыбы?**

К а л п а к ч а н. Тездет. Түштөн кийин чайканада Барпы ырдайт.

**Т е б е т е й. Көр Парпы акынбы? Баары макташат ко.**

К а л п а к... Оо, ырды селдей каптатып төгөт.

**Т е б е т е й. ..Комуз чертпей ырдайт имиш ко?**

К а л п а к ч ы. Ооба. Анткен менен чайканачылар талашып чакырат.
Т е б е т е й... Эмне үчүн антишет?
К а л п а к... Эл көп чогулат. Алардын соодасы жакшы жүрөт.
Т е б е т е й... Сокур неме кантип келип калат биерге?
К а л п а к... Өздөрү унаа жиберип алдырышат. Палоо демдеп жедиришип, анан түштөн кийин — эл соодасын бүткөндө ырдатышат. Кыскасы, кечикпей кел. Алдыраактан орун алып, Апыздын ырын угабыз.

Экөө көшөгөнүн эки жагына кетишет.

Көшөгө жай көтөрүлөт. Чайкана. Кызыл килем жабылган эгиз **чарпаяда, таягын таяна тике туруп, Барпы ырын төгүп жатат.**

Айт, айт десе, ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган,
Ааламдагы адамды айт.
Бири күлсө, миңи ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт.
Теңсиздикти ушундай,
Адам качан талкалайт?

Жылуу сөздөн тилдөө көп,
Жабыр тартып зилдөө көп.
Күлүү эмес, ыйлоо көп,
Көпчүлүктү кыйноо көп.
Алуу эмес, берүү көп,
Ар азапты көрүү көп.
Көпчүлүктү сөгүү көп,
Көздүн жашын төгүү көп...
Тирүүлөрдөн өлүү көп,
Көңүлү өспөй чөгүү көп.
Акыйкатты ачык айт,
Адамдарга шашып айт.

Айт, айт десе, чындыкты айт,
Айлыкты эмес, жылдыкты айт.
Ак пейилдүү адамды,
Азгыруучу шумдукту айт.
Ачкалыктын айынан,
Ач-жылаңач кулдукту айт.
Багам десең жаныңды,
Улуктарга жалганды айт.
Айтам десең, чындыкты айт,
Башка кайгы салганды айт.

**Чарпаяга милиционер секирип чыгып, Барпынын ийининен силкилдетет.**
М и л и ц и о н е р. Токтотуңуз ырыңызды, ырчы!
Б а р п ы. Эмне болуп кетти?
Э л **(чуулдап):** — Ой мейлиса, сен неге токтотосуң ырчыны?
— Ой, биз ыр угабыз деп турабыз го!
— Кызык жерине эми келбеди беле! Ырдасын...
Н а з а р **(чарпаяга секирип чыгып).** Ой, мейлиса, бу не кылганың?
М и л и ц и о н е р. Тапшырма ошондой... Тиги капитанга баргыла! **(Элди демитип тарата баштайт.)** Тарагыла эл! Жумуш-жумушуңа жөнө!
Н а з а р **(Барпыны колдон жетелеп түшүрүп, капитанга кайрылды. Ал чочуп кетти.)** Ой, капитан десе, өз уулум—Мыктыбегим турбайсыңбы! Тиги мейлисаң Барпы-апызды ырдатпай, бери ку-

балады го. Кой дечи!

К а п и т а н. Себеби бар, Ата!

Н а з а р. **Барпыдай ырчыны ырдатпай коюуга кандай себеп?!** Бул оң-солго таанылган актандай, жез таңдай ырчы эмеспи!

К а п и т а н. Билем, ата... **(Мустайып попирос жандырат.)**

Н а з а р. **Билсең апызга тыюу салдырба. Андан калса, били**сиң го, уулум, Барпы менин досум—орок оруп, кетмен чаап, тең өскөнбүз. Ал эмне болуп калыптыр, сен төрөлгөндө, атаң менден мурда кубанып, атыңды ушу киши коюп берген — Мыктыбек деп —мыкты адам болсун деп... Андыктан Барпы абаңды мендей эле атам деп бил...

К а п и т а н. Макул, ата, макул.

Н а з а р. Тигине, эл тарабай, Апыздын ырын уксак деп турушат. Алар суу сепкендей болуп, анан Апыздын шагы да сынбасын... Сен да ук!

К а п и т а н. Мен ар убак анын ырын угуп жүрөм.

Н а з а р. **(таңданып.)** Кайдан, качан угуп жүрөсүң?

К а п и т а н. Ар бир базар сайын, ар бир чайканада... Ал турсун, анын ар бир сап ыры менин магнитафонума жазылып, мекемебизде турат.

Н а з а р **(чочуп.)** Ой, анткениңер эмнеңер? Сен неге убараланасың?

К а п и т а н **(кулагына жакындап)** Бул жооптуу иш мага тапшырылган!

Н а з а р. Капырай, Апыздын ырында кандай коркунучтуу иш болушу мүмкүн? Бу не деген кооптонуу?

К а п и т а н. Биздин саясатка идеологиялык диверсиялар кирип кетпес үчүн... Түшүнүктүүбү, ата?

Н а з а р **(желкесин кашып)** Болуптур, ошондой болсо... Жүр, Апыз. Сени үйүңө жеткирип келейин. **(Колдон алат. Барпы ордунан турат.)**

К а п и т а н. **(официалдуу).** Гражданин Барпы Алыкулов! Сиз мында каласыз. Мен сиз меенен иш алып барам...

Н а з а р. Капырай, ал кандай иш?

К а п и т а н **(дымактуу.)** Партиялык иш!.. Идеологиялык иш!.. Мен ошо идеологиялык жооптуу чекке коюлган адаммын... А сиз жөнөңүз, ата!

**(Назар шылкыйып чыгып кетет. Капитан попирос жандырып, анан планшетин жай ачып, кагаздарын эспияттап жайды. Пауза өтөт.)**

Гражданин Барпы Алыкулов биз таанышып алалы.

Б а р п ы. Таанышпадыкпы! Назар досумун уулу экенсиң.

К а п и т а н. Мени биерде «Назар досумун уулу» дебей, КГБнын

капитаны Назаров деп, Мыктыбек Назарович деп билиңиз. Өзүңүздү мейманга келгендей сезбей, суракта отурган адам катары сезиңиз. Каталарыңызды тез моюнга алгандыгыңыз, күнөөңүздү жеңилдетет.

Б а р п ы. Айланайын балам, кандай күнөөмдү айтып атасың?

К а п и т а н. Биринчиден, мага «балам-балам» деп кайрылбай, официалдуу түрдө «Жолдош капитан» же «Мыктыбек Назарович» деп кайрылың! Экинчиден, күнөөлөрүңүз көп, керек болсо, башыңыздан ашат...

Б а р п ы. Айт-айт, капитаным, угайын.

К а п и т а н. Мен сиздин капитаныңыз эмесмин, «капитаным» дебей, «Жолдош Капитан» деп кайрылыңыз.

Б а р п ы. Болуптур, балам, болуптур.

К а п и т а н **(столду тарс муштады.)** «Балам» дебеңиз дедим го!

Б а р п ы **(шашып.)** Болуптур, болуптур, Жолдош Капитан!

К а п и т а н. **(кагаз алып). Суроктарда туура жана так жооп берем, антпесем жоопкерчиликке тартылам деп, бу кагазга кол коюңуз.**

Б а р п ы. **(какшыктуу.)** Мен жолдош Капитан, биринчиден, сабатсызмын, экинчиден, эки көзүм сокур. Көрбөй турасыңбы?

К а п и т а н. Кекетпеңиз. Эки көзүңүздү мен чукуп алган эмесмин. **(Попиросун соруп). Таак..: кандай кылсак? Таптым: барма**гыңызды басасыз бу кагаздын четине... **(Барпынын баш бармагын сыя челекке малып, анан кагазга өзү басты...)** Ох, саал сыя жууп кетти. Мейли.

Б а р п ы **(бармагына түкүрүп, өңүрүнө аарчыйт.)** Дагы не керек?

К а п и т а н. Эми ишти баштайбыз: сиз эмне үчүн эл чогулган **жайларда —аш-тойлордо, базарларда ырдайсыз?**

**Б а р п ы. Бул акындардын салты**

К а п и т а н. Ал эски доордун салты, гражданин Алыкулов! Артта калгандык... Советтик доордо андай салт жок! Бизде клубдар, маданий мекемелер, филормониялар бар. Ыр ошол жерлерде ырдалат.

Б а р п ы. А карттар, мендей майыптар үйүндө бук болуп, же ачтыктан өлүшү керекпи?

К а п и т а н. Пенсияңыздын эсебинен жашаңыз.

Б а р п ы. Бир жерде иштебейт экенсиң деп, мага пенсия бербеген. Өмүр бою эл алдында ырдагамын десем, мекемеде иштебеген соң, бербейбиз деп коюшкан...

К а п и т а н. Мен ал жагыңыз менен жумушум жок. Мен ырларыңыздын идеологиялык жактарына көз салам. А ырларыңызда болсо, идеологиялык каталар көп... Оозуңузга эмне кирсе, баарын ырдай берет экенсиз...

**Б а р п ы. Оозума киргенди, өзүм билгенди ырдабасам, нени ырдайм?**

К а п и т а н. Партия... Ленин... Сталин... Революция... коммунизм... деген ыйыктар бар. Эмне үчүн күндөп-түндөп ошолорду ырдабайсыз?
Б а р п ы. Учурунда аларды да ырдагамын. Бирок аш-тойлордо, базарларда андай ырларды эл уккусу келбейт. Адамгерчилик туурралуу ырдайм.
К а п и т а н. Ленин, Сталин, партияны эл уккусу келбейт дегениңиздин өзүндө саясы ката жатат, гражданин Барпы Алыкулов!... Ал эми эл угат деген ырларыңызда да толгон идеологиялык каталар... Азыр эле чайканада ырдаган ырларыңызда мындай саптар айтылды:

Бири күлсө, бири ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт.
Теңсиздикти ушундай,
Адам качан талкалайт?—деп айттыңыз. Бу биздин социалисттик заманды ушактагандык эмеспи? Кай жерден көрдүңүз ыйлап отурган советтик адамды? Алар кубанып, ырдап иштеп жүрүшөт... Аз келгенсип, «Теңсиздикти ушундай, адам качан талкалайт?» дедиңиз. Сиз эмне, советтик түзүлүштү кыйратууга тике чакырып жатасызбы?
Б а р п ы. Андай замандарды көргөн да элем. Ырдагамын...
К а п и т а н. Өткөндү коюп, бүгүнкү бактылуу заманды ырдаңыз! А сиздин чайканада ырдаган ырларыңызда мына мындай саптар болду:

«Адам чыкпай айбандан,
Айбан чыгат адамдан...»—дедиңиз. Бул марксисттик-ленининдик илимдердин негиздерине туура келбейт. Ал илимде адам маймылдан жаралган деп айтылат. Далилденген илим ал...
Б а р п ы. **(какшыктап.)** Ырас, жолдош Капитан, азыркы эле сенин да, менин да айрым жоруктарыбыз маймылдыкына окшоп турат... Ошону ырдаса болор дейм?
К а п и т а н. Болбойт!.. Маймыл доору алыс калган. Азыр коммунисттик доордо жашап жатабыз. А сиз болсо,

«Мазасы жок ишинин,
Маймылы жокпу кишинин?
Макрөө жерин кашыган,
Мизи менен тишинин... «деп ырдапсыз. Бул—советтик адамды оскарбление кылгандык! Дагы да
Канды көрсө жаланган,
Карышкыр жокпу адамдан?—депсиз. Ал турсун,
«Эшигин ачкан арамдын,
Эшеги жокпу адамдын?—депсиз.

Минтип советтик адамды ушактоого партия руксат бербейт! Угуп коюңуз, гражданин Алыкулов! **(Столду тарс эттире бир урду.)**

Б а р п ы **(селт баш көтөрүп.)** Дагы...
К а п и т а н. Дагыбы? «Күлүү эмес, ыйлоо көп,
Көпчүлүктү кыйноо көп.
Алуу эмес, берүү көп,
Ар азапты көрүү көп...
Көпчүлүктү сөгүү көп,
Көздүн жашын төгүү көп, — депсиз. Бул—советтик түзүлүштү кодулагандык! Минтүү менен 58-кылмыш статьясына башыңыз илинген...

Б а р п ы. Анысы кандай болот?

К а п и т а н. 15 жыл авак, же атууга өкүм!..

**Пауза**

Б а р п ы. Мен акынмын, кантип, эмне деп ырдайын?

К а п и т а н. Советтик мыкты адамдарды ырдаңыз: 100 тубар койдон 200 гө жеткире козу алып жатышкан азамат чабандар бар. Гектарынан 100—200 центнерден пахта алып, кош-кош Алтын Жылдыз тагынган азаматтар чыгып жатышпайбы... Мына ошолорду ырдаңыз!

Б а р п ы. Жолдош капитан, мен дыйканмын: көзүм соо чагында мал да баккамын, пахта да эккенмин. Алигидей төл, андай түшүм болбойт.

К а п и т а н. **(кыжырданып.)** Партия айтып жатканга ишенбейсизби?

Б а р п ы **(жылмайып.)** Макул, 100 козуну койлор туул берерине ишенейин, ал эми экинчи жүзүн партия тууп берсе, дагы бир жолу ишенейин... Бирок андайларды ырдай албайм...

К а п и т а н. Мыкты адамдарыбызды ырга кошкуңуз келбейт. Ал эми толгон-токой сойку катындарды ырга кошупсуз: «Мөлмөлүм», «Дилварим», «Мырзайым», «Аксаткын», дагы-дагы толуп атат. Деги канча жүрөгүңүз бар да, канча сүйгөнүңүз бар?

Б а р п ы. Жүрөгүм да бирөө, сүйгөнүм да бирөө... Бирок менин жүрөгүм ар кандай сулуулукту, өзгөчө, аял сулуулугун, анын назиктигин, асыл мүнөздүгүн көргөндө, чыдай албайт—майдай ээрийт, көңүлүмдөн ыр төгүлөт... Ошентип, аял затына арналган ырларым көп.

К а п и т а н. Жок! Коммунисттердин жүрөгү темирдей бек болушу керек. Анткени биз капиталисттик курчоодо турабыз. Алар биздин коммунисттердин жүрөгүн сулуу катындар менен чөгөлөтүп алууга тийиш эмес.

Б а р п ы. Аял сулуулугун көрө албаган, ага жүрөгү ээрибеген адамды, мен адамдыгы пас, руху дүлөй бечера деп түшүнөм...

**К а п и т а н. Сиз жактырбагандыгыңыз менен, коммунисттер сизге эркиндик бербеди беле?**

Б а р п ы. Ырас, алар мени малайлыктан куткарган. Бирок... бирок менин чыныгы адамдык эркиндигимди—рухий эркиндигимди кишендеп салбадыбы... Рухий эркиндигим болбогондон кийин мен кайсы акынмын?..
Қ а п и т а н. Укугуңуз Конституцияга жазылган, ырдай бериңиз.
Б а р п ы. Бирок азыр ырдоодо бир бутумду бүгүп алып, оломпой тепкендей сезем өзүмдү... Эркин ырларым жаштыгымда чыккан экен...
Қ а п и т а н. Оломпой теппей эле, кош буттап арыштай бербейсизби!
Б а р п ы. «Идеологиялык чийимден чыгып кеттиң» деп, бутумду кырка чаап жатпайсыңарбы... Кантип анан калы килемдей жайылган ыр чыксын?
Қ а п и т а н. «Калы килемдей жайылган» ыр» —деп жүрүп, Совет бийлигинин алдында 33 жыл жашаганыңыз менен, бир да китебиңиз чыкыкан эмес тура! Ким айыптуу?
Б а р п ы **(шылкыйып.)** Билбейм...
Қ а п и т а н. А мен билем.
Б а р п ы. Билсең айтчы?
Қ а п и т а н. Партияны ырдагандардын китептери чыгып, урмадурма чыгып, жыргап эле жатышпайбы... Акыл-эсиңизди жаңыча куруңуз!
Б а р п ы **(ойлуу отуруп.)** Мен ушу жолумда эле калайынчы...
Қ а п и т а н **(кыжырлуу.)** Түшүндүм!.. Мага бул ишти тапшыргандарга да өзүңүз ойлогондой рапорт жазам... Эскертип коёюн: чайканаларга, эл топтолгон жайларга руксатсыз, бизге эскертпей чыгып ырдабайсыз. Салтанаттуу учурларда керек болуп калсаңыз, өзүбүз чакырып алабыз. Ошондо да партияны, советтик жыргалды ырдайсыз...
Б а р п ы. **(жөтөлөт.)** Кха... кха... кха... **(Колуна көп наспай салат.)**
Қ а п и т а н. Өчүңүз бардай наспайды алаканыңызды толтура салып аттыңыз да? Кумарыңыз ушунчалык күчтүүбү? Ха-ха-ха!..
Б а р п ы **(кекечтене сүйлөп.)** Наспай кубанычымды да, күйүтүмдү да басат...

**К ө ш ө г ө**

## 7-СҮРӨТ

Начар бөлмө. Буюм-кечелер да жарды: төргө эки-үч төшөк жууркандар жыйылган; капшытта казан-аяк; кичирээк терезенин айрым көздөрүнө газета чапталган...

Бөлмөнүн жоон карысына салынган селкинчекке Барпы отуруп алып, акырын күүлөнүп, улуу акын Токтогул экөөнүн ортосунда

болуп өткөн айтышууну эскерип ырдап жатат. «Анда Токтогул, анда мен» деп, экөө үчүн тең комузсуз өз барпылык аван менен ырдоодо.

Анда Токтогул . . . . . . . . . . . .

Анда мен . . . . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . . . . . .

Начарыраак, бирок европача тыкан кийинген кемпир акырын кирип, Барпыга жолтоо болбой, ыр тыңшагандай үнсүз отурат.

. . . . . . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . . . . . .

Барпы айтыштын аягына чыккан соң, өзүнчө кобуранат.

Б а р п ы. Атыңдан айланайын Токтогул—акын Током, булбул Током... Сени менен учурашып, ушинтип ырдашып калганыма сыймыктанам... тагдырыма ыраазы болом. Мени таң калтырган сенин терең да, кооз да, акылман да ырларың, тажрийбаң, мага берген бааң, кеңештериң менин келечек акындык тагдырымдан андан нары уланышы үчүн кулазык болду... Мендей иниңди көтөрмөлөп, жалгыз ак боз атыңды мингизип, чапаныңды чечип жапканың мени шердентти, мойнума оор жоопкерчиликтерди жүктөдү... Сенин жез таңдай акындыгыңдан тышкары бийик адамгерчилигиң өмүр бою менин көз алдымдан кеткен жок. Мен ар убак сен тиктеп тургандай, сынап тургандай жоопкерчилик менен ырдап жүрдүм...

Жашоомдо алдымдан кыйынчылыктар жолукканда, Током, сенин тагдырыңды эстедим: колуңа кишен катылып, алыскы Шыбырга айдалып, ал жерде кен казып, катаалчылыктарда жүрсөң да, анын баарың бек кайратың менен жеңип, ал жактан жөө качып келгендигиң көз алдымда турду — кыйынчылыктарда мага кайрат берди... Эки көзүмдөн ажырап, минтип темселеп калганымда да, адамгерчилигимди колуман чыгарганым жок!

Ҝ е м п и р. Анткениң абдан жакшы Барпы-апыз!..

Б а р п ы. (чочуп.) Сен кимсиң?

Ҝ е м п и р. Бир байкуш кемпирмин...

Б а р п ы. Ҝайсы кемпирсиң? Үнүң тааныштай, Бирок... (мукактанып) Айтчы деги, кимсиң? Негедир жүрөгүм опколжуп кетти.

Ҝ е м п и р. Анда ошол жүрөгүң сезиптир: мен Мөлмөлмүн...

Б а р п ы. (селт этип) Мөлмөл дейсиңби? Акмөлмөлбү?..

Б а р п ы. Алтын Мөлмөлүм... Ашыгым... Бу дүйнөдөн сенин дайныңды таппай калбадым беле!.. (Мөлмөлдү көкүрөгүнө тарта, маңдайынан, төбө чачтарынан өпкүлөйт.) Жер жүзүндө бар экениңди неге билдирип койбодуң — кат-сабатың бар эмес беле...

Арап арибинде жазсаң да бирөөгө окутуп, тирүүлүгүңдү билип алат элем го.
М ө л м ө л. Жаңыча жазып-окуганды деле эң сонун өздөштүргөмүн. Бирок сүргүндө биз кат жазууга да, аны жөнөтүүгө да акыбыз жок, жазсак өткөрүүчү да эмес...
Б а р п ы. Оххоо!.. Силер ошончо күнөөкөр болгон экенсиңер да
М ө л м ө л. Ооба. Ак жерден катаал замандын каарына туш келдик!
Б а р п ы. Ооба-ооба. Ак жерден эмнегенде! Адам өлтүрүп, айыл өрттөп күнөөкөр болгон жок элеңер да...
М ө л м ө л. Күнөөбүз: менин эрим Алибек акылдуу, ишкер адам экен—өз чарбасын өзү жакшы уюштуруп, малын көбөйткөн—аларга бей-бечераларды иштетип, өзү да пайда тапкан, тигилер да бала-чакасын баккан; Жерин иштете билип, чейрекерлерге берип, мандикерлер да иштеткен—алардын акысын төлөп, ашканын өзү алган... Менин оюмча, бул адамгерчиликтин акыйкат иштери эмеспи... Бул үчүн айдалып-согулуп, авактарда, сүргүндөрдө жазаланышы керекпи?..
Б а р п ы. Ооба-ооба. Мен окутуп уккан китептерде да, акылмандардын сөздөрүндө да, дин сөздөрүндө да башкаларга акыбетин тийгизсе, сооп иш деп уккамын... Алибек ошондой адамдардын сабына кирер эле.
М ө л м ө л. Дал ошондой иштиктүү адамдар сүргүндөрдө кор болуп өлүштү го... Өз көзүм менен көрүп турбадымбы.
Б а р п ы. Ии, ошондой де. **(Токтолуп)** Аягында Алибек кантти?
М ө л м ө л **(улутунуп.)** Биз Жаллабат станциясынан жөнөгөн бир эшалон аш-оокатсыз адамдарды бир айлап жол жүргүзүп, Украина жерине жеткирди. **(Өкүнүчтүү.)** Аны айтып отуруунун өзү жүрөгүмү сыздатат... Ачтыктан жолдо өлүшкөн адамдарды, наристелерди айтпа...
Б а р п ы. Атаны кокуй-ай.
М ө л м ө л. **(үшкүрүп.)** Токой аралап бараткан эшалонду бир жайда токтотушту да, баарыбызды жерге түшүрүп, токойду аралатып айдады... Улам нарылаган сайын тарс-турс мылтык үндөрү, пулемет кезектери угула баштады. Көрсө, арттан өз кызыл аскерлерибиз атып жатышкан экен... Биз, Алибек экөөбүз, ылдамдап токойго тереңдедик: мен беш жашар кызымды көтөрүп, Алибек 8—10 жаштарга чыгып калышкан уулдарыбызды жетелеп... Далайлар сулап жолдо калышты.
Б а р п ы. Оо кудай ай, катуу болгон экен да...
М ө л м ө л. Акыры бир ташталган эски кыштак ордуна жеттик. Аердин элин башка жакка көчүрүп кетишкен окшойт—антсе да эски үйлөр, ураган малканалар бар экен. Ошолорго баш калкалап жашап калдык... Кеч күз эле — картошка аңыздарынан ма-

шактап жыйнадык, көлчүктөрүнөн балык уулайбыз, козу карындар терип кургаттык. Өкмөт анча-мынча арпа, таруу таштатты. Кыскасы, ошол жерде сүргүндөлгөн кыргыздардын айылы пайда болду — турмуш эптеп улана берди...

Б а р п ы. Алибегиң кантти — ошону айтчы.

М ө л м ө л. Айдалгандан соң 7 жылдан кийин каза тапты... Ата конуш Ала Тоомду бир көрүп, андан топрак буйруп өлсөм, түк арманым болбос эле деп жатып, тагдырына налаш айтып жатып көз жумду.

Б а р п ы. А байкуш, арманда кеткен экен. **(Күбүрөнүп, бата тартты.)**

М ө л м ө л **(үшкүрүп.)** Аруу жууп, ак кепиндеп, топракка бердик.

Б а р п ы. Кудай тиги дүйнөсүн берсин.

**Пауза**

Анан балдарыңчы, балдарың?

М ө л м ө л. Балдарым сурайылдай эр жетишти.

Б а р п ы. Кайриет. «Чынары сынса да чырпыгы жетилет» деген ошо.

М ө л м ө л. Бирок согуштун каары жакындап келатканда эле уулдарымы аскерге алып кетишти.

Б а р п ы. Биерде да аскерге көп алган. Мен Жаллабат стансасында ырдап, батамды берип, жакшылык каалап узатып турдум.

М ө л м ө л. Согуш башталары менен эле бизге тез жакындады. Мындагыларды дагы эшалонго салып, Сибирь жакка жөнөтүштү Биз, кызым жана эки неберем төртөөбүз, эл менен кошо кеттик...

Б а р п ы **(баш чайкап)** Тагдырыңа туш келгендерди көр...

М ө л м ө л. Ал эле болсо мейли эле го, Барпы. Алиги сурайылдай эки уулумдун, жок дегенде бири майып болуп кайтпай, экөө тең курман болуп калышпадыбы...

Б а р п ы **(толгонуп кетти.)** Эмне деп жатасың, Мөлмөл? О кудай...

М ө л м ө л **(онтоп.)** Ооба. Дал ошондой болду...

Б а р п ы. Пай-пай-пай... Сен бул күйүттү кантип көтөрдүң?

М ө л м ө л. Көтөрдүм... Кантмекмин? Бул көпкө түшкөн апаат болду го деп, ыйымды кудайга айтуу менен, кайрат кылган элем. Эми эси-дартым жалгыз кызымда, анын бир уул, бир кызында. Күйөө балам да аскерде дайынсыз жоголгон.

С и б и р д е кызым экөөбүз «Согуш бүтсө, сүргүндөгүлөргө эркиндик берер, кыргыз жеринин топрагы тартса экен» деп тилеп жүрдүк. Аерде турмуш абдан оор да, коркунучтуу да болучу. Авактар, камак лагерлери көп. Зордук-зомбулуктар, адам өлтүрүүлөр оюнчуктай оңой... Кылмышкерлер ар бир адамды, ар бир

үйдү талап да, кордоп да кете беришет. Ошолордун оор коогасы менин да башыма түшпөдүбү...

Б а р п ы. Ии, кандайча?

М ө л м ө л. Алиги кылмышкер бандилердин бир тобу — күпө күндүзү эле — мен жокто машина менен келишип, биздикине кирмек болушат. Максаттары уурулук беле же жаш аял деп менин кызымы көздөшкөнбү, билбейм. А менин кызым эшигин ичинен бекем жынжырдап, үйүнө киргизбейт. Ошондо тиги макоо кылмышкерлер машинасынан бир чака бензин алып, жыгач үйгө чачып, темир торлуу айнегинен да чачып, анан өрт коюп, каткырып күлгөн бойдон кетип калышат... Эшигин тигилер сыртынан илип кетишкен... Кызым менен эки неберем кызыл жалындын ичинде калышкан...

Б а р п ы. О кокуй-ай!.. Анан эмне болушуптур?

М ө л м ө л. Эмне болушмак эле, Барпы? Шишкебектей куурулушуптур...

Б а р п ы **(ордунан тура калып.)** О кудай! Ушундай да таш боордук болобу? Мындай азезилдер кайдан чыккан?.. Оо шордуу Мөлмөл! Мындай күйүттү сен кантип көтөрдүң?..

М ө л м ө л **(көз жашын сүртүнө.)** Көтөрө алганым жок... Сулк ооруп жатып калдым... Андан нары акыл-эсимден ажырап, бир нече жылдап жиндиканаларда болуп калдым...

Б а р п ы. Оо кудай-ай! Бир адамга мынча азап-тозокторду неге бергиздиң?.. Аларды кимге даярдаттың? Пендеңди не деген жазалоо бу?..

М ө л м ө л **(кайраттанып.)** Бир эле адам эмес, Барпы, 15 миллиондой «кулак» деп айдалгандардын тагдыры ушундайча чечилгендигин Сибирдеги тагдырлаштарымын ооздорунан уккамын... Кадиксиз ишенгемин!

Б а р п ы. Тагдыр, Мөлмөл, тагдыр...

М ө л м ө л. Тагдыр бу... кудайдын жиберген тагдыры эмес, Барпы, сен мактап ырдап чыккан жаңы бийликтин «жыргалынын» натийжасы...

Б а р п ы **(онтоп).** Мөлмөл... Мен шордууда не жазык? Мен ошондойчо ойлогомун... Мага ызырынба. Мен эле жыргап кетти дейсиңби?..

**Пауза**

М ө л м ө л. Чапаныңды чечип берчи. Эки-үч жери жыртылып калыптыр. Сөз арасында жамап берейин... Кемпириң да жок калыпсың...

**(Барпы чапанын чечип берет. Мөлмөл жакасынан ийне алып жамайт.)**

Б а р п ы **(терең үшкүрүп.)** Бүт авладим тукум курут болуп кет-

ти дедиң ээ?.. Ооба-ооба. Өлүм тукум курут кылат. **(Күңгүрөнөт.)**

Жамандыкты бир киши
Көрбөй турган болсочу.
Жан бүткөндүн баарысы
Өлбөй турган болсочу.

Кара жерди кучактап,
Жатпай турган болсочу.
Сын туташып, бой муздап,
Катпай турган болсочу.

Жеңсиз желек кепинди
Кийбей турган болсочу.
Кемтик жердин койнуна,
Кирбей турган болсочу.

Эсил жаштын күйүтү,
Элде калбас болсочу.
Эрен жигит, сулуу кыз,
Жерде калбас болсочу.

Кирпиктери төгүлүп,
Ээк-башы сөгүлүп,
Өңү башка көрүнүп,
Өксүп элден бөлүнүп,
Эч ким өлбөс болсочу.

Бул өлүмдүн күйүтүн,
Элге бербес болсочу.
Жашай турган өмүрдү,
Көргө бербес болсочу.

М ө л м ө л. Барпы, бул ырың менен муунумду бошотпой, өзүң тууралуу айтчы. Тагдырың кандайча жол менен кетти?

Б а р п ы **(күрсүнүп.)** Ээ Мөлмөлжан, менин тагдырымдын даамы деле сеникинен таттуу эмес... Башкасын коюн, кудай эки көзүмдүн жартысын—төрттөн бирин калтырса да ыраазы болбойт белем...

М ө л м ө л. Кайрат кыл. Көз кымбат дечи, бирок сенин асыл көзүң эмес, сөзүң... Жүрөгүңдү жарып чыгып, миңдерге, миллиондорго таасир эткен асыл-кооз сөздөрүң...

Б а р п ы. Кантмекмин... Каниет кылам, жашап жатам. Сөздөрүм элиме керек экен—сезип турам...

М ө л м ө л. Неге жаман үйүңүн каарысына селкинчек салып, жаш балача тээп отурасың?

Б а р п ы. Экки көзүм да, заманым да жер-көчүк кылып отургузуп койду... А мен... көкөлөп учкум келет, бирок учалбайм. Селкинчек менен болсо да жерден көтөрүлүп, кыялымда дүйнө кезип учуп бараткандай туюнам... Ошондо көөдөнүмдөн ыр төгүлөт...

М ө л м ө л. Ии... аның жакшы экен. А тиричилигиң кандай?

Б а р п ы. Ырыскым элимден... той-тополоңдорунда болом. Ырас, кээде болуп калат шыбагам, кээде болбой да калат. Антсе да булбул тилим сайраганы сайраган...

М ө л м ө л **(ойлуу).** Башыңды сайып, өкмөткө, партияга кызмат кылбадың беле? Ошолордун акыбети болуп жатабы?

Б а р п ы. Пенсия дегени болот имиш, аны мага чектешкен эмес... Кээде эл чогулган жайларга, базарларга, аш-тойлорго барып, ата салтыбыз боюнча ырдачу элем. Бирок өкмөттүн адамы — тапанчасын койнуна салган адамдары тыйып коюшту... Филормонияга,

клубдарга, мекемелерге барып ырда дешет. Филормониясына барсам албай коюшту: сокур экенсиң деп... А жерде сокурлар деле бар деп уктум. Айрымдарына катчы дайындап, катчысына да маяна беришет имиш... А мага шылтоолору көп: комуз черталбайт экенсиң да дешет. «Ой, мага пир болгон акындар кара жаак Калмырза, теңдешсиз Бекназар, шарыятчыл Нурмолдо, кыскасы-пар ганалык кыргыз акындарынын көбү илгертен комузсуз ырдашкан» дедим. Бирок, көнүшпөдү... Алыстан экенсиң—түштүктөн экенсиң деп да айтышты.

### Пауза

**(Ишенимдүү)** Бирок ырларым жүрөгүмдөн оргуп чыгып жатат, элим угуп жатат. Ошонун өзүнө шүгүр кылам...

М ө л м ө л. Кана, ошо оргуп чыккан ырларың китеп болуп басылдыбы. Басылса, бирөөнү мага берчи, окуп жүрөйүн. Китебиңдин ичинде баягы мага арналган «Мөлмөл» деген ырың барбы?

Б а р п ы **(шылкыйып.)** Китебим жок—чыгарышкан жок, Мөлмөл... Ал турсун радиосуна да жазбай коюшту— «сартча» чалып ырдайт экенсиң деп.

М ө л м ө л. Китеби чыккан төкмөлөр барбы?

Б а р п ы. Бар. Ал турсун чоң болуп аткандары да, депутат болуп аткандары да бар. Алардын китептерин окутуп угам. Жакшылары да учурайт. Көпчүлүгүнкү мааниси деле анча жок... Ошолорду көргөндө жүрөгүм туз куйгандай ачышат... Адам атаанчыл болот эмеспи: мен жаман акын окшойм, ырларым жараксыз окшойт деп, үмүтсүздүктөргө да чөгүп кетем—сокур көздөрүмөн мончок-мончок жаш агат...

М ө л м ө л. Жок Барпы, антпе! Сен укмуш акынсың, эч кимге окшобогон теңдешсиз акынсың...

Б а р п ы. Рахмат, Мөлмөл. Мен сага ишенем, анткени—сен Шарк акындарын окуган адамсың... алардан таасир алган сейрек аялдардансың...

М ө л м ө л. Көп сен жөнүндө, Барпы. Дагы айтам: чөкпө!..

Б а р п ы. Бирок өзүм кызмат кылып, бүт аракетимди, ырларымды арнаган өкмөт менен партиянын бийлиги алдында 33 жыл жашап, бир кичинекей китебимди колума албай өлүп кетемби деп санааркасам, түн уйкум төрт бөлүнүп кетет... Өмүрүм бекер өткөн болобу? Бул менин бүтпөс арманым го, Мөлмөл!..

М ө л м ө л. Бирок сенин улуу акын экениңди эл билет! Апыз Барпы, Көр Парпи, акын Барпы деп оң-сол кыргыз бүт тааныйт.

Б а р п ы. Көп мактаба. Жооткоконуң менен жүрөгүм күйүп баратат. Өх!.. Өөх!.. Тумчугуп баратам... тумчугуп...

**(Ал жүрөгүн басып, дубал жакка кыңкайып кетет. Мөлмөл жөлөйт.)**

Мөлмөл. Барпы!.. Апыз!.. Ыманың жолдош болсун, кайран Барпы!

**(Аны жаздыкка кырландырып, залды беттей басып ачуу кыйкырат.)**

**—Оо журтум! Барпы акын өтүп кетти! Алп акын өтүп кетти!..** Ааламга кабар бергиле!..

## Көшөгө

Көшөгө түшүп турат. Кайгылуу музыка. Адамдар ак кийизге оролгон табытты ийиндеше, көшөгө алдына чыгышат. Токтолуп, табытты коюшат.

Молдо. Салаати яназа!.. Салаати яназа!!—Жазага өтөт. Адамдар анын артына **тизилишип, үн-сөзсүз турушат.** Барпынын «АДАМ» аттуу ыры өз аванында, үздүксүз уланат. **(Фонограмма пайдаланылат 3—4 мүнөт. режиссер керегине жараша кыскартып алса болот).**

Молдо кулак кагып, жаназага бата тартылат. Адамдар табытты көтөрүп, жай илкип чыгып кетишет... Залга караңгылык түшөт. Кайгылуу музыка улана берет...

Көшөгө жай көтөрүлөт. Сахна мунарык. Гөрстандын силуэти тартылат. Ортодогу эскирээк күмбөзгө «пистолет» жарыгы берилген... Анын жанында бир кемпир күңгүрөнө куран окуп, бата тартат. Кемпир илкип басып, кетүүгө бет алат.

Күмбөздүн артынан ак кийинген арбак пайда болуп, үн салат.

«Арбак». Мөлмөл!.. Акмөлмөл, кайттыңбы?..

Мөлмөл **(селт этип кылчаят.)** Барпы... Барпысыңбы?..

«Арбак». Бирок Барпынын өзү эмесмин, арбагымын.

Мөлмөл. Түшүндүм, түшүндүм...

**«Арбак». Сага учурап калганым ырас болбодубу, Мөлмөл.** Ар**убак келип мага багыштап, куран окуп жүргөнүңө ыракмат.!.**

Мөлмөл. **Сенин да мага учурап калганың ырас болду, Барпы**

«Арбак». Айтарың бар беле?

Мөлмөл. Асыл ырларым алтындай чачылып, ай талаада калды. Көзүм тирүүсүндө, жок дегенде, шапалактай бир китебим колума тийбеди деп арманда кетпедиң беле?

«Арбак». Ооба, ошенткемин.

Мөлмөл. Азыр сенин асыл ырларың ар бир окуучунун китеп баштыгында... «Барпы» деген китеп ар бир китепканада, ар бир китеп дүкөндөрүндө — алар колмо-кол филармонияларда, Үналгы, сыналгы дегендерден сенин ырларың созолонуп ырдалып ту-

рат... Сенин атың көп-көп айыл көчөлөрүндө, мектептеринде, мекемелеринде бар... Ыраазысыңбы? **(Баш көтөрүп, «арбакты» таппай калат—ал көздөн кайым болуп кеткен...)**

Барпы!.. Барпы!.. Менин сөздөрүм али бүткөн жок эле.

«А р б а к т ы н ү н ү». Мага мактоолордун кереги жок. Эң башкысы—сөөгүм жер астында калса да, менин рухум, демек, ырларым эл арасында жашап жүргөн экен... Жалган дүйнөдө катар-катар шорлордон арыла албай жүрүп өткөн элем... Кедейлик шорум—сүйгөнүмө да жетпей калган... Сокурлук шорум—көөдөй караңгылыктын туткунунда калган... 33 жыл жаңы бийликте жашап, ага кызмат кылып, бирок шапалактай китебим колума тийбей калган шорум—бүтпөс арманым болуп, гөрүмө кошо кеткен эле... Ал эми аягы жакшы болуп жаткан экен — мындай тагдырыма—акындык тагдырыма ыраазымын... Мага апкелген жаңылыктарың үчүн сага рахмат, Мөлмөл!.. Асыл Мөлмөлүм... Ашыгым... Армандуу сүйгөнүм... Кош!..

М ө л м ө л **(энтигип шашып)**. Жок, кош айтпа, Барпы! Сөзүм бар!..

«А р б а к ү н ү». А дүйнө менен бу дүйнөнүн аралыгына сөз өтпөйт, Мөлмөл!.. Эми сен да келесиң. Бейиштин гүл багында кол кармаша, түбөлүккө бирге болобуз... Кош, асыл Мөлмөлүм... Акмөлмөлүм... Акмөлмөлүм...

**(Кубаттуу оркестр менен коштолгон «АКМӨЛМӨЛ» мотиви улам бийиктей берет...)**

**Бүттү. К ө ш ө г ө.**

АМАН НААМАТОВ

# АК ЖЫЛДЫЗ

(эки көшөгө, 15 сүрөттүү драма)

## КАТЫШУУЧУЛАР

БАРПЫ — 17 — 20 жаштагы курагы.
АҚ САТҚЫН — 17 жаштагы бийкеч.
ҚУЛМУРЗА — 18 жаштагы жигит.
СУУСАРҚАН — 15 жаштагы кыз.
НАЗАРБАЙ — бай.
ЖЫЛҚЫЧЫ — Барпынын жолдошу.
СЕМЕТЕЙ НАЙЫП — бай.
ОЛЖОБАЙ — бай.
САГЫМБАЙ — бай.
ШАЙБЕҚ — Барпынын таекеси.
ТАЖЕҢЕ — Барпынын тажеңеси.
ЖУТБАЙ — Ак Саткынды ала турган бай.
МАЛТАБАР — Жутбайдын жолдошу.
АҚ САТҚЫНДЫН АТАСЫ
АҚ САТҚЫНДЫН ЭНЕСИ.
ЗУЛУМБЕК — Ак Саткындын агасы
ҚОЙЧУМАН — Қойчу.

Булардан тышкары кыз-келиндер, жигиттер катышат.

## 1-КӨШӨГӨ

### 1-СҮРӨТ

Жаз айы. Көгөргөн талаалар... Арытада жапжашыл тоолор. Пахта аянтын жээктете тигилген дарак улам бийиктеп дөбөгө созулат. Жан боордо чоң таш. Түбүндө булак. Кетменин жанына коюп, булактан суу ичип, айланага кумарланган Барпы.

БАРПЫ—**(алыска көз чаптыра)** —Бах!... Жаз айында жадырап,
Талаа сонун турбайбы!
Кырдан туруп карасаң,
Калаа сонун турбайбы!

**(Капыстан көрө калып)** Көч?! Жайлоого жөнөшкөн тура...
**(Сонуркап)** Кербен окшоп көч келет,
Деле сонун турбайбы!
Көч баштаган балпайып,
Эне сонун турбайбы! **(Көчтөн бөлүнгөн эки келин суу ичкени келишет. Колдорунда камчы. Делдейип көчтү караган уландын кейпине шыңк күлүшөт. Барпы бурулат.)**

1-КЕЛИН: **(шоктонуп)**—Көч көрбөгөн боз бала... **(күлүп)** Караң, бизге алагды бово! **(күлүшөт)**

2-КЕЛИН: — **(Барпыга угузаар угузмаксан)** — Көчтөн башка кызык бар экенин биле элек тура, бечера! **(каткырышат. Барпы кошулуп күлүп, келинди кабыргадан алат. Келин ыргып, ойт берет.)**

БАРПЫ: — Жакшы келин экенсиң.
Жаңшатып коёр бекенсиң.
Сулуу келин экенсиң
Суктантып коёр бекенсиң. **(Экинчи келинге умтулат, ал суу чачып жолотпойт.)**

1-КЕЛИН:— Жибин үзгөн букадай жулунбай... **(Барпы качырат, келин качат.)**

**А — а ай, бар ары!**

2-КЕЛИН: —Кызыкем келатат! Шоруң бар экен жигит.

1-КЕЛИН: —Мурдундан чүлүктөп, көчтүн аягына байлап койсо экен **(күлүшөт. СУУСАРКАН кирет. Ойноктогон, тентек кыз бала. Колундагы камчысын ойноктотуп күлүп кирет.)**

СУУСАРКАН: — О, жеңелериме тийишкен кайдагы тентек?!

**(Барпыны сынай карайт. Барпы чөйчөккө суу сузуп, кызга сунуп жатып)**

—Саамай чачың селкилдеп,
Сымаптай жүзүң мелтилдеп,
Сулуу бийкеч белемсиң!
Суу ичиңиз. **(сунат).**

СУУСАРКАН **(сууну алып)** —Рахмат! **(жылмайып, иче баштайт)**

1-КЕЛИН: Кошоматка кой сойгон чечек тура! **(Барпыны санынан жулуп алат. Барпы так түйүлүп, санын сыйпалайт)**

**БАРПЫ: —Ох! ох! Оюп алган колуңдан жеңе! Колуңуз күйгөн** от беле! **(Жакындайт. Тигилер каткырып качышат)** Дагы бир жулуп алыңыз. Жаным сүйүп баратат.

СУУСАРКАН:—Өрттөнүп өлүп баратсаң... **(Идиштеги суусун Барпыны шөлбүрөтө чачат)** Сергитейин боз улан! **(Күлүшөт. Барпы шөлбүрөгөн кейпинде кызга жалбарат.)**

БАРПЫ:— Куйкаланып баратам,
Дагы чаччы ак бийкеч.
Алыстабай жанымдан,
Бери басчы ак бийкеч!

2-КЕЛИН:—**(мыскылдап)**—О— эй! Өлөлбай жатып өлөңчүлүн көр ай!

1-КЕЛИН:— Дымагын айт! Дымагын! **(күлүшөт)** Кызыкем менен алым сабак айтышаар түрү бар...

**СУУСАРКАН: —(Сынап, камчысы менен алаканын ургулап, Барпыны тегеренип басып, шоктугун карматат)** Я, де!...

**(кекээр)** Куйкаланып баратсаң...
Оң жагыма обдулуп,
Өтпөйсүңбү боз улан?
Орой тартып алкымдан
Өппөйсүңбү боз улан? **(каткырат)**

**(Жеңелери бири бетин чоюп, бири шыңк күлүп, Барпыны шылдыңдашат. Кыз кылыктанып Барпынын алдында азгырма кыймыл—аракет көргөзөт. Барпы жылмайып карап турат.)**

—Ай көкүрөк маралды —
Атпайсыңбы боз улан?
Жыпар жыттуу койнума,
Жатпайсыңбы боз улан?

**(Баары тең каткырышат. Барпы жүрөгүн басып, чалкасынан кетип, көк шиберге оонайт. Курсант болушат. Барпы чөгөлөй отуруп)—**

БАРПЫ: — Кечирип кой, ак бийкеч,
Оң жагыңа обдулуп
Оруну жок өтпөймүн.
Ээн турган алкымдын,
Ээси бардыр өппөймүн.

**(Кыз таарынгандай кылык көрсөтөт. Жеңелер ынсап кире калган боз уланга таңданып да, кызыгып да карашат.)**

БАРПЫ:— Ай көкүрөк маралдын
Убалы бардыр атпаймын.
Жыпар жыттуу койнуңдун,
Жапаасы бардыр—жатпаймын.

1-КЕЛИН:—**(Барпыны башка укуп өтөт)** — Арстан десем, суу жүрөк экенсиң!

СУУСАРКАН: — **(таарынып, таш үстүндөгү суу ичкен идишти камчысы менен ыргыта чабат).**
Албасаң тилим куруп кал!
Ач бөрүдөй улуп кал!
Кеттик жеңелер! **(Бурулуп басат)**

**(Жеңелер силкинип, камчысы менен Барпыны тап берип, тилин көргөзүшүп, шылдыңдап бурулуп кетмек болушат. Барпы жалынат.)**

БАРПЫ: — Бир аз сабыр кылыңыз,
Арманым бар угуңуз! **(Этектей чуркайт)**
Жеталбастан мустармын,
Жыпарыңа куштармын.
Колум жетпей мустармын,
Кудай акы куштармын! **(көкүрөгүн муштайт)**

**(Жеңелер жыргап күлүшөт. Суусаркан жалт бурулуп, «жарк»—этип күлүп, кайрылып келет.)**

СУУСАРКАН **(шылдыңдап)**—Ошондой де! **(сынай карап, кылыктанат.)** А эгер...
Шоруңду сенин кайнатып,

Ботодой көзүң жайнатып,
Кайберен болуп кубулуп,
Күн тийбес тоону кыдырып,
Жаламалуу зоокага,
Жатып алсам кантесиң?

1-КЕЛИН:— Кантесиң?! **(Тилин чыгарып шылдыңдайт.)**

БАРПЫ: — **(келиндин камчысын шак жулуп алып, мылтык кылып өнүп, кызга жакындай).**

Кайберен болуп секирип,
Жашынып калсаң бекинип
Ак бараң мылтык асынып,
Аяктай ташка жашынып,
Милтени басып от менен,
Коргошун деген ок менен **(күлүп)**
Атып алсам кантесиң?! **(кыз мулуңдап, мойнун бурат.)**

СУУСАРКАН **(Амал ойлоп, тапкандай сүйүнүп)—**

Атып алаар кезинде,
Ак чабак болуп кубулуп,
Алп колуңдан жылмышып
Аксууга түшсөм кантесиң? **(күлөт. Жеңелер коштойт).**

2-ЖЕҢЕ:— **(шылдыңдап)** Кантесиң?!

**(Барпы күлөт. «Күлгөндүн билгени барбы?»— дегендей жеңелер шектүү бирин-бири карашат. Барпы булакка басып келип, камчыны кайырмак кылып суюга салып, каткырып күлөт.)**

БАРПЫ: — Ак чабак болуп кубулуп,
Ак сууга түшсөң чумулуп...
Жез кайырмак ыргытып,
Илип алам өзүңдү **(күлөт)**.
Жалдыратам көзүңдү! **(шылдыңдап күлөт. Кыздын айласы кете түшөт. 1-келин камчысын кайра жулуп алат. 2-келин кызга шыбырайт. Кыз жылмаят. Чечкиндүү болуп, Барпыга басып келет. Үчөө тең аны тегеректеп алышат.)**

СУУСАРКАН: — Кайырмакка илинбей,
Кайда экеним билинбей,
Атакемдин төрүнө,
Апакемдин сөрүнө...

1- КЕЛИН: — **(күчөнүп)** Арс ичикти жамынып

Түлкү ичикти төшөнүп

2-КЕЛИН: **(күчөнүп)** Көк дөбөттү агытып!..
Көп эшиктиң бекитип!
СУУСАРКАН **(Бөйрөгүн таянып)**— Жатып алсам кантесиң?!
**(Үчөө тең шылдыңдап күлүшөт.)**

1-КЕЛИН: — Кантесиң?!
2-КЕЛИН:—Быш-ш! **(Бетин чоёт)**
БАРПЫ **(кебелбей)** — Жатып алсаң чиренип... **(женелердин бирин шап билектен алып, колуна бир нерсе карматкансып)**
Колуна күмүш карматып,
Кабанаак итиң байлатып,
Жеңекемди шаштырып,
Жети эшигиң ачтырып **(Жеңесин жулмалап, эшикти ачтыргансып, анан тизеси менен куйрукка итерип жиберет.)**
Жеңемди кайра жиберип! **(келин ай! — деп чочуйт)**
Жылгындай белиң имерип,
Жанында жатсам кантесиң?**(кызды белден тартат. Кыз жоошуп, айласы кете түшөт.)**
СУУСАРКАН:— **(кызыгып)** — Анан?... **(жеңеси бетин чоёт)**
БАРПЫ: — Анан... **(белинен ого бетер сыга тартып)**
Айткандарын бүт берип, **(кызды сыга кучактап)**
Ак боз бээни сойдуруп,
Айылында той кылып...
СУУСАРКАН: — **(ого бетер кызыгып)** — Анан?! **(Жеңелер шашып калышат.)**
БАРПЫ: — **(Кызды өөп)**—Суу куюп нике кыйдырып,
Жеңеце төшөк салдырып... **(Жеңелер Барпыны этектен тарта башташат. Барпы ого бетер кызга жабышат.)**
БАРПЫ: — Өзүңө өтүк чечтирип... **(Барпыны жонго мушташат.)**
СУУСАРКАН: — **(шыбырап)**—Анан?! Анан?!..

БАРПЫ: — Таң аткыча бир жатып...**(өөп алат)**
Ак жоолукту башыңа
Салып койсом кантесиң?!

**(Бошоп бараткан кызды бир жакка, Барпыны бир жакка тартып жатышып, экөөнү араң ажыратышат.)**

1-КЕЛИН: — **(шашып)** — Эсиңе кел; кызыке!
2-КЕЛИН: Көч келип калды! Кеттик! **(кызды жетелеп жөнөшөт — 1-Келин кайрылып келет.)**
1-КЕЛИН: **(Бети нурданып)** — Окшуйган чечек! Сениби, шашпа! **(муш көргөзөт.) (Жарк этип)** Атың ким эле?
БАРПЫ: — **(умтулат. Келин качат)** — Барпы акеңмин жаным!
1-КЕЛИН: — Өлүп кет! **(качат)**

БАРПЫ: — **(сонуркай карап)** —Эх, бураң бел, бураң бел!
**(Булакка кайрылып басып, толкундана ырдайт)**
Бириң — алма бактагы,
Бириң — жүзүм шактагы.
Бириң — күндүн шооласы,
Бириң — талдын ноодасы
Бириң — баар, бириң жай,
Бириң — чолпон, бириң ай! **(Кыялдуу алыска карайт. Камчысын сүйрөп, ачуулу Назарбай кирет.)**

НАЗАРБАЙ: — Эй сокур! **(Барпы кылчая карайт)** Ишти таштап салып эле, булак башында отурат окшойсуң.

БАРПЫ: **(Токтоо)** Суу ичкени келдим, Назарбай аке. **(Кетменин ийнине салат).**

НАЗАРБАЙ: — Элдин баары суусабайле... Сен эле суусап! Шылтоосун мунун! **(Барпы жактырбай карайт)** Эмне акшыясың, курсагыңа кур бака кирген ит сокур!

БАРПЫ: **(Ачуулу аны көздөй кадам шилтейт)** Үйүңүздөгү сууну ичип атканым жок го! Талаанын суусун да аяп турасызбы?! **(бай кетенчиктейт)**

НАЗАРБАЙ: — **(айбат кылып)** — Талаага! **(камчысы менен эл иштеген тарапты жаңсайт)** Талаага бас! **(Барпы тирешип токтойт)** Эмине, мени жутчудай болуп...

БАРПЫ: — **(жек көрө)** — Жумшаганыңызга го макулмун. Малаймын. А кордогонго акыңыз барбы? **(Жакадан алат)** Мен кордосомчу?!

НАЗАРБАЙ **(чочуп)** — Тарт! Тарт колуңду!

БАРПЫ **(бир силкип, коё берет):** — Адам катары бирдей экенибизди эсиңизден чыгарбаңыз! Болгону менин колумда жок, сизди эсирткен—байлыгыңыз! **(Назарбай боюн түзөп, четтейт.)**

НАЗАРБАЙ: — **(өзүнчө күңкүлдөп)** — Ата-а сениби!.. Кол тийгизе баштаган тура!.. Дөбөт боло баштаган турбайбы, күчүк эле бойдон,— деп жүрсөм **(кагынып, күбүнө берет.)**

**(Барпы акырая карап турат да, анан колун шилтеп басып кетет. Кетип баратып кетменин ыргытып, теңирден тескери кетет.)**

**(көшөгө)**

## ЭКИНЧИ СҮРӨТ

**(Алты бакан тебишкен кыз-балдар. Арытада ордо ойногон өспүрүмдөр. Куушуп ойногон балдар. Тыштан дуулдашып Барпы баштаган бир топ жаштар киришет. Жаштар аларды курчап калышат.)**

1-ЖИГИТ:— **(кубанычтуу, бардыгына угуза)** — Достор! Силер кызыкты көрбөй калдыңар! Барпы акем тойдо Бука бийдин ырчысы менен айтышып, аны жайлап салды;

**(күлүшөт)**

ЖЫЛКЫЧЫ **(Барпыны туурап ырдайт)** Бука болсо атаңар,
Кай кунаажын апаңар?

**(дуу күлкү)**

Ой өлдү белем, Сыдык ырчы! Башы шылк эле,— дей түштү.

1-ЖИГИТ: — Ырчыдан мурда да Бука бий тарап бүтүндөй жаман болду. Баштарын көтөрө албай калышты.

1-КЫЗ **(чоочуп)** — Аа ий! Эми эмне болот?

ЖЫЛКЫЧЫ: — Сооп болот! Ырас кылды, Барпы акем! Өздөрү ырдаса оозго алгыз сөздөр менен кордошот.

2-ЖИГИТ: — Сыдык ырчы мындан ары үкөсүн аке,— деп жүрөт да!

**(күлүшөт)**

БАРПЫ: — Баарынан да жети атасын жерге — сууга тийгизбей мактаганына жиним келди. Аныкынан башкабыздыкы мактоого арзыбай тургансып.

ЖЫЛКЫЧЫ: —**(каткырып)** **Сыдык ырчынын өзү түшүп берге** нин кара!
Буканын балдарыбыз!.. **(күлүшөт)**
Улам эле «Буканын балдарыбыз!» — дейт.

1-ЖИГИТ:— Өлөөрүнө көрүнүп турган да! **(күлүшөт)**

2-ЖИГИТ:— Барпы акем катырды. Кекчил немелер эле. Кектешбесе болгону.

1-ЖИГИТ:— Сөзүнө жараша сөз айтылды. Эси болсо Букалар эми тийишбей жөн жүрүшсүн!

ЖЫЛКЫЧЫ:— Курбулар, достор! Отургулачы! Сөз бар. **(Баары отурушат.)** Буйруса арабызда өзүбүздүн акыныбыз бар. Ал—мына Барпы акем! **(кубаттаган үндөр.)** Арабызга келгени аз эле болду. Ачыда Назарбай деген байда малай жүрүп келиптир. Биз кандай болсок — бу да ошондой. Кара таман кедей! Бирок кедей да болсо кудайым буга өнөр, талант берген экен, минтип эл көзүнө көрүнүп, эл оозуна алынып...

1-ЖИГИТ: — Чү! — деген эле жерден Букаларды мүйүздөн алып... десең! **(күлкүлөр)**

ЖЫЛКЫЧЫ **(жыргап)** — И-и! Ырас эле болду! Бизди канча кордоду эле! Эми кордоп көрүшсүн! Барпы акем барда кор болбойбуз!

2-ЖИГИТ: — Бардык байлардын ырчылары бар. Кедей байкушта жок. Барпы аке — биздин ырчы болот! **(кубаттоолор, дуу-дуу).**

ЖЫЛКЫЧЫ: — Мен ошону айтмакчы элем. Достор! Биздин таламды талашкан, ар—намысыбызды коргогон, оюн-шоок, той-тамашабыздын көркү болсун Барпы акем. Биздин ишенген ырчыбыз болсун! Ак батабызды берип коёлу?! **(Бата беришет)**

БАРПЫ: — **(Толкунданып)** — Силерге ыраазымын. Мен силерден эч качан бөлүнбөйм!

1-ЖИГИТ: — Арабыздан бир кызды алып берип, төрт буттап тушап койбойлубу, я?! **(күлүшөт.)** А ким билсин?! Эртең эле алтындан кымкап жаап, ак боз атка мингизип, байлардын бири Барпы акенин башын айлантып, эшик ырчысы кылып алып кетип жүрбөсүн. **(күлүшөт)**

БАРПЫ: — Андайга бара койбосмун. Менин байлыгым — силерсиңер! **(кубаттоолор.)**

КОЙЧУМАН:—Барпы аке! Сизге суроом бар. **(Жаштар кызыгып, сура! — дешип чуулдап калышат.)**

БАРПЫ: И, үкөм сура! Сурай бер!

КОЙЧУМАН: — **(Тартынып, таягы менен жер чукулап)** Күлбөйсүңөрбү? **(күлкүлөр, уялып кетет.)** Күлөт турбайсыңарбы. Сурабайм, анда! **(ого бетер күлүшөт)**

ЖЫЛКЫЧЫ: — Кантет! Жамандан бетер! Жигит деген шок болот. Баштаганын таштабайт.

1-ЖИГИТ: — Ошону айтсаң! Сура! Тартынба!

КОЙЧУМАН: — Макул эми... Күвөй турсаңар **(күлүшөт)**

2-ЖИГИТ: — Чын эле чыдап тургулачы ай! «Өлүп көрүптүрмүнбү?»— дегендей үкөм өмүрүңдө көпчүлүк ичинде сүйлөп көргөн эмес. Сура, сурай гой. **(Тынч боло калышат.)**

КОЙЧУМАН: — **(Батынбай)** —Барпы аке, жакшы көргөн кызыңыз барбы? **(күлкүлөр, кубаттоолор)**

1-ЖИГИТ — Туура суроо! Бизге да кызык суроо! Мына, **(кыздар тарапты көргөзүп)** канча бийкечтер ушул суроону бере албай турушат! **(күлкүлөр «Чын! Чын!»— деген үндөр.)**

БАРПЫ: — **(желкесин кашып)** — Чынымды айтайынбы? **(күлкү)**

БАРПЫ: — Бир топ эле кыздарды жакшы көргөм **(дуу! Күлкү)** А бирок, биз байкуш байдын малын багып, отунун жарып, отун жагып, кара каныбызды араң алып жүрөбүз. Жакшы көргөнүбүз ичибизде калат.
1-ЖИГИТ: — **(күрсүнүп)** — Атаңдын көрү ай, десең!
КОЙЧУМАН: — Барпы аке, ошол жакшы көргөн кыздарыңыз кедейдин кыздарыбы же байлардынбы? **(күлкү)**
2-ЖИГИТ:— Туура суроо! **Тынчып, кызыгып калышат)**
БАРПЫ: — Жүрөк кургур бай, кедей дегенди билбейт, үкөм. Жүрөктөй таза, жүрөктөй назик, жүрөктөй сезгич, ага теңдешеер нерсе жок окшобойбу. Жүрөк сулууну эңсейт, анын оттуу көзүнөн махабат жалынын алат. Алоолонуп күйөт. Ашыклык ырын ырдайт. Ак шумкар болуп айланат. Күү болуп кагылат. Булбул болуп таңшыйт. **(күлүп)** Шашылба үкөм, сенин да маалың келет!
**1-ЖИГИТ: —(күлүп) —Ошондо таягыңды таштап, бир гозалдын** маңдайында булбул болуп сайрап калганыңды гана көрөбүз да! **(күлкүлөр)**
КОЙЧУМАН: — **(ишеничсиз)** — А — ай, андай бовойт го?...
ЖЫЛКЫЧЫ: — Кой, антип айтпа! Болот! Алтын башың аман болсо баары болот!
2-ЖИГИТ: — Барпы аке менен бүгүн расса сырдаша турган болдук. Менде да суроо бар. Барпы аке, мурда Сыдык ырчыны таанычу белеңиз?
ҮН: — **(наарazы болуп)** — Ай, досум ай!... Кептин баарын тетири бурдуң да! Ширин сөздү буздуң дос...
2-ЖИГИТ: — Ар ким кызыккан суроосун сурайт да! Ага эмне наарazы болосуң?
1-ЖИГИТ: Эч нерсе эмес! Барпы акеми угалы! Ширин сөзгө кайтып келип алабыз. Сүйлө, Барпы аке!
БАРПЫ: — Сыдык ырчыны мен бул жакка келгенде көрдүм. Ошондо биринчи ирет элдин алдында ырдашым. Мурда, тиги өз айылымда жүргөнүмдө курдаштарымдын арасында ырдап берчүмүн. Бирок, көп эл арасына чыгып көргөн эмесмин. Бул жерден мен Ташмат ырчыны, Нышан ырчыны, Кара Жолдош, Көр Жолдош акени, Карамурза дегенди көрдүм. Алардын көбү ак батасын беришти. Бир гана Карамурза менен Сыдык ырчы экөө мени биринчи көргөндө эле көп жактыра беришпегенин байкагам. Билбейм, кай жерим жакпады.

ЖЫЛКЫЧЫ: — Муйузу бар экениңди сезишкен да **(күлкүлөр)**
ҮН:— Барпы аке, кыздарда суроо бар экен.
БАРПЫ: — А, сурасын! Кыздарга жан дилим менен!.. **(күлкүлөр)**
ҮН:— Болуң ай! **(Жанындагы кызды түрт күлөйт. Кыз уялып тарткынчыктайт)** эмеле айттың эле го: «Сурасам болобу?—деп.
1-ЖИГИТ: — Эмне сурайт болду экен, а?! **(күлкүлөр)**
БАРПЫ: — Менин да жүрөгүм опколжуй баштады **(күлкүлөр)**
ҮН: — Бери чык! Барпы акең тиштебейт. **(күлкүлөр)**
БИЙКЕЧ: — **(уялып)** — Кечирип коюң, Барпы аке. «Тартипжан»—деген ырыңызды ырдап койсоңуз.
ҮНДӨР: — Туура! Туура! Азаматсың! Таптың, эмне сурашты.
ЖЫЛКЫЧЫ: — Барпы аке, ушул ырыңа байланыштуу бир суроо. Жашырын болбосо Тартипжаныңыз ким? Бирөөлөр айтат. «Барпы акемдин сүйгөн кызы экен. Желте албай калыптыр»—деп **(күлкүлөр)** Дагы бири айтат. «Жо-ок, тескерисинче Барпы акеме ашык болгон кыз эке-ен. А Барпы акемдин бөлөк гозалы бар эке-ен» — деп **(күлкүлөр.)** Чын-төгүнүн Барпы аке жашырбай айтчы!
БАРПЫ **(күлүп)** — Төгүн жерден ыр жаралбайт. Ушундай кыз бар экени чын. Көзүм түшкөнү да чын. А бирок ортобузда эч нерсе болгон эмес. **(күрсүнүп)** Өкүнүчтүү! **(чуулдашат)**
ЖЫЛКЫЧЫ: — Ой, Барпы аке, куусуз! Алдап атасыз!
1-ЖИГИТ:—Мойнуңа алып койчу, эми!
ҮН:— Жашырып койдуң!
БАРПЫ: — Кудай акы, чындык! Эми карындашым сураныл калды ырдап берейин.
ҮНДӨР: — Угалы, угалы! **(тынчып калышат)**
БАРПЫ: — Элеси көз алдыман алиге кетпейт. **(ырдайт.)**

Кызыл жибек чаласың,
Кылгырып тиктеп каласың.
Кызыглыктан ырдасам,
**Кылгырып тиктеп каласың.**

Жашыл жибек чаласың,
**Жайдары Тартип баласың.**
Жашчылыктан ырдасам,
Жалооруп тиктеп каласың.

Кызылды кийип үрдөйсүң,
Кышын, жайын бирдейсиң.
Кызыглыктан ыр кошуп,
Кашыңа келсем: —Ким? — дейсиң.

**ЖЫЛКЫЧЫ: —Ий, жан ай, жан!** (дуу күлкүлөр)
БАРПЫ: — Сүйлөгөн сөзүң муңайым,
Сүйгүзөөр бекен кудайым.
Экөөбүздү жанаша

Жургузөөр бекен . кудайым?
**(сүрөгөн үндөр)**
Ар качан күйөт жүрөгүм,
Оң келер бекен тилегим?
Азапка салбай, колдоп ал,
Акылдуу Тартип, зирегим.
Кол кармашып экөөбүз
Бир басалык Тартип жан.
Кыш чилдесин жаз кылып,
Ырдашалык Тартип жан.

ЖЫЛКЫЧЫ: — Ий, десеңчи! **(күлкү)** Бир баспай калганыңар чатак экен! **(күлкү)**

БАРПЫ: — Жамбыдан сенин оймогуң,
Жамалыңа тойбодум,
Жаңшаганым койбодум!
Мен жүрөмүн санаада,
Көрбөсө Барпы сагынат.
Көп заяда Тартипжан,
Көңүлүм сага багынат.

ЖЫЛКЫЧЫ: — Олда шордум ая! **(күлкү)**

БАРПЫ: — **(күчөп)** — Бирок, сенин көөнүң жай,
Билалбадым эч кандай.
Кыян болду көз жашым,
Кыргый көз Тартип,
кырдашым!
Дарыя болду көз жашым,
Дардисар Тартип, курдашым!

ЖЫЛКЫЧЫ: — Ө-өх! **(күлкү)** Өлүп кетеер бекем а?! **(күлкүлөр, ыраазы үндөр, кол чабуулар.)**

1-ЖИГИТ: — **(тамашалап)** — Кайда жүрөт жанагы Койчуманым? Мына ушундай болосуң кыз сүйсөң! **(Күлкүлөр)** Жыргаган турмуш жок! **(күлкүлөр)**

БАРПЫ: — Кезекти силерге берейин.

2-ЖИГИТ: — Барпы аке, уяң болгону менен береги Койчуманда жатат өнөр деген. Бу жубарымбектин кулагына кирген нерсе кайтып сыртка чыкпайт **(күлкүлөр.)** Өткөн бир оюнда өзүңдүн Ак-Дилвар деген ырыңды уккан экен, ошону ырдап отурат эй, бир жолу уксам. **(балага карап)** Ырдап бер эй, жубарымбек!

ҮНДӨР: — Ырда! Ырдай гой! Тартынба!

КОЙЧУМАН: — Койгулачы! Күлөсүңөр анан. **(күлүшөт)** Ана, айтпадым белем! **(күлүшөт)**

ЖЫЛКЫЧЫ: — Шылдыңдап күлгөнүбүз жок. Сүймөнчүлүккө күлүп жатабыз. И — таңкөрү! Өзүң күлдүрүп атпайсыңбы **(күлкү)** ырда!

БАРПЫ: — Тартынба, үкөм! Угалы... **(тынчып калышат. Койчуман күлүп үнүн созот.)**

КОЙЧУМАН: — Актуу — боздуу жайылган,
Коюнду көрдүм, Ак-Дилвар.
Ак тубар кийсең жарашкан,
Боюнду көрдүм, Ак-Дилвар.

1-ЖИГИТ (сүрөп) — Ба-ов!
КОЙЧУМАН: — Жалган эмес, ырастай,
Жанып турган чырактай,
Жамалың көргөн суктанат,
Жанына барсаң Дилвардын,
Жаннаттын гүлү жыттанат.

ҮНДӨР: — **(сүрөшөт, кубатташат)**
КОЙЧУМАН: — Жаннаттын гүлү жыттанган.
Жигиттер көрүп суктанган,
Жаным сүйгөн Дилварды,
Жетелеп кетсем кутмандан!

2-ЖИГИТ: — И-ий! Таппасаң сыйпалап кал! **(күлкүлөр, кубаттоолор)**
КОЙЧУМАН: — Ак өргөдө сен менен,
Ай чыкканча уктасам. **(кыздар бетин басышат)**
Алооңо оронуп,
Ан сайын сага ыктасам. **(сүрөөлөр)**
Ак туйгун алган кептердей,
Асыл боюң чуктасам.
Алты ай азык болбойбу,
Алкымыңдан жыттасам! **(кыраан — каткы күлкүлөр, кубаттоолор)**
2-ЖИГИТ: — Ой, жыргал ай! Дагы бир кайрып койчу, ошеерин! **(күлкүлөр. Тыштан чабарман келет.)**
ЧАБАРМАН: — Оюн токтолсун! Малыңарды карагыла! Буйрук ушундай! **(нааразы үндөр.)**
ЖЫЛКЫЧЫ: — **(чабарманга)** — Ай, чабарман! Жасоолдой болбой өзүң деле ойноп—күлүп алсаң боло биз менен! Картайып кетесиң ай! Курсүлдөп жүрүп...
**ЧАБАРМАН: —Ишиң болбосун. Жөнө!**
1-ЖИГИТ: — Айтпасаң деле малды биз карайбыз! Бир аз күлүп алганга да болбойбу? **(тарай башташат)**
ЖЫЛКЫЧЫ: — Кечинде чогулабыз! Эй, курдаштар, кечинде!

**(Көшөгө)**

## ҮЧҮНЧҮ СҮРӨТ

Алыста тоолор. Жайылган мал. Тигилген боз үйлөр. Дөбөчөдө Семетей найып, жолдоштору: Олжобай, Сагымбай маектешип отурушат.

СЕМЕТЕЙ: — **(чери жазылып)** Хе! Хе! Хе! Жанагы чалыр көз ырчы бала ким эле?..

ОЛЖОБАЙ: — Барпы!

СЕМЕТЕЙ: — И, ошо! Кыйын экен ал чалыр! Бука бийди куп гана катырды бейм! **(баары күлүшөт.)**

САГЫМБАЙ: — Эл алдында билсе, шерменде эле болду Букалар.

СЕМЕТЕЙ: — **(табасы канып)** — Я, ырас! Ырас! **(ыкшып күлөт, беркилер кошомат күлүшөт)**

ОЛЖОБАЙ: — Ырчысын мындай коёлу. Бука бийдин кадыры түшүп калды! Жаш баланын сөзү өткүр турбайбы!

СЕМЕТЕЙ— **(ыңгыранып)** — Жанагы Шайбектин жээни дешет го бу баланы.

САГЫМБАЙ: — Ооба. Баса, Шайбекти келип кет,— дедим эле, бүгүн келмек.

ОЛЖОБАЙ: — Байым, баягы башталган сөздүн аягына чыксак кантет. Баланын башы бош кезде ноктолоп алалы. Өнөрү күч, мындан чоң ырчы чыгат.

САГЫМБАЙ: — Кол ырчы кылып алсаңыз, даңкыңызды чыгарат. Соболоңуз көтөрүлөт. Атагыңыз алыска кетет.

СЕМЕТЕЙ: Баягыдан кийин мен да ошону ойлонуп калдым.

ОЛЖОБАЙ: — Найып аке, алдыда шайлоо турат. Аны ойлоңуз. Бука бийге сизден бөлөк ат салышчу эч ким жок.

САГЫМБАЙ: — Кадырыңыз азыр деле бийик, а бирок ырчыңыз болсо атак-даңкыңыз кыйла узарат.

ОЛЖОБАЙ: — Жолубуз оңунда, найып аке! Бу баланы эч ким азгыра электе көңүлүн алып, туурубузга кондуруп, үндөккө келтирели. Тагаларын колго алалы.

САГЫМБАЙ: — А жагын мага коюңуз! Өздөрү да мага карыздар эле, ырас оңуту келди.

СЕМЕТЕЙ: — Анда ал жагын өзүң жөндө. Баланы мага апкелгиле. Өзүм сүйлөшөм! Өткөн шайлоодо ырас, Бука бий тарап бир аз көптөп кетишти. Эми чын эле. чындап киришели. Экөөң туура акыл айттыңар.

ОЛЖОБАЙ: — Сиз үчүн Найып аке, Сакем экөөбүз башыбызды сайып беребиз го!..

СЕМЕТЕЙ: — Ыраазымын. Экөөңө ыраазымын!

САГЫМБАЙ: — Ырчы бала тууралуу берген кеңешибизди кабыл алганыңызга рахмат.

СЕМЕТЕЙ: — Ишке жарадыңар. **(күлүп)** Куусуң ээ, Сагымбай! **(кошомат күлүшөт)** Эмгегиңер унутулбайт.

САГЫМБАЙ: — **(ыраазы боло борсулдап)** Болду найып аке, болду! **(Боз үй тараптан келген жигит Семетейге жакын келип)**

ЖИГИТ: —Шайбекти чакыртыпсыз, бул жерге келсинби?

СЕМЕТЕЙ: —**(Азга ойлонуп)** Үйгө кирели. **(орундарынан турат)** А сен алиги...

ОЛЖОБАЙ: — **(озунуп)** — Барпыны!

СЕМЕТЕЙ: — И, ошону чакырып кел!

ЖИГИТ: —Куп болот,найып аке! **(чуркап кетет, боз үйдүн алдынан Шайбек жолугуп, үчөөнө саламдашат)**

ШАЙБЕК: — **(саал ийиле)** — Ассалоом алейкум, найып аке!

СЕМЕТЕЙ: — **(кол берип)** — Аалекума салам **(Калгандары менен учурашып, Шайбек суроолуу туруп калат.)** Үйгө кирели, **(өзү баштап кирет, төргө отурушат. Шайбек улагага отурмак болот.)**

ОЛЖОБАЙ: — Жо-жок, бери катарга кел.

ШАЙБЕК: — Рахмат, мен ушундай эле отурайын.

СЕМЕТЕЙ: — Катарга кел. **(Шайбек өөдө келип катарга отурат)**

САГЫМБАЙ: — **(тышты карап)** Алып келе бергиле! **(Дасторкон жайылып, кымыз куюлат.)**

ОЛЖОБАЙ: — Найып аке, баштап бериңиз.

СЕМЕТЕЙ: — **(чыныны колуна алып)** Биссимилла. **(ичет. Калгандары да кымыз ичип отурушат. Найып сөз баштайт.)**

СЕМЕТЕЙ:— **(Шайбекке карап)**— Бу, жээниңди колуңа алып алгансыңбы?

ШАЙБЕК: — Учурашайын деп келиптир.

СЕМЕТЕЙ: — Өнөрү бар, — деңг уктум.

ШАЙБЕК: — Анча — мынча ырдай коёт.

СЕМЕТЕЙ: — **(күлүп)** — Анча — мынча эмес...

ОЛЖОБАЙ: — Жээниңди мактагың жок ээ!

ШАЙБЕК: — **(жылмайып)** — Жаңыдан ырдап жүрөт.

СЕМЕТЕЙ: — **(маанилүү)** — Шайбек, ырчылык өнөрдү аллаталам бардык эле адамга буйруган эмес.

САГЫМБАЙ:— **(коштоп)** — Ырас, ырас!

СЕМЕТЕЙ: — Андай өнөрү бар баланы колдоо керек. Кор тутбай кастарлап алып жүрүш керек. Бала сага жээн болсо, биздин айылга да жээн. Жээниң ырчылар менен айтышканга жарап, эл оозуна илинип калыптыр. Ал эми оозуна илинген балага көз салгандар, сын таккандар көп болот.

ОЛЖОБАЙ: — Акыйкат сөз...

СЕМЕТЕЙ: — Кайсы айылдан? Кимдин ырчысы экен? — деп сурайт. Сөз эми сага гана эмес, бизге да тийет.
САГЫМБАЙ: — Туура айтасыз.
СЕМЕТЕЙ: — Сени чакырганым, сөздүн ачыгы жакшы. Жээниң өсүп келаткан ырчы экен. Жөн кой, бизде жүрө берсин. Семетей найыптын айылына да бир ырчы керек!
ОЛЖОБАЙ: — **(кубаттап)** — Туура айтасыз!
САГЫМБАЙ: — Айылыбыздын атагын чыгарат!
СЕМЕТЕЙ: — **(компоюп)**— Мындан ары жээниң жөө жүрбөйт. Астында аты, үстүндө чепкени, башында көрпө тебетейи болот.
ШАЙБЕК: — **(күтүлбөгөн сыйга апкаарып)**— Рахмат, найып аке! Ылайым соболоңуз көтөрүлө берсин.
ОЛЖОБАЙ: — Илгертеден эле айыл жакшылары арасынан чыккан таланттарын кадырлап келген. Өстүргөн. Бул камкордугуңуз-сиздин акылмандыгыңыз, Найып аке! Рахмат!
САГЫМБАЙ: — Сиз абдан туура иш кылып жатасыз. Баланын эси болсо сизди урматтап, даңкыңызды чыгаргысы бардыр.
ОЛЖОБАЙ: —Бала деген бала. Аны жөнгө салып, кеңеш берчү тайкеси олтурбайбы! **(Шайбекке карап)** Айт балага! Үйрөт! Семетей найып оңой киши эмес. Букадан бийлик талашып, бүгүн болбосо эртең болуштукту ээлөөчү адам. Жаман болбойт, Жээниң. Найып акенин этегин кармаса.
САГЫМБАЙ: Ооба! Өзүңө да бак конот.
ШАЙБЕК: —Рахмат! Рахмат! (эшиктен жигит кирет)
ЖИГИТ: —Барпы тышта турат. Кирсинби, Найып аке?
СЕМЕТЕЙ: —Кирсин. **(Барпы кирип, кол куушуруп учурашат).**
СЕМЕТЕЙ: —**(сынай карап)** —И, ырчы жигит... Кел. Отур, тагаңдын жанына! **(Барпы тагасынын жанына келип отурат).** Кымыз! **(кымыз сунат).**
ОЛЖОБАЙ: —Кимдин үйүнө келгениң билесиңби?
БАРПЫ: —Билем. Тагам айыл жакшыларын келген күнүмдө эле кабардар кылган.
ОЛЖОБАЙ: —Түзүк...
ШАЙБЕК: —Ошондой болсо да руксат берсеңиздер мен жээниме сиздерди да бир ирет тааныштыра кетейин. Сиздерди жакындан биринчи ирет көрүп отурат.
**САГЫМБАЙ— (күлүп) —Майли, тагаларын түзүктөп таанып алсын.**

**Шайбек:** —**(тааныштырат)** —**Төрдөгү урматтуу Семетей найын** бул үйдүн ээси. Айылыбыздын жакшысы. Оң жагында - Олжобай аке, эл кадырлаган адам. Сол жагындагы - Сагымбай аке. Экөө тең Семетей акенин жакын жолдоштору. Бу акелеринди ар дайым сыйлап, ырдасаң ырында урматтай турган бол.

БАРПЫ: —(**Колун көкүрөгүнө алып урмат көргөзөт**) Рахмат, сиздерге **кызмат кылууга даярмын.**

СЕМЕТЕЙ: —(**ыраазы. Көңүлү тоюп**) —А, данеги бар жигит тура.

ОЛЖОБАЙ: — Сөзү тириктин — өзү тирик...

САГЫМБАЙ: — Сөзүңдү бышыктап, акелериңе ырдап берчи угалык. Ырдайт.—деп эле угабыз. Көрөлүчү байкап

СЕМЕТЕЙ: — Айтышат,— дейт. А бирок арабызда айтыша турган эч ким жок. **(күлүшөт)**

ОЛЖОБАЙ: — Бука бийдин ырчысын чакыртсамбы! **(күлүшөт)**

**Б а р п ы:** —(**ойлоно түшүп**) —**Урматтуу акелер. Алдыңыздарга** биринчи жолу келип отурам. Сүр деген оңой эмес, сиздерге эмнени ырдаарымды да билбей турам.

ОЛЖОБАЙ: — **(күлүп)** А сен тартынба! Эмне билсең ошону ырда.

БАРПЫ: — Башымдан көп кыйынчылыктар өттү. Малай жүрүп көр оокаттын азабын көп тарттым. Ырларым муң, кайгы. Аны ырдасам сиздер капа болосуздар го. Ошондуктан өзүмдүн байым Назарбай менен бир ирет айтышканым бар. Ошону ырдап берейин.

СЕМЕТЕЙ: — **(кызыгып)** —И, кана?!

ОЛЖОБАЙ: — Бу жээниң бала кезинен байлар менен айтышып найза сайып көнгөн эмего! **(күлкү)**

САГЫМБАЙ: — Өзүбүздү качырбагай эле... **(күлүшөт)**

БАРПЫ: — Назарбай акеде сегиз жашыман малай жүрдүм. Жамандагым келбейт, бирок да чыны менен таш боор адам. Аёо дегенди билчү эмес. Өзү аз келгенсип агалары кошо жумшоочу.

Назарбай аке жамактап ырдай да коёт экен. Бирөөлөрдөн уккан го, малайың жамактап ырдап жүрөт — деп. Бир жолу кой жайып келсем чакыртып алды. Барсам байбичеси экөө отурушуптур. Мени маңдайына отургузуп: «Эй сокур! Азыр экөөбүз айтышабыз. Качсаң сабайм» деди. **(күлүшөт)** Ичимден: «айтышса айтышабыз» — дедим. Малдаш урунуп алып, ошондо Назарбай аке мени карап ырдап турганы:

ОЛЖОБАЙ: — **(кызыгып)** — И, тамаша башталмай болду.
БАРПЫ: — Үйүмдө жүргөн «уулумсуң»

Уч дилделик кулумсуң.
Каптагын кулум саманды,
Жумшаймын сендей жаманды.
Эртең менен турбайсың,
Айтканымды кылбайсың.
Котөрбөйсүң башыңды,
Актабайсың ашыңды.
Келтиресиң гашымды.
**(ачуумду, жинимди)**
Тойгуча жейсиң наныңды,
Бакпайсың барктап малымды,
Бирдеме дечи и, кана?!
Билейин кулум алыңды,— деп кезек берди.

«Жинине тийсем көп болсо акымды бербей коёр. Аны ансыз деле бербейт» — дедим да, мен да тартынганым жок. Байбичеси экөө тең менин оозумду карап калышты. Эмне дээр экен?— деп. Анда мен минтип ырдадым:

— Каптадым капка саманың,
Ашр сенин заманың.
Бутума чокой бербестен,
Үшүк урду таманым.
Тоңголок кесип бутумду,
Малыңа кантип барамын?
Чоң акырга толтуруп,
Жылкыңа саман саламын.
Кыйналып жүрүп өлбөсөм,
Кегимди сенден аламын! —

дегенимде Назарбай аке; «Токтот! Бас жаагыңды! —деди. **(күлкү)** Апаже байбиче да эрине болушуп; «Улууну улуу дебей, ушинтип такылдап турсаң сени бирөө сыйлайбы! Таманың кесилмек тургай тешилип эмне калбайт! — деп жемеге алды. **(күлкүлөр)** «Назарбай аке менде не жазык? «Айтышабыз».— дедиңиз. «Качсаң сабайм!» — дедиңиз. Андай болсо мындан кийин эл ичинде айтышалы, калыс болушсун» — десем, а! — жинденип үйүнөн кууп чыкты. **(күлкүлөр)**

СЕМЕТЕЙ: — **(күлүп)** Баракелде сенин байыңа! Андай ырчы экен малайы менен айтышбай, атактуу ырчылар менен айтышбайбы! **(күлкү)**

ОЛЖОБАЙ: **—Э, бу баланын оңой ырчы эмес экенин билип айтышкан** чыгаар.

САГЫМБАЙ: — Жакшы өнөрүң бар бала экенсиң, такшала бер. **(күлүп)** Алиги Бука бийдин ырчы сөрөйү ким эле?

ШАЙБЕК: — Сыдык ырчы!

САГЫМБАЙ: — Ошону өкүртө көр! **(күлүшөт)** Бука бий сенин Назарбайыңдай болуп ырчысын кууп чыксын **(күлүшөт)**

СЕМЕТЕЙ: **(жаңсап)** — Алып келе бергиле! **(тыштан чепкен, тебетей алып киришип, Олжобайдын алдына коюшат. Семетей аны «кийгиз!» — дегендей ишарат кылат.)**

ОЛЖОБАЙ: — Барпы үкем! Биздин урматтуу Семетей Найып акебиз өткөн жолку тойдо сенин Бука бийдин ырчысын сөзгө жыкканыңды угуп, «өсчү бала экен, карап койгула!»— деген эле. Айылыбызга тагаңа келипсиң, Тага деген пир болот. Биз да сага тага болобуз. Бизди пир тутуп, сыйлай жүр. Айылыбызды, анын адамдарын өз айлыңдай, өз кишиңдей көр. Сени, ырыңды, өнөрүңдү сыйлап алчу кишилер бар. Сен эми жөн эле жүргөн ырчы эмессиң. Сен эми Семетей найыптын купулуна толгон ырчысың.

САГЫМБАЙ: — Найып аке өмүрүңдө ырчы жактырып көргөн жан эмес. Багың бар бала экенсиң.

ОЛЖОБАЙ: — Ошондуктан эми эл алдына бараандуу болуп чык. Найып акенин ырчысы экениңи айтып чык.

САГЫМБАЙ: — Бери мага жакын кел. **(Барпы ийилип алдына барат. Сагымбай башына тебетей, үстүнө чепкен жаап жатып)** Семетей найыптын ишеничин актаган ырчы бол! Эшикте токулуу ат да сеники! **(Барпы эмне кылаарын билбей таякесин карайт. Таякеси ыраазылык билгиз» — дегендей баш ийкейт)**

БАРПЫ: **(ийилип)** — Ыраазымын Найып аке, ыраазымын!

ОЛЖОБАЙ: **(Найыпка карап)** — Найып аке, сизге тилектештигибизди билгизип, Сагымбай экөөбүз бир ишке бармай болдук. Сизге шону билдире кетмекчибиз.

СЕМЕТЕЙ: — Айткыла, айткыла...

ОЛЖОБАЙ: — Алды менен ырчыңыз кут болсун! Атак-даңкыңызды алыска тараткан, алышканын алып түшкөн кара жаак болсун!

СЕМЕТЕЙ: — Рахмат, рахмат.

ОЛЖОБАЙ: — Эми ырчыңыз бойдок жүргөнү болбойт. Кыз-келинди көргөндө сизди таштап, аларды мактап, ырынан адаша берет. **(күлкү)** Ошондуктан ырчыңызга түндүгүнөн түтүн булатканга жай, жакасын агартып турганга бир ак жоолук бизден болсун, байым.

СЕМЕТЕЙ: — **(ыраазы болуп)** — А мунуңар түзүк... Рахмат. Анда балага бата берип коёлу **(алакан жаят)** Элиңди сыйлаган, эл жакшыларын сыйлаган, намыска жараган ак жолтой ырчы бол. Оомийин! **(Бата кылып баары орундарынан турушат)**

## КӨШӨГӨ

## ТӨРТҮНЧҮ СҮРӨТ

Барпынын боз үйү. Барпы тышта дөңгөчтө кайыш көктөп отурган болот. Жылкычы келет. Иш менен алек болгон Барпыны күлүмсүрөп тиктеп туруп калат.

ЖЫЛКЫЧЫ **(ырдап):** — Сурабайсың алымды,
Ичиме салдың жалынды. **(Барпы тура калып кучагын жаят)** Ырдабасам болобу,
Расса күйгөн жарымды.

**(экөө кучакташып көрүшөт)**

БАРПЫ: — Досум! Барсыңбы?

ЖЫЛКЫЧЫ: — Амансыңбы, Барпы аке? Колго тийбес болдуң го...

БАРПЫ: — **(төшөнчүнү көргөзүп)**— Бул жакка! Төргө! **(Жылкычы төшөнчүгө малдаш урат, Барпы сүйүнүп),** Сүйлө досум! Өзүңдү сагындым, сөзүңдү сагындым.

ЖЫЛКЫЧЫ: — А бизчи! Сен го жалгыз сагыныптырсың. А биз — баарыбыз сени сагындык! Койчуман өзгөчө! Жылкычылар, кыз-келиндер. А сен унуттуң го...

**БАРПЫ (күнөөлүү карап, улутунуп) Унутпай калайын...**

ЖЫЛКЫЧЫ: **(күлүп)** Адегенде жаңы үйлөнгөн немеге тоскоол болбойлу, алагды кылбайлы,— дедик. Ай өттү... Дагы ай өттү! А сен карматбас болуп кеттиң, колго тийбес болдуң. Же...**(таарынгансып)** бизди чандыңбы?..

БАРПЫ: — **(ордунан ыргып кетет)** —Досум! Күйгүзбөчү! Ансыз да өзүмдү өзүм жек көрүп, жарык дүйнөдөн безе качкым келип жүрөт. **(Жылкычы аны таңдана карайт)**

ЖЫЛКЫЧЫ: — Эмне болду?! Эмнеге?! **(Барпы жер карап үн катбайт.)**

ЖЫЛКЫЧЫ: — Келинчегиң менен... **(суроолуу карайт.)**

БАРПЫ: — **(баш чайкап)** —Жок... (пауза) Силерден кетип ит болгон экемин. Семетей найынка ырчы болом деп баарысынан ажырадым.

ЖЫЛКЫ: — Кандайча? Ажырадым,— дегениң кандай?

БАРПЫ: — Ажыраганым ушу да, өз эркимче боло албайм, силерге эми бара албайм, каалаган жериме кала албайм...

ЖЫЛКЫЧЫ: — **(таң калып)** — Ошондойбу?! Сени бизге жибербейби?!

БАРПЫ: — Бура бастырбайт. Өзү эле башкарса мейли элего, ага-туугандары да бийлик кылчу болду. Итин да мактатат жада калса...

ЖЫЛКЫЧЫ **(түшүнүп)** — Кечирип кой, Барпы аке. Сен жөнүн-жаман оюмду кечирип кой. **(өкүнүп)** А мен кем акыл... Барпы акем бизди теңине албай калган окшойт,— деп күмөн санап жүрбөйүмбү. **(мойнунан кучактап)** Кечир досум, эми түшүндүм баарысын түшүндүм.

БАРПЫ: — Кыясы Семетей найыпты урганым жок, кетет окшойм...

ЖЫЛКЫЧЫ **(чочуп):** — Жо-жок! Анте көрбө! Сен биздин сыймыгыбызсың Барпы аке! Биздин арабыздан чыккан ырчысың. Элге таанылa баштадың. Мыктылардын, журт башындагылардын курчоосундасың. **(Барпы мыскыл жылмаят)**

БАРПЫ: — Айтасың да... **(баш чайкайт).**

ЖЫЛКЫЧЫ: — Кудай акы, чын сөзүм! Бизге келбесең келбе, эми таарыныч жок. Ошолор менен бол! Эл аралап сый көрүп жүрө бер. Биз сенин амандыгыңды тилеп, үнүңдү алыстан уксак ыраазыбыз.

БАРПЫ: — Бул жерде кеп анда эмес, досум... Маселен сен ойлогондон алда канча терең... **(Бычагын дөңгөчкө батыра саят).**

ЖЫЛКЫЧЫ: — Болгон күндө да...

БАРПЫ **(колун жаңсап)** — Түшүн досум... Түшүн мени! Мына сен байдын жылкычысысың. Ырас, көр оокат үчүн колун карайсың. А бирок, эркинсиң!

ЖЫЛКЫЧЫ: — **(күлүп)** — Менби?! Мен эркинминби?...

БАРПЫ: — Угуп тур, мен түшүндүрөйүн. Эркинсиң дегеним, оюң эркин. Ким менен сүйлөшөсүң, эмне деп сүйлөшөсүң — өзүң билесиң. Ырдагың келсе ырдайсың. Каалаганыңды! Кай жер болсо да...

**ЖЫЛКЫЧЫ: —Бул чын·**

БАРПЫ: — А менин тилим да, оюм да эркин эмес. Кантип сүйлөштү, кантип ырдашты, эмне деп ырдашты, кимди мактап, кимди жамандашты мен билбейм, менин дилим билбейт... Аны **(сөөмөйүн көргөзүп)** тигилер билет, тигилер айтып турат! **(күйүп, ызаланып, ачуулу)** А мен ырчымын! Акынмын! Жүрөгүм сүйгөндү ырдагым келет! Дилимдегени айткым келет! Акты — ак! Караны—кара! — дегим келет! Анте албасам — эмнем адам да, эмнем акын?! **(пауза)**

ЖЫЛКЫЧЫ: — Акыйкат сөз... **(Келаткан бирөөнү карап калат)**
БАРПЫ: — Андыктан бир гана жол бар — кетишим керек!
ЖЫЛКЫЧЫ: — Асыл досум! Акылың мол... Аман бол. Мен жөнөйүн, Семетей найып биз жакка келатат.
БАРПЫ: **(ордунан туруп)** — Досторго салам айт, жолугабыз буйруса! Бара гой. **(Жылкычы кетет, Найып кирет)**
СЕМЕТЕЙ: — **(кекетип)** Алдыңа өзүм келе турган болуп калдымбы?! Чакырттым эле го!..
БАРПЫ: — Адамгерчиликке ар бир пенде муктаж, найып аке.
СЕМЕТЕЙ: — **(ой жүгүртө)** Айтаарың бар го...
БАРПЫ: — Айдаган жакка жүгүргөн айбандын сөзүн айткан менен ким угат...
СЕМЕТЕЙ: — **(кекеер)** Демек, сени мен айбан кылып салган экемин да? **(акшыят)**
БАРПЫ: — Аныңызга өкүнбөйт деле чыгаарсыз.

(Барпынын бир балээ баштаган турганын Семетей чочулап сезет, сынай карап, анан жойпу күлөт)

СЕМЕТЕЙ **(күлүп)** — Бу менин ырчым бүгүн эмнеле тетири жыгылып калган? Менден качан жамандык көрдүң?! **(Камчысы менен нукуп)** Эй, бала, алдыңа ат мингизип, үстүңө тон кийгизип, төбөңө түндүк көтөрүп, койнуңа колукту кийриген «жамандыгымбы?!» **(ачуулу камчысын талаага шилтеп)** Атаң да жасаган эмес бул жакшылыкты! Жаман атка жал бүтсө — жанына киши жолотбойт! Жаманды сыйласаң чокуңа чыгат! **(Ары-бери басат)** Кара муну!
БАРПЫ: — Атыңызды бул жакка коёюн, итиңизге чейин мактап ырдадым, Найып аке! Арзый элексиң дегиңиз бар го! Эсептешкиңиз келип турабы?
СЕМЕТЕЙ: — **(тетири карап, өзүнчө)** — Атка сүйрөтүп, жонуңдан кайыш алсам болоор эле! Артымды ойлойм да! Тилиңден корком, каапыр... Тилиңден! **(жумшарып, Барпыга бурулат)** Ар нерсени оюңа алып капа болбой жүр, үкөм. Айыбы жок адам болбойт. Менден да кетип калышы ыктымал. Кечиришели... **(кетип баратып)** Күтөм... **(кетет)**
БАРПЫ: — **(жалгыз)** — Мени күткөн жалгыз сиз эмес, найып аке... Өзүм да зарыгып күтүп жүрөм. Буйруса бүгүн азаттыкка чыктым! Өзүмдү кул кылып алдыңызга салып бергенге эрким жетет. А бирок, тилимди, дилимди сизге байлап бере албайт экем!

Ал эч бир күчкө баш ийбейт! Қайыр кош болуң. Найып, аке!

**(Белди бекем буунуп, ишенимдүү кадам таштап үйүнөн узайт)**

**КӨШӨГӨ**

## II КӨШӨГӨ

## V С Ү Р Ө Т

Киши бою келген таш. Таш үстүндө ойго чыккан Кулмурза. Түбүндө булак. Айлана жашыл ыраң, кызыл-тазыл гүлдөр. Түйүнчөгүн таягына илип, таягын ийнине салып, шамдагай баскан Барпы келет. Жата калып суу ичет, башын көтөрүп айланасына суктанып отурат. Кулмурзага көңүл бурбайт.

БАРПЫ:. — **(ырдап)** Абал баар көктөмдө,

Адырда кыртыш көпкөндө,
Айылдагы өрүкзар,
Агартып гүлүн төккөндө.
Жап бүткөндү суктантып,
Жайлоого беглер көчкөндө,
Ак Саткын сулуу жактырган,
Таш-Булак деген жер ушу.
Ашык болуп Кулмурза
Арзып келген төр ушу! **(Сонуркай карайт)**

Бах! Көркүңөн ай, сенин көркүңөн! **(чөгөлөп, колун созот)**

Жеталбастан мустармын,
Жыпарыңа куштармын.
Колум жетбей мустармын,
Кудай акы куштармын! **(Маңдайында таш үстүндө отурган Кулмурзаны көрүп, колун созгон боюнча аны карап калат да, кошумчалайт)**

Колуң жетбей мустарсың
Кулмурза сен да куштарсың.

**(Кулмурза кыймылсыз, терең ойдо. Барпы аны карап жылмайып турат да жанына келт.)**

БАРПЫ: — **(Акырын, сооротком жумшак үн менен)** — Санаа тартпа Кулмурза. Күткөнүң келет, көңүлүң күндөй ачылат. Сен аны менчилеп ыр менен тос. Күйүп—жанып тос, Кулмурза! Мына минтип тос; **(боздоп ырдайт)**

— Кош алмаңа гүл болсом,
Көйнөгүңө түр болсом.
Көңүлүңдү көтөрүп,
Тийип турган күн болсом,

Кош алмаңа кал болсом,
Кеч киргенде шам болсом.
Жүрөгүңдө сызылып,
Жүрүп турган кан болсом.

**(Таягы менен жигитти акырын түртүп)** Ау! Тирүүсүңбү деги, Барпы акеңдин дастаны! **(кетет)**

Кулмурза акырын баш көтөрөт. Кимдир бирөөнү издегендей жол карайт. Ордунан туруп, булак боюна келет. Айласы кетип өсүп турган көп жалбырактуу гүлдү төлгө кылып алагды болот.

КУЛМУРЗА **(гүлдү бирден жулуп)** — Келет, келбейт, келет, келбейт, келет, келбейт?! **(бүтүп калат)** Оозуңа таш! **(экинчисин жулуп алып, кайрадан санай баштайт. Ошол учурда таштын далдаасынан Ак Саткындын башы көрүнөт. Ал Кулмурзанын жоругуна күлкүсү келип, оозун басып араң турат.)**

КУЛМУРЗА **(тынчсызданып, гүлдү жулуп)** Келет, келбейт келет.. **(шыңк эткен күлкү Кулмурза сактана калып, Саткын экенин туюп, жүзү «жарк» этет. Дароо жемин тооруган жолборстой артына бурулуп өнүп жөнөйт. Ак Саткын кыткылыктап ташты айлана качат. Экөө азга кубалашып ойношот да, капыстан Кулмурза Саткынды шап билектен алып бооруна кысат. Саткын суурулуп чыгат.)**

АК САТКЫН: — **(боюн алыстатып)** — Мындай шоктонот экенсиң, мындан ары мени көрбөйсүң.

КУЛМУРЗА: — Кечирип кой, экинчи жолосом оңбоюн!

АК САТКЫН: — **(чочугандай)** — Анда көрүшпөйт экенбиз да?!

КУЛМУРЗА **(шашып)** —Жо-жок! Андай мааниде эмес. **(күнөөлүү)** Мен экинчи жанагинтип шоктонбойм — дегеним.

АК САТКЫН: — **(мыскыл күлүп)**— Адептүү... Дароо эле жөнгө келген жакшы жигит тура! **(бурулуп, булактан колу менен суу сузуп иче баштайт.)** Дайыма ушундай адептүү жигит болуп жүр. **(жылмаят)**

КУЛМУРЗА: **(өзүнчө)** — Колума тийсең...Анан кимдин дароо жөнгө келерин көрүшө жатаарбыз!

АК САТКЫН: — **(күлүп)** Ах, кандай тунук булак! Адам өмүрү да булактай тунук болсо... **(кочуштап суу сунат)** Кулмурза! Ичсең... **(Кулмурза Саткындын кочушундагы сууну ичип, башын көтөрбөй созо берет. Саткын тигинин куулугун жактырып)** Бүттүңбү? **(күлөт)**

КУЛМУРЗА: — **(башын көтөрбөй)** —Аз калды! Бах!...

АҚ САТҚЫН: — **(колун тартып алат)**—Ушунча да соргок болосуңбу? **(күлөт)**

ҚУЛМУРЗА — **(а да күлүп)**— Қолундагы тунук сууну өмүр бою иче берүүдөн танбас элем!

АҚ САТҚЫН: **(сырдуу)** — Чын элеби?

ҚУЛМУРЗА: — Сурайсың да! **(улутунат ыкыс берет).**

АҚ САТҚЫН **(сөздү буруп)** — Биздин тоолор кандай көрктүү ээ, Қулмурза. Қарачы, не деген ажайып коздук!

ҚУЛМУРЗА: — Айрыкча көч кетип бараткaнда. Қөч артында бир бийкечтин жүгү ооп шаштысы кеткен чакта **(күлүшөт)** өзгөчө сулуу көрүнөт!

АҚ САТҚЫН **(таарынып)** Таш боор турбайсыңбы! Ошондо жүгүм ооп бараткaнын көрүп туруп, кайрылбай кетип баратасың.

ҚУЛМУРЗА: — «Жардам сурасын» — дегеним.

**АК САТКЫН: —Кыз баланы жалдыраткан жигиттикке жатабы? (таарынычтуу)** И —ии... билдик сизди!..

ҚУЛМУРЗА: — Таштап кетмек эмесмин келмекмин, чакыртбай эле. Өзүң коркок турбайсыңбы, менден мурда чыдабай безеленип жибердиңго **(күлүшөт).**

АҚ САТҚЫН: — Қыз болуп калсаң көрөт элем...

ҚУЛМУРЗА: — Ошол күнгө... Жүгү оогон сага туш кылган кудайыма рахмат! Миң мертебе!

АҚ САТҚЫН: — И, анчалык не болду? **(күлөт)**

ҚУЛМУРЗА: — А күнү андай окуяга туш болбогонумда Улуу—Чатта Саткын деген чүрөк бар экенин билмек эмесмин. Жагымдуу үнүн укмак эмесмин. Таш-Булактын боюнда таанышып, сырдашып отурмак эмесмин.

АҚ САТҚЫН: — О, сөзүң кооз...Ырдайт да окшойсуң.

ҚУЛМУРЗА: — Сен үчүн аянбайм!

АҚ САТҚЫН: — Анда...ырдап койчу угайын.

ҚУЛМУРЗА: Сен үчүн Ак Саткын, күнү-түн ырдайм.

АҚ САТҚЫН: — Ак—Саткын?.. Мени эч ким минтип атаган эмес. А эмне үчүн Ак Саткын?...

ҚУЛМУРЗА: — А мен сени биринчи таанышканда эле ичимден Ак—Саткын,— деп атагам. Анткени сен апакайсың! Ак жылдызсың. Ак таңдай жарыксың. Сен — Ак — Саткынсың!

АҚ САТҚЫН: — **(жактырганын билгизип)** — Жөнү жок эле мактай берет экенсиң. Ырда эми, угайын.

КУЛМУРЗА: — Азыр... **(тамагын жасанып, тегерегин каранат. Саткын күлүп, ташка жөлөнөт. Кулмурза акырын ырдайт)** —

Сайындын сары гүлүндү,
Саргайттың кызыл жүзүмдү
Самаганда ашык жар,
Самсып жашым тизилди.

**(Саткынга жакындап, тигиле карайт. Кыз назданып кыйгач карап кылыктуу)**

**Кыстардың кызыл гүлүндү,**
Кубарттың кызыл жүзүмдү.
**Кылыгың эске түшкөндө.**
Кылгырып жашым тизилди.—

**(Саткынга экинчи тараптан басып келет. Ташка жөлөнүп)**

Жылдыздай көзүң пылдырап,
Жыпардай жытың гүл бурап,
Жыл он эки ай зарлабай,
Жанаша жүрсөм сыр сурап,—
Ак — Саткын!

**(Колунан кармамакчы болот. Саткын калп эле кырдын башына көз чаптырып чочуйт)**

АК САТКЫН: — Ой тээ кырда бирөө бул жакка келаткансыйт. Көрүп калса уят. Мен кеттим! **(булт берип качып жөнөйт.)**

КУЛМУРЗА: — **(шашып)** — Ак Саткын! Токтосоң?! **(шашып)** Эми качан жолугабыз? **(жалдырап)** Ак Саткын?!

АК САТКЫН: **(кайрылып)** — Эртең ушул жерден!

КУЛМУРЗА: **(өкүнүчтүү) —Токтосоң бир аз... (үнүн бийик чыгарып)** Күтөм сени, Ак Саткын! **(артынан карап туруп калат акырын өзүнчө)** Күтөм...

**К Ө Ш Ө Г Ө**

## VI С Ү Р Ө Т.

Боз үй. Ак Саткындын ата-энесинин боз үйү. Бери жакта кемегенин жанында жыйылган отундарды кертип Барпы отурат. Ак — Саткын көңүлдүү. Бирде эшикке чыгып төшөнчүлөрдү силкип, бирде дагы бир нерсени жайып, тура калып алыскы кыр — жон жакка көз чаптырып, бирөөлөрдү карагандай. Кыңылдап ырдап, боюн түзөп, өзүнчө эле күлүп-жайнап, учуп-конгон кейипте. Барпы кээде аны карап, баш чайкап күлүп, отунун керте берет. Саткын ага басып келет.

АҚ САТКЫН: — Барпы аке, айтыңызчы... Кечинде жаан жаайбы же жаабайбы?

**БАРПЫ (жылмайып)** — А сен кандайын каалайсың? Жаагынбы же жаабаганынбы? **(Асманды карайт)**

АҚ САТКЫН **(шектенип, күлүп)** — Жаабайле койсо!...

БАРПЫ: — Анда жаабайт! **(күлүшөт)**

АҚ САТКЫН: — **(таарынгансып)** Коюңузчу Барпы аке, мен сизден чындап сурасам, а сиз кишини шакаба кылат экенсиз.

БАРПЫ: — Кантип эле агасы карындашын шакаба кылсын. Чынынды айтчы, а эмне үчүн кечинде... Жаан болбосун каалайсың? **(кууланып турганын сезген Саткын оюн билгизип койгонсуп уялып, тегеренип кетет)**

АҚ САТКЫН: — Жаан жааса Барпы акемдин отуну суу болот да. **(жылмаят. Барпы күлөт)** Мээнетиңиз текке кетпесе экен деген тилегим. **(экөө тең күлүшөт.)**

БАРПЫ: —Жакшы кыздын тилеги дайыма жакшы болот. Жакшы кыздын акеси да ал кызга дайыма жакшылык каалайт.

АҚ САТКЫН: — Рахмат сизге, Барпы аке. Барпы аке! **(жанына отура калып, кертилген отунун жыя баштайт).** Сизди жакшы ырдайт,— дешет. Ырдап берсеңиз...

БАРПЫ: — **(күлүп, керкисин жанына коёт)** — Отун кертип атып да киши ырдайбы?

АҚ САТКЫН: — **(жаракөрлөнүп)**— Бериңиз, отунду мен кертип турайын **(керкини алмак болот)**

БАРПЫ: — **(бербей)** — Жо-о, бовойт. Карындашы отун кертип, акеси ырдап турганды кайдан көрдүң эле **(күлөт)** А көрөкчө, мен табышмак айтайын, а сен жандыр.

АҚ САТКЫН **(кубанып)** — А ий табышмакбы?! Кызыкбы?

БАРПЫ: Мага абдан кызык! Сага да кызык болушу мүмкүн...

АҚ САТКЫН: — Кана, айтсаңыз! Таба аламбы?

БАРПЫ: — Жообун бул айылдан бир гана бийкеч таба алат. А бирок ал бийкеч ким экени мага табышмак.

АҚ САТКЫН: — **(сактанып, ойлонуп)** Чын эле кызык табышмак окшойт. Айтып көрсөңүз!

БАРПЫ: — **(жылмайып, колундагы кертилген бутак менен адыр тарапты көрсөтүп)** Жакындан бери байкадым.

Жашырып сага айтайын.

**(акырын ырдап):** — Адырдан тиктеп караган,

Азада боюн тараган
Алыстан келет бир жигит...

АК САТКЫН: — **(жооткотуп)** —Чынында элеби?...
БАРПЫ: **(жылмайып ырдап:)** — Кырандан тиктеп караган,
Кыргыйдай тиктеп караган,
**Күнүгө келет бир жигит**
Бул эмнеси, Ак Саткын?...
Адырдан туруп күү чалат,
Армандуу жигит муңканат.
Бул эмнеси, Ак Саткын?

АК САТКЫН **(тамашага айлантып, күлүп)**
Кырдан туруп күү чалса,
Кулагын тоскон бар чыгар...
Күйүттүү жигит үн салса
Күйүтүн сезген бар чыгаар.
Адырдан туруп күү чалса,
Барпы аке,
Айылда тыңшаар бар чыгаар.
Армандуу жигит үн салса,
Арманын укчу бар чыгаар.
**(жай, ойлуу басат.)**

БАРПЫ: — **(соңунан)** — Алакандай айылда,
Анын арманын укчу ким экен?
Арзыган ошол жигиттин,
Асылы кайсы гүл экен, а?!

АК САТКЫН: **(Жабышкан Барпыны жактырбай чукчуңдап, шарт артына кайрылып келет)**

— Сиз кызыксыз Барпы аке!
Үйдөн чыкбай отурган,
Үй күчүктөй бийкечмин.
Жүк бурчунда отурган,
Жип ийриген бийкечмин!
Кайдан билем? **(шарт бурулуп чуркап кетет. Барпы күлүп, соңунан баш чайкап карап турат. Аңгыча келаткандарды көрүп, Барпы обдулат.)**

БАРПЫ: — Меймандар окшойт. **(ийин куушуруп тосо жөнөйт)**
Тааныбайт экем?..

**К Ө Ш Ө Г Ө**

## VII СҮРӨТ

Боз үйдүн ичи. Төрдө Жутбай, жанында Малтабар, Ак Саткындын ата-энеси.

МАЛТАБАР: — (**салабаттуу**) —«Кел» — демек бар. Кет,—демек жок. Бу күйөө балаңар (**күлүп**) жөн койсом деле кете турган ою жок. (**Жутбай күлүмүш этет.**)

САТКЫНДЫН АТАСЫ:— (**Кошомат кылып**) —Күйөө баланы пайгамбар сыйлаптыр. Кудай акы, шашылбаңар...

МАЛТАБАР: — (**ыраазылык билдирип**) — Рахмат! Кечээтен бери сый үстүндөбүз. Кайта турган маалыбыз. Анын үстүнө (**Жутбайды карап, жылмайып**) бу күйөө балаңар кийинки кезде чапкылап эле калыптыр. (**күлүшөт**). Бир жакшылыкка даярдык көрүп аткан сыягы бар. Анжиян, Наманган базарына түшмөкчү. (**күлүп**) Камылгасы чоң белем...

САТКЫНДЫН АТАСЫ: (**кубаттап**) —А, болсун! Болсун!

МАЛТАБАР: Саткынды көргөзбөдүңөр го! (**Саткындын атасына**) Бу сен тоотбой барат окшойсуң! Бу жерге келип Жукеме кымыз сунуп отурса...Эмне, колу ооруп калат беле, кызыңардын!

САТКЫНДЫН АТАСЫ (**аялына акырайып**) —Айтылды эле го!

ЖУТБАЙ: — (**колун жаңсап**) —Чыш-ш! Кереги жок.

МАЛТАБАР: — (**опурулуп**)— Дагы багыңар бар, төрүңөрдө ыймандуу адам, айкөл адам! (**Саткындын атасын кекетип**) Кесир кылып атканың жокбу?...

САТКЫНДЫН АТАСЫ: — (**безеленип**) — Кудай акы андай ойлобоңуз. Убадабыз убада! Жукемдин сөзүн эки кыла албайм.

МАЛТАБАР: — (**кербезденип**) —Ии, ошентип турсаң!...

ЖУТБАЙ: — Улуу Чаттын төрүндө бир короо ирик багылып жатат. Күзгө тарта корооңузга айдап келишет. Жайлоодон түшкөндө Саткынды алып кетем.

МАЛТАБАР: — Уктуңарбы?... (**күлүп**) Кызыңар ага чейин Жукемдин ириктериндей болуп бышып турсун! Хе, Хе!

САТКЫНДЫН АТАСЫ: — (**шашып**) Уктум, уктум. Рахмат, Жуке! Айтканың айткандай болот!

МАЛТАБАР: — (**мыскылдап**) — Рахматыңды мага да айта жүр. Болбосо Жукемди айнытып коюш мына (**төшүн кагып**) менин колумда. Заматта бир короо ириктен кол жууйсуң. Буга чейинки бергени деле жетмек!

САТКЫНДЫН АТАСЫ: — (**кошомат күлүп**)— Рахмат, рахмат!

ЖУТБАЙ: — Туралы, (**алакан жаят**) Кана?..

МАЛТАБАР: — Жукемдин тилеги орундалсын! Оомийин. **(Бата кылып орундарынан турушат. Узатышат. Саткындын ата-энеси кайра киришет. Атасы кубанычтуу төрдө барбалактайт).**

САТКЫНДЫН АТАСЫ: — О, кудай! Берегөр! Багыбыз бар экен. Кыз дегенди кудай мына ушун үчүн берет тура! Карачы, Жутбай деген ким да, мен ким?! Жутбай деген жерге батпаган төрт түлүк малы бар, кыштоолордо короо—жайы бар, калааларда курулган тамы бар, алтын—күмүш... Ошондо—о! Атак—даңкы бар!

Ошол адам күйөө болуп менин колумду карап келип отурат. **(дөөлөтүнө семирип, күлөт.)** Буйруса, байбиче соболобуз көтөрүлгөнү ушул. Койнубуз да, корообуз да толуп келатат. Бардын иши—бар! Колуңда барбы-бийлик сеники! Урмат-сый сеники! Атак-даңк сеники! **(Байбичесин нукуп)** Эй, катын! Жашоо сеники! **(күлөт)** кубанып койсоң боло! **(кекетип)** О, эси жок! Үйүңө кут келсе да кубанганды билбей жер карап үңкүйөсүң.

ЭНЕСИ: — Кызым байкуш курубаса болгону...

САТКЫНДЫН АТАСЫ **(ачуулу)**—Ал эмине дегениң?

ЭНЕСИ: — Теңин таппай калганына өкүнөм да...

САТКЫНДЫН АТАСЫ: — Жутбай эмине, теңи эмесби?!

Эй, акмак! Эмине,— деп келжиреп турасың? Билсең Жутбайдын теңи сенин кызың эмес! Хандын кызын алса жарашат ага! **(жинденип)** Кызың эмне, күндөн түшүп келиптирби?... Куттуу адамды теңине албаган! Мээ жок сенде! Жыргайт, ал Жутбайдын колунан! Былжырабай даярда! **(тултуюп жамбаштап калат көптөн соң)** Акмак! Кызына тең издеп жүргөн тура! **(эстеп)** Эй, ит катын! О, өгүнү жок издеп бир бокмурун келип жүрөт эле... Кечөө да көрдүм окшойт. Ал эмне эле отолуу кыздын үйүн имерчиктейт. Эмне унчукпайсың?

ЭНЕСИ:— Байкабадым ал баланы... **(алагды болумуш этет)**

САТКЫНДЫН АТАСЫ: — Сен балээни байкайсыңбы! Ошол итти эми бир көрүнсө жылкычы. койчуларыма айтып сабаттырбасамбы! Соо жигит эмес.

ЭНЕСИ: — Жөн эле жүргөн чыгаар. Обу жоктонбочу.

САТКЫНДЫН АТАСЫ: — Ит билсинби! Ошондо да сак болсун балдар. Бу жерде башы байлануу кыз бала бар. Жаман көздөр көп. Бирөө болбосо бирөөлөр ушак—айың кеп кылат... Угуп кой, эй катын! Сөзгө

калбайлы. Жутбай укпасын! Оң кулагың менен да, сол кулагың менен да ук! **(ордунан туруп камчысын алып)** Мен кеттим.

ЭНЕСИ: — Кайда барасың?

САТКЫНДЫН АТАСЫ: — Күйөө балаң айтпадыбы. «Улуу Чатта бир короо ирик багылып жатат» — деп. Аны өз көзүм менен көрбөсөм. Чыдабай өлүп кетем го! **(күлөт)** Калп эле жер чалымыш болуп жүрүп алыстаан көз чаптырып көрөйүн. Күздө короомо кандай ириктер кошулат экен. Канчоо экен?... **(кетет.)**

ЭНЕСИ: — **(өзүнчө, эки муштумун түйүп, артынан наалат айтат).** Кызымдан айлан ач көз! Дүнүйөңө басылып, малыңа тебеленип өл! Кыз баланын убалы ылайым уктатпасын сени!

**(КӨШӨГӨ)**

## VIII С Ү Р Ө Т

Таш булакта Кулмурза Саткынды күтүп отурат. Кубанычтуу көздөрү жайнап токтоно албай акырын ырдайт.

КУЛМУРЗА: — Короого түшкөн куттайсың,
Кызыл гүл чачкан жыттайсың.
Кыйноону тартып мен жүрсөм,
Козголбой кантип уктайсың.

Таштын ар жагынан Саткын көрүнөт. Шоктугун карматып уурдана басып арт жагынан өңүп келип тыңшайт.

КУЛМУРЗА: — Эшикке түшкөн куттайсың,
Эгиз гүл чачкан жыттайсың.
Элетке боздоп мен жүрсөм,
Экчебей кантип уктайсың

Шыңк күлкү, Кулмурза шарт бурулат, Саткын кыткылыктап качат. Экөө кубалашып, Кулмурза Саткынды белден ийе тартып бетинен өбөт. Саткын ойт берип бошонуп, таарынып булак боюна келет. Олдоксондугуна күнөөлүдөй желкесин кашыган Кулмурза артынан ээрчийт.

КУЛМУРЗА: — Кечирип койчу, мен...

АК САТКЫН: **(саал жемелеп, бирок эрке мүнөздө (Кылгылыкты кылып коюп... Анан кечирим сурамыш болуп калат экен! (тигиле карайт). Кулмурза үңкүйүп жер карайт. Саткын шаңкылдап күлөт)**

АҚ САТҚЫН: — Окшойсуң! **(күлөт)** Кудум эле!... **(күлөт)**
ҚУЛМУРЗА **(күлүп)** — Эмнеге окшоймун?
АҚ САТҚЫН: — Айтайынбы? **(күлөт)**
ҚУЛМУРЗА: — Айт! **(Жакындайт)**
АҚ САТҚЫН: — Таарынбайсыңбы? **(күлөт)**
ҚУЛМУРЗА: — Эч!
АҚ САТҚЫН: — **(күлүп)**— Жанагинтип турсаң... **(күлүп)** кудум эле талканга таарынган балага окшойсуң! **(күлүп качат. Кулмурза кууйт. Саткын булактан колу менен суу чачат. Кулмурза токтоп калат. Саткынды телмире тиктейт).**
АҚ САТҚЫН: **(күлкүсүн тыйып а да Кулмурзага таңдана карайт)** — Сага эмне болду?... Эмне болуп турусуң?:.
ҚУЛМУРЗА: — Сен перисиң. Көзүмө перидей сулуу көрүнүп турасың. Мен... Мен...
АҚ САТҚЫН: — **(каткырып)** — Жөөлүгөн байкушум ай. **(суу кочуштап сунат)** Мөлтүр булактан жутуп алчы. Эсиңе келесиң. **(шаңкылдап күлөт)**
ҚУЛМУРЗА: — **(ичип, ошол боюнча колун жыттап баш көтөрбөйт)**
АҚ САТҚЫН: **(тамашалап)** — Кулмурза!... **(акырын чакырат)** Э-гей! Сага эмнебол ду? Барсыңбы? **(күлөт).**
ҚУЛМУРЗА: **(колунан кармап)** — Ак Саткын. укчу мени...
АҚ САТҚЫН: — **(уялыңкы)** — Угуп атам... Бирок сен мага эч сөз айтпачы...
ҚУЛМУРЗА: — **(аптыгып)** — Мен сени... Ак Саткын... Мен...
АҚ САТҚЫН: — **(анын оозун алаканы менен басып)** Болду, түшүндүм...
ҚУЛМУРЗА: — **(Саткындын алакандарын өөп, анан бооруна кысат, Саткын Кулмурзанын көкүрөгүнө башын жөлөйт. Экөө үнсүз. Бир оокумда)**
Мен бактылуумун... Багым тоодой экен...
АҚ САТҚЫН: — Менин да...
ҚУЛМУРЗА: — Биз эми түбөлүк биргебиз...
АҚ САТҚЫН: — Биздин эч бир күч ажырата албайт.
ҚУЛМУРЗА: — Сен үчүн Ак Саткыным, жаным курман...**(өбөт).**

**(Ак Саткын тартынып эсин жыят. Бошонуп басып келип таш үстүнө ойлуу отурат. Кулмурза ага суктана карат турат да, о бир кезде селт чочуп, тигиле карап калат. Ак Саткындын көзүндөгү жашты көрөт. Жанына чуркап келип, тизелеп отура калып аны колдон алат. Экөө тиктеше калат.)**

ҚУЛМУРЗА: — **Сен ыйладыңбы?!**

АҚ САТҚЫН: — **(Көзүндө жаш. Кулмурзаны жаагынан сылап)** Сен менин жанымсың. Сенден кымбат менин адамым жок. Мен сени эч качан унутпаймын. А бирок... **(эчкирип)** Кудай бизди кошпоптур, Кулмурза! **(кучактайт)**

ҚУЛМУРЗА: — **(чочуп, жанынан түңүлүп)** — Эмне үчүн?! Эмне деп жатасың, жан биргем?! Түшүндүрчү!..

АҚ САТҚЫН: — **(Өзүн токтотуп, көз жашын сүртүп)** Сен мени кечирип кой, Кулмурза. Мен куруюн, күнөөлүмүн. Сенин алдыңда күнөөлүмүн... Мен деген отолуу кызмын. Карыган чалга кудалап койгон. **(Жер тиктейт.)** Баягыда көчтө бараткандa экөөбүз жолуккандан бери мен өз башымды жоготуп, бассам, **турсам эсимден кетпедиң. Өзүмдүн ким экеним** ди да унутуп коюптурмун. А сен болсоң күн алыс улам бир шылтоо таап айлыбызга келе бердиң. Кыялымды дүрбөтүп, ышкыңа мени күйгүздүң. Мен сага башында айтышым керек эле...

ҚУЛМУРЗА:— **(күйүп)**— Ак Саткын! Мен сени эч кимге бербейм! **(Ак Саткын башын чайкайт. Кулмурза аны бооруна бекем кысат)** Сен меникисиң! Сени менден эч ким тартып ала албайт! **(Ак Саткын бошонот).**

АҚ САТҚЫН: — Тагдырыбыз башка экен...

ҚУЛМУРЗА: — **(жан талашып):** — Мен сени сүйөм, Ак Саткын!

АҚ САТҚЫН: — **(акырын)**— Мен да...

ҚУЛМУРЗА:— Мен сени эч кимге бербейм!

АҚ САТҚЫН: — **(башын чайкайт)**— Тартып алышат. Күч менен...

ҚУЛМУРЗА: — Кел качалы! Алыска! Куугун жетпес жерге кетели!

АҚ САТҚЫН: — Мүмкүн эмес. Узатышпайт. Таап алышат. Ата-энемдин каргышына калабыз.

ҚУЛМУРЗА: — **(жанталашып)** — Мен аны өлтүрөм!

АҚ САТҚЫН: — Кимди?

ҚУЛМУРЗА: — Сени алмакчы болгон чалды!

АҚ САТҚЫН:— **(Башын чайкайт)**— Анда эле сенден ажырайм Кулмурза. Алар сени тытып кетишет...

ҚУЛМУРЗА: — **(аргасы түгөнүп)** —Эмне арга бар, Ак Саткын?!

АҚ САТҚЫН **(ойлуу кейиштүү акырын ырдайт.)**

Кыз үчүн жигит күймөк бар,
Кыйноону тартып жүрмөк бар.
Ышкынын отун сен жактың,
Ышкыңа күйгөн Ак Саткын.

**(пауза)**

Эми экөөбүз жолукбайбыз. Акылдуу жигитсиң Кулмурза... Эсиңди жый! Мени азапка салба. Атам дүнүйө дегенде өлгөн киши.

Алчусун алып, сандыгына салып отурат. Ага да тойбой улам үйүрү менен мал алып, алган сайын арааны ачылып келет. Таш боор агам бар. «Боор тартаар бекен»— деп, бир ирет арманым айта баштасам. экинчи ооз ачкыс кылган. Энем байкуштун колунан эч нерсе келбейт... **(пауза)** Бир гана арга-аман бол! Мен сени эч качан унутпайм...

ҚУЛМУРЗА: **(жаны ачып)** Антпечи, алтыным!

АҚ САТҚЫН: — Бул ачуу чындык, Қулмурза. Сен менин жүрөгүмдөсүң. Мен ошого ыраазымын. Қайда жүрсөм да дайыма сени эстей турган болом. Қош, кымбаттуум. **(чуркап кетет)**

ҚУЛМУРЗА **(өкүрүп)** Ак Саткын! Токтосоң! **(артынан эки-үч кадам шилтеп, түңүлүп, өкүрүп, жерди муштагылап үстөмөндөп жыгылат.)** Жок! Жок! Жо-ок!

**(Барпы келет. Жерде жаткан Қулмурзаны аягандай баш чайкап, карап турат)**

БАРПЫ: — Ашыксыңго Қулмурза?

ҚУЛМУРЗА: — **(өрөпкүп)** —Ашыкмын Барпы аке...

БАРПЫ: — Қатуу сүйгөн окшойсуң

ҚУЛМУРЗА: — Абдан...

БАРПЫ: — Ойлодуңбу?

ҚУЛМУРЗА: — Ойлондум.

БАРПЫ: — Терең ойлон, Қулмурза! **(Қулмурза өөдө болот)**

ҚУЛМУРЗА: — Башкача ойлоно албайм.

БАРПЫ: — Башың кетет, Қулмурза!

ҚУЛМУРЗА: — Мейли! Макулмун!

БАРПЫ: — Өмүр кымбат эмеспи...

ҚУЛМУРЗА: — Өмүрүм — Ак Саткын! **(жалбарып)** Айла тапчы Барпы аке?! **(Барпы ойлонот)**

БАРПЫ: — Бир гана айла...

ҚУЛМУРЗА:— **(үмүттөнүп)** — Айтың, Барпы аке!

БАРПЫ: — Акыл токтот.

ҚУЛМУРЗА: — **(күйүп)** — Мен гана эмес, акылымдын өзү ашык, Барпы аке! Жардам берчи, арга тапчы, Барпы аке?!

БАРПЫ: — О. кудурет! Сүйүү барда андан ашкан күч жок! Сүйүү алдында алсыз болуу—бул бакыт! Бактылуусуң...

ҚУЛМУРЗА: — Чексиз! Мен сүйүүнүн курманымын.

БАРПЫ: — **(Узап баратып өзүнчө сүйлөнөт)** — Экөөң махабат ырысыңар! Экөөң махабат дастанысыңар! Экөөң мага илхам жараткан күчсүңөр!

**Қ Ө Ш Ө Г Ө**

## IX СҮРӨТ

Таш булак. Сууну тиктеп Ак Саткын ойлуу. Акырын муңдуу ырдайт.

Калама көйнөк жолжолум,
Кашаттын башы—болжолум.
Кашатка бүгүн келбесең,
Кайрылгыс болуп кеткениң,
Кара көз кыздан кечкениң.

**(ордунан туруп эки жакты карайт өкүнүчтүү).** Азап ай, азап! Неге келбе,— дедим эле...Башыма келген бакытты неге куудум?...

**(ырдайт):** — Бурама көйнөк жолжолум,
Булактын боюу—болжолум.
Булакка бүгүн келбесең,
Бурулгус болуп кеткениң
Бото көз кыздан кечкениң.

**(ойлуу отуруп калат. О, кыйладан соң)** Чала мага! Чала! О, курган башым!

**(ырдайт):** — Суйсалып жондо олоң чач,
Сулуу бир кыздар калам каш.
Калам каш кызга келбеген,
Кандай бир жандын боору
таш! **(Шарт туруп басып кетет. Аздан соң Кулмурза издеп келет. Булакты, Таштын артын, Ак Саткын отурган жерди карайт. Үмүтү үзүлүп, улутунуп булакты тиктеп ойлуу телмирет. «Шыңк» күлкү кулагына угулат.**

КУЛМУРЗА: — **(ыргып туруп)** —Ак Саткын **(Ташты айлана чуркап, алдастап таппай делдиреп туруп калат. Өзүнчө жалооруп)** Ак Саткын, ушунчалык бооруң таш белем?! **Бир көрүнүп койсоң боло! (Ак Саткын отуруп жүрчү ташка барып колу менен сылагылап, ташты кучактап, аны жазданып отуруп калат. Саткын ырдаган ырды кайгылуу ырдайт.)**

Кыз үчүн жигит күймөк бар.
Кыйноону тартып жүрмөк бар.
Ышкынын отун сен жактың.
Ышкыңа күйгөн Ак Саткын.
**(каңырыгы түтөп)**

О, Ак Саткын! Үнүмдү угаар болсоңчу! Абалымды билсеңчи! Бир жумадан бери күндө келем. Караанына зар болуп, бир көрүүнү көксөп, кусадан өлмөй болдум. Баскан изиңди, сен отурган таш-

ты, колуң кармаган жерлерди сылагылайм, өбөм. Сенсиз менде жашоо жок, Ак Саткын! Сенсиз менде жашоо жок... **(кайрадан ойго чөмүлөт. Кыйладан кийин башын көтөрүп)** Ак Саткын, чын эле мени унуттуңбу? Ишенбейм?! А бирок унутпасаң, мага окшоп азаптансаң... эмгиче экөөбүздүн сырдашчу жерибиз Таш-булакка бир кайрылып келет элең го?! Күндө бул жерде сени күтүп жүргөнүмдү жүрөгүң сезген жокбу?

Карааныңды көрөмбү деп кырдан туруп көз талытам. Сен көрүнбөйсүң! Суу алып баспайсың, кемегеге келип от да жакпайсың. Көк шиберге алып чыгып төшөнчүлөрдү күбүчү элең го?... Сага эмне болду? Ооруп калган жоксуңбу? Кабарыңды кантип алам? **(ойлонуп аркы-терки баса баштайт).**

**(Көккө кол сунуп жалбарат)** —О, кудай! Ак Саткынга жолуктуруп чексиз бакытка бөлөдү элең. Эми анда неге мени ажыраттың?! Күнөөм эмне?! Ансыз менде жашоо жок экенин көрүп турбайсыңбы? Жашоо жок!!

## КӨШӨГӨ

## X СҮРӨТ

VI сүрөттөгү көрүнүш кайталанат. Барпы отун кертип отурат. Маңдайына ойлуу басып Саткын келет. Үн катпай кертилген отундарды жыя баштайт.

БАРПЫ: — Санааң бардай Ак Саткын?..
АК САТКЫН:— **(баш ийкеп)** Угу...
БАРПЫ: —Бирөөлөрдү сагынып жүрөт окшойсуң?...
АК САТКЫН: — **(баш ийкеп)** Угу...
БАРПЫ: — **(ойлуу)**— Сагынганы бар адам — бактылуу адам... **(Ак Саткын аны тиктей калып. ойлоно түшөт.)**
АК САТКЫН:— Барпы аке, сүйүү деген эмине?...
БАРПЫ: **(маани берип)**—О!... Салмактуу суроо. Табышмактуу, сырдуу суроо... Эң кыйын суроо! **(баш чайкайт. Отунун керте берет).** Барпы акең жооп бере алаар бекен?
АК САТКЫН **(жалооруп)** Аракет кылсаңыз, Барпы аке!...
БАРПЫ:— **(жанданып,) ичтен кайрып өзүнчө ырдайт)**

Ачылган гүлдөй кези—алтын,
Алчадай кара көзү—алтын.
Оромол салган башы—алтын,
Олоңдой кара чачы—алтын.

(пауза). Сүйүү деген эмине? (алысты карап) Эх, сүйүү!.. (пауза) Сүйүү бул (жылмайып) азап!

АК САТКЫН (баш ийкеп) — Үгү...

БАРПЫ: — Сүйүү— бул бакыт!

АК САТКЫН (баш ийкеп) — Туура...

БАРПЫ: — Сүйүү — бул канат!

АК САТКЫН (баш ийкеп) — Үгү...

БАРПЫ: — Сүйүү — бул эч бир күнкө баш ийбеген мени айтаалгыс бир укмуш! (күлөт)

АК САТКЫН: (ойлуу) —Туура айтасыз Барпы аке... Айтсаңыз, а... ата-эне...(Барпы шектүү карап калат.)

БАРПЫ: Анан?... Эмне ата-эне?...

АК САТКЫН: — Ата-эненин айтканын кыз бала дайыма аткарыш керекби? А эгер аткарбай койсочу?

БАРПЫ: — Ата-эненин айтканын кыз бала да, эркек бала дайыма аткарыш керек. Тилин албоо жакшы эмес.

АК САТКЫН (ойлуу. Көптөн соң) Барпы аке...

БАРПЫ: (сезип) —Айта гой...

АК САТКЫН: — Сиз менин бир боор агамдайсыз. Мен сизден сыр жашыргым келбейт.

БАРПЫ: — Ыраазымын сага, Ак Саткын. Дүйнөдө сендей кыздар чанда!

АК САТКЫН: — Барпы аке. (куурай менен жер чукулап) мен бирөөнү жакшы көрүп калдым. (жарым үн менен кысылып айтат)

БАРПЫ: — Билем. Көптөн бери ашыксың. (Саткын уялып жер карайт.) А бирок башың байлануу эмеспи. Ак Саткын. Акылга салдыңбы?...

АК САТКЫН: (жалооруп) — Түшүнөм Барпы аке! (пауза) Акылым жетеер эмес. (пауза) Сүйүү өзүңүз айткандай бардыгынан күчтүү болуп жатпайбы? (ойлуу) Эмне кылам, Барпы аке?!... (экөө тең тунжурашат)

БАРПЫ: (Керкисин доңгочко батыра чаап) Эх, менде сыйкырлуу күч болсо!... Сенин башыңды байлаган абийирсиз байды айнытып, берген дүнүйө — малын алдыртып, атаңды сөзгө көндүртүп, Ак Саткындын багын ачып, күндөй күлмүлдөтүп, айдай жаркытып, ай — ааламга өзүм жар салып, кыз оюнунда сүйгөн жигит экөөңдү даңазалап, булбул болуп безеленет элем! Мен алсызмын, Ак Саткын .

АҚ САТҚЫН: — **(Кейиштүү)**— А мен Барпы аке, бактысызмын.
БАРПЫ: — **(чочуп)** —Жок! Андай деп айтпай жүр.
АҚ САТҚЫН: — **(басып баратып)** Аргасызмын Барпы аке... **(кетет) (Барпы баш чайкап, өкүттүү улутунат.)**

## Қ Ө Ш Ө Г Ө

## XI С Ү Р Ө Т

Таш Булак. Саткынды күткөн Қулмурза. Адатынча ойлуу, сагыныч баскан. Саткындын ырын ичтен кайрып угулаар угулмаксан ырдайт.

Қыз үчүн жигит күймөк бар,
Қыйноону тартып жүрмөк бар.
Ышкынын отун сен жактың
Ышкыңа күйгөн Ак Саткын.
Ышкыңа күйгөн Қулмурза, а...
Ышкыңа күйгөн Қулмурза!

Арытадан келаткан Ак Саткын көрүнөт. Қулмурза көргөн көзүнө ишенбейт. Саткын да аны көрүп чуркайт.
АҚ САТҚЫН **(сүйүнүп)** Қулмурза!
ҚУЛМУРЗА **(чуркап)** Ак Саткын! **(кучакташып көрүшөт. Ак Саткын кучагынан чыкпай бүт сагынычын чыгарып, Қулмурзаны жонго муштагылап, таарынычын айтат. Биринин сөзүн бири жула сүйлөшөт.**
АҚ САТҚЫН: — Таш боор! Таш боор! **(Жонго муштагылайт.)**
ҚУЛМУРЗА: — Алтыным менин! Айдайым!
АҚ САТҚЫН: — Өлүп жүрсөм билбейсиң. Қайда...
ҚУЛМУРЗА: — **(сөзүн жулуп)** —Сенсиз жашай албайм! Күндө ушул жерде акыйып... **(сөзүн жулуп)**
АҚ САТҚЫН: — Қайда жүрөсүң? Қанча күттүм!... Сен...
ҚУЛМУРЗА: — **(Сөзүн жулуп)** — Таалайым менин! Сени кайра көрөөр күнүм бар экен ээ! Қөрбөй ка...

АҚ САТҚЫН: — **(сөзүн жулуп)**— Жинди болуп кете таштадым. Сен мени ойлоп да койбойсуң! **(бошонуп, таарынат)**
ҚУЛМУРЗА:— **(чөгөлөп)** — Айтасың да-а, Ак Саткын. Сенсиз менин көргөн күнүм курусун! Эми мен сени өлсөм да жанымдан чыгарбайм!
АҚ САТҚЫН: — **(кучагына келип)** Ошент. Қулмурза! Сенсиз мен да жашай албайт экемин. **(өбүшөт Экөө көпкө чейин кучакташып турушат)**

КУЛМУРЗА: — Эми биз эч качан ажырашпайбыз!
АК САТКЫН: — Эч качан! **(кучагынан бошонуп булакка басып келип кочуштап суу ичет. Кочушуна суу толтуруп Кулмурзага сунат).**
КУЛМУРЗА: Менин өмүр — суум сенин кочушунда. Ак Саткын **(ичет.)**
АК САТКЫН:— Экөөбүздүн тең өмүр суубуз өз колубузда...
КУЛМУРЗА: — **(Ак Саткындын алакандарынан өөп)** — Өлсөк да бирге болобуз!
АК САТКЫН: — Биз дайыма биргебиз, Асылым! **(кубанат)**
КУЛМУРЗА: — **(кубанычтуу)** Билесиңби, дүйшөмбү күнү төмөнкү айылда той болот! Жумабай деген тойлоп келет экен.
АК САТКЫН: — **(сүйүнүчтүү)** — Аа— ий, сонун болгон турбайбы!
КУЛМУРЗА: — А күнү кечинде кыз — оюн болот!
АК САТКЫН: — Баралы! **(колдон алат)**
КУЛМУРЗА: — Сөзсүз! Селкинчек тебебиз **(Саткынды белден алып тегеретет).**
АК САТКЫН: — Алым сабак айтышабыз!
КУЛМУРЗА: — Жоолук таштамай ойнойбуз!
АК САТКЫН: **(күлүп)** — Сениби, шашпагын! Аркаңа байкатбай жоолук таштап туруп, мени саргайтканыңдын өчүн албасамбы!
КУЛМУРЗА: — **(каткырып)** А мен жеткирбей кетсем кантесиң?
АК САТКЫН: — Жетем эле!
КУЛМУРЗА: — **(качат)** Кана, кубалап көрчү?
АК САТКЫН: **(кубалайт)** — Сага эле... жетпесем элеби!

**(Каткырып күлүшөт, куушуп ойношот. Кулмурзаны кууп жетип, жонго муштайт. Экөө алышып, жерге оонап калышат.)**

КУЛМУРЗА: **(кучактап туруп)** Чын эле барасыңбы?
АК САТКЫН: — Чын эле!
КУЛМУРЗА: **(ыраазы)** —Анда мен сага арнап ырдайм.
АК САТКЫН: — **(чочуп)** — Кой, бирөөлөр билип койсочу?!
КУЛМУРЗА: **(күлүп)** — А мен атыңды айтбайм да **(күлүшөт. Кимдир бирөөнүн алыстан үнү угулат. Экөө тынышай калышат.)**
АК САТКЫН: — **(чочуп)**— Кеч болуп калды!
КУЛМУРЗА **(чочуп колдон алат.)** Кеч эмес!
АК САТКЫН: — Издеп жүрүшбөсүн. Барайын!
КУЛМУРЗА:— Жибербейм!

АҚ САТҚЫН: — Издеп келишсечи?! Уят болобуз. Жөнөйүн!
ҚУЛМУРЗА: — **(жалооруп)** Ак Саткын...
АҚ САТҚЫН: — Қыз оюнда жолугабыз. Чыда эми! **(бурулуп басат)**
ҚУЛМУРЗА: — Күтөм сени, Ак Саткын! Келбей койбо!

Ак Саткын узап баратып басыгы жайлап, анан токтоп калат. Артына Кулмурзаны карап азга турат да, чуркап келет.

АҚ САТҚЫН: — Кулмурза!
ҚУЛМУРЗА: — Эмне болду, Ак Саткын?!
АҚ САТҚЫН: — Қыз оюнга барбайле коёлучу?!
ҚУЛМУРЗА: — Эмнеге?..
АҚ САТҚЫН: — Мени андыгандар бар. Билип коюшат. Билип калышса сага кол салышат. Сени соо коюшбайт. Қорком!

ҚУЛМУРЗА: Қоркпо жарым! Мен сак болом.
АҚ САТҚЫН: — Билип калышса биз эч качан жолугуша албай калабыз. **(Қулмурза шылкыя түшөт. Ак Саткын анын жаагынан сылап жашыруун айтат)** А көрөкчө ошол түнү сен мага кел...
ҚУЛМУРЗА **(таңданып)**, Қандайча?!
АҚ САТҚЫН **(сөөмөйү менен Кулмурзанын оозун басып)** Чыш-ш! А түнү мен жалгыз болом. Эч кимге байкалба! Шек алдырба. Түн киргенде кел, жарайбы?
ҚУЛМУРЗА **(белинен ийе тартып)** Жарайт **(өбөт)**
АҚ САТҚЫН — **(кетип баратып, кайрылып)** — Күтөм! **(Кетет)**
**(Барпы келет. Кулмурза сүйүүгө мас. Бактылуу жылмайып турат).**
БАРПЫ: **(Акырын, жумшак)**— Сүйүүгө массың Кулмурза.
ҚУЛМУРЗА: — **(ырахаттуу)** — Масмын, Барпы аке...
БАРПЫ: — Анчалык кетпе, эсиңе кел...
ҚУЛМУРЗА: — О, Барпы аке!
БАРПЫ: — Түшүнөм. **(толкуп)** Гүлдөгөн калың чарбактын,

Бурагы сенсиң Кулмурза.
Жайнап турган жыйындын,
Чырагы—сенсиң Кулмурза.
Ачылган гүлдөй Саткындын
Ынагы—сенсиң Кулмурза!
Ышкында күйгөн Ак Саткын,
Ышкынын отун сен жактың.

ҚУЛМУРЗА: **(Бактылуу)**— Тагдырым — ушул Барпы аке!
БАРПЫ: — Шашылбагын Кулмурза...
ҚУЛМУРЗА: — Уккум келбейт, Барпы аке. **(Ташты айлана басат, Барпы соңунда. Экөө кууша берет.)**

БАРПЫ: — Ак Саткын кыздын тунугу!
КУЛМУРЗА: — Билем, Барпы аке! **(кулагын басат)**
БАРПЫ: — Жигиттин сенсиң сылыгы!
КУЛМУРЗА: — Укпайм, Барпы аке!
БАРПЫ: — Чыр-чатак болсо эл туят!
КУЛМУРЗА: — Билем, Барпы аке!
БАРПЫ: — Чартарап баары тең туят!
КУЛМУРЗА: Укпайм, Барпы аке, укпайм! **(кайрылып токтойт)**
БАРПЫ: **(ачуулу жер тээп)** — Отоолуу кыз ага уят! Олуттуу жигит сага уят!
КУЛМУРЗА: — **(Эки кулагын тең басат)**— Укпайм! Укпайм!
БАРПЫ **(түңүлүп, колун жайып)**— Бечарам ай! Акылдан ажыраган турбайсыңбы! **(кетип баратып)** Болбодуң досум! Болбодуң! **(Санын чаап, түңүлүп узай берет)**.

## КӨШӨГӨ

## XII-СҮРӨТ

Ак Саткындын ак өргөсү. Төшөк салынган. Күйгөн шам. Ак Саткын айласы куруп, азаптанып жаткан болот.

АК САТКЫН: **(беймаза)**— Кудайым ай! Ушундай да иш кыламбы?! Эмнеге үйгө чакырдым? **(Эшикти карап чочуп)** Келип калса кантем?! Бетим и-ий! Уят! Өлдүм **(ойлонуп)** Эмне кылсам? Качып кетсемби?.. Кайда?... **(ойлуу отуруп калат)**

АК САТКЫН: — Үйүмө чакырганым уятбы? Ал менин сүйгөн адамым да. Мени урматтаган адам да?! Аны менен сырдашканым уят ишби?! **(ойлонот)**
А эгер мен... малга сатылып...дүнүйөгө сатылып... Атамдай кишиге барганым уят эмес... **(мыскыл жылмаят.)** Баракелде-е... А кишини жек көргөнүмдү жашырып, жалган мамиле менен жакшы көрүмүш этип, өмүр бою өзүмдү да, өзгөнү да алдап жашасам уят эмес! Өзүмдү адам катары санабай, бардык зордук, зомбулукка баш ийип, кул болуп, күң болуп карыган чалдын үйүндө жашаганым — атамды, элди сыйлагндык экен да?! А өзүмдү сыйлоого акым барбы? **(ойго чөмүлөт)**.
**(Башын көтөрүп)** Бар! Мен адаммын! Бирөөнү

сыйлоо үчүн, ата-энемди сыйлоо үчүн адегенде адам болушум керек го! **(ойлуу)**

... Атакебай! Кечирип кой мени! Чындыкты айтканым үчүн кечирип кой. Адилеттик, чындык үчүн сизге каршы турдум. Түшүнсөң, ата, кызыңа ыраазы болоорсуң. А түшүнбөсөң өлтүрсөң мейлиң! Эми менин аянаарым жок! **(бышактап)**

Миң ирет жалгандан бир жолку ачуу чындык... бул таза да, адилет да! Мен да теңимди таптым, ата! Антүүгө толук акым бар! **(Күзгүнү шам чыракка жакын апкелип, жайлана отуруп карана баштайт. Боз үйдүн тышынан уурдана басып Кулмурза ичине кирет. Арытада аңдыган караан «жылт» коёт. Ак өргөнүн эшиги жабылып, шам өчөт.)**

**(КӨШӨГӨ)**

## XIII С Ү Р Ө Т

...оз үйдүн ичи. Саткындын агасы Зулумбек. Жанында эки жи... Кымыз ичип отурушат. Бир жигити кымыз куюп отурат. Жыл...ы жигит кирет.

...ГИТ: — Баягы жигит келип, Саткындын өргөсүнө кирип кетти!

...УМБЕК: — **(Камчысы менен жер чаап)** — Союш керек! Өлөөрүнө көрүнгөн экен... Бар! Аңды! Кетирбе! Кабарлап тур! **(Жигит чыгып кетет. Зулумбек жинденип)** Шуркуя! Жанагы менин карындашымбы — шуркуя ал! Мууздап салбасамбы!

...ИГИТ — Кызда эмне айып, Зулумбек аке! Кептин баары — жигитте. Азгырып турса... Бойго жеткен кыз бала...

...УМБЕК **(Сөзүн бөлүп)** —Бойго жеткен кыз бала! Бойго жеткен кыз балада баш деген болуш керек да! Отолуу экенин билбейби? Билет! Атасынын калың алганын билбейби? Билет! Сөз болоорун, атасы менен агасы душманга күлкү болоорун билбейби, кыз бала! **(Жигитти акырая карап, анан муунта кармайт)** Ушу сен табаң канып турат бейм!!! Жарып салам! **(Бычагын кындан суурумак болот. Кымыз куйган жигит арачы түшөт.)**

2-ЖИГИТ: — Коюңуз, Зулумбек аке! Ачуу душман. Ачуууга алдырбаңыз. Биз сизге берилген жигиттерденбиз го. Качан сизди уятка калтырдык эле? Айтыңыз! **(Ажыратат)**

ЗУЛУМБЕК **(токтолуп)** — Мага капа болбогула. Өздөн чыккан жат жаман! Өз карындашың өзүңө душман чыгып атса куйөт экенсиң. Тиги дөбөттү экинчи келгис кылгыла. Көзүм көрбөсүн, кулагым укпасын!

1-ЖИГИТ: — Кам санабаңыз! Эми ал кутулбайт! **(Эшиктен тынчы жигит ырсайып күлүп кирет.)**

ЗУЛУМБЕК: — Эмне болду?..

ЖИГИТ: — **(ырсактап)** — Кыңшылап атышат **(күлөт)**

ЗУЛУМБЕК **(каарданып)** —Жогол!! **(Жигит качып чыгат, соңунан 1-жигит кууп барат. Тарс-турс. Онтогон үн 1-жигит сөгүнүп кайра кирет.)**

1-ЖИГИТ: — Акылы жок айбан! **(Зулумбектин заары бетине чыгып жер тиктеп отурат. Үчөө тең үн катышпайт.)**

ЗУЛУМБЕК: — Баргыла! Мени жалгыз койгулачы. Керек болгондо чакырам. **(экөө чыгып кетишет)** Эмне кылсам?! Экөөнү тең күм—жам... **(пауза)** Жигин билгизбей түнү менен... **(ойлонот)** Жо-жок! Саткын керек! Шуркуяны берер жерине берип... **(ойлонуп калат)** Ошентейин. Кулмурзаны түнү менен жер үстүнөн жексен кылайын. Төө көрдүңбү? Жок! Бээ көрдүңбү? Жок! Кыз да аман. Ушак-айың сөз да жок! Ооба! Ошентейин! **(Алаканын чабат, 1-жигит кирет)**

1-ЖИГИТ: — Түн ортосу ооду. Эмне кылалы?

ЗУЛУМБЕК: — Байкабай калган жокпу, алиги акмак? Качырып ийбедиби?!

1-ЖИГИТ: — Жок! Жигит ак өргөдө.

ЗУЛУМБЕК: — Чыга бергенде жайлагыла. Үнүн чыгарбагыла. Эч жан туйбасын. Өлүгүн алыс алпарып жер менен жексен тегиздеп салгыла.

1-ЖИГИТ: — Кам санабаңыз. Жата берсеңиз болот.

ЗУЛУМБЕК: — Жок! Өз көзүм менен көрмөйүн жаным жай албайт. Күтөм! **(Жигит чыгып кетет. Зулумбек ойлуу)** Баягында эле... Жок издеп айылга келгенде эле жүрөгүм бир нерсени сезгендей болгон. Кап! Ошондо катуу айтып, экинчи кайрылгыс кылганымда бул балээ болбойт эле... **(кыйшайып жамбаштап, ойго чөмүлөт. Аздан соң 1-жигит кирет.)**

1-ЖИГИТ: — Зулумбек аке, тараза жылдыз бата турган болду. Жигиттин кетээр туру жоктой. Не буйрасыз? Таң атып кетсе иш чатак болот. Бирөө жарымдар байкашы мүмкүн.

ЗУЛУМБЕК (**шашыла турат**) — Анда киришели. Жүрү. (**Кетишет**)

## КӨШӨГӨ

## XIV СҮРӨТ

Ак Саткындын ак өргөсү. Ак шоола. Магдырап уктаган Кулмурза. Жанында ич көйнөкчөн Ак Саткын. Ал тагдырына ыраазы уктап жаткан Кулмурзаны суктана карап, таттуу кыялда. Шашбай, жай таранып, чачын ондоп сүйкүм жылмайып отурат. Кээде эшиктеги дабыштарды тыңшай калып, Кулмурзаны ойготууга умтулуп, бирок аяп, батынбайт. Акырында Кулмурзанын көкүрөгүнө башын коюп, жанына жатат. Жигит аны кучактайт, бирок дале уйкуда. Ак Саткын аны бетинен өөп, жаагынан сылагылайт.

АК САТКЫН: — (**акырын**)— Жан досум менин... Тураар маалың болду. Ойгончу. Көзүңдү аччы! (**Кулмурза аны кучактап, көкүрөгүнө кысат**)

АК САТКЫН: — Болду эми... Ойгонсоң. Кулмурза! Тараза жылдыз батыптыр. Абада торгой сайрай баштады...

КУЛМУРЗА: — (**көзүн ачпай**) — Ач кыргый алсын ошол торгойду!

АК САТКЫН (**бышкырып**) — Койчу эми... Чын айтам. Турчу! Суранам сенден... досум! Уксаң... Тыңшасаң (**өзү да тыңшап**) Ана, Кожо акем азан чакыра баштады!

КУЛМУРЗА (**көзүн ачпай**)—Көк жөтөл тийсин Кожо акеңе!

АК САТКЫН (**бышкырып күлөт**) — Уйкучу десе. Өлгүдөй уйкучу турбайсыңбы! Тур эми! (**Тарткылайт, силкилдетет күлөт**) Короодо койлор бышкырып атат.

КУЛМУРЗА (**турбай**) — Ач бөрү жесин, ошолорду!

АК САТКЫН (**бышкырып күлүп, анан калп ыйлактап, Кулмурзаны көкүрөккө муштагылап кирет.**) Турбайсыңбы, эми не-не-е? Жылгадагы жылкылар дүбүрттөп келатат. Тур!

КУЛМУРЗА: (**кебелбей**)— Жоо чапсын ошол жылкыны!

АК САТКЫН: — (**күлүп, кайра калп ыйлактап**) Эмне-е! Мен чындап атсам, сен шылдың кыласың. Тур деймі

Тур! Уят болобуз! Эл көрөт! Алтыным менин турсаң...

КУЛМУРЗА: — (Көзүн ачып, Ак Саткынды өзгөчө сүйкүм менен жылмая тиктеп карап турат да, анан шап кучактап бооруна кысат.) Жаратканга миң мертебе ыраазымын! Тагдырыма ыраазымын! Эгер менден бакыт деген эмне? — деп кимдир бирөө сураса айтмакчымын. **(пауза)**

АК САТКЫН **(шыбырап)** — Эмне деп?...

КУЛМУРЗА: — Сүйгөн адамың бар болсо—бакыт деген ошо! — деп. Сени сүйгөн бар болсо **(өбөт)** бакыт деген ошо!— деп. **(көзүнө тигилип)** Билесиңби Ак Саткын. Мен эмнени андадым?

АК САТКЫН — Эмнени?...

КУЛМУРЗА: — Экөөбүздүн сүйүүгө эми эч бир күч жолтоо боло албайт. **(Ак Саткын баш ийкеп ырастайт)** Эми эч бир күч бизди бөлө албайт. Өлтүрүп да, өрттөп да! **(ордунан турат. Ак Саткын да турат. Кулмурза аны бооруна кысат)** Биздин сүйүү түбөлүктүү!

АК САТКЫН — **(Жүзү нурданып)** Мен да сендей ойлогом. Сен менин оюмдагыны айттың!

КУЛМУРЗА: — Мен эми атаң менен сүйлөшөм. Ынандырам!

АК САТКЫН: — Атам сөзгө келбейт го... **(эшик шарт ачылып, жулкунуп төртөө киришет. Ак Саткын чыңырат)** Кулмурза — а! **(Зулумбек Ак Саткындын оозун алаканы менен басып, жүзүн ары буруп былк эттирбей кармап турат. Үчөө Кулмурзаны жайлап, кийизге ороп эшикке алып чыгышат.)**

ЗУЛУМБЕК: — **(Карындашына зекип)** —Сен эч нерсе болгон жоксуң, биз эч нерсе көргөн жокбуз! Кулмурза деген айбандын бул үй эмес, айылда караанын да көрүнгөн жок. Түшүндүңбү? **(Коё берет. Ак Саткын жерге шалак жыгылат. Зулумбек аны азга карап туруп чыгып баратып):** — Бардыгы мурдагыдай! **(Кетет. Аздан соң Ак Саткындын боюн түзөп, телмирет.)**

АК САТКЫН: — О, жарык дүйнө!... Сен кандай жаркынсың да, (улутунуп) кандай караңгысың... **(Телмирет. Дабыш уккандай селт чочуп, тыңшайт. Өзүнчө:)**

Атаке, мен болгону он жети гана жаштамын. А бирок сиз билгенди мен да билем...

**(ордунан туруп бел тасмасын колуна алып кыйлага ойлуу карайт).**

Уул болуп төрөлсөм тагдырым башкача болмок. Кыз болуп төрөлдүм. **(бел тасмасын ордуна коёт)** А бирок атаке, бактылуумун. Мен ошого ыраазымын. **(Дагы бир кийимин колуна алып ойлуу карайт.**

Сизге айтаар сөзүм бар атаке! Азыр укпаганыңыз менен... акыры көкүрөгүңүз туяар... Кыз да болсом адаммын! Адамга тийешелүү аң-сезимим бар. Жакшылыкка жакшы, кыянатчылык, зомбулукка элдешпес мамилем бар. **(Колундагысын ордуна коюп, башка бир жакшы көргөн буюмун алат. Аны коштошуп жаткан сыңары көпкө карайт.)**

Көңүлүмдү көкөлөткөн, «кыялым орундалса» — деген жакшы тилегим бар эле, атаке! Колумдан баары келип, акылым бардыгын туйчу эле. Сиз аларды көргүңүз билгиңиз келбеди. Сиз мени байлыкка алмаша турган аял заты катары гана көрдүңүз.

Кечирип коюңуз атаке... Сиз чоң жаңылдыңыз. Чыныгы байлык төрүңүздө жайнап турганын көрбөдүңүз. Ак Саткын өз баасын билет. Ал буюм катары колдон колго өткүсү келбеди. Жаш болсо да адамдык асыл сапаттарды ыйык тутуп, сизге атаке, каршы турдум. Теңирим өзү калыс! Күнөөлүү ишке барбадым. Болгону өз теңимди таптым, экөөбүз түбөлүк баш коштук. **(Такыясын колуна алып, көпкө ойлуу туруп, анан ордуна коёт.)**

Эми сиздин арманыңыз көп болоор атаке... «Кызым мени элге —журтка шерменде кылды, сөзгө калтырды, жер каратты» дээрсиз. Үшкүрүгүңүз көк түтүнгө айланаар. **(мыскыл жылмаят.)** Күйгөнүңүз кызыңыз эмес, колуңуздан чыккан кыз калыңы, Кулмурзанын куну болоор.

Ач көзүңүз акыры сизди жайламак, жайланганыңыз ушул, атаке!

А мен бактылуумун! Кулмурза экөөбүз ага өмүрүбүздү берип жатып жеттик.

**(Колунда канжар «жарк» этет.)** Кош бол, ардагым апа! Кечирип кой, кызыңды!
Кош болгула гүлдөй назик курбулар! **(Өзүн саят, жыгылат. Көшөгө жабылып, кызыл нур жаба берет.)**

## СОҢКУ КӨРҮНҮШ

Жайлоо. Алыста жайылган мал, боз үйлөр. Колунда таяк, жонунда баштык, боздоп ырдап келаткан Барпы.

БАРПЫ: — Бириң жигит гүлү элең,
Бириң кыздын нуру элең.
Бириң чолпон көктөгү,

Бириң жаздын көктөмү.

Бириң тийген күн элең,
Бириң назик гүл элең.
Бириң чынар, бириң бак,
Бириң булбул, бириң шак.

**(туш-туштан үнду угуп агылып келип жаткан эл. Алар Барпыны тегеректешет.)**

**БАЯНЫ:** — Бирин шумкар төрдөгү,
Бириң ак куу көлдөгү,
Бириң комуз, бириң ыр,
Бириң ак там, бириң нур.

Бириң жайдын түнү элең,
Бириң жандын гүлү элең.
Бириң кыздын ынагы,
Бириң жигит чырагы.

Экөөң бирдей жаш элең,
Экөөң барда жаз эле!
Ай тийүүчү жылмайып,
Жылдыз жанчу нурданып.
Барпы акеңдин түгөнгүс,
Махабаты ырдалып...

Аа, күйдүргүм күйдүрдүң!

**(таягы менен жер сабайт)**

Жаркыраган маңдайда,
Таңым элең Ак Саткын.
Куунак кылган көңүлдү,
Шаңым элең Ак Саткын.

Сулуулардын туптунук,
Күзгүсү элең Ак Саткын.
Жигиттердин чаңкаган
Ышкысы элең Ак Саткын.

Түгөнбөгөн, бүтпөгөн,
Ырым элең Ак Саткын.
Жүрөгүмдө катылган,
Сырым элең Ак Саткын,

Кулмурза экөөң Барпыны,
Кууратың да какшаттың!

**(жер сабайт)**

Моюндашып бир баскан,
Курдаш элек Кулмурза.
Ой —тилектер ээрчишип,
Сырдаш элек Кулмурза.
Жалын болуп жалбырттап,
Күйдүң элең Кулмурза.
Жаркылдаган Саткынды.
Сүйдүң элең Кулмурза.
Багы ачылып кетсе,—деп,
Ортоңордо данакер,
Жүрдүм эле Кулмурза.

**(жер сабайт)**

Атанын боору таш болду!
Агасы келип кас болду!
Күзгүм сынды быркырап,
Кош жылдыз учту чыркырап,
Ырым ыйга айланды,
Армандуу Барпы буркурап...

Күлүп турган күн калды,
Түнөрүп кара түн калды.
Булбулдун үнү басылды,
Ак булутка жашынды,
Ырдалбастан ыр калды,
Көкүрөктө муң калды,
Күйдүргүм ай мени күйдүрүп,

**(жер сабайт)**

Барпы акында миң кайгы, ай!

**(Таягы менен жаагын таянып тунжурап калат. Эл чогула берет).**

ҮН: —Барпы аке, сизге не болду? Ырыңыз түгөндүбү?

БАРПЫ: — **(кайраттуу)** Жок, түгөнгөнү жок. Менин ырым эми башталат!

2-ҮН: Ал кандай ыр, Барпы аке?

БАРПЫ: — Жаштык ыры, досум, Ашыглык ыры! **(өкүнүп)** Эх, кай жоругун айтайын! **(пауза)** Ак жылдыздай эки жаштын махабат ыры. Жалынга айланган күйүт ыры!

1-ҮН: **(чыдамы кетип)** — Анда ырдаң, Барпы аке!

БАРПЫ: — **(Алысты карап)**— Эл келатат! Күтөлү, бүт баары угушсун! **(Эл жыйыла берет. Көшөгө)**

Мухтар БОРБУГУЛОВ

# Б А Р П Ы

(Үч көшөгөлүү, алты сүрөттүү
тарыхый драма)

## БАРПЫ.

### Катышуучулар.

ТОКТОГУЛ — акын.
БАРПЫ — акын.
БОЛОТ — Барпынын агасы.
САРМАН — Барпынын иниси.
ДЫЙКАН — Манап.
МАДАЛИ — Эшен.
ДАЛБАЙ — Барпынын теңтушу.
МОЙМОЛ—Дыйкандын кызы.
АШЫР—Кедей чал.
КАЛМАТ—Кыякчы.
ЛАЙЛИХАН — Болоттун аялы.
ЖААНБАЙ—Ыстарчын.
ПЫШАҢ—Дыйкандын ырчысы.
МЕЙИЛХАН—Ашырдын кызы.
КЕДЕЙ.
БАЙ.
СООДАГЕР.
АРЫК ЖИГИТ.
КОЙЧУ ЧАЛ.

**Жигиттер, эл катышат.**

# БИРИНЧИ КӨШӨГӨ

## Биринчи сүрөт

ЖАЙ. Өрүкзар. Көлөкөгө коюлган чарпаяда Дыйкан, Жаанбай, Мадали, Сарман көк чай ичип отурушат.

М а д а л и . **(Теспесин тартып)** Дыйкан бай, мен сиздин кудайга кызмат кылуудан баш тартпасыңызды билип...

Д ы й к а н. Албетте, эшеним, сиз да, биз да кудайдын кулубуз.

М а д а л и. А, бали, асти өлбөң, бай. Мен пайгамбарым Мухаммеддин жүргөн жерлери Меке, Мединага барууга камынып жатам.

Д ы й к а н. Кудай жолуңузду ачсын, эшеним.

М а д а л и, Иншалла, ягни мен өзүм үчүн эмес, жалпы калайык-калк үчүн,.. Кудайдын кулу, Мухаммеддин үмөтүмүн деп жүргөндөргө алла-таалам өз ырайымын жиберүүсүн ва күнөөлөрүн кечирүүсүн ак деп кудайдан сураймын. Өзүңөргө окшогон кудайымдын сүйгөн пенделерин ата-бабаларыбыздын арбагы колдо деп башымды ташка урамын.

Ж а а н б а й. Кулдук, эшеним.

Д ы й к а н. Бу сөзүңүздүн бир мааниси бар го?

М а д а л и. Асти өлбөң, ушундай алыс сапарга бара турган болгондон кийин элге-журтка айтып, кайыр-назирди түзүгүрөөк алып-берсеңер. Беш-алты жылдык мойнундагы карыздарынан кутулуп коюшсун.

Д ы й к а н. Сапар качан?

М а д а л и. Алла таалам ак жолун ачса, эмдиги жылы жолго чыгам. Сарман молдо Кубага чейин узатып кайра тосуп алат.

**(Саарман таазим кылат).**

Д ы й к а н. Айтканыңыздай болот, эшеним.

Ж а а н б а й. Кайыр-назирди өндүрүп беребиз.

М а д а л и. Асти өлбөң. Мен да унутпасмын.

Б а р п ы. **(кирет.)** Чакырттыңыз беле, бай?

Д ы й к а н. А, Барпы акын, кечеги жыйында Анжиян-аркага аты чыккан Бекназар ырчыны жеңип койду деп уктум.

Б а р п ы. Сөзүнө жараша сөз айттым.

Д ы й к а н. Бали, бали. Эми алдагы самтыракты чечип, жак--

шы тон кийип, ат минип, эл көргөндөй болуп жүрүшүң керек. Сен баягы жалчы Барпы эмес, ырчы Барпысың.

**М а д а л и. А бали, асти өлбөң. Жакшы кеп.**

С а р м а н. **(Барпыга).** Маркамат де, яки Дыйкан акем сага жөндүү кеп айтып жатат.

Б а р п ы. Кулдук, бай.

Д ы й к а н. Калган кепти ананыраак угасың. Жаанбай, алыстан мага кадырлуу коноктор келе жатат. Аларды жакшылап тосуу керек.

**(Кетишет. Бирөө келип, чарпаяга салынган төшөк, жаздыкты жыйнап чыгат. Барпы ойлонгондой чарпаянын кырына отурат. Өрүктү аралап, орогун салган Болот, колунда таягы бар Далбай киришет).**

Д а л б а й. Ой-ээй, кудайдын күнү мынча ысыды.

**Б о л о т. Бир аз көлөкөлөп алалы.**

Д а л б а й. **(Өрүктөрдүн башын карап.)** Казан болуптур. Тигинде кош өрүк калыптыр. Ыргыта койойун. **(Таяк менен урмак болот).**

А ш ы р. Ээй-эй, өрүк уурулар!

Д а л б а й. Ашыр ата жок экен десе. Сиз дагы эле кароолчусузбу?

А ш ы р **(Басып келет.)** Анан, кароолчу болбой калды деп уктуң беле?

**Д а л б а й. Баса, Дыйкан сизге күйөө бала болгондон кийин** чардап жата бербейсизби деймин да.

А ш ы р. Ар кимдин өз оокаты өзүндө, балам.

Б о л о т. Байдын ашы сатылуу, сандыгында катылуу.

Д а л б а й. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы. Чычканга түк бүткөн сайын калтырайт. Дыйкан катынынын эски ыштанын да базарга сатат.

А ш ы р. Э, балдарым, адам ошондой жаратылып калса, кантебиз. Киши байыган сайын байысам дейт. Мен силерге битта ылакап айтып берейин. **(Жөөктүн кырына отурат.)** Илгери битта бай кызыр алей саламга кезигип, мен баймын, бирок дүйнөм аз көрүнөт. Көзүм тойо элек. Мени дагы бай кылчы дээр экен. Анда кызыр ага чуңкуру бар эски сөөк бериптир да, ушул чуңкурду алтын, күмүшкө толтур, андан кийин сураганыңды аласың дептир. Бай ал чуңкурга алтын, күмүштү канча салса ям толбос имиш. Акыры алтын -күмүш ада болгондо мен муну толтура албадым дээр экен. Анда кызыр бул сөөктөгү чуңкур адамдын көзүнүн орду. Шондуктан сенин талабыңды орундатууга мүмкүн эмес деп жооп бериптир. **(Туруп иштей баштайт).**

Б о л о т. Биздин Дыйканга окшогон бир тойбос байдын көзү болсо керек.

Б а р п ы. Ашыр аба, сиз аягын айтбай койдуңуз. Қызыр ал чуңкурга бир ууч топурак салса, толуп калыптыр.

Д а л б а й. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы.

Б о л о т. Байдын көзү топуракка тойо турган болсо, топурак жетиштүү го.

Б а р п ы. Эй, Болот аке, топурак деле жетиштүү болбой калды го. Жер да өлчөнүп, төрөлөргө кеткени төрөлөргө, байга кеткени байга кетип ээленип бүттү. Кедейге бир карыш жер койгон жок. Кана, байдын жеринин четинен басып көрчү.

А ш ы р. Ушунчага чыгып, оңой оокатты көрө элекмин, балдарым.

Б о л о т. Ырас, амал жок.

Д а л б а й. Кайсы бирин айтасыңар.

Б а р п ы.

Айт, айт десе, ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өңөр чыгарган
Ааламдагы адамды айт.
Бири күлсө, миңи ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт.
Байга-бакыт, кедейге
Шорду жазган каламды айт.
Бул замандын улугу,
Жакынын, байды калкалайт.
Кедейлер барса арыз айтып,
Уккусу келбей чалкалайт.
Теңсиздикти ушундай.
Адам качан талкалайт?

Барпы ырдап жатканда Калмат да бир четке келип тыңшап турат. Анын колунда кыяк, ийнинде куржун.

К а л м а т. **(Колун сунуп).** Барпы, бул ырың менен биздин жүрөктө жаткан муңду айттың, көңүлдөгү сырды айттың. Эл айтканча бар экенсиң.

Б а р п ы. Мен сизди тааныбайт экенмин.

К а л м а т. Сен мени билбейсиң. Кыягымды тартып, эл кыдырып жүргөнүм жүргөн. Бир жерге байыр алып турбайм.

Б а р п ы. Эмне үчүн?

К а л м а т. Аны сен сураба, мен айтпайын. Мен да бир убакта ырчы элем, Барпы.

Б а р п ы. Ырчы?

К а л м а т. Ооба, ырчы. Бир чоң манап мени чакырып астыма

ат, үстүмө тон берди. Аны жандап, ашта-тойдо ырдап жүрдүм. Мактадым. Чоң жыйында бир манаптын ырчысы менен беттешип калдым. Ал манабымды кордоп кирди. Мен ага жооп бердим. Бирок, уккандар менин манабыма күлүп, шылдың кылышты. Ал ыза болуп калды. Ошондо комузду колуман сууруп алып башка чапты да, кууп жиберди. Мен муну эч кимге айткан эмес элем, эми айттым. Ошондон кийин колума комуз кармабаска каргыш кылып, ырчылыкты таштадым. Эл арасында кыягымды тартып оокат кылам. Сен жашсың өнөрүң бар. Балким менин көргөн-билгеним сага сабак болор, бирдеме үйрөтөр деп айтып жатам. Бул заманда өнөрүң да өзүңө душман.

Б а р п ы. Калмат аке, башка арга жокпу? Өнөрдүн кантип эч кимге кереги болбосун? Кантип эле эч ким баалабасын?

К а л м а т. Токтогул не деген акын эле? Болсо ошончолук болор.

А ш ы р. Аны да орустар айдап жок кылды.

Б о л о т. Орустар? Аны манаптар айдатты дешет го?

А ш ы р. Соттогону орустун соту, жатканы орустун набактысы болсо, өзүң ойлобойсуңбу. Орус кыргызга жакшылык кылабы?

К а л м а т. Ээ, Барпы, бай билгенди кул билет, айтайын десе эрки жок. Калганын өзүң бил. Эми кайыр, аман бол. (Кетет. Барпы артынан карап турат).

Б а р п ы. Демек, чындыкты айтууга эч кимдин акысы жок. Андай болгондон кийин элди да, өзүңдү да алдооң керек экенго. Бай билгенди кул билет, айтайын десе эрки жок деген си ушул го.

А ш ы р. Заманың бөрү болсо бөрү бол, түлкү болсо түлкү бол деген.

Ж а а н б а й. (**Кирет. Барпыдан башкаларына.**) Силер конок үйгө барып кызмат кылгыла (**Тигилер кетишет. Барпыга.**) Жакшы кабар айтсам, сүйүнчүмө эмне бересиң?

Б а р п ы. Жаман тонумдан башка берер эчтемем жок.

Ж а а н б а й. Ырысың бар жетим экенсиң.

Б а р п ы. (**Ойлуу.**) Жетим! (**Жаанбайга карабай**)

Бу жетим
Мундуу жетим,
Кой кайтарып жүргөн жетим.
Кожоюндан күйгөн жетим.
Көкөй кескен оор күндү,
Көкүрөккө түйгөн жетим.
Сатса пулсуз жетим,
Өлсө кунсуз жетим.

Ж а а н б а й. Сен эми койчу Барпы эмес, Дыйкан манаптын ырчысы Барпы болосуң.

Б а р п ы. Дыйкандын?

Ж а а н б а й. Сени чакыртып жиберди. Дыйкандын үйүндө азыр Мавлан болуш жүз жигити менен отурат. Мындай кадырсыйды эч ким көргөн эмес. Жүз жигиттин астына жүз пар жаздык коюлуп, жүзүнө жүз адам кызмат кылып жатат. Ал эле дейсиңби, менин байлыгымды көрсүн деп, Дыйкан коноктордун жүз атына тең күрүчтөн жем илдирди. Ырчы-чоорчулар бүт ошондо, эки ооз эле бирдеме деген ырчынын жоолугу акчага толот.

Б а р п ы. Бирөө кечерге кечүү таппайт, бирөө ичерге суу таппайт. Бирөө дүйнөсүн батыра албай шамалга сапырып жатса, бирөө кардын тойгуза албай, кара башын кулдукка сайып жүрөт.

Ж а а н б а й. Эми сени көрсө кечээ өзүң менен кошо кетмен чаап, орок оруп жүргөн томояктардын ичи күйбөйбү?!

Б а р п ы. (Өзүнчө.) Томаяктар? А мен өзүм киммин? Менин алардан эмне айырмачылыгым бар? Алардын канын ичип жаткан манапты ээрчип, мактап жүргөнүмдү көрүшсө, эмне дешет? Мен алардын бетин кантип карайм?

Ж а а н б а й. Сен койон жүрөк көрүнөсүң. Ырчылардын жолборсу, эч ким бет бакпаган Бекназардан кайра тартпай аны жеңген ырчы да сендей болобу?

Б а р п ы. Ырас эле ушундай койон жүрөкмүнбү? Манаптан коркуп, кечээги жарты нанды бөлүп жеп, кайгы касыретимди бөлүшкөн жолдошторумду сатып кетсем, менин ырчылыгым кайсы, Барпылыгым кайсы?

Ж а а н б а й. Кана, жүр эрте. Дыйкандын пейлин өзүң жакшы билесиң. Бекеринен аны эл Дыйкан текебер деп аташкан эмес. Ал салам айтып колун сунган кишиге бутун сунат. Анын ачуусуна тийбе.

Б а р п ы. Анын текеберлигин билем.

Ж а а н б а й. Сага колун сунуп жатат. Сен эмес, сенден чоңдор Дыйкандын этегине намаз окуйт.

Б а р п ы. Ар ким билген намазын окуйт, Жаанбай ыстарчын. Дыйканга барыңыз—ки, менин жообумду айтыңыз. Барпы анын атын минбей жөө жүргөндү, анын жаңы тонун кийгенден көрө өзүнүн эски чапаны менен жүргөндү артык көрөт экен деңиз.

Ж а а н б а й. Төө минип жыргай албайсың, жөө жүрүп ырдай албайсың. Муну билип кой.

Б а р п ы. Жоктун жону катуу дейт. Өзүмдө болбогон соң жөө жүрүп эле ырдайм.

Ж а а н б а й. Куп, алдагы чел баскан көзүңдү ого бетер челейтет. (Катуу чыгып кетет).

М о й м о л. (Кирет). Кыздар кайда кеттинер? (Барпыны көрүп) Ой, киши бар турбайбы?

Б а р п ы. Коркпоңуз, Моймол.

М о й м о л. Сиз белеңиз.

Б а р п ы. Ооба, бул мен эле. Сейил кылып жүрөсүз го?

М о й м о л. Булдуркөн терип келатабыз. Булдуркөн жеңиз.

Б а р п ы. (Ооз тийип). Жакшы булдуркөн экен. Кайдан тердиңер?

М о й м о л. (Күлүп). Эч ким билбеген булдуркөнү көп жерге бардык.

Б а р п ы. Ошентсе да өзүңүзгө кайдан жетсин. Сиз да булдуркөн эмессизби.

М о й м о л. Коюңузчу, азил айтууга кыйынсыз.

Б а р п ы. Ырас көз кызыкса да жетүүнүн жолун билбейм.

М о й м о л. Кызыккан киши жолун да табат. (Жүгүрүп чыгып кетет.)

Б а р п ы. Моймол? Эх (Ырдайт.)

Көл боюнда эр мендер,
Көгүчкөн атат мергендер.
Ана ушул мерген мен болуп,
Көгүчкөн атып алгамын,
Моймолжан сенин дартыңан
Күйүттүү күнгө калгамын.

Д а л б а й. (Кирет.) Ой, мерген!

Б а р п ы. Далбай? Сага бирдеме айтам, ашына.

Д а л б а й. Айтпай эле кой, көрдүм. Койду сууга түшүрүп коюп, сага келе жатат элем. Экөөңдү көрүп, өрүктүн далдасында турдум.

Б а р п ы. Өзүң билгениң жакшы болуптур. Эмне кеңеш айта аласың?

Д а л б а й. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы. Кеңеш берүү кыйын. Бул өзү Дыйкандын кызы.

Б а р п ы. Өзүм да билем.

Д а л б а й. А сен болсо-Барпы.

Б а р п ы. Аны да билем.

Д а л б а й. Экинчиден мунун баталашкан жери бар.

Б а р п ы. Кантип? Буга баталашкан Сарынын уулу өлүп калбадыбы?

Д а л б а й. Ал өлгөн менен азыр тогуз жашар башка эркек баласы бар. Эми ошол балага баталашып кетишти.

Б а р п ы. Муну укканым жок эле. Дыйкан макул болуптурбу?

Д а л б а й. Алкымынан ээр-токумдуу аттар, шаа мүйүз өгүздөр, короо-короо койлор өтүп кетсе, кантип макул болбойт. Аны төлөп бергенден көрө Дыйкан кызын эмес, энесин болсо да берер.

Б а р п ы. Байкуш Моймолдун багы байланган экен.

Д а л б а й. Аны бир айтасыңбы, миң айтасыңбы.

Б о л о т. **(Шашып кирип.)** Барпы!

Б а р п ы. Болот аке, эмне кеп?

Б о л о т. Сен Жаанбайга эмне дедиң эле?

Б а р п ы. Бирдеме уктуңбу?

Б о л о т. Сен жөнүндө Дыйканга айтып жатканын кызмат кылып жатып кулагымдын кыры менен угуп калдым. Дыйкан башын ийкеп, кекээрдүү күлдү. Өзүңдөн сурайын деп издеп жүрдүм.

Б а р п ы. Дыйкан мага ырчы болсун деп Жаанбайды жиберип-тир.

Б о л о т. Хоп, сен эмне дедиң?

Б а р п ы. Жок дедим.

Б о л о т. Дыйкан—азуулуу каман.

**Б а р п ы. Ар-намысты коюп, ага ырчы болсом, эл эмне дейт.**

Б о л о т. Жок, Барпы. Мен сени өзүң жакшылап ойлодуңбу, эмне күтүп турганын билеби деп сурап жатам. Менин өзүмдүн да бул доңуздарга тишим кычырайт.

Д а л б а й. Эмне арга бар, Болот аке? Сен айтчы.

Б о л о т. **(Далбайга жооп бербей, өз алдынча күңгүрөнөт.)**

**Акыйкатсыз заманды айт.**
Аалам—алга кадамдайт.
Бири күлсө, миңи ыйлайт
Акыйкатсыз заманды айт.

Д а л б а й. Теңсиздикти ушундай
**Адам качан талкалайт?**

Б о л о т. Кой, мен кызматыма барайын **(кетет.)**

Д а л б а й. **(Асманды карап.)** Түн качан кирет?

Б а р п ы Сага түн кирбей жатабы? Дыйкандын көрөр көзү Мейилханды көрүүгө шашып жатасың го.

**Д а л б а й. Дыйкандын көрөр көзү —менин ашык жарым.**

Б а р п ы. Ал Дыйкандын никелүү катыны.

Д а л б а й. Кеп никеде эмес, жүрөктө. Көңүлү кимде болсо ошонун катыны.

Б а р п ы. Анда эмне түндөсү уурданып жолугасың, ашына?

Д а л б а й. Түн бакырдыкы деген, Барпы. Бизге караңгы түн гана жолдош. Жакшы иштин баары түндөсү бүтөт. Сулуу келин, сулуу кызды алууга бизге буюрган эмес. Мал кимдики болсо, кыз ошонуку.

Б а р п ы. Мунуң ырас, ашына (туруп) бирок сак бол. Шек алып калса, Дыйкан бооруңду жарып, өтүңдү алат.

Д а л б а й. Кечээ кечинде Мейилхан дарчада ийик ийрип отуруптур. Мен дарчанын түбүндө ага карап ырдап турсам, көчүгүм тарс эле дей түштү. Карай салсам, Дыйкандын жигити турат. Кудай жалгап өзү эмес экен. Жылт коюп, качып жоголдум. Көчүгүм эмдигиче ысып турат.

Б а р п ы. Жанын кулагындын учуна барган экен.

Д а л б а й. Аны бир айтасынбы, мин айтасынбы.

Б а р п ы. Койлорду короого киргизейин. Жолун болсун.

А ш ы р (кирет.)

Д а л б а й. Атасы! Күмөн албасын. Мен да кечирээк келейин. (Кетишет. Мейилкан кирет).

А ш ы р. Мейил!.

М е й и л к а н. Ата, мында жүргөнүнүздү көрүп, кичкине тамак алып келдим. Үйгө барып чай менен жен. Куруп жүрөсүз го.

А ш ы р. Бирли -жарымы билип калса, сага бирдеме деп жүрүшпөсүн.

М е й и л к а н. Бул өзүмдүн насибим.

А ш ы р. Мени коюп, өзүндү ойло кызым. Эмне өнүндөн азып кеткенсин? Же тамагы тартышпы?

М е й и л х а н. Жок, ата, баары жетиштүү. Эмнеден капа болмок элем.

А ш ы р. Жашырып жатканын жокпу?

М е й и л х а н. (Тескери карап жашын аарчып). Жашырганым жок.

А ш ы р. Сен балакатка жете элегинде кеттин, кызым. Апан тирүү болсо, эки ушундай болгонунда узатмак. Атандын абалын өзүн билесин. Жок дегенде кийимин бүтүн, кардын ток болот дедим.

А ш ы р. Жаным балам, антпе. Жаш болсон да, эсин бар. Өзүндү да, атанды да шерменде кылба. Көзүндү аарчып ал, бирөө көрбөсүн, мен кепеге кеттим (Тез-тез басып кетет.)

М е й и л х а н. (Чыдай албай.) Атажан, бирөөнүн уу тилин угуп, ашын ичкенден көрө, өз үйүндө суу ичкен жакшыбы дейм.

Д а л б а й. (Кирет.)

Чылбырдай кара чачына
Чырмалайын, беш көкүл.
Чындап кудай буйруса,
Сизди алайын беш көкүл.
Олондой кара чачына
Оролойун, беш көкүл.
Ондоп кудай буйруса
Сизди алайын, беш көкүл.

М е й и л х а н. Далбай! Дагы эле баягы ырыңызбы?

Д а л б а й. Сен бул ырды жакшы көрчү элең го.

М е й и л х а н. Мейилханыңыз эми беш көкүл эмес. Анын чачы өрүлүп калган.

Д а л б а й. Баары бир, мен үчүн сен ар убак беш көкүлсүң. Сен гана менин жарымсың, Мейилхан, (кучактап) кетели, эркем.

М е й и л х а н. Кайда?

Д а л б а й. Кайда болсо да. Сен макул десең, жердин түбүнө болсо да барам.

М е й и л х а н. Биз кайда барып батабыз, Далбай? Атамдын көргөн күнү эмне болот? Ойлоп көрчү өзүң. Баш калкалар жер жок.

Д а л б а й. **Кантип эле өмүрүбүз өткөнчө жакшылык бетин көрбөйлү?**

М е й и л х а н. Пешенеге жазганы шу болсо, кантебиз жаным.

Д а л б а й. О таш боор кудай, бактысыз кылганча, жаратпай койсоңчу.

**Көшөгө**

## ЭКИНЧИ СҮРӨТ

Арткы планда кыштак. Анын ортосун жарып суу агат. Үйлөрдүн ичинен үстү тунуке менен жабылган Дыйкандын заңкайган үйү бөлүнүп турат. Өрүктөр ал үйдүн оң жагында калат. Биринчи планда үйдүн алдындагы дөбөчө. Анда Дыйкан шайы төшөктүн үстүндө жамбаштап жатат. Бир чекеде бөлүнгөн койдой чогулуп, кедейлер турушат. Алардын ичинде Барпы, Болот, Далбай ж. б.

П ы ш а н. **(Комузун чертип, элди беттеп):**

Жарыя айтам баарыңа,
Жашың менен карыңа.
Жазыптыр кудай Дыйканды
Жалпы журттун багына.
Айтарга сөзүм оң болду,
Дыйкан дөө элге чоң болду.
Бай Дыйкандын кабары,
Аралады оң-солду.

**(Бай менен соодагер кирип, Дыйканга колдорун сунат. Дыйкан жаткан калыбында аларга бутун берет. Бай бир аз кидире калып, анан алат. Соодагер да ошентет.)**

Б а й. **(Дыйкандын бутун кармап.)** Кандай, дени башыңыз жакшыбы?

К е д е й. (**Күбүрөп.**) Дыйкан өзү кулак да салган жок, анын буту менен сүйлөшүп жатабы?

Б а р п ы. Кожоюндун таманын жалабаса, ал кандай ит.

Б о л о т. Мурда кишиге колун берчү эмес эле, болуш болгондон кийин, бутун бериши да кыйын болуп калбадыбы. Таянган тоосу чоң. Пристав да, оёз да мунун досу.

К е д е й. Кудай кантип пендесин кечирсин, кечеги болуп өткөн жер титирөө[1] ушундай текеберчиликтин кесепети.

Б а й. (**Дыйканга.**) Сиздин болуш болгонуңузду куттуктап, мобу кымкапты алып келдим. Кийип коюңуз, болуш.

Д ы й к а н. Ыракмат, байым.

С о о д а г е р. (**Койнунан түйүнчөк алып чыгып.**) Сизге чай пул. Беш жүз теңге мында.

Д ы й к а н. (**Аз көргөндөй, суук.**) Эмне соодаң түгөнгөндөй шалпайып калгансың?

С о о д а г е р. Быйыл Көк-Арттын ашуусу кеч ачылды. Аркага казмал жөнөттүм эле, кишилерим кайта элек.

Ж а а н б а й. Тиги отурган байлар болушту эмне менен куттукташар экен?

Б а й. Ой Жаанбай ыстарчын, сен кишилерди тескейсиң, өзүң эмне унчукпайсың?

Ж а а н б а й. Мен качпайм, соорусуна суу куйса төгүлгүс боз жоргону болуш акеме тарттым.

Б а й. Бали!

С о о д а г е р. Атаңызга ыракмат.

Ү н. Ушундай жөн билги азамат.

Д ы й к а н. (**Козголуп.**) Жаанбай-атанын баласы.

Б о л о т. Дыйкан аке, мен болуш болсом ыгым-чыгым азаят деген элеңиз (**кедейлерди көрсөтүп**), булар сөзүңүздү уксак дейт.

Ү н д ө р. Ырас айтат. Элге жеңилдик болсун.

Д ы й к а н. Бул акмактар эмне деп жатышат?

Б а й. (**Кедейлерге**). Качанкы сөздү айтасыңар силер? Аны унуткула. (**Дыйкандын акырая караганын көрүп, унчукпай калат**).

Ү н д ө р. Биз унутканыбыз жок. Суудан өткүчө энемди берейиң, өткөн соң эшектин такайы деген сөз экен да.

Ж а а н б а й. Ой, эл, кепке кулак салгыла!

Ү н. Кулак сенде.

К е д е й. Жакшылык болсо айт, жамандык болсо өзүңө калтыр.

Ж а а н б а й. Дыйкан болуш шайлоодо көп акча чачып, чыгым болуп калды. Ошондуктан, Төөлөс тобунун билермандары ар

---

1 Сөз 1910-жылы Кыргызстанда болгон жер титирөө жөнүндө.

бир түтүн алды бир кара, аркасы жүз сомдон берсин деп бүтүм кылды.

К е д е й. Жеңилдикти алдык!

Б о л о т. Бул кыпкызыл зордук.

Д а л б а й. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы.

Ү н. Атаңа ракмат, энеңе эчтеме жок. Калыстык деген ушубу?

К е д е й. Садагаң кетейин, Дыйкан. Менин эчтемем жок экенин билесиң. Базарга отун көтөрүп барып сатып, араң күн көрүп жүрөм. Өзүмдү сатсам да эч ким жүз сомго албайт.

Д ы й к а н. Арызыңды кудайга айт. Кудайдын боору оорубагандан кийин, пенде эчтеме кыла албайт.

Ж а а н б а й. Тур ары **(түртөт)**.

Б о л о т. Түртпө, Жаанбай.

Ж а а н б а й. Айтканды уктуңарбы? Баргыла. **(Кедейлер чыгышат, Барпы ордунан козголбойт).**

Д ы й к а н. **(Барпыны астырттан карап).** Бүгүн ырдабаган ырчылар качан ырдайт? Жакшы ырдаса, кымкаптан тон кийип, алтындан акча алат.

Ж а а н б а й. Болуштун көңүлүн ачкыла.

П ы ш а ң. **(Барпыга карап):**

Ак кымкаптан тон алып,
Ак күмүштөн сом алып,
Аябай бүгүн жыргайбыз,
Ар түрдүү сыйды чоң алып,
Кызыл кымкап тон алып,
Кызыл дилде сом алып,
Кызыкка бүгүн батабыз,
Кызматка сыйды чоң алып.

Б а р п ы.

Ак кымкаптан тон албайм,
Ак күмүштөн сом албайм.
Ар кимди барып бир мактап,
Ары жок ырчы боло албайм.
Кызыл кымкап тон албайм,
Кызыл дилде сом албайм.
Кызыталак зулумдун
Кызыкчысы боло албайм.

П ы ш а ң. **(Ырын токтотуп).** Ит кутурса ээсин кабат деген ушу.

Б а р п ы. Иттин кылык-жоругун сиз жакшы билет көрүнөсүз. Мен куйругумду шыйпаңдатканды билбейм, Пышаң.

Ж а а н б а й. Ириген ооздон чириген сөз чыгат. Болуш аке, амир кылыңыз: бул сокурдун бир көзүн экинчи көзүнө теңеп туруп, аттын куйругуна байлап сүйрөтүп өлтүрсөк кантет?

Д ы й к а н. (**Мыйыгынан күлүп**). Токто, Жаанбай байбатча, элибизден чыккан бир акын болсо, биз кечирбесек ким кечирет. Барпы бизге эркелеп жатат.

Ж а а н б а й. (**Барпыга**). Кудайга тобо де. Болуштун ырайымы келип турган экен.

Ү н. Ой, карагыла, тиги келе жаткандар ким?

Ж а а н б а й. Калп айтпасам, баягы Мадали эшен.

**Б а й. Мадали? Мекеден келе жаткан го. (Жабыла карашат).**

Ж а а н б а й. Айтпадым беле, артындагы Сарман. (**Мадали, Сарман киришет).**

М а д а л и. Ассолоомалейкум, кудайдын сүйгөн пенделери.

Д ы й к а н. Алейкимесалам. Ажыңыз кабыл болсун, эшеним.

М а д а л и. Болсун, ишиңиз пашага жагып, даражалуу болупсуз. Приставдын өз оозунан уктум.

**Д ы й к а н. Ооба, ооба, ал шайлоо бүткүчө меникинде жатып** бир ат минип кетти.

М а д а л и. Асти өлбөң, болуш, кудайга иши жаккандын улукка иши жагат. (**Отуруп алаканын жайып).** Башыңдан бакыт кетпесин, асылгандын алы жетпесин. Максат-муратыңа жетип, мартабаң мындан да көтөрүлсүн. Кайда болсо периштелер жаныңда, кызыр жылооңдо болсун. Көрө албагандын көзүнө көр топурак тыгылып, ач бел куу жондо өлсүн, өлүгүн карга-кузгун чокусун. Катыны талак, кызы жесир болсун. Оомийин, алло акпар. (**Жалпы бата кылышат).**

Д ы й к а н. Азирети эшеним, сиз кудайдын ыйык жайына барып, пайгамбарлардын жүргөн жерлеринде жүрүп, олуяларга кол берип келдиңиз.

М а д а л и. **Иншала, ягни ырасын айтып жатасыз.**

С а р м а н. Алла ак!

С о о д а г е р. Я имам маазам!

Д ы й к а н. Ошондуктан сиздин сөзүңүз бизге таберик болуп калды, ажым. Жок дебей мына бу тонду кийип коюңуз. Аллатааламдан биздин күнөөбүздү кечиришин тилей жүрөрсүз.

М а д а л и. **(Тонду кийип). Асти өлбөң. Бала-чакаңыздын күнүн көрүп, көгөрүп-көктөп кетиңиз. (Дагы бата кылат.)**

Ү н. (**Тыштан.**) Ой, сен кайда?

Д ы й к а н. Жаанбай ыстарчын, тигинде эмне болуп жатат?

Ж а а н б а й. Томаяктар ажыны көрөбүз деп жатышса керек.

Д ы й к а н. Коё берсин де. Ал кембагалдар да келип, азирети эшенимдин сөзүн угушсун. (**Тыштан кедейлер киришет. Кээси жүгүнүп, кээси Мадалинин этегин өбүшөт.)**

М а д а л и. Иншалла мен алыс сапарда, куданын жолунда **жүрсөм да сиз эсимде болдуңуз, болуш, мына бу селдени Мекенин** өзүнөн алдым. Бу селдени көргөндө шайтан-шапат кырк күндүк

алыс качат. Муну башына бир орогон кишиге, бейиштин оозу ачык **(Кедейлер өз ара сүйлөшүшөт.)**

Кедей. Андай болсо бейишке азыр эле жөнөбөйбү?

Үн. Бейиши болсун деп урмат менен узатып койор элек.

Мадали. Кадырман байлар, бу силерге деген белек **(ак топу берет.)**

Бай. —

Соодагер. Кудай жалгасын, ажым.

Мадали. **(Барпыга).** Ырчым бу сизге. **(Ага да топу берет.)**

Барпы. Кудай жалгасын, таксыр аалам. **(Далбайга сунуп)** алдагы телпектен ысыкта бу топу түзүк. Ме кийип ал.

Далбай. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы **(топуну кийип)** тим эле койбой, ырас кылдыңыз, эшеним.

Кедей. Олжо сеники болду.

Барпы. Кашкардагы аппак кожонун өзү болуп калбадыңбы.

Далбай. Эшеним, бу топу менен да бейишке коё береби?

**Жаанбай. Келме келтир, капыр болдуң.**

Бай. **(Далбайга.)** Ой, тумшугу жок, томаяк. Өмүрүңдө башыңа жаңы топу кийип көргөн эместирсиң. Кудай деп кийип ала берсеңчи.

Болот. Бай аке, ар бир койчусу бирден жаңы топу кийсе, Дыйкан болуштун дүйнөсү жетеби?

**Үн. Баса десең, миң койдун бири кемип калбайбы.**

Барпы. Эшен, бу бечара жаңы топу киймек турсун, энесинин эмчегин түзүк эмбептир.

Жаанбай. Энесин бирөө карызына берген эмес.

Үн. Өмүр бою башын жерден көтөрбөй иштесе, ажалсыз киши да өлөт.

Далбай. Мен эшенимден уккум келет. Бизге окшогон кедейлер бейишке чыгат бекен.

Мадали. Иншалла, ягни кудайдын бергенине канагат кылса, бирөөгө жамандык кылбаса кедей-кембагал да чыгат. Кудай жалпыга бирдей.

Барпы. Бейишке кирген менен да төргө өтпөйсүң.

Далбай. Мени улагасына эле киргизсе, төрүнө өтүштү билем.

Кедей. **(Күңкүлдөп.)** Дыйкан менен Мадалиден төр ашпай калсын.

**Болот. Кудай деле байды жакшы көрөт окшойт.**

Мадали. Иншалла, антип күнөкөр болбоңор. Бардык жакшылык-жамандык пенденин өзүнөн. Мына кечээ жер титиреп, аламат иштер болуптур.

Үн. Баса, жерди титиреткен ким?

Далбай. Жердин туткасы кимдин колунда болсо ошол.

Ашыр. Жердин туткасы кимдин колунда экен?

Б а р п ы. **(Какшыктап.)** Дыйкан болуштун колунда.

А ш ы р. Астапрулда!

Д ы й к а н. **(Укмаксан болуп.)** Сүйлөй бериңиз, ажым.

М а д а л и. Ягни мунун баары жер жүзү күнөөгө толгондугунан. Кудага акарат кылып, шарияттын жолунан чыккандардын кесепетинен. Алла-таала каарына келип, бизди жазалап, ошол алааматты жиберди. Ар ким өз ырыскысына ыраазы болуп, кудайга тобо кылыш керек. Ягни, жакшыны жакшы, жаманды жаман, байды бай, кедейди кедей кылган кудайымдын өзү. Буга ким нааразы болсо, кечирилбес күнөө.

Д ы й к а н. Ой, наадандар, ажымдын айтканын оң кулагыңар менен да, сол кулагыңар менен да уккула. Азирети эшенимдин сөзүнө шек келтирип болбойт. Бул киши чын олуя. Адамды карганса кара таш кылып коюуга да, ырыс-таалайга жеткирүүгө да күчү келет.

М а д а л и. Иншалла, айткандарыңыздын калети жок.

Б а й. Олуялыгыңызга кулдук, эшеним.

С о о д а г е р. Я имам маазам.

С а р м а н. Алла ак!

**А ш ы р. (Эшендин алдына келип тизелейт). Таксыр эшен,** менин сизге соболум бар.

М а д а л и. Айтыңыз.

А ш ы р. Мен итке минген кедеймин. Итим ям жок. Бир чолок эшегим бар. Жашымдан мээнет тарттым, дөөлөт көрбөдүм. Энди менин өсөрүм калган жок, өлөрүм калды. Жок дегенде жалгыз кызым бактылуу жүрсө дейм.

М е й и л х а н. Ата!

Д ы й к а н. Итти канча баксаң да, бир чалымы итке окшойт. Тигине атаң. Барагой.

Ж а а н б а й. **(Ашырга).** Кызың Дыйкан болуштун улагасынан аш ичкенге тобо де.

Д ы й к а н. Бактысына эсирген чал да.

М а д а л и. Туруңуз, кудайдын сүйгөн пендеси. Шарияттын айтканынан чыкпаңыз. Кудайдан чындап тилеңиз. Сиздин дилиңиз ак экенин көрүп турам.

А ш ы р. Жок дебеңиз, азирети эшеним. Кудайга зар ыйласам да мээрими түшпөдү. Жокчулуктун каары жаныма батты.

М а д а л и. Андай дебеңиз, чын мусулман болсоңуз. Илгери пайгамбарларым үйүндө оокат бар күнү ыйлачу экен да, жок күнү сүйүнчү экен. Бу жалган дүйнөнү эмес, тиги дүйнөнү ойлоо керек. Мен да алладан тилеп көрөйүн. Кудайымдын кулу, пайгамбарымдын үмөтү болсоңуз, мээрин жиберер.

А ш ы р. Кулдук азирети эшеним, кулдук.

М е й и л х а н. **(Келип)** Ата жүрүңүз, эшеним айтпадыбы **(четке жетелеп кетет.)**

Л а й л и х а н. **(Эшендин этегин өөп, ыйламсырап.)** Азирети эшеним...

Б о л о т. Лайлихан!

М а д а л и. Хоп, сизге эмне керек келин бала?

Л а й л и х а н. Мен бир бактысызмын. **(Болотту көрсөтүп)** Бул менин эрим. Согончогум канабас болду.

М а д а л и. Түшүнүктүү.

Л а й л и х а н. Кудайдан тилегеним бир бала. Сиз жакшылык кылсаңыз, баланын үнүн уксам, эки дүйнөдө унутпас элем.

М а д а л и. Хоп, аяш **(куржундан шише алып)** мына бул Мекеден келген замзамдын суусу. Күнүгө эртең менен бир кашыктан ичесиз. Мунун дарылыгы да бар, касиети да чоң.

Д а л б а й. Эшеним, менин ичим өтүп жүрөт, ушул сууңуздан бир ууртам берип коё аласызбы?

Ж а а н б а й. А кызыталак айбан.

Д а л б а й. Кантейин, Жаанбай аке, үч күндөн бери колум ычкырымдан кетпейт.

М а д а л и. Тим коюңуз, старчын. Бу да кудайдын пендеси **(суу куюп берет.)**

Д а л б а й. **(Кичине ичип, бети-башын тырыштырып, Барпыга.)** Ичип көрчү, сен.

Б а р п ы. Бу биздин эле Шор-Дарыянын суусу го.

А ш ы р. Андай дебең, балам.

Д а л б а й. **(Акырын.)** Шор-Дарыянын суусу болсо, мени шордотту.

М а д а л и. Мына бул тумарды бирөө бир тай берейин дегенин ен болбой койгон элем. Мойнуңуздан түшүрбөй тагып жүрүңүз.

Л а й л и х а н. Кудай жалгасын, азирети пирим. Бу жакшылыгыңызды өтөөрүбүз.

Б о л о т. Эшеним, жашылыгыңызга ыракмат. Бирок менин бир тай эмес, чычкак улак берер алым жок.

Б а р п ы. Тайды сага ким берет? Бир тай деп канча жыл бирөөгө башыңды байлайсың?

С а р м а н. **(Четтеп, Барпыны жаңдайт)** Менде пул бар. Канча болсо жетет.

М а д а л и. Ой, дин мусулман балдары, намаз болуп калды. Намазга тургула. **(Кыбыланы карап).** Алоо акбар, алло акбар...

Б а р п ы. **(Сарманга)** Сен бери келчи.

С а р м а н. Эмне дейсиң?

Б а р п ы. Сен көп акчаны кайдан таптың?

С а р м а н. Сурап эмне кыласың, бар дедим го.

Б а р п ы. Ошентсе да.

Сарман. Сен эч кимге оозундан чыгарбайсыңбы?

Барпы. Жок.

Сарман. Карган. Кудай урсун де.

Барпы. Болуптур, бир эмес жети урсун.

Сарман. Мадали Мекеге барбай эле, шаарларды кыдырып соодагерчилик кылып жүрдү. Бул жерден алып барган акчаны жүгүртүп, көп пул кылды. Албетте, яки мен да өз тиешемди алдым.

Барпы. Анын Мекеге бардым дегенине мен да ишенгеним жок эле. Болжолум туура экен.

Сарман. Намаздан калдым (басат.)

Барпы. Токто, Сарман.

Сарман. Эмне? Намазга турбасам уят.

Барпы. Сен азыр элдин алдында эшендин иштеринин баарын айтасың.

Сарман. Сен соосуңбу, же ооруп турасыңбы?

Барпы. Акылым соо.

Сарман. Сени эшендин каргышы урат.

Барпы. Эшен экөөңдөн менин кылмышым көп эмес. Экөөңдү мына бул элдин каргышы урат.

Сарман. Акылыңдан адашпа. Экинчи бетиңди карабас болом.

Барпы. Жүзү кара тууганды бетин кароого менин да кушум жок.

Сарман. Коё бер.

Барпы. Сен айтпасаң, мен айтам. (Сарман намазга барып турат.)

Мадали. (Көзүн жуумп, кыраат менен) Ассалоомалейкум, рахматулла.

Барпы. (Анын жанына барып) Алейкумасалам, таксыр,

Мадали. (А дегенде чочуп кетип, бирок сыр бербей.) Я алла? Келме келтиргиле, периштелерим алик алып жатат. Уктуңарбы?

Үн. Уктук, азирети пирим. (Келме келтиришип, көздөрүн жуумп турган калыбында термеле беришет.)

Мадали. Биздин үнүбүздү алла-таалам угуп, жооп берип жатат.

Үндөр. Кудай кудуретинден!

—Ыйман маазам пирим колдо!
—Алла ак, алла ак!
—Я алла, я алла!

Барпы. Силер менин айтканымды угуп жатасыңарбы?

Үндөр. Угуп жатабыз.

Барпы. Мага ишенесиңерби?

Ү н д ө р. Ишенебиз. Сүйлө, кудайдын жиберген элчиси.

Б а р п ы. Анда көзүңөрдү ачкыла.

Ү н д ө р. Ой!

— Бул Барпы го!

— Кана периште?

Д ы й к а н. Бачагар Барпы.

Ж а а н б а й. Намазды буздуң, ыймансыз.

Б а й. Уф, жан калган жок.

С о о д а г е р. Дамбылда, сиз сүйлөшүп жаткан кудайдын элчиси кана?

Д а л б а й. **(Оонолактап күлөт.)** Таксыр эшеним ыштанын булгап жиберди окшойт. **(Бир даары эшенди шылдыңдап күлө баштaшат.)**

Д ы й к а н. **(Мадалиге шыбырап.)** Бир шылтоо таап кутулбасаңыз, абийириңиз айрандай төгүлдү.

М а д а л и. Ой, мусулман балдары, токтогула. Силерге алла таалам сыр көрсөтүп жатат.

Ү н. Дагы кандай сыр?

М а д а л и. Иншалла, силердин алдыңарга БАРПЫ эмес, Барпынын сөлөкөтүндөгү кудайдын элчиси турат. Мен көрүп турамын.

Д а л б а й. Мен периште кандай болот десем, кой кайтарып бирге жүргөн турбайынбы.

Ү н д ө р. Дагы эмне дейт, эшеним.

— Чын эле периштеби?

— Кечире көр, кудай.

Б а р п ы. Кудуретиңизге кулдук, олуям. Мен ким экенимди өзүм таанибай, сиз таанып турган экенсиз го?

М а д а л и. Албетте, мен сизди таанып турамын. **(Барпыга ишаарат кылат.)** Айтканга куп деңиз, анан мен сиздин көңүлүңүздү табам.

Б а р п ы. Кулдугум бар, таксыр аалам. Экөөбүз бир сөзгө келе албайбыз. Мен периште болууга жарабайм.

М а д а л и. Эгер азыр айтканга макул болбосоңуз, кийин өкүнүп каласыз.

Б а р п ы. Колуңуздан келсе, мени каргап кара таш кылыңыз. **(Элге)** Уккула баарын! Мына бул алдыңарда турган эшен эмес, анткор алдамчы.

М а д а л и. Ой, мусулман пенделер, бул акылынан адашкан адам.

Б а р п ы. Мунун башында селде, кесиби—жалган айтуу. Мекеге барбастан элден дүйнөнү жыйнап алып, шаарларда соодагерчилик кылып келди.

М а д а л и. Сени таңда макшар күнүндө кара эшек кылып минем.

Ү н. Сиздин эшен же эшек экениңизди ошондо көрөбүз.

Б а р п ы. Мына мынча элдин баары сизге учкашып жүрбөсүн.

Ү н д ө р. Укмуш!

—Оо бетиң кур!

**Ү н д ө р. Барпы жалган айтпайт.**

— Эшен жалган айтабы?

— Жалган айтпаса эшен болобу?

Ж а а н б а й. Ой, томаяктар, силер анча эмне чуулдадыңар? Мекеге барбаган күндө да, эгер ушул жерден туруп, чын ниет кылса, анын ажысы кабыл болот.

Ү н. Ырас кеп.

**Б о л от. Шариятта Мекеге ар ким өзүнүн каражаты менен бар** сын деген.

Ү н д ө р. Бирөөнүн акысы менен ажы боло албайт. — Шарияттын жолун тутса, бизден алгандарын кайтарып берсин.

С а р м а н. Шарияттын жолу кең.

Д а л б а й. Кедейге калганда бардык жолу жабык. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы.

Ү н. Анын кулпусу акча менен ачылат.

**(Дыйкан Жаанбайга шыбырайт).**

Ж а а н б а й. **(Элге).** Ой кеткиле! Жоголгула! Бул жерде эчтеме жок. **(Эл кетет.)**

Д ы й к а н. Барпы! **(Барпы кайрылат.)** Жакын кел.

Б а р п ы. Мына, болуш, келдим.

Д ы й к а н. Сен мага карыз экениңди билесиңби?

Б а р п ы. Качан карыз болгонумду билбей турам, болуш.

Д ы й к а н. Сен билбесең, мен билем. Менде иштеп жүргөндө беш жүз сом акчам кеткен.

Б а р п ы. Беш жүз сом! Алты аттын акчасы! Болуш...

Д ы й к а н. **(Жаанбайга.)** Мен муну менен жаакташып отура албайм.

Ж а а н б а й. **(Тышка.)** Жигиттер, ырчыны эсине келтиргиле.

**Б а р п ы. Бул жалаа! (Эки жигит кирип, Жаанбай үчөөлөп, Барпыны алып чыгышат.)**

Д ы й к а н. Сага ким экенимди көрсөтпөсөм Дыйкан болбой калайын. **(Тыштан Болот, Далбай, кедейлер жүгүрүп киришет.)**

Л а й л и х а н. Айланайын болуш, бул эмне кылганыңыз?

К е д е й. Мындан ары ооз ачпас болот...

Д а л б а й. Ырайым кылыңыз...

Б о л о т. Болуш, Барпы эр өлтүргөн жок эле. Анын жазыгы кайсы?

Д ы й к а н. Жазыгы көп. Беш жүз сом карызын төлөбөй жүрөт.

Ү н д ө р. Беш жүз сом...

— Ой, бой, бой...

Б о л о т. Карыз болсо төлөп берели, болуш. Кой деп коюңуз жигиттериңизди.

Д ы й к а н. Төлөп? Битиңди сатып төлөйсүңбү?

Ү н д ө р. Көптөп төлөйбүз...

Д а л б а й. Мен топумду колума алып, үймө-үй кыдырып акча чогултам.

К е д е й. Жылдык акыбызга алчу бирден тайыбызды берели.

Ү н д ө р. Сурадык болуш!

—Ыракым этиңиз!

Б о л о т. Жигиттериңиз майып кылып коюшпасын. Деги эмне десеңиз мейли, болуш. **(Бети-башы жарылган Барпыны алып киришет. Далбай суу алып келип ичирип, кармап турат.)**

Д ы й к а н. **(Элге.)** Үч күн ичинде беш жүз сом даяр болсун. Баргыла. **(Барпы менен Далбайдан башкасы кетишет. Барпыга)** Бир жолу кечирдим. Мага наааразы боло турган жөнүң жокко дейм.

Б а р п ы. Жок, болуш, өтө ыраазымын...

Д ы й к а н. Экинчи жолу ырайым күтпө. Сен сатса пулсуз, өлсө күнсүз кулсуң. А мен Дыйканмын...

**Ж и г и.т. (Кирет). Болуш, сизге Кетмен-Төбөдөн киши келди.**

Д ы й к а н. Ал кандай киши экен?

Ж и г и т. Райымбек бай атасына аш берип жатат дейт. Ошого чакырып келиптир.

Д ы й к а н. Анда ашка камыналы **(чыгышат.)**

**Д а л б а й. (Кончунан чоң бычак сууруп, Дыйкандын артынан)** Доңуздун ичине бышып албас белем. **(Барпыга)** эмне кылдык?

Б а р п ы. Мен кайдан билдим, ашына. Эчтемеге акылым жетпей калды. Биз кимден жакшылык күтөбүз. Кыргыздын душманы орус дешет. Анда эмне үчүн Дыйканга, Жаанбайга окшогондорго тийбейт? Ал эми бир атанын балдарыбыз деген билермандардын кылганы бул.

Д а л б а й. Ооба, аркабыз-жар, алдыбыз-туюк.

**П а у з а**

Б а р п ы. Мен бул жерден азырынча кетүүм керек.

Д а л б а й. Мен да сени менен.

Б а р п ы. Сен кайда бармаксың?

Д а л б а й. Кайда болсо баары бир ат арабам калып жатыптырбы?

Б а р п ы. Мейилханчы?

Д а л б а й. **(Ойлонуп)** Э, Барпы, мен мында жүргөндө жеңил деп турасыңбы? Ага да оор, мага да оор. Көрүп күйгөндөн, көр-

бөй куйгөн жакшы окшойт. Бирок, ат жок.

Б а р п ы. Мен Болоттун кырчаңгысын минем. Сен аттын куйругун кармап алып, «Беш-Көкүлдү» ырдап кете бересиң.

Д а л б а й. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы. Башка арга жок. Токто, Дыйкан үч жылдан бери менин акымды бербей жүрөт. Күчүм адал да, сүтүм арам бекен? Кантип эле бир мингичтик эмгегим өтпөсүн. Атасынын көрү. Бирөөнү кармап минем да кетем. **(Ичин басып.)** Ий кокуй.

Б а р п ы. Эмне болду?

**Д а л б а й. Баягы замзамдын суусу чатак салып жатат. (Жүгүрүп чыгып кетет.)**

М о й м о л. **(Кирет.)** Барпы!

Б а р п ы. Моймол, сиз кайдан?

М о й м о л. Үйдөн эле. Сизге эмне болду?

Б а р п ы. Жөн эле. Аттан жыгылдым.

М о й м о л. Кудай сакта, деги соосузбу?

Б а р п ы. Куландан соомун. Сизди бул жерден көрсө, эмне дешет?

М о й м о л. Сиз ушундай коркоксузбу?

**Б а р п ы. Мен өзүмдөн коркпойм, сиз...**

М о й м о л. Сиздин ырыңызды элден уктум.

Б а р п ы. Сизге жактыбы?

М о й м о л. Жүдаям жакты. Ыракмат, унуткан эмес экенсиз. Мен ырыңызга ыр менен жооп бергендей акын эмесмин. Сизге деп жоолук сайган элем, ыгын келтирип бере албай жүрдүм. **(Жоолук берет.)**

Б а р п ы. Кулдук, Моймолжан.

М о й м о л. Өзүңүз көрүнбөй кеттиңиз?

Б а р п ы. Ырчы деген ошондой болот турбайбы. Бүгүн бул жерде, эртең тиги жерде. Жүргөн жеринин дайны жок.

М о й м о л. Сиз жөнүндө көп угам. Эл сөз кылат. Сизди түш көргөн имиш дешет, ыраспы?

М о й м о л. Бир күнү талаада уктап калган имишсиз. Анан түшүңүздө бирөө келип, оозуңузга таруу куюп кеткен имиш. Ойгонуп туруп ошол эле жерден ырдай баштапсыз.

Б а р п ы. **(Күлүп)** Сиз ишендиңизби?

М о й м о л. Албетте, жөн эле киши ырчы болбойт да.

Б а р п ы. Мен түш көргөмүн, бирок такыр башка.

М о й м о л. Айтсаңыз.

Б а р п ы. Түшүмдө бир кыз менен кол кармашып бара жатыпмын. Бир кезде экөөбүздүн ортобузда чоң дарыя пайда болот. Экөөбүз дайранын эки жээгинде калар имишпиз. Ал сиз экенсиз.

М о й м о л. Дарыя эмне?

Б а р п ы. Билбейм.

М о й м о л. Ал балким, биз иче турган өмүрүбүздүн суусудур.

**Б а р п ы. Болсо болор.**

М о й м о л. Жадаса ушул түшүңүздү да айтпапсыз. Же сиз биздин үйдөн качасызбы?

Б а р п ы. Ооба, Моймол. Мен качып жүрөм.

М о й м о л. Ушундайбы? Менин оюм башка эле. Сиздин ырыңызды угуп, мени унуткан эмес экен го, көңүлүндө бир ой бар го дечү элем. Көрсө жаңылып жүргөн экемин.

Б а р п ы. Жок, Моймол. Сиз жаңылган эмессиз. Сиз мени өзүңүзгө ашык кылдыңыз. Менин сизге арнаган ырым чын ашыглыктын ыры. **Анткен менен ортобузда тоскоолдуктар көп. Бул ашыглык сизге да кыйноодон башка эчтеме бербейт.**

М о й м о л. Ансыз да мен кыйноодогу кишимин. Бул да болсо менин бактым экен. Кантейин. Таалайымдын тайкылыгы үчүн тагдырыма наараземын. Башка эч кимди күнөөлөй албайм. Кошуңуз. **(Кетет.)**

Б а р п ы. Моймол! **(Болот, Далбай, Лайлихан киришет.)**

Д а л б а й. Кана, Барпы, турбайлы. Аттар даяр.

Л а й л и х а н. Садагаң уул, туубасам да тутунган жеңең элем. Эсиңе ала жүр.

Б а р п ы. Кам санаба, жеңе.

Б о л о т. Деги кайда бара жатасың?

Б а р п ы. Мен жүрөгүмдү өйкөгөн суроого жооп издеп баратам. Токтогул орустун туткунунан кайтып келген. Бир билсе, ошол билет. Токомо барам.

Д а л б а й. Жаша, Токтогулга барабыз дечи!

Б о л о т. Жолуңар болсун. Силер кеткенден кийин мени бул жерге тынч жашатпайт. Мен да көзүм көргөн жакка кетем.

Б а р п ы. Сен кайда тентийсиң?

Б о л о т. Кайда болбосо Кызыл-Кыя, Таш-Көмүргө барып кенге кирем. Анда бизден кетип иштеп жүргөндөр бар.

Б а р п ы. Өзүңө сак бол. Жеңеме бат-бат келип кабар алып тур.

Л а й л и х а н. Ошону айтсаңыз, уул. Менин көргөн күнүм эмне болот! Же сен жок, же бул жок.

Б о л о т. Ыйлаба, катын. Мен эки күндүн бириндe келип турам. Ал жактан жол болушун да кудай билет.

Д а л б а й. Кеттик.

Б а р п ы. Кошкула. **(Болот, Лайлихан кетишет).** Жүр, ашына. Мейилхан менен коштоштуңбу?

Д а л б а й. Жакшылап коштошо албадык. Көз ымдоодон башкага чама да келбеди. **(Чыгышат, Мейилхан жүгүрүп кирет.)**

Д а л б а й. **(Тыштан).** Олоңдой кара чачыңа
Оролоюн, беш көкүл... **(Алыстайт).**

М е й и л х а н. (Кол булгап). Кош, гүлжарым, көңүлдөгүдөй кайырдаша албадык. (Ыйлап). Баканын өзү чолдо болсо ям, көзү көлдө. Мен чөлдөгү бака.

Көшөгө

# ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

## ҮЧҮНЧҮ СҮРӨТ

Кетмен-Төбө. Жай аяктап калган. Тегереги тоолор менен курчалган түз. Капчыгайдын оозуна тигилген боз үйдүн алдында бир топ кедейлердин ортосунда Токтогул комузун чертип, элдин көңүлүн ачып олтурат.

Т о к т о г у л (Куудулданып ырдайт):

Тогуз толгоп кайрысам,
Торгой болот комузум.
Койгуласам тепкегин,
Кошо кетет добушум.
Дүү—дүү бир кайрык,
Тырпа-тырпа бир кайрык

Ү н д ө р. И-и!

— Тилиңден, Токо!
— Булбул Током!

К о й ч у ч а л. Черт, Токо, черт. Сенин үнүңдү угуп, жүзүңдү көрүүгө зар болгонбуз.

Т о к т о г у л. Э, аксакал, өткөн өттү, кеткен кетти. Ага кейигөн менен пайда жок.

А р ы к ж и г и т. Баса, жөндүү сөз.

Андан көрө ырды жөнөтүңүз, Токо,

Т о к т о г у л. Ыр—дыйканчылык, балдарым. Райымбек ашка чакырбады беле, бара турганың болсо, алаксыбай баргыла.

К о й ч у ч а л. Аш аттуунуку, той тондуунуку эмеспи, Токо. Куу чокойлор ашка барып эмне кылат.

А р ы к ж и г и т. Кедейге кара жармадан өтөрү жок.

К о й ч у ч а л. Баса, Токо, өзүң эмне барбадың?

Т о к т о г у л. Ноокасмын деп койдум. Эки жолу киши келди. Баргым келбеди.

К о й ч у ч а л. Эшмамбет да ошол ашта го? Баягы өлгөндү күлгүзгөн Куйручук да келди дейт.

Т о к т о г у л. Ал жерде бүткүл ырчылар чогулушат.

К о й ч у ч а л. Бүткүл ырчы бир тең, өзүң бир тең. Сенсиз кайсы жыйындын көркү болмок эле. Биздин тамаша алардыкынан кем болбойт.

Т о к т о г у л. Э, аксакал, кыргызда Токтогул эле ырчы десе,

жаңыларсыз. Кыргызга ыр—ичип отурган ашындай кеп эмеспи. Кыргызда нечен ырчы өткөн, анын кыйласы муңдуу күү черткен. Ал ырчылар биринин жолун бири улап, андан ары күчөткөн. Мен ошол ырчылардын биримин. Бизден мурун да ырчылар болгон, кийин да чыгат.

К а л м а т. (**Кирип кыягын тартып ырдайт**):

Бир адамды ыйлатып,
Буркураттың, дүнүйө.
Жокко барды жалынтып,
Пул сураттың, дүнүйө.
Бирдин малын талатып,
Чыркыраттың дүнүйө
Бир адамды кан соргон,
Залим кылдың дүнүйө
Бир адамды бирөөгө,
Кагым кылдың, дүнүйө.
Бир адамдын таманын,
Чорго айланттың, дүнүйө.
Бактысы жок маңдайын.
Шорго айланттың, дүнүйө.

Т о к т о г у л. Сиз кайсы жактан келдиңиз, абышка?

К а л м а т. Анжияндан, Токо.

Т о к т о г у л. Бул ыр кимдин ыры?

К а л м а т. Сага жактыбы?

Т о к т о г у л. Муну ырдаган тегин ырчы эмес, анын аты ким?

К о й ч у. (**Кирип**). Токо, сизди издеп Куйручук келди. Ашка келген ырчылар күтүп турушат, Током аттанмайынча, мен кетпейм дейт.

Т о к т о г у л. Куйрукчукпу? Аттигинай, Кукем өзү келсе бар-баска чара жок. (**Калматка**). Сиз жанагы ырчынын атын айтка-ныңыз жокҚ?

К а л м ат. Анын аты— Барпы.

Т о к т о г у л. Барпы? Жалал-Абаддыкпы? Уккан элем. Жүрү-ңүз, абышка. Сиз менен шашпай сүйлөшөлү. (**Бардыгы чыгышат. Барпы менен Далбай киришет**).

Д а л б а й. Ырчылар апенди элсиңер. Эртең менен чай да ичи-ре койбодуң. Ичимде тим эле бака чардап жатат.

Б а р п ы. Тс, мыиа, келдик, ашына, кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы. Азыр оокат эске келеби.

Д а л б а й. Ач курсакка ырдоо да кыйын.

Б а р п ы. Током бир жакка кеткенби?! Аштагы ырчылардын арасында да жок.

Д а л б а й. Анын келиш, келбесин кудай билет. Балким алыс жакка кеткендир.

Б а р п ы. Ушул жерде дешкен. **(Тегерегин карап.)** Бул жер Током жарык дүйнөгө келип, балалыгын өткөргөн жер. Мына бул тоолор анын добушун угуп, мына бул суулар ага үн кошкон. Бул жерде Ырыскулбектин беш каманынын бетине көө жаап, кийин Шыбырга айдалган жер.

Д а л б а й. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы. Ошонун баары ырдын азабынан го. Өзү жөн жүрө албаган киши экен.

Б а р п ы. Ырдын ыры бар, ашына. Тил кылычтан курч деп бекер айтпайт. Токтогулдун ыры душмандарына кылычтай тийген курч. Эх, Далбай, Токтогулдай ырчы болсоң, арманың болбос эле. Бирок, Токтогул—Токтогул.

Д а л б а й. Барпычы?

Б а р п ы. Барпы болсо Барпы. **(Тыштан Токтогул, аны менен бир топ кедейлер киришет. Барпы менен Далбай үйдүн далдасында турушат.)**

К о й ч у ч а л. Токо, бармагыңдан келмегиң бат болду. Капа болгон түрүң бар.

Т о к т о г у л. Кайра жүрө бердим. Эр сайыш болуп жаткан экен. Манаптардын тукуруусу менен Аксакал Эрназарды кекиртекке сайып өлтүрдү. Кекиртекке саймай жок деп шерттешкен экен. Өлүп калгандан кийин айыпты бири-бирине шылташып, манаптар колун жууп чыга беришти. Ушундай шерменде каадаң менен бирге кир, адамдын убалынан коркпогон жакшыларың менен жерге кир.

**А р ы к ж и г и т. Байкуш Эрназардын кызыл чиедей балда** ры бар эле.

К о й ч у ч а л. **(Тунжурап ойго батып).** Э, Токо, биз кудайдын тузун уурдаган жок элек. Бирок, арманыбыз арылбас болду. Андан көрө...

**Т о к т о г у л. Андан көрө ыр угалы дейсиңер го.**

Ү н д ө р. Баса, десең. **(Токтогул комузун күүлөйт).**

Д а л б а й. **(Барпыга)** Сенин эмне эсиң оон калды?

Б а р п ы. Азыр.

Д а л б а й. Сен деги ырчыдан сүрдөгөндү билчү эмес элең, эмне болду?

Б а р п ы. Ачуусу тарасын. **(Илгери кадам таштайт).**

К о й ч у ч а л. Алдагы чаар топу ким?

А р ы к ж и г и т. Анжияндык го. Бөз сатып жүргөн соодагер окшойт.

Т о к т о г у л. **(Барпыны көрүп ордунан турат).**

Баатыр болчу жигиттин.
Маңдайынан билинет.
Акын болчу жигиттин
Таңдайынан билинет.

Билбейт деп мени ойлобо,
Аманбы Барпы чырагым.
Акындыгың белгилүү
Абалтан уккан кулагым.

Б а р п ы.

Элден уккам атыңды
Билдим го, аба, баркыңды.
Эми таанып турамын,
Кир жукпаган алтынды.
Акындардын ичинде
Керек болду өзүмө
Сизден таалим алмагым. **(Экөө кучакташат).**

Айып этпеңиз, Токо. Адепсиздик болуп калдыбы?! Мен сизге кол берип, таалим алсам деген бала чактан тилегим бар эле.

Т о к т о г у л. Сени менен көрүшүүгө өзүм да куштар элем, Барпы. Келгениң ырас болду. Сенин кабарыңды Эшмамбет да, башкалар да айтышкан. Ырларыңдан да кабарым бар. Өзүмчө сени кыргызда бир акын болсо өзү, экөө болсо бирөө деп жүрөм.

Б а р п ы. Токо, сиз мени уялтып жатасыз. **(Дыйкан, Мадали, Жаанбай, Пышаң, Сарман киришет).**

М а д а л и. Ассалоомалейкум, кудайдын сүйгөн пенделери. **(Алик алышат).**

**Т о к т о г у л. Менин үйүмө кожо-молдолор көп келишчү эмес эле.**

Д ы й к а н. Токтогул акын, бизди сиз тааныбасаңыз да, биз тааныйбыз.

Б а р п ы. Токо, бу биздин болуш.

Т о к т о г у л. Жакшы экен. Болушту кой союп коноктосом болор эле. Бирок кой жайлоодо.

Д ы й к а н. Коюңа ыраазыбыз. **(Барпыны көрсөтүп)** Бу киши менен таанышкандырсың? Бул биздин туугандарыбыз Барпы ырчы.

Т о к т о г у л. Тааныштык, болуш, сизге чейин эле.

Д ы й к а н. Мен Барпы Токтогулдукуна кетти дегенди угуп, жолдон өтүп баратып бурулдум. Экөөңөрдүн айтышыңарды угайын деп келдим.

Б а р п ы. Током экөөбүздүн бөлүшө албай жаткан энчибиз жок.

Д ы й к а н. Мени менен бөлүшө албай жаткан энчиң бардай сүйлөйсүң?

Т о к т о г у л. Дыйкан болуш, силерде кедейлердин энчиси көп.

Д ы й к а н. Сени Шыбыр да, набак да эсиңе келтирген эмес экен.

**Т о к т о г у л. Сибир мени молдо кылды, болуш.**

Д ы й к а н. (Барпыга) Сени бул кандай жолго түртөрүн билесиңби? Эсиң барда этегиңди жап, кийин кеч болот.

Б а р п ы. Менин камымды жебей эле коюңуз, болуш.

Д ы й к а н. Сага окшогон ырчылар менин этегиме намаз окуп жүрөт. Эй, Пышаң.

П ы ш а ң. Лаппай, Болуш.

Д ы й к а н. Кана, Сен буларга ырдын атасын тааныт.

П ы ш а ң. Болуш...

Д ы й к а н. Сөздү кой.

П ы ш а ң. Болуш, айып этпеңиз...

Д ы й к а н. Айтканды кыл.

П ы ш а ң. Дыйкан болуш, мен сиздин сөзүңүздү эки кылбайм. Башка ар кандай ырчынын алдында ырдай алам. Бирок Токтогул менен Барпыга кыргызда ырчы тең келбейт.

Д ы й к а н. Тезек жесең, күрөгүңдү ала жүрүп жебейсиңби, ит.

**(Комузун суурул алып башка чабат. Пышаң кетет).**

М а д а л и. Асти өлбөң. Ажап болду.

Б а р п ы. Ырчыга кылар жакшылыгың ушул экен го, болуш.

Д ы й к а н. Сага айтаарым бул, Барпы, ушул кезге чейин өткөрүп келдим. Токтогул сени жакшылыкка жеткирбейт. Ушунчалыгыңда кудайга тобо де.

М а д а л и. Иншалла, тобо деш керек.

Б а р п ы. Мен кудайдан жакшылык күтүп жүрүп, эчтемеге жеткеним жок.

М а д а л и. Астапурулда, астапурулда.

Т о к т о г у л. Касиеттүү пирим, сиз мага карызсыз, өзүңүз билбесеңиз керек. Мени Сибирге айдаткан эшен пирим болучу. Ак эшендин айынан элсизге нечен түнөдүм. Ошол карызымды алсам деп жүрөм.

Д ы й к а н. Колуң кыска Токтогул.

М а д а л и. Иншалла, колуңдан келбес.

Т о к т о г у л. Ашыкпаган араба менен койонго жетет.

Ү н д ө р. Током менен Барпыны тынч койгула.

М а д а л и. Мусулман келмегөйлөр, булардын бир да сөзүн укпагыла. Ырчы—шайтандын канаты. Ким алардын сөзүн укжана ырына кулак салса, ал тозоктун отуна күйөт. Көрдүңөрбү, буларды кудай кандай жазалады? Бири Шыбырга барып, ач бел, куу жондо тентип жүрүп, дубана болуп келди. А Барпы болсо, бир көзүнөн ажырап сокур болду, булардан оолак болгула.

Д а л б а й. Эшеним, андан көрө сиз Мекеге барганыңызды элге айтып бериңиз. Замзамдын суусунан дагы калган жокпу?

М а д а л и. Булар менен сүйлөшкөндүн өзү да күнөө. Эртерээк кетели, болуш.

Т о к т о г у л. Ооба эшеним. Ак селдени көргөндө мен да ачуумду токтото албайм. Эртерээк кеткениңер жакшы. **(Дыйкан, Мадали, Жаанбай, Сарман кетишет).** Сен да, Барпы, күйгөн токой көрүнөсүң?

Б а р п ы. Э, Токо, көкүрөктө дарт көп, Бирок мен сизге даттанганы келгеним жок. Жүрөгүмдү өйүгөн суроого жооп издеп келдим.

Д а л б а й. Мен аттарга барайын. **(Кетет, эл тарайт, кеч кирип, ары жактан оттор күйөт).**

Б а р п ы. Өткөн күндү ойлосом—кайгы менен муң. Ырамантылык атам айтар эле. А дегенде Кудаяр хан менен Маляхан элдин эки бутун бир кончуна тыгыптыр. Адамды койдой сойдурган экен да, чукуп көзүн ойдурган экен. Кайра сүйлөгөн адамдын бутун гүндөөгө салдырып, тарамышын кыйдырган, адамдын башын кестирип, үйүп таштай жыйдырган экен. Андан кийинки хандар менен бектер да элди азап менен тозоктон көз ачырбаптыр. Азыр болсо бий, болуш, орустар койдой талап жеп жатышат. Эл—журт ушинтип көкүрөктөн дарт кетпей, кайгы-мунда өтүп кете береби, же бир жакшылык заман көрөбү? Кудайдын салганы ушул экен деп чыдай беребизби, же издесек арга табылабы, Токо?

Т о к т о г у л. Сен кыйын суроо бердиң. Сенин оозуңдан «орустар» деген сөз чыкты, орустун да орусу бар, Барпы.

Б а р п ы. Бизди эзип жаткан орустар эмеспи? Сиздин бутуңузга кишен салып, Шыбырга айдаган орустар эмеспи, Токо?

Т о к т о г у л. Жок, Барпы. Орустун баары душман эмес да, кыргыздын баары тууган эмес. Мен сага өз башымдан өткөндү айтып берейин. Бизге каршы ырдайт, биздин айтканыбызга көнбөй, айдаганыбызга баспайт деп мени Рыскулбектин камандары карматып айдатты. Сибирде мен Семен деген орус менен бир болдум. Элсиз, кар баскан токойдо керели кечке жыгач кесебиз. Солдаттар көз айырбайт. Түндөсү келебиз да, суук баракка жатабыз. Мына ошондой күндөрдө алакандай кара нанды бөлүп жеп, бир кружкадан кайнаган суу ичип жүрдүк. Сибирдин узун түнүндө уйку келбей, эл-жерди эстеп үшкүрүп жатканда, Семен туруп келип колун ийниме коюп: «Токтогул, кайгырба. Бул күндөр артта калат. Азыр адамдар азаттыкка чыгуунун жолун издеп, күрөшүп жатышат. Падыша элдин мыкты уулдарын атып, асып, алыскы жактарга айдап жатат. Демек—падыша алардан коркот. Күч мына бу чор баскан жумушчу колдордо» дей турган. Мени Сибирден качырган да ошолор. «Биздин сөздү элиңе барып айт» деген эле, Семен. Мен ушул сөздү элим укса экен, чындыкты билсе экен деп ашыктым. Караңгылык тарап, эркиндиктин күнү чыгат. Барпы сен жашсың, менден көптү көрөсүң. Чындык сөздү өзүңдүн ырың менен элге жеткириш сенин милдетиң.

Б а р п ы. Токо, сиздин айтканыңыз көзүмдү ачып, мага канат бергендей болду. Демек, ырчынын өнөрү, чындык сөзү элге керек экен го.

Т о к т о г у л. Мен билип турам. Сага кыйын болот. Анткени, чындыкты айткан адам ар убак куугунтукта болот.

Б а р п ы. Аны билем, Токо, бирок ийнимде башым, оозумда тилим барында айтканым, айткан.

Т о к т о г у л. Сен өзүң билесиң, Барпы. Ошентсе да, ага катары айтарым: жолуңдан жаңылба, элден ажыраба, элсиз ырчы чөлдө калган булбул. Акындын сөзү элдин сөзү болуш керек, элге кызмат кылышы керек.

Б а р п ы. Сизден уккандарымды элге тезирээк жеткирейин. Азыр калк чындык сөзгө чаңкап турган кези.

Т о к т о г у л. Анжиянга баргандан кийин, агаңдан кол үзбөй жүр, Барпы.

Б а р п ы. Сиз кайда жүрсөм, оюмда болосуз. Анан Токо, Сизде менин өтүнүчүм бар.

Т о к т о г у л. Айт.

Б а р п ы. Сиздин ырларыңыз өзүңүз менен кетпей, укум-тукумга калышы керек. Сиз жаздырып калтырышыңыз керек, Токо.

Т о к т о г у л. Кара көзүм кат таанбай чоңойдум. Элибиз караңгы менен жарыкты ажыратып билген эмес тура. Окуунун, өнөрдүн кени оруста экен. Биз кечигип калыппыз. Заманыбыз ушу болду. Колубуздан келишинче, алыбыздын жетишинче, жакшы заман, жарык күн үчүн күрөштүк. Бизден кийинкилер жакшы болор. Кадырыбызга жетип алышар.

Б а р п ы. Жакшы заманды баарыбыз чогуу көрөлү, Токо.

Т о к т о г у л. Аман болсок тилекке жетебиз. Барпы чырагым. Кыргызда сендей ырчы бар экен, эми өлсөм арман жок. Алдымдагы атымды минип кет. Токоңду эстей жүрөрсүң.

Б а р п ы. Токо, атыңызды өзүңүз миниңиз. Сиздин жүзүңүздү көргөнүм чоң канимет мен үчүн.

Т о к т о г у л. Агаң атсыз калбас. Үйгө жүр, иним.

**Көшөгө**

## ТӨРТҮНЧҮ СҮРӨТ

Дыйкандын там үйү. Үй ичи жасалгалуу. Бир бурчта көшөгө түрүлүп коюлган. Оорулуу Mөймол салынган төшөктө олтурат. Ал туруп терезеге келип алысты карап нес болгондой турат.

М е й и л х а н. **(Эшиктен кирип)** Э, чоң кыз, сиз минтип отурсаңыз бирдеме болосуз. Сары майдай эрип баратасыз.

Моймол. Э, кичик апа, жүрөктөгү дартты эч ким билбесе.

Мейилкан. Билем, чоң кыз, менин өз башымдан өтпөдү дейсизби? Мен атаңызга келгенде (чыпалагын көрсөтүп) мындай эле кыз эмес бедем.

Моймол. Ооба, кичик апа. Сиз мага апа болуп келгенден кийин экөөбүз куурчак ойночу эмес белек.

Мейилхан. И-и, айтпаңыз, чоң кыз, бир күнү сиз жокто зерикkenimден жүктүн бурчунда жалгыз куурчак ойноп отурсам, атаңыз кирип келсе болобу деңиз. Мен бала эдем, ишим эмне? Камчы менен төбөмдөн ары тартып калды. Алты ай суу ичип жатпадымбы. Куурчак ойногонду ошондон кийин койдум.

Моймол. Кичик апа, дейм.

Мейилхан. И, чоң кыз?

Моймол. Сизге бирөө ашык болгонбу?

Мейилкан. Аны эмне кылат эдеңиз?

Моймол. Айтсаңыз.

Мейилхан. Айтканга бовойт, чоң кыз. Кокус атаңыз күмөн санап калса... Өңүңүз алеттен кетип турат. Эч ким жокто салкындап басып келиңизчи. (Моймол кетет).

Далбай. (Тыштан) Чылбырдай кара чачыңа. Чырмалайын, беш көкүл... (Терезеге келет). Мейилхан!

Мейилхан. Бул жерге келбеңиз дебедим беле. Бирөө көрсө...

Далбай. Корко турган жан жок.

Мейилхан. Сизди бул жерден кетти дешпеди беле?

Далбай. Кетмен-Төбөдөн азыр келип аттан түштүм. Келерим менен сага жүгүрдүм.

Мейилхан. Этият болуңуз, Далбай. Кетиңиз эртерээк.

Далбай. Кайсы жерден учурашабыз?

Мейилхан. Баягы жайдан (Тез ары кетет).

Далбай. Мейилхан?! (Терезеге Моймол келет).

Моймол. Далбай!

Далбай. Арбаңыз, Моймол.

Моймол. Саламат болуңуз. Кайдан?

Далбай. Барпы сизге салам айт деген эле.

Моймол. Барпы? Ал келген жокпу?

Далбай. Эл жибербей Ак-Тоок, Караматта калды. Жакында келет. Сизди оозунан түшүрбөй ырдап жүрөт.

Моймол. Унуткан жок деңизчи?

Далбай. Бир айтасызбы, миң айтасызбы. Ошончолук өнөр берген кудай, бакыт берген эмес экен. Дүйнөнүн бири кем эмеспи. Бул жерге келип сиздин атаңыз, Мадали эшендер ага каршы ар түрдүү сөздөрдү таратып жүргөнүн уктум. Сиздин кабарыңыз болсо керек.

Моймол. Анча-мынча кулагым чалган. Ал атамды, эшендер-

ди элге ушактап жүрөт дейт. Чынбы?

Д а л б а й. Э, Моймол, аны сага түшүнүү кыйын. Башы оорубагандын кудай менен иши жок. Азыркы заман колунда бардын заманы. Жарды катуураак чүчкүрүп койсо да айыптуу.

М о й м о л. Айтчы, Далбай, айып Барпынын өзүндө эмеспи. Баарыга бирдей жүрө берсе, аны ким жаман дейт эле?

Д а л б а й. Э, Моймолжан, карышкыр эмне үчүн койго асылат?

М о й м о л. Кантип эмне үчүн? Жеш үчүн.

Д а л б а й. Туура, жеш үчүн. Демек, карышкыр тоюш үчүн койду жеш керек. А койчу жакшы болуп, аман калса карышкыр эмне болот?

М о й м о л. Ачка калат.

Д а л б а й. Ачка калгандан кийин өлөт. Демек эч убакта карышкыр да ток, кой да аман болбойт. Же карышкыр өлөт, же кой өлөт.

М о й м о л. Кош? Карышкыр ким, кой ким?

Д а л б а й. Сен эстүү кызсың, өзүң түшүнөсүң...

М о й м о л. Эртерээк кеткин, Далбай, бул жерден. Болбосо катуу сөз угуп калба.

**Д а л б а й. Коркпо, Моймол. Мен кетем. Барпынын саламына** айтар жообуң ушулбу?

М о й м о л. Эгер Барпынын ою да сеникиндей болсо...

Д а л б а й. Менимче, андан угарың да ушу. **(Кетет).**

М о й м о л. Барпы... Атам карышкырбы?! Жок, жок.

М е й и л х а н. **(Жүгүрүп кирип)** Эмне, эмне болду, кыз?

М о й м о л. Эчтеме эмес, кичик апа.

**М е й и л х а н. Сиз катуу ооруп турат окшойсуз. Жатыңыз** төшөгүңүзгө. **(Жаткырат).** Эртерээк сакайыңыз.

М о й м о л. Мен сакайганда эмне кылам, кичик апа?

М е й и л х а н. Кантип, кыз? Сакаярыңыз менен той болот.

М о й м о л. Той! Кичик апа, сиз дагы эле баласыз. Ошол тойдун болбой калар күнү кана? Менин күйөөмдү билесиз го. Мурдун сүртө билбеген мадыра баш.

М е й и л х а н. Ал чоңойбос болуптурбу? Эркек тана эмеспи эки жылда дүңкүйгөн жигит болуп калат. Менин таенемди да жыйырмага чыкканда он үч жаштагы балага алып беришкен экен. Балдар менен ойноп кеткен жерден таап, көтөрүп келип төшөккө жаткырчумун дечү эле.

М о й м о л. Кайсы бирин айтасыз, кичик апа.

М е й и л х а н. Кайгырган менен болобу, чоң кыз. Бактыңызга жазганы ошол болсо, көрөсүз да. **(Тыштан аттын дүбүртү угулат).** Кокуй, болуш келди. Сиз тынч алып жатыңыз. **(Анын үстүнө көшөгөнү түшүрүп койот. Өзү оозгу үйгө кетет. Дыйкан, Жаанбай, Мадали, Сарман киришет).**

М а д а л и. Сыркоо кызыңыз кайда, болуш?

Д ы й к а н. **(Көшөгөнүн артына)** Кызым эшенге тамырыңды кармат. **(Моймол көшөгөнүн четинен колун сунат).**

М а д а л и. Бисмилла иррахман иррахим, менин колум эмес, улукман акемдин колу. **(Көпкө чейин Моймолдун билегин кармап, көзүн жуумп турат. Акыры Моймол колун тартып алат).** Сөөгүндө тап бар. Кырк күн карандай суу ичсин. Ар бир жума сайын бирдеме союп, чилясын өткөрүш керек.

Д ы й к а н. Макул эшеним.

М а д а л и. Куда кааласа, ошону менен оору сен көр, мен көр жок болот.

Д ы й к а н. **(Тышка).** Баягы чайдан алып келгиле.

М е й и л х а н. **(Тыштан).** Азыр, болуш. **(Чоң көк чайнек, пияла алып келип коюп, үнсүз чыгып кетет).**

Д ы й к а н. Куй, Жаанбай. Бу кадимки сопулар иче турган чайдан.

М а д а л и. **(Тамагын жасап жылмаңдайт).** Дыйкан болуш оокаттын жакшысын билет.

Ж а а н б а й. Жаныбардын өңү башка.

Д ы й к а н. Бу силер ичип жүргөн мүсалла эмес. Кишмиши Самаркандыкы, жийдеси Кожанттыкы. Эки чыны ичкен кишиге бейиштин эшиги көрүнөт.

С а р м а н. Бул бейиштин ашы, яки пайгамбарларымдан калган.

М а д а л и. Асти өлбөң, асти өлбөң **(Дыйканга)** Болуш үйөздөн эмне кеп угуп келдиңер?

Д ы й к а н. Үйөздө кеп көп, иш жакшы, эшеним.

М а д а л и. И?

Ж а а н б а й. Баягы он тогуз жаштан кырк жашка чейинки ишке жарактуу эркектин баарын уруш кызматына мандикерликке алуу жөнүндөгү буйруктун үстүнө дагы жаңы буйрук келиптир.

М а д а л и. Кош, ал буйругунда эмне кеп бар?

Ж а а н б а й. Эми падышанын кызматындагы болуш, бийлер, хандардын, бектердин укум-тукумдары, ыймам-молдолор мандикерликтен бошотулат экен. Колунан келгендер өзүнүн ордуна бирөөнү жалдап жиберүүгө акысы бар.

М а д а л и. Ак падыша, ак падышалыгын кылып, калыстыгын көрсөткөн экен. Мандикерликке баруу кара тамандардын иши.

Д ы й к а н. Бирок эшен, кара тамандар баягыдай эмес. Айткан менен болуп, айдаган менен баспайт. Элди тескери үгүттөп жүргөн терс аяктар бар. Баарыдан мурда элди ошолордон тазалоо керек.

М а д а л и. Иншалла, асти өлбөң. Калети жок сөз.

Ж а а н б а й. Элди кутуртуп жүргөн Барпы. Анын кече Кетмен-Төбөдөгү ишин көрдүңөр. Тим койгон сайын чийинден чыгып баратат. Элден-журттан чыккан, ак падышанын каарына калып, Сибирге айдалган Токтогул менен биригиптир.

Д ы й к а н. Макоонун жолдошу пес деген ошол.

М а д а л и. Токтогул отко өрттөп, күлүн көккө сапырып жибере турган күнөөкөр.

Ж а а н б а й. Барпынын күнөөсү аныкынан аз эмес. Анык кудайдын тушоосун үзгөн ошол.

М а д а л и. Лайилаха иллалла. Куттуу үйдө анык атын атап болбойт.

Ж а а н б а й. Ал бүгүн, эртең келүү керек.

М а д а л и. Ал имансыздын жүрүшү жерге оорлук кылат.

Ж а а н б а й. Мойнуна сыйыртмак салып асып өлтүрүү керек деп мен капкачан айткамын.

Д ы й к а н. Жок, Жаанбай антүүгө болбойт. Азыр эл ичи бузулуп турат. Чатак ырбап кетиши ыктымал. Жан адамга шек алдырбай көзүн тазалоо керек. Эшеним экөөбүз бир иш ойлодук. **(Сырдуу)** Биздин ишенгенибиз Сарман молдо.

С а р м а н. Болуш, ал эмне дегениңиз?

М а д а л и. Сарман молдо динсизди жер бетинен жок кылуу менен сооптон башка эчтеме таппайсыз.

Д ы й к а н. Сарман молдо кудайга, ак падышага пейли түз экенин ушундан билебиз. Сиз биз айтканды аткарсаңыз кадырыңызга жетебиз. **(Мадалига көзүн кысат).**

**М а д а л и. (Чөнтөгүнөн таңгак акча чыгарып, Сармандын алдына койот).** Бул иштин башталышы гана.

С а р м а н. Айланайындар... Менин көзүм көрбөсүн, кулагым укпасын. Мени куткаргыла бул иштен, яки ал менин бир тууганым... Менин колум калтырайт ойлосом.

М а д а л и. Тууганды эмес, кудайдан корк, Сарман молдо. Мен сени анык мусулман экен дегемин. Өзүңүз шариятты жакшы билесиз. Пайгамбарым өзүнүн баласын курмандыкка чалам дегенде колу калтыраган эмес... Адамдардын күнөөсүн сатып алыш үчүн кудай таала эгемдин өзүнүн баласы адам уккусуз кыйноолорду, азапты баштан өткөргөн. Адамдар анын башына тикенектен селде ороп, өзүн кафырлар жыгачка керип, мык менен кадап коюшкан. Анан кудайга акаарат кылып, элди-журтту бузуп кара шайтандын жолунда жүргөн динсизге колуңуз калтырайбы?!

С а р м а н. Эшеним, менден кетсе, маркабат.

М а д а л и. Жооп бериңиз. Сиз кудайдын кулу, Мухамметтин үмөтүсүзбү же жокпу...

С а р м а н. Лайиллаха иллалла, ошондоймун.

М а д а л и. А бали, асти өлбөң. Андай болгондон кийин дин-

сизди жок кылуу сиздин мойнуңузга хам парз, хам карыз.

Д ы й к а н. Ачык айтып ак сүйлөшөлү. Эгер андай-мындай дей турган болсоңуз бизге таарынбаңыз. Өз жаныңызды да ойлоңуз.

С а р м а н **(Ыйлап).** Кана эмне кыл дейсиңер мени?

Д ы й к а н. Ал абдан оңой.

М а д а л и. **(Бир томолок нерсе берип)** Мына муну ичирип койсоң, иштин бүткөнү. Бир адам сезип, бир адам туйбайт. **(Койнунан куран сууруп чыгып, оозу-башын күбүрөтүп окуган болот да куранга «суф», «суф» дейт).** Молдом бул ишти оозумдан чыгарбайм деп касиеттүү куранды кармаңыз. **(Сарман куранды алып өөп, маңдайына тийгизип кайра берет).** Эгер сөздөн кайта турган болсоңуз сизди кудай, куран урат.

Ж а а н б а й. Мүсалладан жутуңуз.

Д ы й к а н. Эми Барпынын келишинен кабардар болуп туруу керек. Ишти созуу жарабайт.

М а д а л и. Асти өлбө. Сөз тамам.

Ж а а н б а й. Ооба, болуш уктасын.

М а д а л и. **(Алаканын жайып).** Этек — жеңиң жайылып, мартабаң көтөрүлсүн. Учуң узарып, көшөгөң көгөрсүн. Жакшы санаган нээтине жетип, жаман санагандын тилеги катсын. Оомин аллоакбар.

Ж а а н б а й. Айтканыңыз келсин. **(Дыйкандан башкалары чыгышат).**

Д ы й к а н. **(Жалгыз).** Кап, ит Барпыны башынан көзүн тазаласам эмне? Намыс... Мени намыс токтотуп келди. Аны баш ийдирип таманымды жалаган итим кылгым келди. Өзүмдү мактатып, басташкандардын алдында мартабамды ашырам дедим. Астына жорго, үстүнө торко кийгизейин дедим, ага болбоду. Күч менен баш ийдирем дедим, ага болбоду. Эми андан кутулуудан башка жол калган жок. Эх, убакыттын тардыгы, азыр эл өлүм алдында турат. Өлөр өгүз балтадан качпайт, болбосо өлтүргөндө да колу-бутун таңып, кыбыланы баштантып, кудайымдын жолуна деп өз колум менен чалсам көкшүнүм суур эле.

М е й и л х а н. **(Кирет).** Болуш сизге төшөктү кайсы үйгө салайын?

Д ы й к а н. Байбиченин үстүнө. **(Турат).** Кепичти оңдо, каракчы. **(Чыгат, артынан Мейилхан да чыгат).**

М о й м о л. **(Көшөгөнү түрөт).** Өңүмбү же түшүмбү? Бул жерде кимдер болду? Ырас эле атам менен эщенби? Далбайдын айтканы чынбы? Демек...

М е й и л х а н. **(Кирет).** Кыз, экөөбүз бирге жаталы. Мен жалгыз корком.

Моймол. Айтчы, кичик апа, мен соомунбу же жинди болуп турамбы?

Мейилхан. Коюнузчу, кыз. Жатыңыз. **(Экөө жанаша жатышат. Сахна караңгылайт. Жарык болгондо Моймол жалгыз жатат).**

Барпы. (Тыштан). Сай боюнда эрмендер,

Сагызган атат мергендер.
Сагызган атып алгамын.
Ана ушу мерген мен болуп,
Моймолум сенин дартыңдан
сагынып ырдап калгамын.
Суу боюнда эрмендер
Суусар атат мергендер.
Ана ушу мерген мен болуп,
Суусар атып алгамын.
Моймолум сенин дартыңдан
Суктанып ырдап калганмын.

Моймол. **(Терезеге келет)** Барпыжан!

Барпынын үнү. Моймол!

Моймол. Сен кайдасың?

**Барпынын үнү. Мен мындамын, жаным. Сени сагындым.**

Моймол. Мен да сагындым.

Барпы. **(Кирет).** Мына мен келдим.

Моймол. Сен мени сүйбөйсүң.

Барпы. Мен сени сүйөм. Бирок менин ырымдан башка эчтемем жок.

Моймол. Сени өлтүргөнү жатышат. Сак бол. Сага уу беришет.

Барпы. Сен үчүн уу ичүүгө даярмын. **(Экөө жакындашат, Дыйкан пайда болот).**

**Дыйкан. А, Барпы, сен мында экенсиң го.**

Барпы. Ооба, болуш, мен мындамын.

Дыйкан. Эми колума түштүңбү, динсиз. Сенин колу-бутуңду байлап, кыбыланы баштантып кудайымдын жолуна чалам.

Сарман. **(Чыны сунуп).** Сага болуш таттуу даам даярдады. Суусап калгандырсың. Ич, Барпы.

**Барпы. (Ичет да жыгылат). Кош Моймол.**

Дыйкан. А-а, өлдүңбү, ха-ха! **(Кутургандай күлөт).**

**Моймол.** Өлдү.

Барпы. Же карышкыр өлөт, же кой өлөт. **(Сахна караңгылап, кайра жарык болот. Моймол менен Мейилхан орундарында жатышат).**

**Моймол. Барпы, Барпы! (Ордунан ыргып турат).**

Мейилхан. Эмне? Эмне болду, кыз?

Моймол. Өлдү!

Мейилхан. Ким өлдү?

Моймол. Барпы.

Мейилхан. Түф де, кыз, түф де. Түш көргөн турбайсыңбы, өмүрү узун болот экен.

**Көшөгө**

## ҮЧҮНЧҮ КӨШӨГӨ

### БЕШИНЧИ СҮРӨТ

Боорго такай салынган Болоттун жаман тамынын алды. Мында өздөрүнүн ал-акыбалын талкуулоо үчүн кедейлер чогулушкан. Лайлихан бир чекеде бозо куюп, сунуп отурат. Чогулгандар муңдуу ырдашат:

Жылуу сөздөн тилдөө көп,
Күлгөнүңөн ыйлоо көп.
Алуу эмес, берүү эмес,
Ар азапты көрүү көп.
Калктын ичин бөлүү көп,
Көпчүлүктү сөгүү көп,
Көңүл өспөй чөгүү көп.

Ашыр. **(Ойлуу)** Э, балдар, ыйдын түбү ый, муңдун түбү муң болот. Мынча эмне күңгүрөнүп, кайгыга чөктүңөр. **(Кесени сунуп).** Ке, Лайли балам, бозодон куй. Лайлинин бозосун бүгүн ичкен ям арманда, ичпеген ям арманда. Жараткан кудай жарык күнүн көрсөтөр.

Болот. Ай, таң, Ашыр аба. Мен кудайдан да, жакшылардан да үмүтүмдү үзүп калдым. Жакшылыкка жетебиз деген сайын, заман тарып баратат.

Кедей. Өлбө жаным, өлбө менен араң келаттык эле, мына согуш деген балакети чыккандан бери күнүгө бир чыгым чыгып, муңкүрөтүп бүттү.

Лайлихан. Ботом, десеңиз, ошондой эле урушкулары келип, чыдабай баратышса, өздөрү урушпайбы да, журтту тынч койбойбу?

Далбай. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы. Аны бизден сурайбы, жеңе. Эки дөө кагышса, ортосунда кара чымын кырылат деген ушу.

Кедей. Балык башынан чирийт. Балаанын баары ошол бизди бийлеген жакшыларда.

Болот. Мен бир топ жыл тентип жүрүп кайра келгенимди

билесиңер. Кайда барсам, мамайдын көрү экен. Ушул кайгы, ушул муң. Кызыл-Кыя көмүр кенинде иштеген бир жумушчу менен сүйлөштүм. Ошол мага элге согуштун кереги жок, согуш падышага, байларга гана керек. Согуштан кутулуу үчүн баарынан мурда ошолорду жоготуу керек деди.

А ш ы р. **(Эки жагын элеңдеп карап).** Бизден башкага айта турган сөз эмес экен. Падышага акарат кылган оңбойт, балдарым.

К е д е й. Муну айткандын да бир билгени бардыр. Ойлоно турган сөз экен.

Б о л о т. Мен да ошондой дейм.

А ш ы р. Падыша куда эмес, кудадан жуда эмес. Ол кудайдын жердеги вакили. Бүгүн эле эмес, атам замандан бери элди падыша, хандар, бектер бийлеп келген. А андан көрө кудай ошол ак падышага нысап берсин дегиле.

Б а р п ы. **(Кирет).** Ассалоомалейкум, агайиндер.

Б а а р ы. Барпы! Үнүңдү сагындык **(бозо сунушат),** ырды жөнөт.

Б а р п ы. Ыр чогуу болсун.

Б а а р ы. Ачылганың Акмандын

Козосундай, Паризат.
Мас кылганың Чаңгенттин
Бозосундай, Паризат.
Паризат ой, Паризат ой,
Даричандан кол узат ой. **(Ырдап бийлешет).**

К а л м а т. Барпым, көп жашаган билбейт, көргөн билет. Мен ушул убакка чейин максатсыз дубана болуп тентиреп жүрдүм. Кайран өнөрүмдү айып кылдым. Кимге таарындым? Көрсө, битке өчөшүп көйнөгүмдү отко салыпмын.

Б а р п ы. Ага заман күнөөлүү, Калмат аке. Жер бети азуулуу карышкыр, мант берме түлкүгө толгон. Жакшы жашайм десең, өнөрүңдү, уятыңды сатышың керек. Ал эми адалыраак болом десең карышкырлар азуусун салып, камандар челип кетет. Акыйкат сөз, адилет иш үчүн жапа чеккен бир сиз эмес.

К а л м а т. Аттиң, аттиң!

А ш ы р. Барпы эс алсын, биз ишибизге баралы. **(Кетишет).**

Л а й л и х а н. **(Барпынын алдына төшөк салып).** Ырчы уул дейм.

Б а р п ы. Эмне, жеңе?

Л а й л и х а н. Көңүлүңүзгө албаңыз. Мен сизди Мадали эшен эки-үч жерде элдин арасында жамандап жатканын уктум. Динсиз, кудайга каршы ырдап жүрөт дейт.

Б а р п ы. Эшендин айткандары ырас, жеңе.

**Л а й л и к а н. Айланайын, ырчы уул, эшендин каргышы оңдурабы?**

Б а р п ы. Эшендин колунан келсе, мени тирүү жүргүзбөйт эле.

**Л а й л и х а н. Антпеңиз, ырчы уул эшен эмес, өзүңдүн ука-** ңиз Молдо бала да сизге капа болуп жүрөт. Туугансыңар. Ал сизге жамандык каалайт беле.

Б а р п ы. Бир тууган болсок да, жолубуз эки бөлүндү. Баса, жеңе, эшендин баягы тумары барбы дагы эле? Качан Болот акемди балалуу кыласыз?

Л а й л и х а н. Кудайдан үмүтүмдү үзбөй эле жүрөм. Эшен төгүн айтмак беле? **(Сарман кирет).** Келиңиз Молдо бала. Ырас болбодубу, мен көк чай алып келейин. **(Үйгө кирип кетет).**

С а р м а н. Келгениңди угарым менен учурашайын деп мында жөнөдүм. **(Барпы ишенбегендей карайт).** Барпы аке, мен сени менен табышканы келдим. Четтеп жүрө берсе, тууган да жат болот. Экөөбүз бири-бирибиздин сырыбызды билбей жүрөбүз. Учу бирге жазылат, түбү бирге кошулат деген, яки экөөбүздүн түбүбүз бир.

Б а р п ы. Сен мындай сөздөрдү айтчу эмес элең. **(Тигиле карап).** Чын айтып жатасыңбы?

С а р м а н. **(Жакасын кармап).** Чындыгына кудай күбө. Жалган болсо турган жеримден чагылган тийсин.

Л а й л и х а н. **(Чай алып чыгат).** Ушинтип тууганча сүйлөшүп отурсаңар.

С а р м а н. Мага бериңиз, мен куяйын чайды. **(Лайлихан үйгө кирип кетет. Барпы ойлонгондой башын жерге салат). Салсамбы (Ойлоно калып) Ыштаны булганган колун аябайт. (Ууну салат).** Бир-бирибиздин колубуздан даам татпаганга кыйла болду. **(Чайды сунат).**

**Б а р п ы. (Чайды алып). Эки колуңду бооруңа алып тур.** Сарман. Сени мага келүүгө эмне түрттү?

С а р м а н. Тууган тууганга келбейби?

Б а р п ы. Сен менин эшен менен молдону жаман көрөрүмдү, Дыйкан мени жок кылуунун касында жүргөнүн билип туруп кантип мага келдиң? Биз экөөбүз эки жолдо турганыбызды билесиң го. А сен тигилерден ажырай албайсың. Ажырагың келген күндө да өз жаның үчүн коркосуң.

С а р м а н. Мен бирөөдөн кечсем кечем, бир тууганымдан кечпейм. Ушул убакка чейин сенин кадырыңа жетпей жүргөнүмө өзүмдү-өзүм тилдедим. Мына, ишенбесең нан турат. Мындан ары бөлүнбөй жүрүшкө ушул бирге жеген наныбыз ырым болсун. Ичип жибер чайды.

Б а р п ы. Бозонун үстүнө чай ичкен болбос, ме өзүң иччи.

С а р м а н. Берген даамды кайтарба. **(Барпы ичмек болуп, оозуна алып барып чочугандай токтоп калат).** Ичип жибер, эмне көрдүң?

Б а р п ы. Моймол!

М о й м о л. **(Жүгүрүп кирет).** Барпы! Иче элексизби?

Б а р п ы. Эмне болду сизге?

М о й м о л. Бул чай сизди соо кыла турган чай эмес.

Б а р п ы. Эмне?

С а р м а н. А-а, бетсиз... **(Жүгүрүп чыгып кетет).**

Б а р п ы. Ушундайбы? Ыракмат Моймол.

М о й м о л. Сизди келди деп уккандан бери буту күйгөн тооктой болуп жүрдүм. Акыры чыдай албай жүгүрүп келдим.

Б а р п ы. Сизге кандайча алкыш айтарымды да билбейм.

М о й м о л. Мен сиз менен коштошуум керек.

Б а р п ы. Эмне болду, кайда кетип жатасыз?

М о й м о л. Сурап эмне кыласыз, Моймолду экинчи көрбөйсүз. Сиз экөөбүз бөлүнүшүбүз аргасыз экен.

Б а р п ы. Жок дегенде дидарыңызды көзүм тойгуча көрүп калайын **(колун кармап, көзүнө тике карайт).**

М о й м о л. Барпы! **(Ыйлап, Барпынын ийнине башын койот).**

**П А У З А.**

Кош, Барпы, мага таарынба.

Б а р п ы. Көңүлүңдү ооруткан болсом, кечир. Өмүрүм өткүчө сени ырдаганым, ырдаган.

М о й м о л. Сенин ырың—менин өмүрүмдүн кубанычы **(кетет).**

Б а р п ы. **(артынан).** Кош, Моймол. Бирөөгө кыймак турсун, кирдүү колго карматпай турган асыл элең. Заман тар. Таарына турган эч ким жок. **(Болот, Далбай, Ашыр ж. б. кирет).**

Б о л о т. Жаңы кабарды уктуңбу, Барпы?

Б а р п ы. Эмне кабар? **(Дыйкан, Жаанбай, Мадали ж. б. кирет).**

Д ы й к а н. Силерди ак падышамдын буйругун уксун деп жыйнадык.

**Ү н д ө р. Ал эмне буйрук экен?—Жакшылыкпы деги? (Дыйкан Жаанбайга жандайт).**

Ж а а н б а й. Ак падышанын буйругу боюнча он тогуз жаштан кырк үч жашка чейинки ишке жарактуу эркектердин бардыгы солдат жумушуна мандикерликке алынат.

К е д е й. Күнүгө бир шумдук укчу болдук.

Д а л б а й. Баарын угуп бүтүп, эми өзүбүз калган экенбиз да.

Ж а а н б а й. Кулак салгыла. Биздин айылдан тизмеге катталгандар Алыкул уулу Болот, Акмат уулу Далбай...

К е д е й. Окубасаң да болот.

Ү н. Байлардын балдары кана?

Д ы й к а н. Колунда барлар өз ордуна башка бирөөлөрдү жалдап жиберүүгө акысы бар.

Б о л о т. Жаңы ачып турган эл менен ойнобогула. Барсак силерге окшогондордун канын ичип туруп анан барабыз.

М а д а л и. **(Дыйкандын кулагына)**. Катуу айтып бул айбандарды жиндентпеңиз. Алдап-соолап тынчытыш керек. **(Элге)**. Мусулмандар, бул ишти биздин жакшылар чыгарып жатышкан жок. Биз баарыбыз кудайдын кулу, Мухамметтин үмөтүбүз. Мунун баарын кылып жаткан орустар.

Д ы й к а н. Эшеним туура айтат.

Б а р п ы. Калп! Эшен жанын жеп жатат.

М а д а л и. Астапурулда, ушул сакалым менен мен кантип калп айтам?

**Б а р п ы.** Бул эшенди билебиз. Биздин душманыбыз орустар эмес. Орустар өздөрү ак падышага, өздөрүнүн байларына каршы күрөшүп жатышат. Биздин каныбызды Дыйкан менен Жаанбай кандай соруп жатса, орустардын байлары да элдин канын ошондой соруп жатышат. Ак ит, кара ит-баары бир ит.

**ҮН. БАРПЫ туура айтат.**

Б о л о т. Кара оокат үчүн орустардын байлары кандай иштеп жүргөнүн көрүп жүрөбүз.

Д а л б а й. Бир айтасызбы, миң айтасызбы.

Ү н д ө р. Алардын да жыргап кеткен жери жок.

М а д а л и. **(Дыйканга)**. Айла кылып баш калкалабасак болбойт. **(Элдин четинде турган Лайлиханга келип, бөжөңдөп)**. Ак батамды берейин, тогуз айга жетпей баланын үнүн угасың. Жалган болсо, мени эшен дебей, эшек де. Дыйкан болуш экөөбүздү тамыңа кирип баш калкалоого уруксат кыл.

Л а й л и х а н. Эртерээк киргиле. Дарчадан түшүп кеткиле, айланайын эшеним, көрүп калышпасын.

М а д а л и. Асти өлбөң. Болуш, эртерээк жүрүңүз.

**Д ы й к а н. Түрк-Абаддан да тополоң-чыккан экен, солдаттар** келиптир. Тезирээк ошолорго кабар бериш керек. **(Тамга кирип кетишет).**

**Ж а а н б а й. Падышанын буйругун аткарбасак, биздин башыбыз кетет.**

Д а л б а й. Сенин башың кымбат, а биз башты талаадан таап алыптырбызбы?

Ү н д ө р: Тизмени тыткыла!

—Кармагыла!

— Карагыла, карагыла, тигинде Дыйкан менен эшен жайдак атка минип качып баратат . Ай, доңуздар!

Ж а а н б а й. Өз баштарын алып качышкан экен иттер.

Ү н. Мунусун кармагыла.

Ж а а н б а й. Жан соога, аягыла!

Қ е д е й. Сен бизди аядың беле? **(Сүйрөп чыгышат).**

Б о л о т. Туугандар, урушта туруш жок.

А ш ы р. Ой, эл, ажыдаардын куйругун баспагыла. Оп тартып койсо, оозуна кетесиңер.

Б о л о т. Ашыр аба, бизде аяй турган жан жок. Сиз корксоңуз кете бериңиз.

А ш ы р. Қарыганда кудайдын каргышына кала турган оюм жок. Өлсөм ыйманым менен өлөйүн **(кетет).**

Б о л о т. Туугандар, кайда барсак бир өлүм. Далбай, сен Барпыны ишенчиликтүү жерге алып бар. **(Жүгүрүп чыгып кетишет. Сахнанын артынан алоологон жалын күйүп жаткан үйлөр көрүнөт).**

Б а р п ы. Жалгыз көздүк кылып жатамбы, ашына. Алдагы Түрк-Абаддын жолунан чыккан кандай чаң?

Д а л б а й. Соо чаң эмес. Солдаттар көрүнөт, катуу чаап келе жатышат. Тигилерге тез кабар бериш керек. Жүр, сен бир жерге жашын.

Б а р п ы. Менин жаным элдикинен бөтөнчө эмес. Ушундай маалда кайда качам?

Д а л б а й. Бөйдө өлүмдүн кереги жок. Мен сени көздөн далда кылмайынча, эч кайда барбайм.

Б а р п ы. Қежирлигиң ааламда жок **(Тыштан мылтыктын үнү угулат. Далбай менен Барпы кетишет). Дыйкан, Мадали, куралданган жигиттер киришет)).**

Д ы й к а н. Жыландын уюгу ушул жерде. Тинткиле. **(Жигиттер үйгө киришет).** Ар-рам гана кара тамандар. Бийлик талашат имиш, ак падышага ок атышат имиш.

М а д а л и. Булар динди кара тамандары менен тепсешти. Кудай таала буларды эсине келтирет.

**Д ы й к а н. Буларды кудай эмес. (Тапанча суурул),** мына бул эсине келтирет, кудайга баш ийбей, күчкө баш иет, кимде күч болсо, кудай ошол. **(Жигиттер үйдөн Лайлиханды алып чыгышат),**

Л а й л и х а н. Болуш аке, бул адепсиз жигиттериңизди кой деңизчи.

Д ы й к а н. А-а, Болоттун айымбы!! Сен качантан бери кимдин кандай экенин сурүштүрүп калгансың? Сенин эриңдин ак падышага каршы ок атканы адептүүлүк бекен?

Л а й л и х а н. Эркектердин иши менен кандай катышым бар, болуш аке?

Д ы й к а н. Бузуктун катыны да бузук. Мунун чачын жулуп чычырканак менен сабагыла, жигиттер.

Л а й л и х а н. **(Мадалига)** Айланайын касиеттүү эшен, сиз бирдеме деп койсонуз. Менин кылган жазыгым кайсы?

Д ы й к а н. Эшен сага арачы болот, албарсты.

М а д а л и. Буларды канчалык кыйнаса, ошончолук cooп.

Л а й л и х а н. Эшеним, Сиздин айтарыңыз ушубу? Жакшылыгыңды унутсам эшек болоюн деген сиз эмес белеңиз? Тиги элдин каны менен көз жашына сиз да орток экенсиз да?!

М а д а л и. Болуш, бул бетсиздин үнүн эртерээк өчүрүү керек.

Л а й л и х а н. Мына ичкиле менин канымды. **(Беттерине түкүрөт).**

Д ы й к а н. Канчык **(Атат).**

М а д а л и. Асти өлбөң cooп болду.

Л а й л и х а н. Силерге ишенген кайран жан **(Мойнундагы тумарды жулуп, эшендин бетине ыргытат).**

Д ы й к а н. Жыландын уюгун өрттөп, күлүн көккө сапыргыла. Жүргүлө, солдаттарга кетели. **(Үйдү өрттөп чыгып кетишет. Колдоруна айры, таяк, балта алышкан кедейлер киришет).**

Б о л о т. Лайли, Дыйкан өчүн менден албай, сенден алган экен.

Д а л б а й. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы. Баатырлыгын катынга көрсөткөн экен.

К а л м а т. Айланайындар, эмне деген күн болду?

Б о л о т. Э, аба, эмне болгонун өзүңүз көрүп турбайсызбы. **(Элге).** Жашыра турган эчтеме жок. Иш кыйын. Кожо-Абад, Булак-Башы, Үч-Коргондо да эл көтөрүлгөн экен, солдаттар, бий, болуштар атканын атып камаганын камаптыр. Булар бизден жамандыгын аяшпайт.

К а л м а т. Балким, падышага арыз-арманды айтып кат жазып, ырайым кылууну сурасак кантет?

Б о л о т. Сурап эчтеме ала албайбыз. Күч менен гана алууга болот.

Ү н д ө р. Падышага биздин күчүбүз жетеби?

— Биз жалгыз эмне кылабыз?

Б а р п ы. Туугандар, силер мага ишенесиңерби?

1-К е д е й. Ишенебиз.

Б а р п ы. Ырас, биздин күчүбүз аз, курал-жарагыбыз жок. Биз өзүбүз ак падышаны, бай-манаптарды жеңе албайбыз. Бирок биз жалгыз эмеспиз. Кыргыздын жарды-жалчысынын ишенимдүү досу бар. Ал орустун жарды-жалчысы. Алар бизди жалгыз таштабайт. Бизге да азаттык келет. **(Эл Барпыны курчайт).**

Азаптуу оор күн кетер,
Азаттык бир күн жарк этер.
Тозоктуу оор күн кетер,
Теңдик бир күн жарк этер.

**Көшөгө**

## АЛТЫНЧЫ СҮРӨТ

Жаз. Таң эртең. Үчүнчү сүрөттөгү көрүнүш. Дыйкандын үйү кеңсеге айланган, кызыл желек сайылып, Лениндин сүрөтү илинген Дөбөгө Далбай чыгат.

Д а л б а й. (Белги бергендей ышкырат. Анан ырдайт) Чылбырдай кара чачыңа...(Бирөөнү көргөндөй) Келатат, жашынып калайын.

М е й и л х а н. (Кирип, эки жагын карайт) Ышкыргандай болгон эле. Же каңырыш угуп калдымбы? Түзүк эле көз ирмебей тыңшап жаткан элем. (Керилип эстейт). Жазгы уйкунун шириндиги ай. Же ал да уйкуга карамыгып кебей калдыбы? Эртеге оң карабай коюп, бир жалынтпасам. Бирок ага такыр эле таарына албайм, канчалык суз болоюн десем да, көргөн жерде жүрөгүм зырп-зырп этип кетет.

Д а л б а й. Тилиңизден акеңиз айлансын, айым.

М е й и л х а н. (Жоолугу менен бетин жаап) Ий, өлөйүн.

Д а л б а й. Мына бул аппак бетти, кара көздү табигат жашырып жүрүү үчүн эмес, эл көрсүн үчүн берген.

М е й и л х а н. Коюңузчу, ботом. Катын киши тастайып бетин ачып жүргөндү көрсө, эл эмне дейт?

Д а л б а й. Сен эми Дыйкандын токолу эмес, менин колуктумсуң.

М е йи л к а н. Мени өзүң билесиң жаным. Бирок, мен корком...

Д а л б а й. Кимден?

М е й и л к а н. Кимден экени белгилүү го.

Д а л б ай. Сенин коркоруң Далбай.

М е й и л х а н. Өзүңүз билесиз, ал азыр басмачылардын корбашысы. Анын үстүнө атамды да ала кетти.

Д а л б а й. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы. Ашыр аба жаңылды.

М е й и л х а н. Байкуш атам, эмнелерди көрбөдү. Ийни бүтүн кийим кийбей, карды тоё аш ичпей карыды.

Д а л б а й. Эми биз үчөөбүз бирге болобуз. Төрдө гана көк чай ичип...

М е й и л х а н. Эмне үндөбөй калдыңыз? Анан эмне?

Д а л б а й. Неберелерин эркелетип отурса болду.

М е й и л х а н. Ошого жетсек экен. Азыр биздин жоо-Дыйкан.

Д а л б а й. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы. Дыйкан тишин кайрап жүргөн киши көп, ал колунан келсе азыр эч кимди койбос эле. Анткен менен колу кыска. Басмачыларга каршы отряд

түзүлүп жатат. Биздин айылдан да кошулуп жатышат. Биздин Болот командир. Жакында мен да барам.

М е й и л х а н. Сен дагы (**көз жашын сүртөт**) кетесиңби?

Д а л б а й. Көзүңдөн көзүм айлансын, айым. Коркпо. Басмачыларды жоюп, кайра келебиз. Анан экөөбүз түк ажырашпайбыз. Ар убак бирге болобуз. Макулбу?

М е й и л х а н. Ооба, жаным. А мен турмуштун кызыкчылыгын көрүп, ойноп, күлгүм келет. Кыз кезимде, келин болгондон кийин жакшылык көргөнүм жок.

Д а л б а й. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы. Мен деле сендей бактылуу болгум келет. Андан көрө бүгүн элди чакырып, экөөбүз баш кошобуз.

М е й и л х а н. Тойду кантип беребиз?

Д а л б а й. Ишиң болбосун, биздин той хан менен бектер көрбөгөн той болот. Чексе күрүчүм бар, отуз бөдөнө кармап, эч кимге көрсөтпөй бордоп жатам. Бардыгы байталдай болгон бөдөнөлөр. **Омийин алло акбар деп (Кончунан чоң бычак сууруп)** мына бу бычак менен өзүм отузун тең мууздайм.

М е й и л х а н. Бул бычакка бөдөнө эле болбосо, төө кичинелик кылат.

Д а л б а й. Койчу кездеги бычагым. Бөдөнө сойом деп бүгүн атайы курчуттум. (**Кончуна катат**). Андан көрө барып камын. Кишибашына бирден бөдөнө тартабыз. Мындайды Көкөтайдын ашында да көрүшкөн эмес. (**Мейилхан кетет**).

Б а р п ы. (**Кирет**). Элдин алды мен десем, сен келип калган экенсиң, ашына.

Т ы ш т а н. (**Ыр угулат**).

Жетигиң Ленин куткарды
Жезиттин жаккан отунан.
Жетилип кедей кутулдуң,
Желмогуздун оозунан.
Желпинтип тууну көтөрдүң
Жергелүү кыргыз тоосунан.

Д а л б а й. Бул кайсы ыр, билесиңби?

Б а р п ы. Жаңы замандын жарчысы Токтогулдун Ленин жөнүндөгү ыры. Бул замандын кабарын биринчи болуп өзү айтып келген эле, эми ал тууралуу өзү биринчи болуп ырдаган экен кайран Током.

Д а л б а й. Сени жаңы ыр чыгарыптыр дешет, мен качан угам?

Б а р п ы. Угасың, ашына. Ыр—дыйканчылык эмеспи. Гүлзар жыттанат. Быйыл жаз ушундай жакшы-ки, айтыш кыйын. Жемага ушундай сезилеби?

Д а л б а й. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы. Заман жакшы **ошон, үчүн жаз да жакшы.**

Б а р п ы. Болсо болор, бүгүн жыйналышта эмне кеп болот?

Д а л б а й. Союз кошчу уюштурабыз. **(Эл кирет).** Ушул жерде эле сүйлөшөбүзбү, же кеңсага киреливи?

Үндөр. Ушул жер жакшы.

— Күн жакшы болуп турат.

Д а л б а й. Андай болсо, иш мындай. Мен кантондон келдим жакында. Биз Союз Кошчу уюштурушубуз керек.

Ү н д ө р. Эмне дейт?

— Кош чыгарабыз дейби?

— Анын эмне?

Д а л б а й. Албы? Союз Кошчу дегенби? Союз Кошчу деген боло турган болчу болсо кыштактагы кедейлердин, бизге окшогон жарды-жалчылардын уюму.

Ү н д ө р. Уюм деген эмнеси?

— Үй береби дегениби?

Ү н. Тс, сөз угузгула.

Д а л б а й. Бай-манаптардын ашык жер-суусун алып, кедейлерге берет. Бай, төрө, шылуундарга кедей-кембагалдардын акысын жедирбей, таламын талашкандай болуу керек.

К е д е й. Бизди жыргатат тура.

Үн. Ой, жаша!

Д а л б а й. Ага баарыдан мурда төрага көрсөткүлө. Өзү иш билген, сатылып же алданып кетпегендей адам болсун.

К а л м а т. Менин көңүлүмдө бир иш турат. Бий, болуштар менен кармашып, кедейлердин таламын талашып келген, бүткүл өнөрүн, өмүрүн ошого арнаган бизде Барпыдан башка ким бар? Барпы биздин акыныбыз. Оор күндөрдө жакшы заман болот, үмүтүңөрдү үзбөгүлө деп үндөп келди. Ал биздин биринчи өкмөтүбүз болбогондо, ким болот?

Д а л б а й. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы.

Ү н д ө р. Туура, туура.

Б а р п ы. Туугандар, мен силерге эрмек болуп ырдап жүрсөм болду. Өкмөт болуп көргөн эмесмин.

Ү н д ө р. Болсун.

— Болсун.

Б а р п ы. Андай болсо өзүңөр билгиле. Качан силердин айтканыңардан чыкчу элем.

К е д е й. Сөз ушул эмеспи.

Д а л б а й. Эми Союз Кошчуга мүчө боло тургандар айтсын.

К е д е й. Мени катта.

Ү н д ө р. Мен, мен...

С а р м а н. **(Эл арасынан туруп)** Барпы аке, мени Союзуңузга каттатып коюңуз, яки...

Б а р п ы. Мен ушундай ойдомун-ки, Сарман молдону коё турсак дейм.

Д а л б а й. Туура. Анын киндиги Дыйкан, Мадали менен туташ. Али үзө элек. Алар болсо кыштактарды талап, элге берилген ак ниет адамдарды союп кетип жүрүшөт.

С а р м а н. Кудай билсин, өзүңөр билгиле. Менин ниетим ак. Жектесеңер кетейин. **(Өзүнчө).** Мен барар жерди билем. **(Кетет)**.

К а л м а т. Союзуңарга мени аласыңарбы, же жокпу?

Б а р п ы. Албетте, Калмат аба.

Д а л б а й. Бул сиздин уюмуңуз. **(Элге).** Калганыңар ойлонгула. **(Эл тарашат, Барпы менен Далбай калышат).**

Д а л б а й. Сен эмне ойлодуң, нааразы болуп турасыңбы?

Б а р п ы. Жок, Далбай. Элдин назарынан артык сыймык барбы?! Менин көзүм күндөн күнгө начар көрүп баратат.

Д а л б а й. Сага кат билген бирөөнү кошуп беребиз.

Б а р п ы. Сен дагы түшүнгөнүң жок, ашына, көз менин өзүмө керек. Тигине, күн чыгып турат. Мен аны мурдагыдай ачык көрбөйм. Өмүр бою караңгылыкта жүрүп, анан күн чыкканда көрө албай калсам, кандай болор эле? Мен элдин азап-тозогун караңгы түндө тумчугуп жүргөн кезинде көрдүм. Эми жаңы замандын нуру тийген кезде да көргүм келет. Мен элдин арасында болушум керек. Анын азыркысын да, эртеңкисин да өз көзүм менен көрүп, ырга кошкум келет. Көздүн нуру өнөргө жардамчы экен, Далбай. Көз болбосо, кең дүйнө тар, жарык дүйнө караңгы. Сен муну түшүнбөйсүң, анткени көзүң соо.

Д а л б а й. Өзүңдү капа кылба, Барпы. Андан көрө жүргүн элди чакырып койгомун. Кыз оюн куруп, жар көрүшөбүз. Киши башына бирден союш тартам.

Б а р п ы. Союшуң эмне?

Д а л б а й. Борго байлаган байталдай болгон бөдөнө.

Б а р п ы. Калбоо керек экен. Кедейдин бир тойгону орто байыганы эмеспи. Мурда мен кеңсаны көрүп чыгайын.

Д а л б а й. Макул, экөөбүз чогуу кетели. **(Конторго кирип кетишет).**

С а р м а н. **(Бурчтан башын чыгарып, өрүктүн арасына колун шилтейт).** Келе бергиле. **(Өрүктүн арасынан куралданган Дыйкан, Мадали жигиттери менен киришет).** Арасында Ашыр да бар. Экөө кеңсада. Чочубагыла, элдин баары тойдо. Мен көрүнбөйүн. **(Кетет)**.

Д ы й к а н. Кайран үйүм, кор болгон экен. Илгери кедейлер босогосуна аттай алчу эмес эле. Башым ийнинде турганда бул үйүмдү кара тамандарга тебелетип койсом, Дыйкан атым өчсүн.

---

1 Монстров.

М а д а л и. Мусулман өкмөтүнүн башчысы Мадаминбек жана Мансур төрө кечээ мен барганда Дыйкан корбашы үргүлөбөсүн. Айылдагы төртүнчүлөрдү, кеңештерге жан тарткандарды аябасын, куда кааласа, быйыл бүткүл Түркстан биздин колдо болот. Айта бар деп катуу тапшырышты. Анан Барпыны кандай болбосун колго алуу керек, анын элде баркы бар. Бизге чоң пайдасы тиет. Такыр айла болбосо, анан өлтүрсүн дейт.

Д ы й к а н. Колумдан келишинче аракет кылам. **(Жигиттерге).** Турбагыла, алып чыккыла.

Д а л б а й. **(Терезеден карап)** Колго түшүппүз. **(Бычагын суурup)** Болоору болуптур, бирөөңдү ала жыгылайын. **(Кирип бара жаткан жигитти бышып алат).** Мына сага!

Ж и г и т. Жеди! **(Жыгылат).**

Д ы й к а н. Ай, ит! **(Атат).**

Д а л б а й. **(Жыгылат).** Коркуп калган белемсиң, Дыйкан. Бир ок менен бир адамды мүрт өлтүрө албадың. Дагы ат! Таамай!

Д ы й к а н. Жок, уу жеген иттей кыйналып өл.

А ш ы р. Болуш, бул адам баласы го **(Далбайдын башын жөлөйт).**

Д ы й к а н. Эмне, карыган дөбөт, бооруң ооруп кетеби? **(Түртөт. Ашыр төбөдөн ары салат).**

А ш ы р. **(Туруп).** Шашпа, доңуз. Сени ээрчиген мен акмак. Эми мен да эсиме кирдим. **(Көрүнбөй жүгүрүп кетет).**

Д ы й к а н. **(2-жигитке)** Алып чык беркисин. Өлтүрбө.

2-Ж и г и т. **(Калтырап)** Паңсат, мен да бөйдө өлүм болгум келбейт.

Д ы й к а н. **(Атып жиберет).** Мына сага, жашай бер эми.

М а д а л и. Асти өлбөң.

Б а р п ы. **(Чыгат).** Ачууланба Дыйкан, мен өзүм чыктым. **(Далбайга)** алың кандай, ашына?

Д а л б а й. Эчтеме эмес Барпы.

Д ы й к а н. Канча качсаң да, буйрук экен, акыры жолуктук.

Б а р п ы. Мен сага окшоп элден качып каракчы болгонум жок.

Д ы й к а н. Мени коюп, өз жаныңды ойло. Мал катары мууздап, каныңды ууртайм.

М а д а л и. Капырдын каны—жаннаттын мүрөгү.

Д а л б а й. Азирети эшеним, сиз качантан бери замзамдын суусун коюп, адамдын канын ичип калгансыз? Бир колуңда куран, бир колуңда кан, буга кайсы шарият жол берет?

М а д а л и. А силердин ишиңер эмес. Шарияттын жолу көп.

Б а р п ы. Ооба, шарияттын көп жолу бар. Болуш менен эшенге канча керек болсо, ошончо жолу бар.

Д а л б а й. Бир айтасыңбы, миң айтасыңбы.

Д ы й к а н **(Барпыга).** Тарт тилиңди.

Б а р п ы. Эзелтен баш кесмек бар, тил кесмек жок, болуш.

Д ы й к а н. Мен тилиңди да кесип алам. Кимдин колунда экениңди билип турасыңбы?

Б а р п ы. Билип турам. Карышкыр менен кузгундун колунда турам.

Д ы й к а н. Сенден акыркы жолу сурайм. Жолуңдан кайттыңбы?

Б а р п ы Кайтканда эмне кылам?

Д ы й к а н. Биз айтканды иштейсиң.

Б а р п ы. А болбосо?

Д ы й к а н. Анда каның жерге тамбайт.

Б а р п ы. Эртерээк кыл, кылаарыңды.

**Д ы й к а н. Жигиттер, мунун колу-бутун байлагыла. (Барпынын колу-бутун байлашат).**

Б а р п ы. Мен сага окшоп тоого качып кетпейм. Коркпо.

Д ы й к а н. Кайттым де.

Б а р п ы. Мен эки айтпайм, Дыйкан.

Д ы й к а н. Кыбыланы баштанткыла. Кана, кудайымдын жолуна чалгыла.

М а д а л и. Ой, мусулман келмегөйдүн баласы болсоң, келме келтир. Азыр сен тозоктун отуна барасың.

Б а р п ы. Таксыр аалам, мен бейишке барам.

М а д а л и. Эмне үчүн?

Б а р п ы. Тозок толуп калыптыр дейт. Сизге гана бир орун бар имиш.

Д ы й к а н. Барпы, өмүрүң кылдын учунда калды, кайттым де.

Б а р п ы. Эртерээк канымдан ичкиле. Эшеним суусап чыдабай баратат.

Д ы й к а н. Кудайымдын жолуна чалып жибергиле.

Б а р п ы. Токто, бир ооз сөз.

Д ы й к а н. Жан таттуу бекен? Ойлондуңбу?

Б а р п ы. Барпыны өлтүрүүгө болот-ки, чындыкты өлтүрүүгө болбойт. Мен өмүр бою чындыкты ырдагамын. Чындык сөз элдин жүрөгүндө жашайт. Аны өлтүрүш колуңардан келбейт.

Д ы й к а н. **(Жигитке).** Тарт бычакты. **(Мылтык атылып жигит кулап түшөт).**

М а д а л и. Төртүнчүлөр!

Д ы й к а н. Жаныңарды сактагыла. **(Качып өрүктүн арасына кирип кетишет. Болот башында болгон отряд, Ашыр, эл келишет).**

А ш ы р. Тигине, Барпы.

Б о л о т. Барпы. соосуңбу? **(Барпыны бошотушат).**

Б а р п ы. **(Көзүн басып)** Соо көзүм да тунарып калды. Болот! Силер кайда?

**Б о л о т. Ашыр аба кабар берди.**

Б а р п ы. Ашыр аба, азыр эле Дыйканга жигит эмес беле?

А ш ы р. Э, Барпы, алжыган абышканын эмнесин айтасың. Жолоочуну ээрчип ит өлөт. Мен да жолбундарды ээрчип көрбөгөндү көрдүм.

Б о л о т. Ашыр аба эми биз менен. **(Далбайга).** Көзүндү ач, биз келдик.

Д а л б а й. А — ким?

М е й и л х а н. **(Жүгүрүп кирет)** Атажан!

А ш ы р. Жаным балам!

М е й и л х а н. **(Далбайга келип).** Мени кимге таштайсың? Кайда барам? Кимге барам, жаным?

Д а л б а й. **(Эсине келип)** Мейил, ыйлаба эркем, сен жалгыз эмессиң Эл менен бол.

М е й и л х а н. Элди тойго чакырып койбодук беле?

Д а л б а й. Той? А-а. **(Колундагы бычагын көрүп)** Бөдөнө сойом дедим эле, чочконун канына булганып калды. **(Ыргытат).**

М е й и л х а н. Чын эле... Мени таштайсыңбы?

Д а л б а й. Сен жалгыз эмессиң... Эл менен бол. Барпы, сен кайдасың?

Б а р п ы. Мен мындамын, ашына.

Д а л б а й. Көзүң кантти?

Б а р п ы. Мен эки көздөн тең ажырай турган көрүнөм. Бирок, эми кайгырбайм. Бул заманды, жанымдагы адамдарды жүрөгүм менен сезип турам. Көзүм караңгы болсо да, көкүрөгүм жарык.

Д а л б а й. Жанымда олтуруп ырдачы, досум. Ашынаң эми сенин ырларыңды мындан ары укпайт.

Б а р п ы. Макул, досум. **(Далбай унчукпай калат).**

А ш ы р. **(Тамырын кармап)** Далбай бизден кетти, туугандар.

Б о л о т. Далбай—таалай курманы. Кансыз жеңиш келбейт.

**П а у з а**

Б а р п ы. Жаткан жериң жай болсун, курбум. Биз сени унутпайбыз. **(Элге).** Эми биздин замандын баатырлары жөнүндө ырдайм.

**Көшөгө**

МАЗМУНУ

Генийдин «УРУ...» 3

Барпы акын менен Ак мөлмөл 53

Ак жылдыз 109

Барпы 159

Алтынай ТЕМИРОВА

Шабданбай АБДЫРАМАНОВ

Аман НААМАТОВ

Мухтар БОРБУГУЛОВ

**Б А Р П Ы**

**(пьесалар)**


| | |
|---|---|
| Редактору | Кадыркул ДАУТОВ |
| Сүрөтчүсү | Аскар АЛАЙЧИЕВ |
| Көркөм жана тех. редактору | Мухтар МАМАТАЛИЕВ |
| Корректору | Токтобай СУЛАЙМАНОВ |

Терүүгө 04.94 берилди. Басууга 20.08.94 кол коюлду. Форматы 60x84 1/16, көлөмү 13,5 басма табак. Нускасы 2000. заказ №5762 Наркы келишимдик баада.
Кыргыз Республикасынын «Акыл» концерни Ош облустук басмаканасы. Курманжан Датка көчөсү, 209.